Жаңы Ала-Тоо

2013, 5 (49)

АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ
кыргыз жана орус тилдеринде

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:**

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ** – башкы редактордун орун басары
**Алым ТОКТОМУШЕВ –** редактор
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Салтанат ҮРКҮМБАЕВА** – оператор-дизайнер

**РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:**

720031, Бишкек шаары, М. Горький көч. – 1, тел: 53-08-84.

e-mail: Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

*Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж. б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар. Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.*

---

## УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

**БАРДЫК ПОЧТА ТҮЙҮНДӨРҮНДӨ «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА 2013-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖАЗЫЛУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ.**

**Жазылуу индекси – 77324**

**3 айга – 240 сом (редакциялык баа)**

***«Жаңы Ала-Тоо» журналын биринчи санынан баштап окуйм деген окурмандар аларды редакциядан алышса болот.***

Терүүгө 15.05.2012-ж. берилди. Басууга 10.06.2013-ж. кол коюлду. Форматы 70x100$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 14 б. т. Заказ № 1075. Нускасы 2000.

## Бул санда

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ**
Малкиши ................................ 3
Бакталаш ................................ 9

**Замирбек ИМАНАЛИЕВ**
Ырлар ................................... 18

**Мамат САБЫРОВ**
Ант ....................................... 24
Моке ..................................... 30

**Санавар САЙПИДИНОВА**
Ырлар .................................. 33

**Меңди МАМАЗАИРОВА**
Андан ары – туңгуюк............... 39

**Зинакан ПАСАҢОВА**
Жат терезеде өскөн
менин гүлдөрүм...................... 60

**Абдымомун КАЛБАЕВ**
Сулайманкул болуштун
наркы ................................... 89

**Абдыкерим АБДРАЗАКОВ**
Байыркы кыргыз-түрк
адабиятынын үлгүлөрү .........122

**Ба ЖИН**
Кулдун жүрөгү ......................138

**Сергей ЕСЕНИН**
Персия кайрыктарынан ..........151

**Акбар РЫСКУЛ**
Шамчырак .............................160

**Кален СЫДЫКОВА**
Акыйкатты туу туткан... ........168

**Сайра ИСАЕВА**
Изденүү жана табылга ............176

**Талып МОЛДО**
Кыргыз тарыхы,
уруучулук курулушу,
түрлүү салттар ......................181

**Евгений ВИНОКУРОВ**
Канатсыз поэзия болбойт ........216

Баарын билгим келет.............219

Адабият жаңылыктары ..........222

Мукабанын биринчи бетинде жазуучу **Жылкычы ЖАПИЕВ – 70 жашта**.
Жазуучунун жаңы чыгармалары менен
журналдын жакынкы сандарында тааныштырабыз.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький к. – 1. Телефону: 53-08-89; Факс: 53-08-91.



## Айдарбек САРМАНБЕТОВ

*1953-жылы 8-июнда Ысык-Көл районундагы Кара-Ой айылында төрөлгөн. Жазуучу, журналист, котормочу. КМУнун журналистика факультетин бүткөн.*

*Республикалык «Дыйкандар гезити», «Кыргыз руху», эл аралык «Zaman Кыргызстан», «Кыргыз Туусу» ж.б. гезиттеринде иштеген. Ушул тапта «Жаңы Ала-Тоо» журналынын башкы редакторунун орун басары, Эл аралык коомдук Поэзия академиясынын башкы директору.*

*Адабий чыгармалары орус, түрк, казак, түркмөн, азербайжан тилдерине которулган.*

*КР Улуттук Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын, түрк тилдүү мамлекеттердин «Авразия» Жазуучулар бирлигинин (Түркия) мүчөсү, эл аралык Махмуд Кашгари сыйлыгынын лауреаты.*

*Журналыбыз калемгер-кесиптешибизге 60 жаш маарекеси менен куттук айтып, чыгармачылык узак өмүр каалайт.*

*Аңгемелер*

# МАЛКИШИ

Ал отуздан ашкан өзү курдуулардан эч деле айырмаланбаган көптүн бири, өңү деле жугумсуз, пакене бойлуу, арык неме. Дулдуюп өзү менен өзү жүрө берет. Эч ким менен иши жок. Мейли атасыбы, кошуна, курбуларыбы ага баары бир. Эч кимин көчөдөгү чоочун, бейтааныштардан жакын санабайт. Өзүнөн башка адамдар барбы, жокпу, өлүп атабы, жер астын-үстүн түшүп кыямат кайым келдиби – баары бир тең. Бирөөгө боор тартып, же жакын санап ийилип койбойт. Өзү болсо болду. Жарытып деле ойлонбойт, мээси бош, көңдөй. Чөнтөк телефонун же плеерин кулагына туташтырып алат да, керелден-кечке көчөдөбү, жумушунда же үйүндө болсун, жадагалса жатканда да анысын албайт. Ызы-чуулуу, тажатма, чет элдин музыкасы кулагында жаңырганы жаңырган. Алардын эмне тууралуу зар какшап ырдап жатканын деле түшүнбөйт, түшүнгүсү да келбейт, тилин билбесе эмнени түшүнмөк эле. Тек, кулагы бош болбой, бир нерсени угуп турса  болду. Ансыз өзүн эч элестете албайт. Тим эле баңгичидей. Бузулуп, андан саалга ажырады дегичекти жинди болуп кетет, кайсалактап, жинденип, кутурмасы кармап калат. Мындай адамдык сапаттан куружалак, баш териси тескери капталгандар кийинки кездери көбөйдү. Көчөдө,

окуу жайларда, автодо тургай, өкмөт, парламентке чейин жайылып кетишти. Кенедей бир акыл жугузайын деп акыл-насаат сөз угуп, китеп окуп коюшпайт алар. Цивилизация менен техниканын тескери баратышынан жаралып калдыбы, же бүт дүйнөгө жайылып кеткен компьютер желесинин чымын-туткунубу, жандүйнөсү жок көңдөй мээ, зомби-арбак кишилердин барган сайын саны артып барат.

Бу, бир нерсе менен алпурушкансыган Марлендин жарыткан иши деле жок. Сурагандарга техникмин деп коёт. Балээнин техникиби. Тээ, мектепти элдир-селдир бүткөнүнөн бери китеп кармаган жок, атасы жетелеп барган «Палитехке» өтпөй калып, үйүнүн жанындагы электр тармагынын райондук мекемесинде монтёрдун жардамчысы болуп жүрдү эки-үч жылдай. Болгон билими ошол. Андан каалгасында илинип турган жарыяны көрө калып областтык театрда жарык техникинин жардамчысы болуп алган. Жанга тынч. Бары-жогуң менен эч кимдин анчейин иши жок. Ага ошол эле керек. Ким бирөө аны жемелеп, акыл-кеңеш айтып мажбурлабаса болгону. Театрда кайсыл бир оюндар коюлганда сахнага ардемелерди ташышып коюшуп, устаты жумшаган жакка барып, айтканын кыӊ дебей аткарып коёт. Техниктин зарыл иши чыгып, же «башы ооруппу» ал ыраа көрсө оюн жүрүп жатканда жарыкты улам алмаштырып коюп күн өткөрөт. Болгону ошол. Ага иштин ыраа көрүлбөгөнү – сахнадагы оюндун маанисине жарыктын түсү шайкеш келеби, окуяга, каармандардын образына кошумча болобу, болбойбу, жарыкты каалаган учурунда шарактатып түсүн алмаштырып коёт да болду. Кулагында өз кусаматы жаңырып жатса оюндун маани-маңызын кантип уксун. Иши эмне. Ошондон улам айла кеткенде гана ага кайрылышпаса, анын зыяндан башка пайдасы жок.

Атасы эмгек сиңирген геолог, иш билги, кесиптештери арасында кадыр-барктуу адам. Тээ, сексенинчи жылдын башында бүт дүйнөгө коммунизмди орнотуу идеологиясына жандилинен берилген ал, туңгуч балалуу болгондо Маркс менен Лениндей акылман, жарды-жалчыларга күйүмдүү адам болсун деген тилек менен экөөнүн атынан Марлен атаган болчу. Жалгыз баласынын эми минтип, жан-жүрөгүндө ныпым оту жок, элге жат, тирүү өлүк болуп калат деп түк ойлогон эмес. Эс тартканынан эле көпчүлүктөн обочолонуп, бөлмөсүндө керелден-кечке телевизор тиктеп жата берээринен аны буюрса чыгармачыл адам болот го деп көңүл жооткоткон. Түгөлбай же Айтматовдой чыгаан жазуучу, Алыкулдай акын, же Муратбек Рыскуловдой театрдын, не Болот Бейшеналиев, Сүймөнкул Чокморовдой кинонун атактуу артисти, Айтиевдей сүрөтчү болуп кетсе жаманбы. Андай болсо эле жыргатпадыбы. Жок, ал үмүтү акталбады. Баласынын жалаң чет элдик музыка, шоу телеберүүлөрүн гана

көрөрүн байкап, кабатыр тартып, кыргызчаларды көрүп, өз элиңин тилин, салтын билип, жакындасаң боло деп көрдү эле уулу:

– На чёрт они мне нужны, эти бараны… – деп салса болобу! Мындай түркөйлүктөн каны кайнап, туттугуп, элсиз эч бир адам болбоосун, кийин жалгыз калып, жолбун иттей каңгып, элден чыгарын, адам баласы үчүн андан ашкан трагедия жоктугун зар какшады эле, кулак кагып да койбоду уулу. Кийин деле ошол, акыл-насаатын эч жуутпады. Башка балдарчылап мектепте, кийин эс тартканында деле бирди-жарым теңтуш да күтпөдү, кыз жаңдаганды кой, ушул жашына чейин бир да бир ургаачы аттуу менен ымалалашып сүйлөшкөнүн көргөн жок. Бирин да жанына жуутпады. Эркектик касиетинен ажырап калганбы деп да шекшип, коркуп кетет кээде. Эми торпоктой немеден аны кантип сурамак. Сураган менен айтмак беле бу дейди. Оозуңду ошту карата оройлонору турган иш. Балким, ушинтсем кичине болсо да ойлонор деген үмүт менен энең да зарлап жүрүп арманда кетти, мен минтип оорукчан болуп, эртелеп пенсия-свалкага чыгып калдым, көрөрүмөн көрүм жакын, келин алып келип, жок дегенде мени неберелүү кылсаң боло, элдин балдарындай деп да көрдү эле:

– Зачем плодить смертных? Ведь они всёравно помрут! – деп, ооз ачырган. Эй, келесоо, балалуу болуу деген – тукум улантуу, жаңы адамды жаратуу. Жашоонун мыйзамы ошондой, уланып турушу керек. Биздин ата-бабаларыбыздын, менин, өзүңдүн тукумуң үзүлүп калбайбы! Жер үстүндө тукум калтыруу ар бир адамдын, эркек болобу, аялбы – баарынын милдети… – деп күйүнгөнгө да моюп койгон жок. Колун шилтеди да, тултуя коркутуп, эшикти карс жаап кете берди. Бир өзүнүкү туура да ага. Ошону менен аталык арманы дагы да ырбап, күйбөгөн жери күл болуп, үмүтсүз кала берди. Кийин таалим-тарбия сөзүн да айтпай калды. Укпаса эмне, ушуга кор болгон кайран сөз! Тукуму курут болот экен! Кайдан, кантип ушундай мал болуп калды экен баласы? Ооба, мал. Анын басып-туруп, акыл-ой буюрбаган айдатма малдан эмне айырмасы бар. Эч кандай. Бул керт башынан башканы ойлобогон, бирөөгө эч күйүмү жок, баарыга кайдыгер, курсагы эптеп тойгонуна шүгүрчүлүк кылып, күн өткөрүп, эмнеге жашап жүргөнүн, эртеге кандай өмүр кечирерин, адамзаты, дүйнө менен эч иши жок, келечексиз… немении малдан эмне айырмасы бар? Тобо, ушундай да макоо, көрпенде болобу? Ал кантип ушундай тоң акыл, жанотсуз болуп кайдан чыкты?

Баласы балакат кезинде апталап, айлап кеткен кесиби каскак болду бекен? Анда деле ага дайым ашыгып, көргөн күнү, алган тарбиясы кантип жатты экен деп санаа тартып, ашыгып келчү эле го. Күн санап турчу эмес беле, балама эптеп тезирээк жетсем экен деп.

Жакшы эле бала бакчасына, мектебине чейин каттап, акыл-насаатын айтчу эле го? Же аялы Сакиштен кеттиби? Ал деле үстүнө үйрүлүп түшүп, көзгө басар жалгыз балам деп, мээротун төгүп турчу эле го. Ал да кетти байкуш, кыркка жетпей армандап. Тукумунан тура ал, аккан деген оорусу. Канчалык жандалбас кылып, дарыланганы менен күндөн күнгө сүлдөрү качып, көз көрүнөө солуп, көзүн жалдыраткан бойдон үзүлүп кете берди. Ошондо да алсыз колдору менен баласын бооруна ысык  кысып, мойнунан, кежигесинен шуулдата жыттагылап, кан-жанынан жаралган жалгызын кыйып кете албай, катуу кыйналды, ыраматылык. Ошол баласынын барманы шу. Аны ашкере эркелетип алышканбы? Ким билсин. Дымагы да, мээсинде мыдыры да жок баласынын азыркы мал абалын Сакиштин көрбөй калганы ырас болгон экен. Жүрөгү жарылбаса да мээкайгы болуп өтмөгү турулуу эле анын. Энеге баласынын башсыздыгын көрүүдөн ашкан азап барбы! Балким келечегине, ишинен өскөнүнө керек болот деп баласын орусча бакчага, орусча мектепке беришкенинде болсо керек бу, бузуктун башы. Ал кыйналбасын деп үйүндө да орусча сүйлөшүп… дилин жат кылып алышкан окшобойбу.

Бүгүн да Марлен ишинде илмейип, көрүнгөндү көлөкөдөй ээрчип, кол кабыш кылып жүргөн. Кулагында баягы телефонунун сайгычы. Бир кезде анысын бирөө жулуп алганда жалгыз бактысынан ажырап  калгандай жаны кашайып, жеп жиберчүдөй жалт караса маңдайында деректири туруптур.

– Ой, деги ушунуңду азга болсо да кулагыңдан алып, телефонуңду карап коюп турбайсыңбы, ыя?! Жанатан бери кошуналарың сага кайра-кайра чалып ала албай жатышат. Мен да… – деп, опулдап алды да кайра тез эле негедир аны аялуу карап, баштагысындай каарыпкууруп кубалап жиберген жок. – Мариш, келчи бери, – деп жумшак сүйлөп, жеңден тартып, каруудан ала жетелей четке чыгарып: – Сен эми жаш бала эмессиң… Кайрат кылгын, кудайдын жазганы экен, атаң кайтыш болуп калыптыр, кошуналарың чалышты, – деди жай. – Бар, үйүңө бара бергин.

Марлен анын айткан сөздөрүнүн маанисин түшүнгөн жок. Кайтыш деген сөздү мурда угуп-билбесе кайдан билмек. Бирок чоңунун айтканын аткармакка гана үйүнө жөнөдү. Анан эмне кылмак. Баштыгынын сөзүн эки кылбай аткаруу керек да.

Марлен атасы экөө беш кабаттуу «хрущёвканын» экинчи кабатында турушчу. Ал эки бөлмөлүү батирди атасына жаш адис, жаңы үйлөнгөн жубайлар катары тээ алтымышынчы жылдары ишинен беришкен. Алардын болгон мүлкү ушул болчу. Үйүнүн эшиги алдында топурашкан жоон топ адамдарды көргөнү менен таназар алган жок. Кошуналары экен, чоочундары да жүрөт. Эки-үчтөн топтошуп

турган алар Марлен жакындап келгенде ага жапырт тигилишип, жол бошото беришти. Ал үндөбөй үңкүйүп үйүнө көтөрүлдү. Булардын эч кими менен эч качан саламдашып, сүйлөшчү эмес. Бу жолу да ошентти. Өңдөрү жылуу, бейтааныш кошуна аял-эркектер да тепкичке топурап туруп алышыптыр. Алар менен иши эмне.

Батиринин эшиги ачык экен. Жарданып турушкан кишилерди аралай өтүп ичкери кирсе, диванда эски одеалын жамынып жаткан атасын үч-төрт эркек тегеректеп алышыптыр. Орундукта отуруп, солдоюп турушкан – баарынын сабыры суз. Атасына келишсе керек, ооруп жатпады беле. Марлен аларды аралап өтүп, өз бөлмөсүнө кирип кетти. Кулагында музыкасы жаңырып, тигилердин күбүр-шыбырын уккан-неткен жок. Ал көнгөн адатынча телевизорду күйгүздү да, керебетине чалкасынын жата кетти. Ошондо гана ал ишине кетип жатканында атасынын алсыз:

– Мариш, бүгүн негедир жүрөгүм катуу лакылдап жатат. Скорый чакырып койчу, – дегени эске түштү.

Э-эй, ушинтип эле экилене бересиң деген кыязда ал атасын жактырбай:

– Единицам жок, – деп күңк эткен. Атасы ага элүү сомдук сунуп:

– Үйдөн чыгарың менен дароо чакырчы скорыйды, тезирээк. Унутуп калбагын дагы... – деген энтигип. Ал өтүнүчү такыр эсинен чыгып кеткен тура. Мейли, эртең деле чалып коёт скорыйына. Кудай алмак беле...

Бир маалда күбүр-шыбыр күчөп, кимдир бирөө үңүлдөп ыйлагандай болду. Анан эшик шарт ачылып:

– Оме-ей ай, бул акмактын жатканын кара! Ой, тур! – деген бетмаңдайдагы кошуна, чыңалган чаначтай семиз Эрмек кажылдай кирип келип: – Эк, таштачы ай ушунуңду! – деп кулагындагы сайгычын жулуп алып ыргытып жиберди.

– Ты што? – Марлендин куйкасы курушуп, мушташа кетчүдөй опурулду: – Чё тебе надо?..

Эрмектин оозунан сөз түшүп, каракөк тарта жарылып кетчүдөй туттугуп, саалга көзүн алайта үнү буулуп калды да:

– Эй, суволуч! Ит! Атаң өлүп калды! Твой отец умер, понимаешь?! – деп, тигинин акылына жетпей жатабы, түшүнсүн дегендей орусча чала сүйлөп жарылып кетти.

Марлендин оюнун баары алып ыргытылган сайгычта болуп, кантип аны тезинен ала коюп кайра кулагына сайып алуунун аракетинде болчу. Тигинин каскагына жаны чыга кашайып турган.

– Ну и што умер?.. – деди ал көзүн акшыйтып Эрмекке. – Я штоли виноват в этом?..

Эрмек, анын артынан баласына кайрат айталы деп башбагышкан кошуналары эмне дешерин билбей мелтейип, дел болуп калышты. Марлендин кылыгы алардын акылына сыйбай турган болчу. «Тобо! Ушундай да макоо, мерес бала болобу?!» – деген ачуу ой баарынын дилинде мыктай кадалып, таң калып турушту.

– Өлдү… өлдү… и што? Мен эмне кылайын?.. – Марлен үтүрөңдөп, тигилер түшүнсүн дегендей кыргызча чалып булдуруктап, сайгычын жерден алып кулагына сайды.

– Ой, бу… Тү-ү-ү ата! Акмак турбайбы анык! – адатынча алгач Эрмек күйүп кетти. – Эй, мен сага атаң өлүп калды деп жатам. Панимаешь ты это? Атец умер! Өлүк камылгасын көрбөйсүңбү! Көмбөйсүңбү атаңды!

– Чё? Как? Обязятельно мен штоли, көмөт? – Марлендин жаны да кашайды. Анын бейгам жашоосун, тынчын бузуп жатышса кантип жинденбесин. – Все набросились на меня, бля… как собаки…

Коңшулардын да чыдамы түгөнүп кетти белем, Эрмектин артындагы мурутчан жашыраагы жулунуп келип жатмаккабы, же олтурмаккабы керебетине бурула берген Марленди артынан желкеге бир чапты:

– Ким блядь сага, ыя? Атаңды көмөлү деп сага жан тартып келген бизби? Акмак!

Марлен колдору менен башынката олтура калды да:

– У-уу, суки… – деп, ылаажысы түгөнө ызалуу үңүлдөп ыйлап жиберди.

Ал атасынан айрылганына эмес, мындай кордукту өмүрүндө биринчи жолу көрүп жатканынан жаны ачынып кетти. Ага ушунча жашка келгени эч кимдин колу эмес, сөзү тийген эмес болчу. Катуу шапалак тийген кежигеси аябай ачышып, көзүнөн от чагылыша түшкөн эле.

– Ай, кой, болду. Жөн! Акмакка теңелип… Мындан пайда жок экен. Такыр эле мал болуп калган турбайбы. Арбак үчүн өзүбүз ырасмибизди жасайлык деген Эрмек менен дагы бирөө ортого түшө калып, тигини артка итерип, баарын сыртка чыгарып кетти. – Жакшы киши эле байкуш… атасын тартпай калган турбайбы бу макулук… мал!

– Өй, анан ушунуку жакшыбы?!. Аяп келсек, кайра бизди тилдеп…

– Тобо! Ушундай да болот экен ээ…

– Ит!..

– Мындай баланын барынан жогу…

Кобуранып, жаны кейиген көпчүлүк топурай чыгып кеткен соң жаны сеп ала түшкөн Марлен желкесин кашыгылап бир азга турду да, жаны жай ала кайрадан керебетине сулай жата кетти.

Эл деген эл эмеспи. Кошуналар түп көтөрүлө колунан келгенинче чуркап, жайын каздырып, акча чогултуп... маркумду эртеси эле эптеп көөмп коюшту. Анығын ким билсин, балдар үйүндө өсүп, туугандарын билбей калганбы, же аларды табууга ниеттенип, чыгынган эмеспи, маркумдун жакын-туугандарынан бир да бири келишкен жок. Уулун эстеп, жаназасына тургузуп, топурак салганга да чакырып коюшпады. Көргөн-уккандардын баары андан түңүлүп калышкан болучу. Андай малкиши арбактан айланып кетсин деп жерип коюшту.

Атасы каза болгондун эртеси эле Марлен күндөгүсүндөй таң эрте, маркумдун сөөгү чыга электе эле ишине кетип калган. Аны көргөндөр жеткизишкенби, деректири кабинетине чакырып алып:

– Марлен, балким, акчадан кыйналып тургандырсың. Ие, сага оор болду. Ме, театрда иштегендердин атынан сага жардамыбыз болсун, – деп, колуна конверт карматты. – Бар, бара гой, атаңды жайына тапшыр...

Сыртка чыгып, кечээтен бери наар албай калгандан курсагы каңтарыла ачып, жакынкы ашканага ашыга жөнөдү. Жолдо баратып деректир берген конвертти ачса, бир топ көк, сары акчалар экен, кубанып кетти. «Буюрса бир топко чейин ач калбайт экемин, атасы өлгөн жакшы болот турбайбы» – деп ойлоп койду...

## БАКТАЛАШ

– Ата! Биздин бакты кыйып жатат! Тиги... бу... Акмат!.. – деп, кичүү небереси анталаңдай үйгө жүгүрүп кирип күтүүсүз жерден калайман салып жиберди. Төрдөгү көрпө төшөктө жамбаштай жатып, бейкапар китеп окуп аткан Бектур карыя баш-аягы жок сөздөн эч нерсе аңдай албай тестиерине элтейе карап:

– Эмне дейт? Ким? Кайсыл бакты?.. – деп, чочуй баш көтөрдү.

– Жанагы... тиги... ортодогу...

Небересинин чалды-куйду кебинен алда кандай жаман окуяны боолгологон Бектур китебин таштай карбаластап тура калып, өтүгүнө бут сала тарталаңдай сыртка умтулду.

Ошондой. Сырттан удаама-удаа чакылдап чабыла баштаган балтанын үнүн жанатан эле шоорткондо бу неси болуп кетти экен деп кулак түрүп жаткан. Көрсө, коңшу Акмат эки короонун ортосунда эзелтен бери чек болуп турган кууралган карт теректи күрсүлдөтө кыйып кириптир! Тим эле маашырлана эки билегин түрүнүп, көйнөкчөн болуп шымаланып алган. Жалпайган калпагын артындагы алманын бутагына илип коюптур каадалантып. Өзүнүн багын кыйып жаткансып дегеле шайдоот!

– Ой, ата-бабаңдын... бу не кылып атканың?! – ага аттап-буттап ашыга жетип барган Бектур коңшусуна жете бербей эле мурду менен бир тийди. Тиги болсо ага көңүл буруп, карап да койгон жок. Кулагы катуу неме укпады көрүнөт. Анын үстүнө ушу тапта эшик алдындагы кан жолдон күүлдөгөн эки-үч жүк ташуучу машина удаа өтүп бараткан болчу.

– Эй, кыт кулак! Бу бакты эмне кыйып жатасың деп жатам?! Суроо-сопкуту жок...

Балтасын кере шилтеп, болгон күчүн үрөп жоон теректи күрсүлдөтө кыйып жаткан Акматтын көңүл да буруп койбогонуна туталанып кеткен Бектур күү менен барып аны ийинге катуу итерип жиберди. Тиги, балтасын дагы шилтемекке кериле берген неме байкоос түрткүдөн улам кыйшая жыгылып кетти. Иш алдында кере-кере жуткан жармадан бөрсөйгөн курсагы чулк этип, балтасы колдон ыргый, жерге күп кулады.

– О-уй, кокуй аалат! Өлтүрдү кокуй! – деген аялдын ач айкырыгы теребелди жаңырта коңшу короодон угулду. – Жеди эле, жеди!.. Жеп салды, кокуй!..

Бул Акматтын катыны Зуура болчу. Семиз, көсөөдөй кара, ажаан. Айылда албууттук жагынан аны менен ат салыша турган катын жок. Азыр да этек-жеңин далбалактатып, айгай сала чаңкылдап, эркектерге жүгүрдү.

Күтүүсүз түрткүдөн көмөлөнгөн Акмат, эч нерсеге түшүнбөй бозала болуп, Бектурду жаалын чыгара карап, жаңы эле көк чыга баштаган карамык жерден дароо туруп кете албай буйдала түштү. Карылык да. Курсактуу да эмеспи. Капталдай жер таянып, ынтыкты. Элейип, өңү дароо кара-көк тарта чыңалып чыкты. Бет алдына капыс келе калып эле кекете бакылдап жаткан кошунасынын ыргыта түрткөнүнө жини шакардай кайнап, аны жеп ийчүдөй көзү менен элтең атып, турмакка умтула бергенде Бектур аны чыкыйга катуу нукуп:

– Ата-бабаңдын оозун гана... Ой, бакты эмне кыйып жатасың деймин, ыя?! Бир ооз сурап койбойсуңбу ыя?! Ээсимин го мен!.. Тим эле өзүң тиккенсип... Токтот! Ата-бабаңдын гөрүн урайын... – деп, кайра артка кулатты.

Сакал-башы титиреп, мурдунан бери кызаңдай кыйкырып жаткан Бектурдун капилеттен жыга түрткөнү аз келгенсип, баладай чыкыйга чукуп кайра кулатканына жаны кашайып кетти Акматтын. Жан тарта жете келген аялынын колтуктан сүйөөсү менен ордунан ынтыга эптеп туруп, үстү-башын күбүнүп:

– Эмине керек сага?! Эрбеңдеген эчки сакалыңды... улуу деп сыйлап койсо тим эле... кыйын боло бересиңби?.. Эмне түртөсүң

мени?.. – деп, кол салып жиберчүдөй ызырынды. – Жөн койсо... тим эле, – томпоюп, демейде момурап жүрө берген немеден мындай айбат сөз тигиге эселей ачуу тийди.

– Оме-ей, ата-бабаңдын... кыз боозуп энесин коркутат... багымды кыйганы аз келгенсип... тилдеп... Эмне, болбосо мени жеп жибересиңби?.. Деле кой, муну... – деген Бектур сөзүн жута туттугуп, каны башына тебе кызыраңдай кетти. Демейде оор басырыктуу Бектур бир ачууланып алса артка кайтчулардан эмес эле. Өлгөндөн кайра тартпай калат. Ошону үчүн теңтуштары аны «кантужин» деп коюшчу.

– Ой, кокуй алат, аке, бул не жоругуңуз?.. – Акматтын аялы ортого кыпчыла кетти: – Өлтүрүп коё жаздабадаңызбы?.. Анчалык эмне чоң күнөө кылып жибердик биз?.. Сыйлап койсо...

Ызырынып алышкан эркектер Зуурага көңүл да бурушкан жок. Бектур Акматтан төрт-беш жашка кичүү, аталаш тууган да болуп кетишет. Аялдын аке деп жатканы ошондон улам.

– Ой, бу бакты эмне кыйып жатасың дейм?!. – Бектур Акматты сөөмөйү менен дагы чекеге нукумак болду эле, Акмат жалтанып, башын алакача берди. Солдойгон немени учталган казыктай сөөмөйү бу жолу мерчемине жаза, чекеден өйдөрөөк, аялуу эмгегине сайыла ачуу тийгенден, Бектурдун жанына бата түшүп:

– И-ий, энеңди... – деп, сыздап жиберди. Демейде ооз учунан эле айтылып келген анын бу төл сөзү бул жолу жарага сайылган шибегедей ачуу тийди.

– Эмне дейт?! К-кудай аткыр! – Бектур ок тийгендей секирди! – Ушул сөзгө кантип оозуң барды ыя, с-сенин?! Энемдин колунан далай даам татып жүрүп чоңойдуң эле го, ыя, ата-бабаңдын?!. – Бектур Акматтын кежигесинен бүркүттөй чеңгелдеп, жерге итерип жиберди.

– Кокуй! Жеди!.. – тигинин аялы дагы чырылдап, «ыңк» эте бүктүшүп калган күйөөсүнүн үстүнө үйрүлүп түшө калкалай чаңырып жиберди. – Эл-журт!.. О-ой, жардам кылгыла-а!.. Жеди эле, жеди!

– Энеңди дейт, ой! Келес!.. У-у, энеден туулбаган айбан!

Акмат байкабай оозунан катуу жаңылып калганын эми туйду. Амалы куруй түштү. Кантип чыгып кетти, бул балакет сөз? Теңтуштарына, балдарына күнүгө эле жүз ирет айтып жүргөн бул ылакап сөзү эми минтип жаңылгандан жазгырып, кашайтпадыбы! Чынында эле чатакты дал ушул бир ооз сөз ырбатып жиберди.

Маркум энесине тил тийип, ачууга ууккан Бектур бүктүшүп калган чыканактай Акматты өпкө талаштыра тепмек болуп катуу бут шилтеди эле, артынан жете келген аялы аны булка тартып кетпегенде тиги жарылган топтой эле былч этмек. Анан эмне, эңгезердей эки кез, сөөктүү немении буту да кырк беш болбосо да кырк төртүнчү болсо керек, суу,

ысыктан какжырап калган колжойгон өтүгү дал тийсе оң таптырмак эмес. Кабыргалары ыдырап, сынбаса да соо калбайт болчу.

Бектурдун байбичеси оор басырыктуу киши эле. Абышкасын колтуктан тарта, үйүн көздөй сүйрөп жатты:

– Болду эми, абышка. Улуу-кичүүгө уят болбой… Көргөн эл эмне дейт… – Ызаланып алган абышкасы болмокпу, суюк сакалын эрбеңдете, аялына бой бербей жулунат:

– Анан ушунуку жөнбү ыя, багымды кыйганы аз келгенсип, энеңди деп… ата-бабаңды… Эй, токонаалат! Тийбегин бакка!..

– Кой абышка, келин-уулга уят… Эртең элге кеп болобуз…

– Ой, эмине эле бакылдашып жатасыңар, жанатан бери? Деги тынччылыкпы? – деген үндөн баары жалт карашса, көчө тоскон кашаанын нары жагында чүкөдөй Токтомамбет чал аты үстүндө шоңшоюп олтуруптур. Чырдын кызуусу менен аны, кайда барса көлөкөдөй ээрчип жүрчү ширидей арык, сары ити экөөнү байкабай калышыптыр.Анысы небак эле элди жалтак аралап, өтүк, багалектерин жыттагылап жүргөн болчу. Чууну угуп кайрылышса керек.

– Кыйкырышып эле жатасыңар көчөнү жаңыртып, деги анчалык мине балакет болуп кетти?..

Жалпайган, уктаганда да башынан түшпөгөн майлуу калпакчан, суюк сакал Токтомамбетти көрө салган Бектур ызасын укчу киши чыга калганына каниет тарта, арманын айтып кирди.

– Ой, бу жотосуз… менден бир ооз сурап койбой багымды кыйганы аз келгенсип, энемди кошо сөгүп… ата-бабаңдын оозун урайын десе… Сиз деле билесиз да, бу бакты атам тикпеди беле…согуштан келип… – бу жолу «ата-бабаңдын…» деп, демейде аягын жута айтчу каймана сөзүнө «оозун урайынын» кошуп айтты. Ачуусу чындап келген экен. Акмат бозоруп, тил кайырган жок. Аялы ажылдай кетти:

– Эк, коюңузчу аке, өз көзүм менен көрбөдүмбү, жулунуп келип эле көмөлөтө түрттүңүз… башы тиги ташка же бактын дүмүрүнө тийип жарылып калса эмне болмок… алдырганды жаздырган болуп бу, буталган бутакка өпкө-боорунан сайылып калсачы?!.

– Жарылбай, нетпей эле турбайбы, кудай албагыр… Иштебеген башты эмне кылат көтөрүп, жарылып калса болмок…

– М-м, ие, чеки иш болгон экен… – деди Токтомамбет тигилер басыла калган ара-чолодо. Ал, чолтойгон камчысын аласына кыпчый ат жалына өбөктөп, не деп чатакты жайгарарын билбей тургансыды. Эски актип эмеспи, эптеп бир нерсе деши керек. Кашайып, оозуна сөз келбей калса болобу!

Оолугуп алган Бектур болсо колдорун адатынча тарбалаңдата жаңсап:

– Оо, мен бала кезде, анда кашаа-машаа деген жок болчу кыргызда, ушул бак ортодо чек болсун деп атам тиккен, бу теректи. Айыл-

дын баары билет. Эми бу энеден айлангыр, өзүнүкүнөн бетер кыйып жатпайбы аны!.. – деп, дагы эле басылбай жатты.

– М-мен, арыкты чек экен деп... бери жагында тургандан эле... – Акматка тил бүтө, ара-чолодо күңк эткен болду. – Жөн эле айтпайсыңбы анан! Ыргыта түртпөй... – деп кызыраңдай кетти, Бектурдун сөз улантмак болуп келатканын байкай сала.

– Эй, бир эмес эки айтсам да укпай койбодуңбу, дың кулак! Анан эмне, бак кулап түшкөнчө карап тура берейинби? Ал арыкты да мен казгам, бактын нары жагынан казайын десем сенин сенейген атаң болбой койгон, чыканактай жерин ыраа көрбөй... – Бектурдун кемсинте айткан сөздөрү чучугуна жете түштү белем:

– Жетишет! Сенейген дебе, сенейип калгыр! – деген Акмат үтүрөңдөп, бетинин түгү түксүйө түштү. – Атамдын арбагына асылбагын!..

Анын минтип тил тийгизгени андан эзели каяша укпаган Бектурдун жанын оготөтөн кашайтып жиберди.

– Ики ата-а, атачылын мунун, намыскөйлүгүн дегеле... – ал эми катынына болбой жулкуна кетти: – Ата-бабаңдын с-сенин!.. Сенейип кал дейт тура! Сенейгенди азыр сага көрсөтөйүн!..

– Өзүң баштабадыңбы, атамды...

– Сен дегенин кара мунун, бешигимди терметип жүргөнсүп... Котур болуп өлүп каларыңда мен жууп-тазалап, тоюнтуп аман алып калдым эле го, ыя, согуш кезинде? Алдыкы катыныңа коюмду союп, никеңди да мен кыйдырбадым беле, ыя, чычкак улагың жок кезде... Эсиңе жара чыгып, көзүңдү май басып калган экен эми! Самтыр...

Ызы-чуу кайра башталды. Эки эркек бири-биринин сөзүн укпай кыйкырышып, небак көздөрү өтүп кетишкен ата-жотосуна чейин тил тийгизип, көрүнөн козгоп жиберишти. Ушул чеки иш болду. Мындайда кайсыл кыргыз баласы чыдап турмак! Кошуна ага-ини да колу жетсе бири-бирин баса калышчудай улунуп-жулунушуп, ортодо аялдары айгайлай аларды артка сүйрөп... Кызый-кызый кыздын койнуна кирет болуп сөздөн сөз чыгып, чатак такыр ырбап кетти. Эл чогула берди...

Демейде тил кайырбай момураган Акмат агасына:

– Тойдум ошол багыңа, өзүңө гроб жасап алгын, эн-неңди... – деп, бети ачылса, Бектур:

– Гуроп-муробуңду алдыкы абжеп аялыңа жасап бергин! Ал, бак башымдан садага... неңдурайын... – деп, ачуудан оозуна ээ боло албай «кантужини» кармап калды. Мурда келини болумуш этип, андан тартынып жүргөн Акматтын аялы да:

– И-ий, өлүк-тиригиңди көрөйүн, чирик шыргыйдай солдойгон... башыңа гана отура калайын десе... Абжептик кылганымды сен көрүп койдуң беле?!. – деп, уят-сыйыттан караманча кетти. Кой-койгула

деген эле токтоо Бектурдун байбичеси болду. Ал, кайым айтышка аралашып, күйөөсүнө болушту дегиче эркектердин мушташып, аялдардын чачташмагы турулуу болчу. Ачуу эмнени гана кылбайт.

Кыйкырык-чууну угуп жете келишкен кошуналар, көчөдө баратып кайрыла калгандар болуп он чакты аял-эркек чогулуп калышты короого. Алгач, оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып айгайлашкан ага-инилерди жандай келип, кой-ай демиш эткен менен ачуу сөздөр алардын да бүйүрүн козгоп, ар кими өз жакынсанаганына тартып, баары ажылдап жатышты.

– Ой, Зукеш, эмине болуп кетти? Кой эми...

– А-ми-ий, бетим, кантип оозу барды?.. – деген Зууранын ниеттештери аны коштой чаап, Бектурга атырылып атака коюшту.

– С-сакалың өрттөнгүр...

– Абжип болуп калыптырбызбы ыя?!.

– Ой, эже, эриңизди кой дебейсизби...

Кимисин тыярын билбей калдыбы, же бараткан иши эсине түштүбү чатакты баса албасын сезген Токтомамбет аксакал камчысын катуу шилтей сooругa чаап, атын бастырып узай берди.

– Эй, Акмат, агаңды аттаганың эмне? Мындан башка кайсыл жарыткан жакының бар ыя, сенин?

– Неңдурайын, дың кулак! Жап оозуңду, болбосо...

– Анан Бектурдун кылганы жөнбү? Кой дебейсиңерби аны...

– Тур нары!..

– Эмне түртөсүң?!

– ... түп жагын алба, чирик болот... – деп, кыйыла элек бакты бөлүштүрүп, кеңеш бергендер да чыкты.

– Ооба, түбүн жарганга сенин алың жетпейт, Акмат кичүү эмеспи...

– Ой, абайлап кыйбаса тетири жыгылып үйдү басып калса не болот...

– Кран менен үстүнөн көтөрүп туруш керек болчу...

– Кызыталак!..

– С-солдойгон суволуч, баягыда короосуна кирип кеткен козумдун шыйрагын сындыра чапкан болчу! Эсиңдеби ошол?!. – бу, Бектурдан эки үй алыс кошунасы Качкын болчу. Өткөн ызасы эсине түшө калып, учурдан пайдаланып Бектурду демите ичтегисин эми айтып алды.

Аны наркы, ийри Акмат коштоп кетти:

– Былтыр суу талашып, баламдын кетменин жулуп алып ошо бойдон бербей койгон... Апкел!

Көпчүлүк жоон топ чогулуп кетти. Бектур менен кошунасынын кошуналары, атургай тээ эле көчөнүн четиндеги Аманай менен Бейшебай экөө да короздордой чеке тирештирип калышыптыр:

– ... эмне кылып аласың ыя?! Жеп жибересиңби?..

– Төлөп бергиле Акмат экөөң ошол эшегимди!..

Көрсө, мындан беш-алты жыл мурда Акмат айдоолорго кароолчу болгондо жоголгон алдагачанкы эшегин Аманай да эми эстеп, ич күптүсүн чыгарып жаткан тура. Ошондо Акмат менен Бейшебай эле сатып жиберди, ал каңгыган эшекти деген сөз чыккан айыл-апада. Экөө мектепте чогуу окушкан, ымаласы ысык катыштардан болчу. Мындайда баары эске түшөт эмеспи.

Бара-бара эки жаатка бөлүнгөн аял-эркектер эки-үчтөн болуп алып айтышып, жакалашып, кой-айлашып түрткүлөшө баштады. Бирин-бири укпайт. Ар кимисинин көкөйүндө көң болуп калган ич күптүлөрү эми эске түшүп, териштирип жатышты. Чатактын чыккан башы болгон куу терек баарынын эсинен чыкты. Атүгүл, Бектур менен Асан да унутулуп, четте калышты. Атам замандагы арман-доолор айтылып ажы-кыжы, ызы-чуу... Чырды басайын деген деле эч ким жок. Чыкса да курулай убара болмок. Арачага алты таяк болуп, төөбастыда калары бышык эле. Эч кими укпайт да болучу. Келген эле киши дароо эки тараптын бирине кошулуп кетип, кыйкырышып жатты. Кан тартат да. Бүт айыл бири-бирине жээн, таяке, бөлө, теңтуш дегендей... Алыс эч ким жок. Ошентип, түш оой башталган чатак, каш карайганча токтободу. Мал-жан, бала-үйлөрү баарынын эсинен чыкты. Уйлары мөөрөп, койлорунун маарагандары кулакка кирбей калды. Куру сөздөн тажап кетиштиби, баштары айланып же кандары эми кызыдыбы бир маалда аял-аял, эркек-эркек болуп жулмалашканга өтүштү. Ошо маалда:

– Ой, кудай аткырлар десе, болбодубу эми! Дагы эле басыла элексиңерби?! – деген Токтомамбет аксакалдын өктөм үнү капыс чыкпаганда дагы эмне болуп, чатактын соңу качан, не менен бүтмөгү белгисиз эле. Ал жана бараткан ишине небак эле барып, бүтүрүп, эми үйүнө кайтып келаткан болучу. Анын бу арадан качан, кантип кеткенин эч ким элес албай калган. – А сага эмне жок, жаман!.. Бас үйгө! – деп, көрө салган кемшийген кемпирине камчы үйүрүмүш этти эле тиги эрин жалтаң карап алып, шүмүрөңдөй жолго түштү. – Жетишпей жаткансып жетип келгенин карасаң мунун!..

Бир кезде биргадир эмес беле, кайратынан кайта элек Токтомамбет буйра бакылдады. Андан баары айбыгыша турган, саалга элейе токтоп калышты. Болбосо бу көрүнүштөрү менен каны кызып алган немелер бирдин ичинен чыгышмак. Бери дегенде биринин чекесин бири айырып, аялдар тытышмак... Бети ачылып алган Акмат агасы менен жанараакта мушташмак да болгон, сес көрсөтө эки-үч ирет Бектурга кол сермеп жиберсе болобу! Дагы жакшы, алары алыстан шилтенип, аялдардын артка жулка тарткандарынан улам мушу бетке жетпей калды. Тийсе тиш сынып, көз канап, кан чыгып... жааттaшып, ит эле болушмак. Акматтан мындайды ким күтүптүр! «Жооштон жоон чыгат» деген сөз тегин айтылган эмес тура.

– Ак, Кудай аткырлар десе! Жетишет эми, эсиңер барда этегиңерди жапкыла! Эркеги катын, катыны айбан болуп… – деп, Токтомамбет топурап тургандарды жактырбай, сыдыра карап кажына кетти. Ошондо гана ачууга алдырып койгондору эсине жете калдыбы, непада көптөн берки желдери чыга түштүбү, баарынын жаагы жап боло соолуга калышты. – Кууураган бир бак үчүн тууган-урук, уят-сыйыттан кетип… – ал, тигилердин илгерки доолорун кубалоого өтүшкөнүн укпаган неме, дагы эле дарактын чатагы басыла элек тура деп ойлоп жаткан болчу: – Эмне, ал бак ажалыңарга аралжы болуп бермек беле… ал эмес жыйган-тергениңердин баары калат, бир күнү. Көрүңөргө ала жатмак белеңер? Артыңарда эле эзели кеткис жаман кеп-сөз калат: ага-ини, тууган-урук бир куурай үчүн ит болушкан деген. Бала-чака, укум-тукумуңарга чейин жер карап калбайбы, шерменде болуп, катыгүн! Токтоткула! Эл укпасын, чү! – деген Токтомамбет атын моюнга бир чаап, боорго темине, коркок билиш желе басып бараткан кемпиринин артынан желдирип жөнөй берди. – Тарагыла! Жалдырабай… кудай аткырлар десе!

Жанатан оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып жаткандардын бири да калп болсо да сый катары аксакал менен кош айтышканга жараган жок. Ызы-чуу, жакалашуудан элирип алган немелер али демин басып, эстерин жыя албай деңгиреп турушту. Эч кимиси ордунан жылбады.

– Эк, кетчи нары, акылдуусунбай… – кимдир бирөө күңк этти. Ызырынганына караганда Токтомамбетте кайсыл бир өчү болсо керек анын. Бетине айта албаган менен артынан болсо да ызасын чыгарып алганына каниет кылып алды көрүнөт.

Соодасы бүтпөй калган сарттай кыйылып, араздашкандардын эч биринин кеткилери келбей турду. Жан тартып келишкен жакындарын таарынтып алчудан бетер Бектур менен Акмат да аларды таштап кете албай турушту. Кеткенин качты, бети чыдабай кетти да деп айтышары турган иш. Таркабай турушкандарынын жөнү ошол, куру намыс болчу, ичтен тынышып. Аксакалдын акыл сөзү болсо кулактарына кирбей, жел менен талаага кетти. Анткени алардын мээсине акыл үчүн жол небак жабылып, ушак, чалчык сөздөргө бош кумгандын оозундай дайыма аңкайып ачык болчу…

Алар ошентип күңкү-мыңкы болуп турушканда көчөдөн ат үстүндө улам бир жагына ыргала ооп келаткан Таштан көрүндү. Ал ылжыган мас болучу. Көзү-мээси тумандап, кайда баратканын, эмне кылып жүргөнүн билбейт. Алдындагы аты көнгөн жолу менен ээсинин ооган жагына ооп, жыкпай, үйүнө эптеп алып бараткан. Эки күн мурда саткан торпогунун кечээги жуумайдан калган акчасын тели-теңтуштары менен дүкөндө эртеден бери көңтөрүп бүтүп, оозу куру калганына кыжынып, Таштандын кучунашы кармап келаткан

болучу. Ал Бектурдун короосунда топурап турушкан топ кишилерди көрө сала:

– М-м, ыңк, – эте ыктытып алды да, элдин эмнеге чогулуп алганын түшүнө албай, артка чалкалап, текши мээлей тиктеп алды. Кудум койчу кезинде жөө туман арасынан кой издегендей канчалык жүлжүйгөн менен мээ-көзү туман ал кимдин кимдигин айырып көрө алган жок. – Э-эм-не болгон ыя? Ө-өлгөндөн с-сообу, б-булар? – Анан эле ага котолошкон элдин арасынан бирөөгө аңкылдап жаткан катыны көзүнө урунду. Ага да бирөө кыйкырып, жулмалап жаткандай. Таштандын каны башына тепти! Эркектана эмеспи, катынын кыйбай кетти.

– Чү! – деди ал атын катуу теминип. Боорго капысынан кадала тийген оор согончоктон чочуп кеткен аты атырылып, жанатан котолоп турушкан көпчүлүктү урдура короого кирип келди.

– Эй, энең-дур-райындар! Эм-мне, к-катыныма ас-сылып… с-силер?! – Таштан туш келген эле кишилердин ким экенин айрып билбей, оңдусолду камчысын шилтеп кирди. – Ме, ме, сага! Ө-өй, м-менин к-катынымда эм-мне ө-өчүңөр б-бар, ыя?! Ч-чогулуп алыш-шып…

Камчы тийген-тийбеген эркек-катындар какыйлашып, кыргый тийген тооктордой чуру-чуу түшүп туш-тушка чачырады.


– Коку-уй!

– Жеди!

– Ой, бу Чоң жинди дагы ылжып алган тура!..

– А-а!..

Таштанга кол кайырган эч ким болбоду. Жанагыл баатырсынып жаткан эркектер жан тартып келишкен катындарына да карап койбой өз башын ала качып, короо-короолорго жите качышты. Бу, «Чоң жинди» аташкан Таштанга эч ким тең келмек эмес. Андай баатыр айылда жок. Мас болгондо ал атасын да таанывбай, өлүп да, өлтүрүп салуудан кайтпай калчу. Азыр да ал атынын башын туш келди жулка буруп, бет келгендин баарын кызыл камчыга ала берди. Анын көкжинди сырын жакшы билген катыны небак эле качып жоголгон. Калган катындар болсо камчы жегени ачуу чаңырып, аман калганы башын катып жакынкы үй-үйлөргө безип жоголушту. Он акылдуууга бир акмак теңата деген ушул бейм. Көчө бир паста жым-жым болду. Жаңжалдуу бак да, бакталаш да баарынын эсинен бир паста ыргып кетти. Бектур менен Акмат да аялдарынан мурда үйлөрүнө житип жоголушкан. Чоң жиндиге тең келмек кайдан аларга. «Багың менен жерге кир!..»



## Замирбек ИМАНАЛИЕВ

*1951-жылы Тоң районундагы Ак-Терек айылында төрөлгөн. Кесиби математик. Азыр Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде эмгектенет. Аталган окуу жайынын «Колдонмо математика» кафедрасынын профессору. Ал илимий-педагогикалык иштерден тышкары (1975-жылдан бери) поэтикалык чыгармаларды жаратып келет.*

*1977-жылы жаштардын «Ала-Тоо поэзиясы» фестивалынын лауреаты болгон. Биринчи ырлар жыйнагы 1981-жылы «Үмүттөр» деген ат менен жарык көргөн. «Кыз Жибек менен Төлөгөн», «Шахтын көз жашы» сыяктуу дастандарынын автору.*

*2000-жылдан Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.*

*Поэзия*

# Мезгил өтөт...

*Мезгил өтөт кылчайып бурулбаган,*
*Мезгил өтөт тизгини жыйылбаган…*
*Жаз чакырган жалбарып жандүйнөмө*
*Жаңырык бар сезимде угулбаган.*

*Мезгил өтөт шамалдай шуулдаган,*
*Мезгил өтөт жашымды уурдаган.*
*Адашкансып турсам да бир замандан*
*Аптабы бар жүрөктүн суунбаган.*

*Мезгил өтөт токтобой куюндаган,*
*Мезгил келет качандыр «буюрбаган».*
*Кудуретсиз өмүрүң куруп кетсин*
*Кумар жыйып Сүйүүгө сыйынбаган!*

# Өгөй дүйнө

*Аалам сыры, Адам сыры табышмак,*
*Аңдасак да туулганды, өлгөндү...*
*Алган дешет топурактан жууруп*
*Айтыш кыйын ал топурак Жерденби?*
*Түбөлүктүү болбогондон бу дүйнө*
*Түшүнбөйсүң кай тараптан келгенди.*

*Иштейт дешсе ондон бири мээңдин,*
*Илинесиң чалкеш ойго такалып...*
*Таразалап тартуусунан жаңылбас*
*Табияттан кетпейт мынча каталык.*

*«Жат» экенин сездирбесе ду дүйнө*
*Жүрбөс эле «жалган дүйнө» аталып.*

*Мурункудан эски жомок, баян бар,*
*Мурас болуп муундарга угулган.*
*Бекеринен чыкпагандыр ушу сөз*
*Бейишинен Адам Жерге куулган.*
*Чоочун Дүйнө, чоочун болуп ушу жай*
*Чогуң күйбөй мээ кайыгып суунган.*

*Акырын, тез айланганын Ай, Күндүн,*
*Аңдап, сезип Адам аны туя албайт.*
*Жандыкпыз го жаралгандан башкача*
*Жыгылгандар Жерден жеңил тура албайт.*
*«Жашыл аалам» жалгандыгы аныкпы*
*Жашооң деле жайбаракат уланбайт.*

*Таап беришке эңсегенди, күткөндү,*
*Тагдыр кээде эмнегедир шашылбайт.*
*Буйрук, жазуу болгон өңдүү ошондой*
*Багың деле оңой менен ачылбайт.*
*Сыйынсак да сырын каткан бу дүйнө*
*Сыртын салып өгөйлүгүн жашырбайт.*

*Куру кыял болсо эгер жарамдуу,*
*Кереметти чакыра алган булгалап...*
*Адам көөнү кумарданса чеги жок*
*Арман жүктөп бүт ааламды кыйнамак.*
*Тынчы кетип, шайы оогандан бу дүйнө*
*Түп орду жок, түбөлүккө кыйрамак.*

*Жантайгандан огу тике тура албай,*
*Жерде жашоо төрт мезгилге бөлүнгөн.*
*Ар биринде окшошпогон азап бар*
*Алып тынган далай жылды Өмүрдөн.*
*Алтын Казык абай салган төбөдө*
*Арачалап калбайт сени Өлүмдөн.*

*Чеби бекем тагдыр бузуп өтө алгыс,*
*Чиркин дүйнөң башка болуп куралбайт.*
*Чамынсаң да арман артып кетмей бар*

*Чийген чийин чектен тышка чыгарбайт.*
*Өгөй дүйнө өксүтсө да жаныңды*
*Өмүр барда өгөйлүгүн туя албайт.*

*Көрсөткөнүн көздөн далдоо жашырып,*
*Көчөт Мезгил, көчүп кайра табылбайт.*
*Адашкандар «аркы дүйнө» тарапка*
*Асман, Жердин арасынан кабылбайт.*
*Жаратkандан жаңылыштык кете элек*
*Жоголгонду кайра артына кайырбайт.*

*Жан кайрылып келет дешет бу жакка,*
*Жаралуу бар жарык кайра тийгендей.*
*Жаралгандын бирөөн коштойт көрүнөт*
*Жан өзүнө жаңы кийим кийгендей.*
*Калат кээде сокур сезим бүшүркөп*
*Качандыр бир бу жашоодо жүргөндөй.*

*Закым жүрсө «кетсе келбес» тараптан,*
*Акыретти көрө алгыдай өңүңдө...*
*Адам көөнү кайыл болуп баарына*
*Ал жакты эңсеп кезек күтпөйт Өлүмгө.*
*Ансыз деле ишеним бар айныгыс*
*Адамзатта «аркы дүйнө» жөнүндө.*

*Аалам сыры кандай болгон күндө да,*
*Агып Мезгил алды-артыңан күн өтөр.*
*Арман дүйнө артын салып турса да*
*Ай, жылдызын асманына түнөтөр.*
*Азбы, көппү буюрганга тобо кыл*
*Алла Таалам кылбаш үчүн күнөөкөр!*

## *Үгүзат*

*Билинбей жылдар өтөт бөгөт коюп,*
*Биз көргөн чырпык азыр терек болуп...*
*Багы жок бар сүйүүдөн калды бизге*
*Бир арман экөөбүзгө белек болуп.*

Арада күйүмү жок Күз, Жаз калып,
Адашып сүйүү калды түн жазданып.
Бирикпес эки тагдыр, бир өксүү бар
Биз чогуу учсак дагы Күндү айланып.

Жай калкып учат сага ором булут,
Жандүйнөң жамгыр ырын коёр угуп...
Убайлуу улутунган тааныш үндү
Угузат бул тарапта бороон улуп!

Жаңы жыл алдындагы ой толгоо
Кайтарда эски жылдан топтошобуз,
Кош айтып аны менен коштошобуз.
Калтырып эски журтун көчүп аткан
Качанкы көчмөндөргө окшошобуз.

Жыл келбейт алды жакка биз барабыз,
Жаңы деп ошол жылга байралабыз.
Жараткан жанды койсо өз жайына
Жаз, күзүн ай жаңыртып айланабыз.

Артыңда калат жылдар жаңырабыз,
Алдыга улуу көчтү дагы улайбыз.
Биз барбыз түбөлүктүү айлампада
Мезгилден, мейкиндиктен табылабыз!

## Кыш

Айлана ак тон жамынып,
Агарып аппак кар жатат.
Төбөдөн тийбей төмөндөп
Төрүнө жетпей күн батат.
Асманга шамын күйгүзүп
Адашып жылдыз түн катат.

Түнөрсө асман түр бузуп,
Түрүлөт булут суз кабак.
Теңселет терек тынч албай
Тепчүдөй жолдо жылгаяк.
Уктатпайт узун түндөрдү
Улуган бороон, бурганак.

*Топурак тоңуп, жер тоңуп,*
*Тоо, талаа үшүп кайыгат.*
*Ак көбүк чачкан дайралар*
*Ак муздан төшөк жамынат.*
*Өлүмдөн кабар улаган*
*Өксүүнү ырдайт табият!*

## Калтырмакпыз

*Куру кыял азгырыктай арбаган,*
*Көккө чыкса кайра төмөн түшө албайт.*
*Кайрымдуусун узап жаткан күндөрдүн*
*Кайрып тагдыр, кайра эртең күтө албайт.*

*Жүгүрсөң да, жайбаракат жүрсөң да,*
*Жүзүн бурса бак-таалайга жеттей бар.*
*Кеткен жашооң кереметтей сезилип*
*Кейиш жүктөп келбес жайга кеттей бар.*

*Жаркын өмүр бир тарапка жол улайт,*
*Жүргүнчүдөй мезгил ташып бараткан...*
*Ажал тосуп кайсы чектен түшүрөт*
*Айтыш кыйын бүтөт сапар каяктан?..*

*Кумар жыят бу дүйнөнүн түйшүгү,*
*Кутулганча Күндү айланттай «азаптан».*
*Кайгы арманды калтырмакпыз бу жайга*
*Кабар келсе кайра келбес тараптан!*

## Эмне жетпейт?..

*Кайдадыр мен адашып кеткенсиймин,*
*Кайрылбай өткөн өмүр, кайтпай күнүм…*
*Ким билет кандай болот эртеңки күн*
*Келечек  жабык турат, ачпай жүзүн.*

*Жаңырып айлар агып, жылдар кетер,*
*Жүргөнчө бу дүйнөдө конок болуп.*
*Көңүлдү алаксытып ыргап өтөр*
*Кур кыял көкүрөктө жомок болуп.*

*Арылап жылган сайын ашуу беттеп,*
*Асманы ал тараптын булуттанар.*
*Өксүсө өмүр үчүн эмне жетпейт?*
*Өткөндү көз ирмемге унуткарар.*

*Убакыт жылбачудай туруп калар,*
*Үзүлбөс үмүт жетпей күтө алгыдай.*
*Өткөндү эңсеттирер унуткарбай*
*Өмүргө Сүйүү жетпей түтө алгыдай!*



## Мамат САБЫРОВ

*1961-жылы Ноокат районунун Кашкалдак айылында туулган. 1985-жылы КМУнун журналистика бөлүмүн бүтүргөн соң «Ленинчил жаш», «Кыргыз руху», «Асаба», «Агым» гезиттеринде иштеген. Азыр «Учур» гезитинде саясый баяндамачы. «Жол», «Балалыктын теректери», «Ажылыктын азаптуу сапары», «Дублер палван» аттуу проза жыйнактары жарык көргөн. Улуттук Жазуучулар кошуунунун мүчөсү.*

*Аңгемелер*

# АНТ

Үстүндөгү кители, погондору эскирип, күнгө оңуп кеткен ак чач капитан улам бет аарчысы менен чекесиндеги терин сүртүп коюп, мени участка менен тааныштырып жүрдү.

– Ылдый жакта Ойрон деген бир айыл бар. Балдары шунчалык бейбаш, жат киши баргандан заарканат. Той-топурга эмес, патаага барган кишилерди дагы чекеге сүйрөп чыгып, токмоктоп таштashat да. Бир жолу Араван жактан жуучулар келишсе, мас балдар машинасын токтотуп, ичиндегилерди аксакал эле девей, аял киши эле девей жанчишиптир. Шонон кийин беш жылдай Ойронго жуучу кевей, мектепти бүткөн кыздар турмушка чыга албай, кара далы боло башташат. Акыры аксакалдар чогулуш кылып, мунан бияка кимдин баласы келген мыймандарга кол көтөрчү болсо үй-бүлөсү менен башка жака көчүрүп иебиз дегенде кичине-кичине тыйылып, тартипке келип калышты окшойт. Олорго салыштырганда биздин эл тынч. Ким келип, ким кетип атканы менен ич кимдин иши жок. Бир гана колу туткак бала бар. Жарым жылдай болду түрмөдөн чыгып келгенине. Күндүзү кечке уктайт дагы кечкурун уурулукка чыгат. Үйлөргө кирбейт, бирок эшик-эликте балта көрсө дагы, суу куйган фляга көрсө дагы көтөрүп кетет, кысталак.

– Кармап, камап салсак болбойбу?

– Ич кимден арыз түшпөдү да. «Мен түрмөдө авторитет болгом, бирөөң гырың дечү болсоң бандиттерди апкелип, үйлөрүңөрдү өрттөйм» – деп коркутуп коюптур.

– Чын эле авторитет болгон бекен?

– Калп айтат! Чычкан улактай болгон ки-ичине бала. Бир-эки жолу үйүнө барып: «Бала жөн жүргүн, келген жагыңа кайта барып калба» – деп эскерткем. Сен дагы шо тирикти жакшылап контролдойсуң.

Биз эки көчөнүн кесилишине келип токтодук.

– Жүр үкам, эми, тойго киребиз – деди капитан.

Жолдун боюндагы үйдүн кош канат дарбазасы эки жакка чоң ачылып, короо элге толо экен.

– Келгиле, – деди эки-үч киши алдыбыздан тосуп. – Үйгө кире бериңиздер. Балдар, колго суу куйгула!

– Биз мындай эле отурайлы, – деди капитан.

Колубузду чайкап, балдар сунган сүлгүгө аарчыдык да кире бериш жердеги сөрүгө отуруп калдык. Сөрүнүн үстүнө дасторкон жазылып, нан, боорсок, кант-май жайнап турган экен. Шыпылдаган балдар нарыдан бери чай алып келе коюшту.

– Эки та шорво! – деп кыйкырды бири казандын жанында тургандарга карап.

Биз сорпону жаңы эле ичип атканда үйдүн ичинен он чакты чал чыгып, галошторун кийишти да колдорун жууй башташты.

– Эй, Ашир, сен менин калашимди кийип алыпсың, чеч! – деди артта чыккан чокчо сакал чал.

– Өзүмүн эле калашим, – деди колун жууп аткан арык чал.

– Сеники эски эмес беле. Анавы путуңдагы меники. Шул адатыңды качан коёсуң?

Анан жанындагыларды карап, даттана баштады:

– Бул калаш уурулукту адат кылып алды. Атайлап эски, жыртык калаш кийип келет дагы кимдики жаңы болсо кийип, секин жылыверет.

Колун жууп аткан чал аны олурая карап калды.

– Сен көп гыжыныма тийбегин! Чоң-Алайдан келген мугалимди кантип атып таштаганиңди айтип коёюнбу? Ит шармандаң чыгат азыр.

Эми эле бак-бак этип аткан чокчо сакал чалдын кеби оозунан түшүп, өңү башкача болуп кетти.

– Айбан элесиң а!?

Анан биздин сөздү кимдер укту деген кыязда эки жагын бир карап алды да чукчуңдаган бойдон чыгып кетти.

– Бул ким? – дедим мен аны узата карап.

– Жармат ава. Биздин коллега болот. Көп жыл мелисада иштеген.

– Кайсыл мугалимди айтып атат?

– Ким билсин…Басмачылар чыккан маалда Ашир ава экөө Үч-Коргондо бирге иштешкен экен. Шондогу иштерди айтип атса керек да. Кана, аштан алайлычы…

Тойдон чыккандан кийин капитан үйүнө кетти, мен кабинетиме барып, кыйлага чейин журналдарды барактап отурдум. Эси-дартым жана аксакал айткан сөздө. Ал кандай мугалим? Милиция кызматкерлери аны эмне үчүн атып салышты экен?

Улам ойлонгон сайын фантазиям күч алып, милиция мектебинде үйрөнгөн дедукция ыкмаларым аракетке келип, кылымдын чоң кылмышын ачып ийе тургандай элирип, удургуп калдым. Эбин таап, эки аксакал менен сүйлөшүп көрөйүн дедим.

* * *

Капитан Кушбак Мурадиловдон ишти өткөрүп алып, квартира таап, үй-бүлөмдү көчүрүп келгенче эки жумадай өтүп кетти. Анан бир күн бош убакыт боо калганда Жармат аваны издеп жөнөдүм. Мен барганда аксакал сайдын боюна отуруп алып, атын сугарып аткан экен. Учурашкан соң бир саам экөөбүз тең унчукпай туруп калдык.

– Мен шул жерге жаңы участковый болуп келдим, – дедим бир аздан кийин. – Эл менен таанышып жүрөм. Сиз менен сүйлөшөйүн дедим эле.

– Ишиң болсо повистке жөнөтүп, канторуңа чакыр, – деди чал башын чулгуп. –Бовосо мен сени менен жөн эле дайди гаптарди сүйлөшкөнгө вактым жок.

Ушинтти да атын жетелеген бойдон бактын арасына кирип кетти.

Мен суунун боюнда жалгыз туруп калдым. Ушул тапта арткы үйдөн кошунасы чыкты.

– Аксакалдын настроениеси жок го, – дедим мен.

– Кампири каттык, – деди тиги киши. – Бир аптадан балдары бери ана кетти, мына кетти деп пайлап отурушат.

Жармат ава менен кайра сүйлөшкөндөн эч пайда жок эле. Сөздү олдоксон баштап, чү дегенде эле чоочутуп алдым окшойт. Эми берки аксакалга барып көрүш керек. Аны да чоочутпаш үчүн адегенде айылдык кеңештин төрагасы менен кеңешип көрсөм окшойт дедим. Менин кабинетим айылдык кеңештин имаратынын бир бурчунда болчу. Кечке жуук кирсем төрага өзүндө экен. Семиздигиненби же кандайдыр бир оорусу барбы, көмөч нандай тоголок киши кыш-кыш этип араң дем алып отурду.

– Ашир, Жармат авалар илгери милицияда иштешкен турбайбы, – дедим мен. – Таанышып алайын дедим эле. Кеп-кеңеш сурап турганга.

– Туура кыласың, – деди төрага, – ветерандар менен тыгыз контактта иштеш керек. «Карынын сөзүнү капка сал» деп бекериден айткан эмес да. Ашир ава көп жыл айылдык кенештин депутаты болгон. Азыр дагы аксакалдар сотунун төрагасы. Үйүнү билесиңби? Мектептин эле жанида. Эшигинин алдыда бир түп чоң бака терегии бар.

Ал айткан дарек боюнча секин басып барып, дарбазаны каккыласам эшикти жетимиштердеги кемпир ачты.

– Кандайсыз эне? Авам үйдөбү?

– Ыы, үйдө. Кир.

Ашир ава шыбы пас, бирок ичи жапжарык бөлмөдө гезит окуп отурган экен. Мени көрөр замат колундагы гезитти нары таштап, көз айнегин чечип, өйдө турганга камданып калды.

– Ава, отура бериң, – дедим мен шаша-буша колумду сунуп.

– Ке, биякка отур.

– Мен сиздердин жаңы участковыйыңармын, – дедим мен аксакал көрсөткөн жерге отурган соң. – Уксаңыз керек, Кушбак аке пенсияга чыкты, ордуна мен келдим.

– А, жакшы, – деди карыя. – Кушбак алтын жигит эде. Беш жылда бир адамды каматпады, ич ким менен сен-мен айтишканам жок. Сенам эми ар кандай ишти колуңдан кесе тольке жакшылык жагыга оодара бер. Жакшылык жакшы да балам. Бизге башка жактан которулуп келдиңби? – Аксакал менин лейтенанттык погонума карап койду.

– Жок. Окууну быйыл эле бүттүм.

– Тез эле үйрөнүп кетесиң, Куда кааласа. Өзүң каеттен болосуң?

– Ноокаттан.

– Ноокаттанам кыйын адамдар көп чыккан. Генерал Абдырахманып Ноокаттан да а?

– Ооба. Салиевадан.

– Биз эми ниме дейвиз, ишиңе ийгилик, балам. Галдыр-гулдур этип жүрүп биз шуергече сүйрөдүк. Эми мунун биягы силердики.

Адегенде экөөбүз айылдын турмушу, саясат жөнүндө жалпы сөздү сүйлөшүп отурдук. Анан башынан өткөн окуяларын сурай койсом, аксакалдын жарпы жазылып, чечилип сүйлөп кирди.

– Оттуз алтынчы жылы биздин нарком келди. Ат менен.

Мен ошол кездеги ички иштер министри Суусамыр, Токтогул аркылуу Чүйдөн Ошко атчан келгенин элестетип, таң калып отурсам, аксакал дагы бир сөздү айтып, ого бетер оозумду ачырды.

– Ошто чогулуш кылып, жети саат сүйлөдү.

Муну укканда мен эле эмес, дасторкон жайып аткан кемпири да селт этип кетти.

– Зарил экен да а?

– Өлүп-өлүп калдык, – деди Ашир ава баш чайкап.

Аксакал өзү отузунчу жылдардан кеп баштап калган соң мен оңтою келди го деп суроо узата койдум.

– Бая күнү Жалман ава экөөңүздөр чоң-алайлык бир мугалим тууралуу сөз кылып аттыңыздар эле. Ал окуя дагы шол жылдары болду беле?

Эми эле берилип сүйлөп аткан аксакал сөзүн тык токтотуп, унчукпай калды. Көпкө тунжурап отурду. Сөздү кантип улап кетишти билбей мен да отура бердим.

– Шо нарком келип кеткенден кийин богон иш, – деди кыйладан кийин.

– Ал кандай мугалим экен? Басмачыларга кошулуп кетиппи?

– Як. Мактапка кагаз-калем, дагы бир нерселерди алганы Кызыл-Кыяга келаткан экен да. О маалда бир мактапта бир эле маалим болот эде. Директириям өзү, запхозу ям өзү, балдарды окутканаям өзү. Ол дагы мактаптин кем-каржы боюнча Дароот-Коргондон Кызыл-Кыяга түшүп келиптир. Үч-Коргондо милийсакана болот эде. Анан ат минген жат киши келатканын биздин бир уполномочин көрүп калып, кармап алат. Чөнчөйүндө дакүмүтү жок бекен, же босо ям жасалма көрүнгөнбү, иши кылып, начальник Жармат экөөвүздү чакырып: «Мынавы адамды Дароотко чейин колун байлап апарасыңар. Агар мактапта иштегени чын болсо таштап келевергиле. Жок, мундай киши бизде иштевейт десе кайтарып апкелгиле» – деди. Эртеси күнү саарлап Жармат экөөвүз ону алдывызга сылывалып, жолго чыктык. Маалимдин атыны алмак-салмак минип (ол өзү пияда) кетпартавыз. Түшкө чейин зорго он-он беш чакырымдай жол бастык. Анан түштө сайдын боюга токтоп, белибиздеги нанывызды сууга малып жеп атканда Жармат: «Дарооткочо дагы каминде саксан километр жол бар. Канчалык тез жүргөнүвүздөям эртең кечке зорго жетевиз. Онон көрө шуетте эле атып таштавайливи» – деди. Муну укканда мен жылан чаккандай секирип кеттим. «Тирик кишини көзүнү жалдыратып туруп кантип атып таштайсиң? Чын эле маалим босочу десем: «Мунуң битта ям маалимга окшовойт. Алаң-алаң этип караганынан эле басмачы экенин көрүнүп турат. Хоп дейвергин» – деди. Онун бул сөзүдөн кийин менам ойлонуп калдым. Менин ыргылжың боло түшкөнүмү көрүп, Жармат ого бетер күч алды (шондо эле биттин көтүнү көргөн кыйтыр жигит эде). «Агар сен корксоң маңа төңкөп кой. Мен көргөн жокмун, арчанын тагида даарат ушатып аттым эде де» – деди. «Шонтсек эле ишенип калышат дейсиңби? Нимеге аттыңар деп сурасачы?» – десем, «О ягын маңа кой» – деди. Шоеттен мен боштук кылып койдум да. Кой, бовойт. Апар дедиви, апаравыз деп маккам туруп алвай, старший сен, өзүң чеч деп үндөвөй койдум

да. Шонон пайдаланып кетти бейтамиз! Маалимдин колуну чечип, чөбү жапжашил болуп өсүп турган товнун бетини көрсөттү. «Оонанда битта ышкын өсүп турат. Шону үзүп кел. Нанга кошуп жейвиз» – деди. Маалим аста товнун башыга чыгып жөнөдү. Ортолоп калган маалда мээлеп туруп атты эде мугалим мүдүрүлүп барып, бөк түшүп калды. Жармат экөөбүз аркасыдан барсак али тирүү экен. Дир-дир этип титиреп атыптыр. Жармат аркасыдан жүрөк тушуну мээлеп аткан экен у огу жүрөгүгө тийбей калыптыр да. Жармат мылтыгыны октоду дагы каракуш мээсиге такап туруп дагы бир жолу атты. Анан экөөвүз өлүктү шол жерге таш менен корумдап, кечке маал Үч-Коргонго кайта келип калдык. Жарматтын акылы боюча: «Колун кантип чечип алганыны билвейбиз, экөөвүздү эки жакка жыга түртүп качып жөнөдү. Колдон чыгып кете турган болгондо илаажи жок курал колдондук» – дедик.

– Мугалимди ошол бойдон эч ким издеп келген жокпу?

– Бир айдан кийин бекен эки киши: «Бизден бир мугалим Кызыл-Кыяга кеткен бойдон бейдарек жоголду, көргөн-билген жоксуңарвы?» – деп келишти. Бул мезгилде биздин начальник которулуп кетип, ордуга башка киши отуруп калган. Келер замат Жарматты өзүгө орун басар кылып алды. Чоң-алайлыктар келгенде ям орун басар катары олор менен Жармат сүйлөштү. Олор кетишкенден кийин мени чакырып, «ондой кишини биз көргөнам жокпуз, ол тууралуу бизде малыматам жок. Жолдо басмачыларга туш болуп калса керектир да» – деп койдум (шо жылдары Парганадан, Ноокаттан качкан басмачылардын акыркылары Чоң-Алайдын тоолоруда бекинип жүрүшкөн). «Бул иш тууралуу сен менен мен эле билевиз, экөөвүз айтпасак эле жавылуу казан жавылуу бойдон калат. Өлөр өлгүчө оозувуздан чыгарвайвыз деп ант ичишейли» – деди. Экөөвүз эркекче кол алышып, ант ичиштик.

– Анда, сиз антты бузган турбайсызбы?

Аксакал кайра тунжурай түштү.

– Сен ойловатасың го, калаш ууру деп койсо эле ошого чычалап айтиверди деп. Ондой азил сөздөр экөөвүздүн ортовузда күнүгө жүз жолу айтилат. Элдин бардыгы экөөвүздүн азилкаш экенивизди ям билет, онун жаңы калаши жок экенини ям билет. Гап калашта эмес, балам. Кыйналып кеттим... Шо жылдары алиги маалим күнүгө түшүмө кирет эде. Анан көп жыл кирбей калган. Акыркы бир жылдан бери кайра кирчү болду. Эшиктин алдыга келет дагы үн-сөзү жок туруп-туруп, кайта кетип калат. Бир жолу буулуп-буулуп, чыдавай кеткенде прокуратурага барам десем Жармат: «Мен аткан эмесмин десем эле суудан курук чыгып кетем деп ойлово. Сен дагы соучастниксиң» – деди.Ойлонуп көрүп, барайын деген оюман кайта

айныдым. Шондо туура эмес кылган экенмин. Ниме болсо шо болсун деп баравергенимде камап, кесиверсеям акыры бошоп чыгат эдем да деп ойлоп коём. Быйыл жетимиш бешке чыктым, балам. Ол окуядан бери эллик жыл өтүп кетти. Эллик жыл дартимди ичиме катып, касал тарттым. Эми закүн мени эми ич нерсе кыла албайт. Бирок өкматтин сурагыдан кутулганым менен Алланын сурагыга ниме деп жооп берем? Шон үчүн оор жүктү Акыретке дагы алып кетпей, көзүмдүн тиригиде баштан сакыт кылып коёюн дедим.

– Сизден мурдараак Жармат авага дагы бардым эле. Бирок ал киши сүйлөшпөй койду.

– Алланын алдыда ар ким өзү үчүн жооп берет. Мен айтип босо ям дартими чыгарып алдым. Алла-Гаффар. Кечирер. Жармат ниме кылса өзү билсин.

Мен сыртка чыкканда эчак караңгы кирип калган экен. Аксакал кийинип, мени менен кошо чыкты.

– Ава, сиз калавериң, –дедим мен дарбазага жеткенде.

– Жүр, жүрөвер балам, мен башка жакка барам.

Аксакал менен коштошуп, бир аз баскандан кийин артыма кылчайып карасам Ашир ава илкий басып, мечитке кирип баратыптыр…

## МОКЕ

***(Досум Таалайбекке)***

Менин чоң атам Дүйшөнаалы, Абдырахман абам болсо Дүйшөнаалынын бир тууган иниси. Биз Моке деп койчубуз. Ошо Мокем бир жолу Кочкорго барып, малга туз алып келейин десе чоң атам эки төөнү комдоп, атка мингизип жибериптир. Кудайдын күнү аябай ысык кезде Мокем Кочкорго барып, суусаганда базарга кайрылат. Чакан базар да. Бир келин жыйырма литрден чоңураак жашыл мискейге кымыз куюп, сатып отурган экен. «Балам, келе кымызыңан» – дейт. Эки чоң кесени ичкенден кийин кымыз жакшы экен да, аябай жагыптыр. «Чөнтөгүмдө акчам жок, балам, мобу төөнүн бирөөсүн байлап берем» – десе, келин ишенбейт. «Кепкенедей кымызга бир төөнү байлап берем дегениңиз кантип болсун?» – дейт. «Жок, чын айтам, куй» – дейт Мокем. Тиги келин тамашалап аткан экен деп куя берет. Мокем иче берет. Бир сааттын ичинде мискейдеги 20–25 литр кымызды ичиптир дагы эки төөнү тең чөгөрүп, биринчи төөнүн комун экинчи төөнүн үстүнө байлап, жайдактап туруп: «Мынакей балам, өзүмдүн ак малым, мал кылып алгын. Эгер бирөө сураса Жалгыз-Терек айылынан Абдырахман деген киши келип, кымызымды ичип, төөсүн таштап кеткен деп айтасың» – деп

байлап берип, кетип калыптыр. Баргандан кийин чоң атам: «Кана бир төө?» – деп сураса: «А, Дүйшөке, анын эсебин таап койдум» – деп айтыптыр. «Сен ошону кылмаксың» – деп башка сөз болгон эмес экен экөөнүн ортосунда. Чоң энем ушинтип айтып калчу.

Анан дагы бир окуясы. Чоң атамдын эки жакка мингенге жакшы бир аты бар экен. Жорго, жүрүшү жакшы, алыбеттүү ат болсо керек. «Дүйшөке, Нарында бир жумушум чыгып калды, атыңды берип тур, бачым барып келейин» – дейт Мокем. Чоң атам: «Мейли, ал» – дейт. Ээр-токумун токуп, минип алып кетет. Кыштын күнү, Нарынга чейин кырк чакырым аралык. Жумуштарын бүткөрүп, кайра кайтарда курсагы ачат да. Базарга кирсе бир аял чоң сыр чака бозону көбүртүп, сапырып отурган кез болот. Эки кесе ичкенден кийин бозо жагыптыр. «Жакшы экен, жакшы экен, куй, мына бул атымды байлап берем» – дептир. Тиги аял да, албетте, ишенбейт. Ичип бүткөн соң аттын ээрин алып, атты бозо саткан аялга берип, анан ээрди жонго таштайт да шаардын аягынан машина тосуп кетиптир. Чоң атам Дүйшөнаалы: «Кана ат?» десе: «Ой, Дүйшөке, анын да эсебин таап койдум» – дептир. Чоң атам да: «Атаң гөрү, ушул өнөрүң калбады да. Эми болору болуптур» – деп тим коюптур.

Мен тогузунчу класста окуп жүргөндө Мокем экөөбүз сакмалга бардык. Кой тууп бүткөн кез. Экөөбүз кечке кой кайтарабыз. 400–500 кой, козусу алты, жети жүздөй. Ал кезде сакмалда жүргөндөргө айылдагы туугандардан белектер келчү. Бозо келчү, татты-патты, нан-пан келет. Кечинде чайга отурганда (Мокем чайды көп иччү эмес) Сайра апам чоң чыныга бозо куюп келди. Экини ичкенден кийин: «Ай, Сайра, жакшы бозо экен. Калганын бир чаначка куюп бер. Эртең кой кайтарганы барганда ичем» – деди. Эртең менен Сайра апам кол чаначка бир чака бозону куюп, мага карматты. Мен канжыгага байлап атсам Мокем чыгып: «Эй, коё тур, сен балалык кылып, бош байлап коёсуң, кел, мен өзүм байлайын» – деди. «Мейлиз» – деп берип койдум. Өзү байлады. Экөөбүз койлорду айдап алып кеттик. Түш ченде бир кырга бардык. «Моке, келиңиз, шам-шум этип алалы десем: «Жок, балам коё тур, түштөн кийин, сууганда бир ичем» – деди. Мен нанымды жедим, айранымды ичтим. Арадан дагы бир сааттай убакыт өттү. «Моке, бозоңузду ичпейсизби» – десем: «Жок, дагы бир аз бар. Аябай суусаганда ичем. Бозонун даамы, ырахаты ошондо сезилет. Сен койдун аягын түрүп кел, мен биягынан тосуп, астында болоюн. Тээтиги кырга барып отурам» – деп калды. Мен койдун аягына кеттим. Ал жерде миңдей кой бар да козу-мозусу менен. Тияк коктудан чогултуп, бияк коктудан чогултуп, кырга чыксам эле Мокем тиги кырдан бу кырга, бу кырдан тиги кырга эле бастырып атат. Кеминде эле жыйырма-отуз жолу бастырды го. Дүрбү салып турам. Мокем эмне болуп атат, эмнесин жоготту? – деп коём.

Койдун баарын түрүп алып, экөөбүз кечинде саат жети-сегиздерде кездештик. «Ой, Моке, эмне болду? – десем унчукпайт. Тиги кырдан бул кырга кеминде эле алтымыш жолу бастырдыңыз го десем: «Ой, мен куруюн, жана сен айтканда эле ичип албай» – дейт. «Тиги кырга барып ичейин десем эле жок, түшүп калыптыр» – дейт. «Аябай курсагым ачты, суусадым» – дейт. Кечке ачка жүрүп, далдырап, шалдырап калыптыр, араң сүйлөйт. Мен улам күлүп коём. «Күлбө» – дейт. Мен ансайын каткырам. «Бул кырдан караганда бар болчу, тиги кырга барганда эле жок болуп калыптыр» – дейт. «Желдирип койгом биртике, ошондо түшүп калса керек» – дейт. «Эми үйдө бир-эки жутум калса экен» – деп келатат. Үйгө келсек жок, калбай калыптыр. Кайран Мокем, ошондо бир үшкүрүндү го! Оозунан көк түтүн чыгып кеткендей сезилди мага.

Эртеси экөөбүз кайра кой жайып чыктык. «Эми атаң гөрү, чаначтын оозу өйдө карап түшүп калса экен» – деп коёт. Кырга чыкканда эле көрүндү, жер агарып төгүлүп калыптыр да. Мен алыстан эле көрдүм. Чаап келсем төгүлүп, чаначтын үч учу бар эмеспи, ошол жеринде гана биртике кылыптыр. Бир чоң чыныга куюп берсем ичип алып: «Эми сен мындай кыл. Мен Капарга (Капар анын баласы, койдун ээси да ошол) айтайын. Мончого түшүп, кийим-кечесин алмаштыр келсин дейин. Сен баргын да келинге айтып, баягы бозодон салдырып кел» – деди. Эки күндөн кийин бозону артынып алып келдим. Моке, чаначка куялыбы, тиги кырга барып ичесизби десем: «Жок, жок, ушул эле жерден ичем» – дейт.

Бозонун кубатыбы, Мокем токсонго чамалап барып каза болду. Жакшы карыды. Балдарым деп баарыбызга үйрүлүп түшүп турчу. Мен барып калсам: «Такем келип калыптыр, козунун тандап туруп семизин сой» – дечү. Өмүр бою малда жүрдү. Чоң атам экөөнүн бир кезде алтымыш-жетимиш төөсү болгон экен. Бирок жанагындай марттыгы малы көптүгүнөн эмес, пейилинин кеңдигинен го деп ойлоп калам. Болбосо бир чанач кымыз үчүн кандай киши бир төөсүн байлап берип койсун.

Кийин Кочкордон жанагы Мокем төөсүн байлап берген аялды көрдүм. Экөөбүз кокусунан жолугуп калдык. Жалгыз-теректик экенимди билер замат: «Абдырахман деген кишини тааныйсыңбы? Көзү тирүүбү?» – деп сурады. Менин абам эле, кайтыш болуп кеткен десем көзүнө жаш тегерене түштү. «Ошондо жарыктык киши таштап кеткен төөнү сатып, музоолуу уй алдык. Каатчылык жылдарда эки балам менен бизди ошол уй сактап калды. Ал кишинин жоругун айтып берсем көбү ишенишпейт» – дейт...



## Санавар САЙПИДИНОВА

*Ош областынын Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. ОшМУнун журналистика бөлүмүн бүтүргөн.*

*Республикалык жаш акын-жазуучулардын «Ала-Тоо – 97» фестивалынын 1-сыйлыгынын ээси, 2001-жылы Мухаммед Пайгамбардын туулган күнүнө карата «Түркия-Дианет» фондусу өткөргөн ырлар сынагынын лауреаты.*

*Поэзия*

# Төмөн экем. Төмөнмүн

*Жолоочумун өтө турган өмүрдөн,*
*Жолдорумдун бастым, балким, көбүн мен.*
*Ажал жетсе, кум жуткандай жок болор,*
*Азап күндөр аяксыздай көрүнгөн.*

*Коноктмун мен кете турган өмүрдөн,*
*Каска дагы, доско дагы көңүл кең.*
*Маалы жетсе желге учкандай жок болор,*
*Мүнөттөрүм бактылуудай көрүнгөн.*

*Булактаймын агып өтөр өмүрдөн,*
*Бирде азайган, бирде ашып көбүргөн.*
*Бакыт, кайгы калар кылга арзыбай,*
*Байкоосуздан өлүм тартса төрүмдөн.*

*Аманат – жан, убактынча берилген,*
*Алар бир күн амир болсо Теңирден.*
*Азап, жыргал – сыноо. Шүгүр келтирип,*
*Аллах деймин айрылганча демимден.*

*Сапардагы жолоочудай момунмун,*
*Басып өттүм көбүн, балким, жолумдун.*
*Барар жайым кум, таш болор акыры,*
*Пайда бербес көзгө сүрткөн тонум миң.*

*Алсыз жанмын, ыктыярсыз төрөлдүм.*
*Атак алсам, келер даңкым өлөр күн.*
*Түркүк болуп келбеген соң дүйнөгө,*
*Турбайм... демек, төмөн экем. Төмөнмүн!*

## Күлөм ойлоп

*Күлөм ойлоп, жашоо-оюн, убарабыз бекерге,*
*«Ашык жарың, балаң, мүлкүң калат го, - деп, - кетерде».*
*Каякадыр сапар улайм, токтолгонго чамам жок,*
*Канимет деп, тирүүлүккө эрксиз таазим этем не?*

*Окшош, бирок башка ай, жыл, күндөр өтүп, кеч кирип,*
*Уурдап турмуш жаш чагыңды, өмүр жолуң эскирип,*
*Убайым жеп барга, жокко, жанчылтып миң жаныңды,*
*Улгайтат да үмүт байлап, алп дарыя кечтирип.*

*... Күлкүм келет... Жашоо жалган, убарабыз бекерге,*
*«Ашык жарың, балаң, мүлкүң калат да – деп, – кетерде.*
*Каякадыр сапар улайм, токтолгонго чамам жок,*
*Канимет деп, тирүүлүккө эрксиз таазим этем не?*

## Кубаныч күтпөй жарыктан

*Сылтыткан улам жолумдан,*
*Сырыңдан жашоо, сыгылдым.*
*Жаштыкты ыйга алдырбай.*
*Жалганын кечип сыйыңдын.*
*Кубаныч күтпөй жарыктын,*
*Кучактап баарын ырымдын.*
*Жылтылдай өчүп бараткан,*
*Чогундай түтөп чылымдын.*
*Бетимен түшүп, бейкапар,*
*Бейитке келди жыгылгым...*

## Сайран жок эркинче адам баласына

*Кааласаң, каалабасаң насип этсе,*
*Каалгасын бул жарыктын кагын эрксиз.*
*Күрөшкө түшөрүң чын, жашооң үчүн,*
*Күймөнүп түйшүктөргө санак жеткис.*

*Жакшыдан арбын көрүп жамандыгын,*
*Жабырга тартып башты амандыгың.*
*Тагдырдын таш табактан даамын татып,*
*Таалай деп тайыйт кээде адалдыгың.*

*Сап кылып кээде жазмыш санаасына,*
*Саргайган айдап азап талаасына.*
*Сабылтып жүрүп берет бакытыңды,*
*Сайран жок эркинче адам баласына.*

## Адам карып

*Түшүнбөйм туш келгеним кандай жайга,*
*Жүрбөй шат, сүйдүм, бирок эмне пайда?*
*Дартыма даба кылып жазган ырлар,*
*Каректин нуру өчсө, калат кайда.*

*Балекет сезим оору кылган менен,*
*Пайдасын жогун билип турган менен*
*Баш багып үмүттөрдүн бакчасына,*
*Баткактан бактым издеп... талыйт денем.*

*Кыйырсыз ар бир башка мүшкүл салып,*
*Кызыгың өйдө-ылдыйда белем, жарык?*
*Кымбаттуу мүнөттөрүң арзып койбос,*
*Кысталсак тор өлүмгө акыр барып.*
*... Бийиктин бийигине жетсе деле,*
*Биликтей күйүп, өчөөр адам карып.*

## Өмүр сапарында

*Убада берип коюп кээде, бирок*
*Уялам аткара албай калганыма.*
*Алынча кол кабышым аянбадым,*
*Муктаж да болдум көптүн жардамына.*

*Жакшынын көрүп анык шарaптын,*
*Жамандын жапа чектим кесиринен.*

*Жазганын бешенеге тартып эрксиз,*
*Жазмыштын кача албадым чечиминен.*

*Калтырып өзүм дагы оң, терс таасир,*
*Күндөрдү кечип көптүн катарында.*
*Өкүттүн чеңгелинде чабалактап,*
*Өмүрдүн агып барам сапарында.*

## *Жүрөктү кантип аарчыйын*

*Көзүңдүн ыйлаганынан,*
*Көңүлдүн ыйы оор тура.*
*Көөдөндү кыйнаган улам,*
*Көмүскө арман толтура.*

*Жамалың жууган көз жаштан,*
*Жаныңдан сызган жаш кыйын.*
*Жүзүмдү сүртсөм из кетер,*
*Жүрөктү кантип аарчыйын?*

*... Каректен кара кан агып,*
*Каңырык түтөйт карарып.*
*Өксүттү жандан табылбай,*
*Өзүңдөн тапкан дааналык.*

*Кубаныч эмес шорсуңбу?*
*Кубарткан темир торсуңбу?*
*Тайгылттың ойсуз баратсам,*
*Таш толгон азап-жол сындуу.*

*Унутка салып бактымды,*
*Узакка тарттым дартыңды.*
*Ууланган жандай нес басып,*
*Узаттым канча ай-жылды.*

*Жазылып бүтпөс дастаным,*
*Жарысың бүгүн башканын.*
*Жашыган чагың көп эстеп,*
*Жалынга боюм таштадым...*

*Жамалың жууган көз жаштан,*
*Жаныңдан сызган жаш кыйын,*
*Жүзүмдү сүрсөм из кетер,*
*Жүрөктү кантип аарчыйын?*

## Кубанычым кайгы болуп

*Орунуң опол-тоодой бийик болуп,*
*Оңбогон тагдырга баш ийип коюп.*
*Оорулуу жанга айландым, капилеттен*
*Огуңдан жараланган кийик болуп.*

*Кыялым кыр ашпаган күлүк болуп,*
*Кыялбай күткөнүм кур үмүт болуп.*
*Кырчын кез кыйылгандай онтоп турам,*
*Кыялап баскан жолум туюк болуп.*

*Тандаган багытыбыз айры болуп,*
*Тамшанткан кубанычтар кайгы болуп.*
*Табалбай түбөлүктүү бактыбызды,*
*Айрылдык сен Мажнун, мен Лайли болуп.*

*Ансыз да чарчап бүткөм арман-муңдан*
*Ойготуп уктап жаткан бир сезимди,*
*Санаага салганыңды билбедиңби?*
*Арзуунун тузагына түшкөн менен*
*Аялмын, айталбадым дилдегимди.*

*Эсимди оодарчудай сүйүүм менин,*
*Жел урган гүлдөй назик дирилдедим.*
*Кубанып турсам да бир отурганга,*
*Коштошор саатка, чыны сүйүнбөдүм.*

*Сурадың турмушумду, иштеримди,*
*Жалгызмын дедиң... Ойго түш дедиңби?*
*Үмүттүн бир учугун берип, бирок*
*Кымбатым, билбей кеттиң ичтегимди.*

*Турабыз дедиң анан байланышып,*
*Өзүңдү күтүп жүрөм маззам учуп.*

*Саргайтпай кабарыңды берчи, жаным,*
*Сабылдым сагынычтан маанай түшүп.*

*...Кубанчым, маани бербей күнгө, түнгө,*
*Кубардым, өзгөрүлдү жашоом мүлдө.*
*Кезиккен сааттан сага сарсанаамын,*
*Кыйнаган ич сезимди айтам кимге?*

*Айрыбы, Алла билет, жолум бирби?*
*Азапка батырбасаң экен дилди.*
*Ансыз да чарчап бүткөм арман-муңдан,*
*Абайлап алсаң кана дарттуу гүлдү?..*

## Айрылсаң, айрыл пулдан

*Жанардай дүйнөм, жашып төгүлбөчү,*
*Жек көрүү, сезимиме өрүлбөчү.*
*Эркиңе миң бир таазим жүрөгүңдүн,*
*Болбогон «азыткынын» көңүлдөшү.*

*Бак-шактуу багың тар, жолуң туура,*
*Басынып башың салба, жаным, буга.*
*Бактың зор баарысынан. Дайра – турмуш,*
*Али көп чатышасың чамындыга.*

*Азаптын арты – жыргал. Арыңы сатпа.*
*Жибекке курт жабышат, алып ташта.*
*Кыргыздан кыраан туяк калсын десең,*
*Кымбаттап, кагылайын, каның сакта!*

*Өрнөктүү өмүр өтөп, өзгөгө үйрөт,*
*Өзгөчө жүрүш менен касың сүрдөт.*
*Өлчөбөй иш кылгандын өкүтү арбын,*
*Өйдөнү, пасты айыра билүү – милдет.*

*Айрылсаң, айрыл арзан пулдан, иштен,*
*А бирок таза болсун ашың ичкен.*
*Адебиң – урмат-сыйга алтын көпүр,*
*Акылга кызганбагын жеңилиштен.*



**Меңди МАМАЗАИРОВА**

*1943-жылы Кара-Суу районунун Коңур-Жаз айылында туулган. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун Кыргыз мамлекеттик телерадиокомитетинде иштөөдөн баштаган. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. «Даңк» медалынын ээси.*

*«Нөшөр», «Саламатсыңбы, Күн!», «Жайдын эң ысык күнү», «Туулуп өскөн үй», «Ак канаттуу чабалекей», «Турумтай», «Кайгыдан тургуздум сага бир эстелик», «Энелер үнү», «Жаңгак гүлү», «Тур, улуу журт», «Элим, ай», «Ош–Азия гөөхары», «Акимдин махабаты» аттуу китептери жарык көргөн.*

*Проза*

# АНДАН АРЫ – ТУҢГУЮК

**(Новелла)**

Кайраттын бүгүн кымындай да кыларга иши жок эле. А чынында кечээ деле, мурдагы күнү деле, дегеле бир жумадан бери кыларга иши жок калган болчу.

Күнгө жума экенин эстеди да, мечитке барууну ойлоду. Ойлогону менен анча деле ал жакка буту тарта бербеди. Барганда эмне, кожо көрсүнгө сакал-мурут коюп, байыркы гректердин туникасын эске салган шалпаңдаган кийим кийип, элден өзгөчөлөнүп, кээ бирөөнүн кыжырын кайнаткан алигилер намаз окулуп бүткөндөн кийин дагы бири-бирин шынаарлашып, чайды бүгүн сен алып бер, мен алып бер болуп кажаңдашмай, кажышмай, акыры ар кимиси чөнтөгүндө болгонун кагышып, «халал» деген жазуусу бар чайканага киришип, ооздорунан ак ит кирип, кара ит чыгып лапшышып, учурда кыргыз коомунда болуп аткан саясаттан саймедирешип, жөнөкөй адамдан баштап, те өйдөдө отурган президентке чейин шылып, шалпып анан тарап кетишет.

Кайрат өзү жалгыз жашаган квартирасына келет да учуна жетпеген ой-санаага берилип кунарсыз, жалгызсыраган, сүрдүү дубалдардын арасында жата берет. Окуй

берип да чарчады, баарынан чарчады. Кыйладан бери ишсиз. Анамына деп, жубатышканы менен дурус деле жообу жок жумушка бара берип да чарчаган. Азыр да же мечит жакка, же жалаң акча табуунун айласында супсак тамак-аш жасаган чайканага баргысы жок.

Жок, бир гана барар жери ошол мечит калган. Башка кайда бармак эле. Кайрат кунары кеткен эски-уску эмеректеринин арасынан байпактарын таап кийди да сыртка чыкканга камына баштады. Байпагынын башы да жыртылыптыр, мечиттеги килемге туфлийин чечип кирет эмеспи. Анда алиги Шарипчесинен бутунун башы көрүнүп калат экен да. Аны дайыма маскаралачу эмес беле. Келме кезек деген ушул. Эми Кайратты ким шылдыңдап маскара кылаар экен.

Сыртка чыкканда эрте күздүн суугу бир ичиркентип алганы менен жаны сергий түштү. Кечээтен бери оозуна наар албай жата берип, кулдураган курсагы да билинбей, аз да болсо көңүлү көтөрүлдү. Уруп отуруп, Бакайыр көчөсүнө түштү. Шуулдаган бир топ спортсмен балдар бет алдынан келе жатышты. Кайрат аларга саамга көз токтотту да кайра айныды. Кайра карады. Эмнегедир кызыл костюмчан спортсмен балага көзү өзгөчө түшө калды. Ичи тыз дей, кылчак карады. Аны сезген бала да кайрылып, жылмайып койду. Экөөнүн ортосунда саамга кызыктай бир жакындык, боордоштук байланыш түзүлө калганын байкашып, дагы жылмайып баарынан артта калып бараткан бала жолун улады.

Ооба, Кайрат ушул баладан бир кездеги өзүн көргөндөй болду. Бул чындык эле. Те, 80-жылдардагы өспүрүм кези, спортко жан дили менен киришип институттун, анан райондун намысын коргоп жүргөнүн эстеди. Баскетбол боюнча республикалык чемпионатта биринчиликти алганын унутмак беле.

Эстеди да ичине жылуу бир нерсе кирип келатканын сезди. Ошондо Карлыгач менен таанышпады беле! Карлыгач!

Көздөрүнүн кычыктары ачышып кеткенин туйду да, бул элести дайымкыдай дароо жан жүрөгүнүн терең жерине жаап коюуну каалады, Кайрат так ошондой кылды.

Бирок… «Сенин боюңдун узундугу, көзүңдүн курчтугу ушунчалык… Мени стадиондо ошончо элдин, ошончо кыздын арасынан кантип көрүп алдың» деген Карлыгачтын сөзү кулагына жаңыра берип…

Кайрат башын чулгуду.

Ал эмес дароо башка көчөгө өтө чыкты. Басыгын да ылдамдатты. Мечитке жакындап калганын сезди. Күн чыгыш тараптан келатыптыр көрсө. Ушул жайды кандай гана көргүсү жок. Бирок эртеден бери тартпай аткан буттары өзү алып келе жатты аны. Адегенде эле кодоо Шарип көрүндү көзүнө. Дайымкыдай эчкиникиндей

сакалдарын оң колу менен сылагылап, сол колун чөнтөгүнө салып келатыптыр. «Сол чөнтөгүндө тамекиси бар кодойдун» – деп алды Кайрат заарканa, дайыма оозунун сасып жүргөнүн эстеп. Нарыдан сулуу Алмаз көрүндү. «Эркектерден ушундай чырайлуу адам жаралат тура» – деп алды эмнегедир бүгүн көзүнө алдемедей көрүнүп. Ал ичинен ак чепкендерин кийип, үстүнөн кара, жеңи кыска туникасын салып, ажары ачылып келатыптыр. Сулуу Алмазды көргөндүн көңүлү ачылат, сулуулугунан эмес, албетте. Анын адамга жамандыгы жок момундугу, билиминин тереңдиги, орду менен сүйлөгөнү кимге гана жакпасын. Бирок кулагы оор. Кичинесинде кулагы отит болуп, өгөй эненин колунда калган балага убагында көз салынбай ушинтип калган. Дайыма жылмая, башын бир жагына буруп, сөздү укпай калбайын дегенче, бир кулагын адамга сала карайт. «Бири кем дүйнө, – деп алды ичинен, – бир нерсең жетишпейт да турат».

Мечитке келгендердин аягы али түгөнө электе намазга чакырган имамдын үнү созолонду. Көпчүлүк менен кошо агып, нөөмөтү менен даарат алган Кайрат ичкери кирди. Эл менен ийиндеше эптеп орун таап, инерция менен намазга жыгылды. Бүгүн эл эмнегедир көп экен. Элдин тыгынынан Шарип кодолойду да, Алмаз сулууну да жоготуп алды. Эчтеке эмес, алар го чайканага барышат, берки оозу чириктер да барбаса экен. Намаз окуп атып ушул ойлор леп этип учуп келип, кайра кетти. Кайрат ал ойду маңдайынан чымын айдагансып, дароо силкип салып, имамдын уккулуктуу үнү аны эми чындап өзүнүн таасирине ороп кирип кетти. Адатынча эки көзүнөн жашы агып, кудайдан суранып жатты. Эмнени сурады, аны Кайрат өзү гана билет эле.

Намаз жумадан соң баягы күнүгө көндүм топ чогулуп чайлашып отурушуптур. Кайрат ыргылжың. Барсабы, барбасабы? Акыркы бир жарым жылдан бери ушуларга жакын болуп, намазга жыгылып, мамилелеш болуп жүрөт. Бирок кийинки кездерде булардан да тажап бүткөн Кайраттын буту тушалып калгансып басар басмаксан. Анткени эң таза деп келген молдолордун, такыбалардын арамдыгын, калпычылыгын, өзүмчүлдүгүн, жандүйнөлөрүнүн ыпластыгын эчен ирет көрүп, жийиркенип бүттү. Адепки жандын тынчтыгын ушул жерден тапмай болдум деп кудуңдаганы бекер кетти. Үмүтү таш капты, көңүлү кайт болду. Кудайдын үйү болгон мечитти да булгашат турбайбы гөрпенделер деген жыйынтыкка келип калган кезеңи.

– Таксыр! Кийинки кезде бизге жуубай баратасыз.

– Келиңиз, Сизге да самса буйруп койдук.

– Көк чайга келиңиз.

Эмнегедир күнүгө айтылып жүрчү ушул сөздөр Кайраттын кулагын көзөп жибергенсиди. Шарип кодолойдун күлгөндөгү орсок тиш-

тери да кыжырына тийип жатты. «Эмнеге эле сиркем суу көтөрбөй калган. Булардын мага жамандыгы кайсыл?»

Кайрат терс бурулду да, жүрүп берди. Артынан: «Эй, эмне болгон буга» деген сөздөр кулагына жетип атканына да көңүл бурган жок. Ушул жайдан тез кетүүнү каалап баратты. Кайда баратканын өзү да байкаган жок. «Эмнеле ушул мечитке байырлап алдык. Кызматы жок солоктогондордун жайыбы? Кыргыздын жаштары эмне болуп баратабыз» деген ой биринчи мертем башына келди… Бирок сулуу Алмаздын жагымдуу жүзүн дагы бир көрүп алсам деген ниети тургany менен артына бурулган жок. Жүрүп отуруп, темир жолго тез эле уруна түштү. Эми күнбатыш тарапка, 70-жылдардын башында балалыгы өткөн Совет көчөсү менен Бөкөнбаевдин кесилишине жете түшүптүр. Артына бир кылчайып карап, 4 кабаттуу эски үйдү көзүнүн кыйыгы менен сыдырып өттү. Жүрөгү «зырп» этип, эчтемеден капарсыз өткөн балалыгы эсине келип, каңырыгы түтөп, көздөрүнүн кычыктары ачышып чыкты дагы.

Алар Көлгө барып, ата-энеси үч жыл иштеген соң кайра калаага көчүп келген жыл эле. Атасын долбоорлоо институтуна кызматка которуп, анан ушул 4 кабат үйдүн төртүнчү кабатынан 3 бөлмөлүү квартирага киришкен. Анда эмне, бир туугандары: агасы, иниси, карындашы, ата-эненин алпештеген камкордугу. Эң бактылуу күндөр ошол кез белем. Кайрат жылмайып алды. Анын үстүнө жарым жылдан соң атасы ошол институттун башчылыгына көтөрүлүп, эми деги балдардын окуусун текшергенге да колу бошободу. Кечинде кызматтан кеч келет, эртеси эрте кетет. Ара-чолодо гана балдарын апасынан гана сурап калчу болду. Анын таасири тийбей койбоду. Бул чабалекейдин уясындай болгон чакан бөлмөлүү ошол квартира бейиштин төрү турбайбы эми ойлосо.

9-классты бүтөөр жылы Кайраттын тартиби жаман болуп, класс жетекчиси атасына улам даттанып жатты. Сабактарынан жаман ала баштады. Окууга көңүл бурбай, шок балдарга кошулуп, кылбаган жоруктарды кылышат. Мына эң эле жөнөкөй жорук: 100–150-мыктарды алып темир жолго чуркашат да, келер поезддин жолуна, рельске коюп, нары барып күтүшөт. Поезд өтүп кеткен соң ал мык жалпайып, курч бычак болуп калат. Аны алып, алар сүйүнүп эрдик кылгансып, көрүнгөн дарактарга аттарын, ар кыл сөздөрдү жазып… Ал эмес жакшы көргөн классташ кыздардын ысымдарын асемдеп… Эх, ал күндөр кайрылып келчү болсо!

«Анан бир күнү биздин кылыгыбызды апам билип алыптыр. Ал бычакты унутуп, шымымдын чөнтөгүнө калтырып коюптурмун. Апам короодогу бак-дарактардын саймаланганын баарын менден көрдү. Атам, албетте, кулагымды толгоду да. Акыркы чейректе

ийгиликтер начар болду. Үй-бүлөлүк кеңеште мени сүргүнгө айдамак болушту. Каникул бүтөрү менен жаңы окуу жылында Баткенге таякемдикине барып, ошол жактан окумай болдум. Бул мени аябай кайгыртты. Борбордогу досторумдан ажырап калам. Бирок бала болсом да, алыскы район, бейтааныш аймактын мен биле элек жактары да кызыктырып турган.

Өспүрүм чактын кызыкка толо күндөрү бат эле өтүп кетти да, менин сүргүнгө айдалчу маалым келди. Мага ишенишпедиби же өз көзү менен көрүп, өз колу менен таякеме тапшырып келишти кааладыбы, айтор, атам экөөбүз чогуу жөнөдүк. Албетте, борборго көнө түшүп, бардык нерсеге кызыгып, дээлигип турган өспүрүм үчүн чаңдуу көчөлүү, дискотекадан ыпым эчтеме жок аймак өтө эле өөн көрүндү. Таякем ал жерде мектептин директору экен. Мени орноштуруу оңой болгону менен менин шоктугумду, ойго келбеген кылык-жорук тентектигимди ал киши жакшы биле турган. Атам жакшылап мейман болуп, эртеси жолго чыгарда таякем олуттуу мындай деди:

– Жезде, балаңызга жакшылап айтып кетиңиз. Мектепте бардык балдарга коюлган талапты Кайраттан да сурайм. Эгер чээнден чыгып баратса, кайра поездге салып жиберем.

Атам бечара кызыктай боло түштү да:

– Албетте, албетте. Сен деген педагогсуң да. Мындай балдар биринчи эместир, – деди шаабайы сууй. Мен атамды аяп кеттим. Өзүнүн ишин мыкты билген, коомдогу чоң мекемеде башчы болуп кызмат өтөгөн атам эмнегедир алыскы райондогу бир мектептин директору… Өзүнүн бир тууган кайнисинин алдында аброю төмөндөй түшкөнсүдү. Атам мени кучактап, бетимден өөп коштошкондо көзүмдүн жашы ыргып кетти.

– Кантет, тентегим десе. – Атам мени эркелете сүйлөдү. – Сен чоң жигит болуп калбадыңбы. Бир жылдан соң орто мектепти бүтөсүң, аттестатты колуңа аласың. Анан…

Мен нары карап кеттим. Ошентип, алыскы аймактын борборундагы орто мектептин окуучусу болуп калдым».

Капарсыз балалыгы өткөн жерлер ушунчалык көзүнө жакшы көрүнүп, муунун бошотуп жиберерин күтпөсө керек. Кыйлага максатсыз дендароо болуп басты. Буту өзүнөн өзү шилтенип, темир жол вокзалы тарапка алып баратты. Кулагы бир аз чуулдагансыды. Баягы кездердеги мыктан мизи ар нерсени кескенге жараган бычак жасагандарын эстеди. Андагы шоктуктарын, бирге ойногон балдарын чогуу эстеди. Эх, анын баары түштөй болуп зымырап кеткенин карабайсыңбы.

Инерция менен эле кете берип, вокзалга кандай жеткенин да сезбей калды. Көпүрө. Анын биринчи баскычына бут койду эле, заматта эле үстүнө чыга түштү. Кымгуут түшкөн жүргүнчүлөр, аркы-терки чубалган поезддердин үстүнөн арта салынып, наркы Лев Толстой көчөсү менен туташтырган бийик көпүрөгө келип калыптыр. Жүрөгү бир эсе дүкүлдөп алды. Айрыкча, кечинде асты кыжы-кужу, ызы-чууга толгон бийик көпүрөнүн үстүндө туруп алып, алдыга караганда кызык маанайга туш болчу. Бир чекитти кыйлага карап турсаң: Бардык кайнаган турмуш төмөндө калып, көпүрө канаттуу кемеге айланып, кайдадыр алыска алып учуп бараткандай сезимге чулганчу. Кечки шаардын сулуулугу, ар кандай чырактардын өчүп-жанышы, жөнөп жаткан же келе жаткан поезддердин ачуу чыңырыгы кошулуп алай-дүлөй түшүп, ажайып бир чууга айланаар эле. Кайрат бала чагында, өспүрүм чагында ушул көпүрөдө туруп алып кыялданып, канча жолу саякат жасабады дейсиң. Өзү кинодон көрүп жүргөн шаарларга, маймылдар селкинчек тээп, аюу, жолборстор күркүрөп алышкан жунгли токойлоруна барып келер эле. Кийин, жашы жеткенде армияга өзү кыялданган ошол жайларга жакын мамлекеттерге барууга суранган. Ал жакка барып, армиялык кызмат өтөөгө Совет мамлекетинин келишими жок болгондуктан гана баралбай калган. Бирок ал маалда ар бир ата-эненин жүрөгүнүн үшүн алган – Афганстан бар эмес беле. Афганстанга суранып кетеринде апасы билип калып, аскер кызматындагы бүтүндөй абройлуу тааныш-билиштерин ортого салып, бул эле жерге, коңшу Казакстанга алып калганын кийин билген болчу. Афганстан менен кубаттуу империянын ортосундагы пайдасыз согушта нечендеген орус солдаттары менен кошо ондогон кыргыз балдары да кайта албай, атасы таанымаган жайларда жер жазданды. Кайраттын да эки классташы барып, кудайдын кудурети менен анча-мынча жаракат алып, аман-эсен кайтышкан болчу. «Мен спортсмен болгондуктан төшүмө орден, жок эле дегенде медаль тагынып келмекмин» – деп, оюн-чындан айтып, апасына эчен жолу нааразы болчу. «Ап, балам. Ок спортсмен же жөө күлүк экениңди тандабайт да» – өткөн иш болсо да апасы чочуп кетээр эле.

Күн горизонттон эңкейип, түш ооп баратыптыр. Карыган орус кемпир кичинекей кол себетине бирдемесин ороп, жанынан өтүп баратты. «Пирожки, пирожки» – деп алсыз үнү менен кыйкырган болот. Кайрат курсагынын ачканын эми катуу сезди. « Бабуля, пирожкиңиз канчадан» – деп, жанына басып келди да, чөнтөгүнө колун салып, акыркы тыйындарын санай кетти. «Беш сомдон, капуста менен»– деди кемпир. Кайрат он сомдукту карматты. Ак салфеткага ороп, эки даана кыпкызыл, жыты бурулдаган ысык пирожкини жи-

гиттин колуна сала берди. «Рахмат» – деди да көпүрөнүн кашегине жөлөнүп алып, шашпай жей баштады. Пирожки чындап эле даамдуу экен. Көпүрөдөн аркы-терки өткөндөр арбын. Эски болсо да тыкан кийинген орус кемпир «Пирожки, пирожки» деген бойдон көпүрөдөн нары түшүп кетти. Анын пирожкисин Кайраттан бөлөк эч ким деле алган жок. Күн кечтеп баратат. «Пирожкисин сатып түгөтөт болду бекен» – деди да, кайра башка ойго алаксый түштү. Анткени элдин арасынан так Карлыгачка окшош жаш келин кылак эте калып жок болду. Кайрат кыйлага мойнун созгон бойдон карап туруп, кайра жөн болду. «Жинди болбоюнчу, канчага дейре ушинтем».

Айласы кете кайра эле Карлыгач тууралуу ойлобой коё албады. Так ушул көпүрөнүн үстүнөн экөө далай өтүшүп, далай сырдашып, түнкү калаага суктанышчу. Баса, Карлыгачты акыркы жолу ушул вокзалдан Магнитогорскиге узатпады беле?

Чындап, бүгүн ушул көпүрөгө, атайылап Карлыгачты эстегени келген эмес болчу. Эмнегедир балалыгы, өспүрүм курагы өткөн ушул аймак тартып, эки аягы өзү эле шилтенип, алып келген да. Эми минтип, Карлыгачын эстеп, жүрөгү миң тилинип отурат. Башкача, такыр башкача жашашса деле болмок. Эгемендик алгандан кийинки андаалаган бардык кыргыздардай эле алар экөө адегенде Россиянын алыскы шаарларын кыдырып жумуш издешти. Спортсмен менен мугалимге оңой менен каалаган жумуш табыла бербеди. Кайратка табылса, Карлыгачка табылбайт. Же дагы тескерисинче. Адеп барганда экөө тең бир мектепке орношушту. Кайрат физкультура мугалими, орустарга кыргыз тилдин кереги жок болгон соң, Карлыгач техничка болуп иштеди. Экөөнүн тапканы квартира акысына жана анча-мынча кийинип ичингенге, жетип турду. Ал эми шаарда калган эки бала менен Карлыгачтын апасына каражат жиберүүгө мүмкүнчүлүктөрү болбоду. Ошентип, бир жылга жакын жан сакташты. Экөө тең эмнегедир базарга чыгышпады, жо, чыгып да көрүштү. Бирок андан майнап болбоду. Экөөнүн тең соода-сатыкка эптери жок болуп чыкты. Кайрадан тууган жерге кайтуудан башка арга калбады.

Кайрат бир туруп, бала кезинде эңсеген жунгли токоюна жакын аймактарга кетип калууга, ал жактан көп акча таап иштеп келүүгө аракет кылды. Ага жол каражат, чама-чаркы жете турган эмес. Жок дегенде мусулман өлкөлөрүнө барайын, балким, ошол жактан бирдеме болоор деп ойлоду. Интернет, басылмалардан издеди. Акыры Стамбулда иштеген баткендик классташын таап, ал аркылуу Түркияга бармай болду. Тууган-уруктан, өзүнөн башка 3 баланын көйгөйүн тарткан апасынан жолго, анан анча-мынча жашаганга жете турган каражат таап, Стамбулга жөнөдү. Ушул маалда Кайраттын каңырыгы түтөп, атасынын жоктугун катуу эстеди. Он жылдай

мурун атасы оорубай-нетпей эле капыстан көз жумуп кете берген. Атасыз калган менен апасы жалгыз өзү балдарын үйлөп, окуусуна, жумушуна жардам кылып, оокат кылып келишти. Баары эле жайында баратып эле эгемендик алып, эл адегенде катуу сүйүнгөнү менен өткөөл мезгил келип, коом чалды-куйду болуп жатып калды. Акчалар инфляцияга учурап, апасынын тапкан маянасы, бүркүүгө келбеди. Агасы өз үй-бүлөсү менен өз алдынча түтүн булатып, жалпы көзөмөлдөө мойнунда. Карындашы окуусун бүтүп, иштеген болуп, тапканы өзүнөн ашпайт. Иниси али балакай, окуусу менен алек. Кайрат анан эмне кылмак эле, тобокелге барбаса болбойт.

Кайрат Стамбулдагы кечирген кыска өмүрүн жүрөкзаадалык менен эстеп чыкты.

Кымгуут түшкөн, он миллиондон ашуун адамы бар Стамбулга туш келгенде адегенде ушул жерден бут коёрума жай табылар бекен деп ойлогон. Жо-ок, бут коёрго гана эмес, бир бизнесмендин чоң, 3 кабат дүкөнүнө иштөөгө да орун табылды. Баткендик Илкаш досу жакшы эле орун-очок алып калыптыр. Адегенде, айнек парда жана аялдардын ич кийимдери сатылчу килейген дүкөнгө кара жумушчу болуп орноштурду. Көптөн бери жумушу жок керелден-кечке кол куушуруп, интернеттен, жумуш издеп үйдө отуруп, кыймылсыздыкка көнүп калган Кайрат күнүгө эрте мененки саат 9дан кечки саат 9га чейин тикесинен тик туруп иштегенде аябай кыйналды. Кожоюндун кичинекей, эки керебет коюлган бөлмөсүнө келгенде, тамак ичүүгө дарманы келбей бут серппей жатып калчу болду. Досуна билгизбегени менен минтип иштесем, чыдай албайм го – деп ичинен кыжалат болуп жүрдү. Бир аптадай Илкаш да артыкбаш сүйлөп, бейсарамжал кылбады. Акырындап булчуң эттеринин ооруксунганы азайып, дене-башы көнө баштады. Жума бою иштеп бир гана күн – жекшембиде эс алышат экен.

– Биринчи жекшембиң кут болсун, – деди Илкаш досу ойгонгонун сезип.

– Ыракмат дос, – деп күлдү төшөгүндө керилип – чоюлган Кайрат, – чындап да бүгүн кыйла эс алып калыпмын.

– Баары баштан өткөн дос, – деди Илкаш маңдайкы тиштерин кашкайта күлүп. – Мен кайра жөнөмөй болуп калганымда араң көнгөнмүн. Сен дагы дурус экенсиң.

– Көнбөскө чара жок. Үйдө эки бала менен Карлыгачым отурат. Апам да жарыбаган маяна, эптеп кылдыратып атышат.

– Анан эмне кылабыз. Түрк достор ушинтип иш берип, акысын төлөп аткан соң, аяй турган жан барбы. Менин да Баткенде күткөн карыган энем, беш балам, иштебеген зайыбым күнүгө Кудайга жа-

лынып, амандыгымды тилеп, анан да жыйнаган пулумду күтүшөт, – Илкаштин эмнегедир үнү пас чыкты.

– Атаң барбы? – деп сурап алган Кайрат кызыктай боло түштү.

– Каяктагы ата, экөөбүзгө ата буйруган эмес экен да. Мен онунчуну бүткөндө эле кайтып кеткен. Башынан оорукчан болчу. – Илкаш жаз келип калгангабы өрүкзарлуу Баткенин эстеп кеттиби кыйлага үн катпады.

– Мен го эч нерседен капарсыз өстүм эле. Өзүң билесиң, тентектигимден үч жолу мектеп которуп атып араң бүтпөдүмбү. – Аталуу кез эле жакшы экен. Атам кайтыш болору менен мен үй-бүлөнүн чоң баласы катары бардык түйшүк түшкөн.

– Эми эстесем аябай капа болом да, уялам да. Ата-энемди көп жолу бушайман кылып, кыйнаганымды эстесем, – деди балалык, өспүрүм кезин эстеген Кайрат.

– Баары өттү дей бер. Ушул жерден жакшылап иштеп, бир жылда жакшы каражат таап барасың. Көрөсүң го.

– Айтканың келсин… Иштегениңе үч жыл болсо, сен такыр көнүп калган турбайсыңбы.

– Көндүм. Биринчи жылы тапкан каражатыма Баткендеги үйүмдү оңдоп, заңгыратып алдым. Экинчи жылы мал-кел жасадым. Машина алдым. Эми дагы эки-үч жыл иштесем болот го деп турам… Тууган жер, бала-чакадан алыс кээде ушунчалык куса болом дейсиң. Баарын таштап качкың келет. Күнүгө эле бир түрдүү көрүнүш. Чынын айтсам, Стамбулду жакшылап деле көрө элекмин. Анан… Чамбылала асман, абанын оордугу, көчөгө чыксаң адамдардын көптүгү чарчатып жиберет.

– Мен болсо, али эчтеме көрө элекмин, ошондуктан бирдеме деш мага кыйын. Эми экөө болуп калбадыкпы. Эмки жекшембиде экөөлөп шаарды кыдырып чыгабыз.

– Бүгүнчү? — деди Кайрат досунун ырайына карап күлүмсүрөп.

– Бүгүнбү? Бирдеме шам-шум этип алып кайра уктасамбы. Бүткөн боюм талыкшып, бирөө мени сабап салгандай… – деп күлдү Кайрат.

– Дагы бир-эки күн ошентесиң. Бир аптадан бери чымырканып иштедиң. Башка журт, башка эл, жаңы адамдар, жаңы иш дегендей. Эзилип калдың да. Акыры көнүп кетесиң.

– Анын үстүнө «сен барсың, менин эмне камым бар» дечү беле. –Кайрат ырсайып араң күлгөн болду. – Хейфибей кожоюнуң да жакшы киши окшойт. Март дагы, мээримдүү дагы окшойт.

– Жакшы киши. Бирок жанагы Муратбей бар го. Ошол бир тууган кайниси, ошол эле келип баарын бузуп жиберет. Эжеси суранып атып, ага да 20 пайыздай доляга киргизип койгон экен.

Ошонусун бетке кармап эле коржоңдок калмайы бар.

Эң чоң кожоюн ошол Муратбей деп ойлогом.

Айтпадымбы. Анын аз гана илинчеги бар да. Эми тур дос. Суу кайнап калды. Түрк кофесинен бирден ичип нанүшта кылалы. Калган ишти анан пландаштыралы. Турагой.

Илкаш кире бериштеги ашканага чыгып кетти. Кайрат баскетбол ойноп жүрүп, ансайын узарган колу-бутун ары-бери чоюп, талыган далысын, сыздаган омуртка-кыраркаларын ары-бери оонап, кыңкыстап атып араң турду. Бир топ эс алып калыптыр. Бирок эки таманы тызылдап, кечеги тынбай чуркап иштегенинен кабар берип турду. «Алгач армияга барып, күнүгө чуркаганда ушинтип барып көнбөдүм беле. Андан бери да жыйырма жылдай убакыт агып кетиптир. Алигече аягым жай таппайт. Не деген мезгилдер болуп кетти эй» – деп алды кийинип атып. Үйдө калган Карлыгачы, уулдары эсине түштү. Алар кантип атты экен деген ой уурданып кире калды. Канетсе да алар тууган жерде, өз эл, өз жеринде эмеспи. Кыйналып кетишсе апама барышат да – деп ойлогондо кайра санаасы тынды.

Ашканага кирсе стол үстү жайнап туруптур. Сууга бышырылган тооктун канат-буттары. Сыр, колбасалар, жумшак булочкалар, буруксуган түрк кофеси. Кайраттын шилекейи агып, арааны ачыла түштү. Экөө аны-муну сүйлөшкөнчө эрте мененки нанүштөнү жеп бүтүштү.

Түрктөрдүн тузу кем, анан майсыз тамактарына көнө албай жатам, – Кайрат колбасаны да тузга малып жегенине актана кетти.

– Чын-чынына келгенде ушулардын тамагы эң эле туура, – деди Илкаш. – Ушу жерге келгенче ашказаным оору, анча-мынча кан басымым көтөрүлө калчу. Эми баары жайына түштү. Булар адамдын организмине эмнелер керек, эмнелер керек эмес экенин билишет экен.

– Баары бир көнүшүм кыйыныраак болуп атат.

– Көнөсүң. Көндүрө жасаган Эгем баарына көндүрөт.

Илкаштын тотолуп, турмуш-жашоонун көзүн билип, кадим чоң киши болуп калганына көзү жетип, бир чети айран да калып отурду. Биз, накта калаалыктар, баарын жеңилирээк сезип, али өзүбүздү жаш сезип жүрө берет окшойбуз. Ошондуктан башка түшкөн түйшүктү, кыйынчылыкты көтөрө албай, чоң көйгөйгө айландырып, кайсалап отуруп калат окшойбуз. Мунун жашоосу кандай жөнөкөй. Бул жерде кожоюнга кыңк этпей 12 саат иштейт. Акысын алат. Курсагын тойгузат. Кийим-кечеги деле дурус. Тапканын үйүнө салып турат. Алар да келген акчаларды керегине жумшап бейгам турмуш кечиришет. Адамга андан башка дагы эмне керек?

– Көчөгө чыгып келейин, – деди стол үстүн жыйнаштырган Илкаш. — Интернеттен уулум менен сүйлөшүп, ал-акыбалдарын билип, биртике пул салганча.

– А мен жатып алып уктайм.

– Мейлиң, мага караба. Баары бир көчөгө чыкпайм да. Баса, ачкычты алып ал. Катуу уктап, сени киргизбей койбоюн. «Же калит таштектин тагида» деп кат жазып, эшиктеги бут аарчынын астына катып коёюнбу?

Экөө тең каткырып күлүп алышты. Илкаш эшикти кулпулап, ачкычын чөнтөккө салып, көчөгө чыгып кетти. Кайраттын денебашы канчалык ооруксунуп турганы менен дароо уктап кете албады. Анан жанагы ачкыч тууралуу окуяны эстеп күлүп алды. Бир кездеги студенттер арасында кеңири тарап, анекдотко айланып кеткен окуя мындайча. Эки студент кыз бир бөлмө жалдашып жашап калышат. Бири баткендик, бир чүйлүк. Чүйлүк кыз көчөгө чыгып кетсе, Баткендик кыз китепканага барып, семинарга материал издемей болот. Өзүнчө эшиги бар кожоюндун бир бөлмөсүн кулпулап, ачкычты эшиктин жанындагы дагаранын алдына коёт да эшикке куш тилиндей кат калтырат. «Калит таштектин тагида. Барчынай». Түштөн кийин келген чүйлүк кыз катты алганы менен бир да сөзүн түшүнбөйт. Күтөт, күтөт. Акыры караңгы кире баштаганда жатаканадагы жердеш кызыныкына барып, түнөп эртеси келсе, Барчынай үйдө экен. Сен кайда жүрдүң, эмнеге ачкычты таштабадың деп, капа болот. – Катты албадыңбы? – дейт Барчынай. – Алдым. Мына бир дагы сөзүңө түшүнбөдүм – дейт. Калит деген ачкыч, таштек деген мына деп дагараны көрсөтөт. Тагида дегеним мына деп, ачкычты дагаранын алдына коюп, аны бастырып көрсөтөт. Чүйлүк кыздын ачуусу тарап, каткырып күлөт, Барчынай да күлөт. Ошентип, экөө бири-бирине түшүнө башташат экен. Ушуларды, студенттик жылдарын жылмаюу менен эстеген Кайрат кайрадан таттуу уйкунун кучагына кирип кетти…

– Кийинки жекшембиде Стамбулду колдон келишинче кыдырмай болдук, – деди кимдир бирөөгө айтып аткансып. Кайрат көпүрөнүн Лев Толстой көчөсүнө кошо турган акыркы тепкичтин бурчундагы, электрди текшере турган темир кутучанын үстүнө келип отурду. Аяк-быягы барабар 40–50 сантиметрдей кутуча. Ары-бери өткөн адам деле дароо байкабайт бул кутучаны. Бир тарабында кичинекей эшикчеси бар. Кичинекей темир кулпу менен кулпуланган. Эгер көпүрөнүн асты-үстүндөгү шамдар же ичинен кете турган электр бирдеме болсо, адис адам келет да аны ачкыч менен ачып туруп ушул жерден текшерип оңдойт. Бир жагынан караганда эч коркунучсуз. Буту талыган Кайрат ушул жерге газета жайды да отуруп алды. Эми айлана жапыз, аркы-терки каттаган поезддер жакыныраак көрүнүп калды.

... Илкаш экөө эртең мененки нанүштаны ичишкен соң, спорт костюмдарын кийишип, рюкзактарын асынышып, тим эле бир сапарга чыга тургансышып жөнөп калышты.

– Адегенде Босфорго баралыбы, – деген сунуш киргизди Илкаш.

– Калаа тууралуу менде ориентир болбогондуктан, эч кандай сунуш киргизе албайм да. Сен кайда ээрчитсең, бара берем.

– Анда кеттик.

Экөө такси кармашты да, айтылуу Босфор деңизине жөнөштү. Деңизди көргөндө Кайраттын жүрөгү дүкүлдөп, Ысык-Көлү эсине түштү. Атасы экөө ушундай жекшемби күндөрү айрыкча Кайратты жанына алып, Көлгө балык уулаганы чыгышчу. Андагы телегейи тегиз, жаркын күндөр... Бир жолу форель кармап алышып, үйгө шашкандарычы. Атасы андан даамдуу уха (балык шорпо) жасап бергеничи. Үй-бүлө чогулуп алып жыргап ичкендеричи. Атасы балыктын кылкандары, баш сөөгү, омурткалары Хемингуэйдин «Чал жана деңиз» романындагы скелети гана калган балыгындай таптаза тазалаганды үйрөткөн. (Кайрат романды бир нече жолу окуган. Китептин эң аягында таптаза сөөгү гана калган зор балыктын денесинин сүрөтү тартылган болчу. Ушул сүрөткө кадалып карап отура берчү. Бир жолу атасы эси ооп тиктеп отурган баласы эмне ойлорду ойлоп отурганын билген жок. «Балыкты жегенде ушундай тазалап, кылкандары, сөөктөрү гана калыш керек» дегени бар. Аны белгисиз ойдон алаксытыш үчүн айтты бекен?)

Босфордун жээгинде эл менен кошо кыйлага басып жүрүштү. Жаштардын семичке чагып, жээкти булгагандары так Ысык-Көлдү элестетти. Деңизден келген жалаң балык менен балырдын аралашкан каңырсык жыты Кайраттын көңүлүн айландырды. Ысык-Көлдүн көгүлтүр кашка, кээ бир жерлеринен балыктын сүзгөнү көрүнгөн тунук суусу элестелди. Анан дагы баягы келаткандагы түрк таксисттин булардын кыргыз экенин билген соң Ала-Тоонун акак мөңгүлөрү, таза суулары жана Көл тууралуу сураганы, колдон келсе бир жолу барып Көлдү көрсө арманы калбастыгын айтканын дагы бир ирет эстеп алды. Бардык эс алгандарга кошулуп, кемеге түшүп, деңизди бир кыдырып кайрылып келишти. Деңиздин чыгыш тарабындагы эски үйлөр, кээ бири тарыхый эстелик болуп сакталып калганы кызык эле. Тарыхтан окуганы боюнча 15-кылымдагы Түркия... Анан Осмон империясы. Улуу династияны башкарып, планетанын жарымын каратып, мусулман өлкөсүн куруугa чоң далалат кылган Султан Сулейман эсине түштү. Кудуреттүү, каардуу Султан Сулейманды назик, билимдүү, айлакер аял – Анастасия башкарганын эстегенде күлкүсү келди. Эр азаматтардын сулуулуктун, аялзатынын назиктигинин, айла-амалынын кулу болуп каларлыгы чынында да таң

каларлык сезим эле. «Балким, улуу династиянын эгеси ушул азыр биз басып жүргөн жээкке келип, келечек тууралуу эчен жолу баш катыргандыр. Табигаттын, деңиздин кара күчү жеңип канчалаган кеме-кайыктарын чөктүрүп, алыстан, согуштан кайтып келаткан аскерлеринен ажырап, найүмүт абалда жаш төккөн чыгар».

– Эмнеле ойго батып кеттиң, дос, – деди Илкаш оймоктой айнек идиштерге куюлган ысык чай көтөрүп келатып. – Кемедеги бир пирожки да, бир стакан чай да кургактагыдан эки эсе кымбат турат экен.

– Аа... Деңизде биринчи жолу саякатташым. Кызык болот экен. Чайкаларчы, биздин Көлдөн учуп келе калгандай таасир калтырып жатат.

– Мен деле болгону экинчи жолу кемеге түшүп, Босфордо сейилдешим. Жалгыз киши эч нерсеге көңүл келбейт. Сен келген үчүн бир чети сага көрсөтөйүн деп, экинчиден, өзүм да көргүм келди.

– Эл атайы турист болуп келип көрүп жатканда, биз бу жерде жүрүп көрбөй калсак күнөө го, – деп калды Кайрат.

– Ошону айтпайсыңбы, чайды кичинекей айнек идишке бергени мага аябай жагат. Ысык, чарчаган денени нымшытып, жайылтып...

– Мага да жакты.

Алар деңизден кайтып, тепкичтерден түшүп жатканда бир топ спортсмендер кемеге кирип келатышты. Кайрат аңкая аларды карап калды. Баарынын тең бойлору узун-узун, колу-буту да шадылуу кыздар менен жигиттер эле.

– Эмне болду, баспайсыңбы? – Илкаш спортсмендерге эси ооп караган Кайратты жеңден тартты. – Эмне тааныштарың бар бекен?

– Жок, булар баскетболчулар турбайбы.

– «Өрдөктүн өзү чөлдө болгону менен эки көзү көлдө» деген. Сен али баскетболчуларыңды унута элек турбайсыңбы.

– Унутууга болобу. Же чоң спортко биротоло кирип кете албай, же унутуп кала албай өмүр өтүп кетти го. – Кайрат андан нары сөзүн улаган жок.

... Кайраттын биринчи маяна алган күнү өтө сүйүнмөгү мыйзамченемдүү эле. Буту-колу жерге тийбейт. Жер астындагы «фабрикадан» жыйылып тестеленген тоодой терезе пардаларды, керебет жапкычтарды таспиеттеп, унаага жүктөп, аларды дүкөнгө чейин алып келип, кампасына түшүрөт. Күндөгүгө караганда да ашыгыраак каттап, нормасын эки-үч эсе ашыкча аткарып чуркады. Кожоюндан эки саатка уруксат сурап, банктар жабылып калганча үйгө, келинчеги менен балдарына пулун салганга ашыгып жатты. Алар кандай гана сүйүнөр экен. Ага кошулуп, Илкаштын да маанайы көтөрүлдү. Досунун муктаждыгына, кем-каржы турмушуна

аралжы болгонуна өзүнө ыраазы. Алыскы жерде ишенимдүү адам жанында жүргөнүнө да жетиналбай, ичинен кудуңдап алды. Экөөнүн иши да алдыга жылып, көңүлдөрү чак эле. Илкаш болсо кожоюндун ишенимине кирип, эбак өз киши болуп кеткен. Ал эмес аялыңды, чоң уулуңду чакырсаң, аларга да жумуш жетет деп калчу. Карыган, оорукчан апасынын, жаш балдарды караганга чамасы келбестигин айтып, муңайып калчу. Баарынан да апасы салып жиберген Баткендин өрүк кагы кожоюнуна жагаар эле. Илкаштын айтып берүүсү боюнча эмдиги жылдардан жазда барып, өрүк гүлдөгөн маалын көрүп келмекке кызыкдар, даяр эле.

Кайсы бир, кийинки жекшембилердин биринде экөө дагы шаар кыдырмай болушту. Алар жээгинде асман тиреген мечиттери бар Шишли проспектиси аркылуу жүрүп отуруп, калаанын түштүк жагындагы «Жамахар» соода борборуна туш келишти. Биринчи кабаттагы дүкөн-жаймаларды кыдырып көрүштү. Ар-ар жердеги 4 кабат имаратты көтөрүп турган чоң-чоң түркүктөргө таң калышты. Аларды түркүктөр деп да атоого болбойт эле бир караганда. Кандайдыр кооз, колонна сымал жасалгаланып, түбүндө кыдырып чарчагандар отура калганга ыңгайлаштырылган скамейкалар. Экөө элди туурап бирден балмуздак алышып, жанагы кооз скамейкаларга отура калышты. Кыймылдарга көзүң алаксыйт. Кайсыны карап, кайсыны коёруңду билбейсиң. Чыкыйган жаш жигиттер, униформа кийишип алып, мрамор жаткырылган ансыз да жалтырак «полду» тазалоочу аппарат-куралы сол колунда. Ал дирилдеп, жердеги анча-мынча түшө калган ыпыр-сыпырды айлангыч щёткасы менен тазалап, ичине имерип барат. Чачыраткыч суюктугу бар пластмасса идишти оң колуна алып, аны артына кармап алган. Каерде карайган кир турса жанагы артына какыйтып кармап алган суюктукту эңкейе калып, тегерегинде өтүп бараткандарга чачыратпай, этиет төгүп, жанагы щёткасы бир, эки айланганда тактан эчтеме калбай тазалап кеткенде артында айнектей жаркырап калып атты. Экөө тең бул процесске аңкайып, таң калып туруп калышкан экен бири-бирин карап, каткырып алышты.

– Атаңдын гөрү түрк туугандар. Таза жетишип калган экен буларың, – деди Илкаш үч жылга жакын иштесе да мындай жерге биринчи мертем келип атканын айтып.

– Оо, булардын тарыхы, маданият жана илим-билим доору тээ, Осмон империясынан башталат эмеспи.

Биртике эс алган экөө жүрүп отурушуп, өйдөңкү кабаттарга чыгышып, дагы бир жолу ооздору ачылды. Ажатканага дагы канчадан төлөйбүз дегенде баары бекер экендиги. Ажаткананын кире бериши кадим киши жашаган үй сымал таза, терезелеринде гүлдөр гүлүн

ачып, жайнап турат. Аны жууп-тазалагандар отуруп алып ошерден эле кофелерин ичип, тамактанып атышат. Эки бурулуп атып, анан керектүү жериңе кирип, бошонуп чыгасың.

Миллиондогон эл кирип-чыгып турган калаада биздин пулга бир сомдон болгондо эле канчалаган акчалар чогулуп калбайбы. Эң негизги керектүүнү бекер кылып, чечип коюшкан экен.

Кайрат таң калганын жашыра албай толкундап алыптыр.

– А биздечи, гөрдөй болгон жатаканаларга да 3 же 5 сөлкөбайдан алмайын киргизбейт. Качан, качан жетебиз биз мындайга? — Кайрат катуу үшкүрүп, эмелеги кубанычы кайда кеткенин билбей, башын шылкыйтып, кыйлага үнсүз басты.

– Кой эми, бирден кебаб жеп алалы. Бишкектин шашлыгын элестетип, – деп сунуш киргизди Илкаш.

– Жесе жейли, – анча-мынча түрк сөзүн үйрөнүп алган Илкаш дароо ар бири 10 доллардан турган кебаб, андан тышкары нан, салаты менен алып келе койду. Эл кыжы-кужу. Бир чайнек чайды кошо буйрушту. Курсагы ачып кеткенби, Кайрат апсыгып шашлыктын бирөөсүн күрмөп жиберди. Экинчисин эмнегедир көңүлсүз, ары кармалап, бери кармалап отуруп айтты:

– Кандай даамсыз. Же бир майы жок, тузу да кем окшойт, – деп нан менен салатка тап койду.

– Көрдүңбү, – деди жылмайган Илкаш, – сен баарына эле таң калып, тамакайың такылдайт. Ар бир элдин, мамлекеттин өзүнчө жетишкендиги, кемчилиги бар. Бириники бирине жакпаган нерселер болот. Бирок биз бул жерден иштеп, каражат таап, бүлөнү багышыбыш керек. Биздин максатыбыз ошол.

Илкаш көнө түшкөнгөбү, унчукпай шашлыктын баарын мыйдай кылып жеп, курсагын кампайтып алды. Чайдан ичип, чеке тердеп, экөө бири-бирине карай жылмайып алышып жолго түшүштү.

Кырсыкты болжоп болбойт экен да. Илкаштын үйүнөн телефон чалышты. Апасы катуу ооруп, өзүн билбей жатканын кабарлашты. Айласы кетип ыйламсыраган Илкаш иштин жайын кожоюнуна айтты. Кожоюн дароо телефон аркылуу Кыргызстанга авиобилетке буйрутма кылып, түнкү рейске салмак болду. Колуна тапкан айлыгын жана ага кошумча каражат берип, апаң жакшы болору менен кайтасың деп зынарлады.

Кайрат дос, мен келгенче жакшылап иштеп тур. Кожоюндун айтканын жазбай кылсаң баары жайында болот, – деп кучакташып коштошту. Аэропортко кожоюн кымбат машинасын айдап өзү узатып кетти. Ошол бойдон бири-бирин экинчи көрбөй калары азыр Илкаштын да, Кайраттын да мээ-акылына келген эмес. Андан башка окуялар да алардын түшүнө кирбеген эле.

Кайраттын иши так ошол досу кеткенден баштап кыйшаңдай баштады. Анын баары Муратбей экөөнүн ич ара келишпестигинен болду. Албетте, дүкөндөгү сатуучулукту колго алган кожоюндун кайниси Муратбей текеберчилигин көрсөтүп басынтып атты. Кайрат өмүрү басынып көрбөгөн. Ага чындыкты айтып, кожоюнга даттана кетти. Ошондон чатак ырбап, акыры жаңжалга жетти. Анысына да чыдаса болмок. Апасы барганча кайтыш болуп, көзүн көрбөй калганга катуу кейиген Илкаштын кан басымы көтөрүлүп кетип, инсульт алат. Бул окуядан соң, алыска барып иштөө маселеси кечеңдеп, ал эмес Илкаштын өмүрү таразага салынып, олку-солку болуп турганын чоң баласы сүйлөшкөндө айтып берет. Аны уккан кожоюну да аябай кайгыга батат. Илкаш келгени анын иши оожалып, алдыга кеткенин дайыма айтат. Акжолтой жолу ачык бала, – деп жакшы көрчү экен. Муратбей экөөнүн келише албаганы анын итатайын тутултуп, бир жолу Кайратка тили да тийип калды. Бирок ак жерден тилдеп койгонун түшүнүп, кечирим сурады. Илкашсыз анын да иши пайнапсыз болорун Кайрат түшүндү. Кетүүнү чечти. Балким, Илкаш айыгып кайра келсе, буйрук болсо ал да келер. Бул оюн кожоюнга айтканда ал унчукпай макул болду. Эсеп-чотун түгөлдөп, тапкан акчасын ак эсептеп алып, жолго түштү.

Келе бергениң жакшы болуптур, – деди баарына түшүнгөн Карлыгачы. – Досуңсуз ал жерде иштешиң чындап да кыйын болмок. Сагынган балдарыңдын кашында турчу. Дагы бир кеби болоор.

Эч кандай деле иш таап, марып кетишпеди. Бир маалда Карлыгач чыкты, Россияга барып соода кыла коём деп. Чыгып көрбөдүк беле. Колуңдан келбейт десе көнбөдү. Эми анын курсташ кызы Магнитогорскиге чакырып жатты. «Кыргыздар көп, Бишкекте жүргөндөй эле жашайбыз» – деп. Акыры экөө тең макул болушуп, камынышты. Адегенде Карлыгач барып орношуп, жумуш болсо Кайратты да чакырмай болуп, так ушул темир жол вокзалынан өз колу менен жөнөткөн…

… Бишкектин түнү коюуланып келатты. Темир кутучанын үстүндө отурган Кайраттын жан-турпаты зыркырап, ал күндөрдү эстегиси келбей башын чулгуп-чулгуп алды. Акыры кейиштүү бүтөрүн сезип-билгенде… Албетте, иш башкачараак болмок. «Эмнеге уруксат берип, макул болдум экен?» Бул өкүнүчтүү суроону өзүнө кеминде миң жолу бергендир. Бүткүл турпатынан, тереңден сызылып ачуу ызанын зыркаары келе жатты. Көздөрү караңгылап, бул жолу эскерүүгө чамасы келбей тургандай. Бир заматта эки ийини шалдайып, жаңыдан гана кырктан ооган жигиттин бою-бадани алсыз солкулдай түштү. «Мен эми ал кара күндү эстей да, көтөрө да

албайм» – деди кимдир бирөөгө шыбырагансып. Ал теманы такыр жаап койгусу келди.

Магнитогорскиден шойкомдуу кабар келип жетти уюлдук телефонго. «Тез кел, кечикkенге болбойт. Магнитогорск» деген беш гана сөздөн турган SMS. Таң эртең менен көзүн ачканда телефондон ушул сөздү окуду. Адегенде уйкулуу көзү менен окуп, маанисине анча жетелекте, телефон шыңгырап, чыйылдаган үн угулду. «Тез кел, Карлыгач…» Сөздүн аягына жетпей үзүлдү. Чагылган чартылдагандай үн кулагына жарылды. Эчтекени укпай кыйлага турду. Кайра-кайра чалганы текке кетти. Телефонду эч ким албады. Карлыгачтын уюлдук номерине жүз жолу чалганда да «Не доступен» деген гана автоматтын үнү жүз жолу жооп кылды. Кайрат эки уулун Карлыгачтын апасына тапшырды да, түшүнүктүү эч нерсе айтпай Магнитогорскиге жөнөп кетти.

Жолдо баратканда кандайдыр бир адрес: көчөнүн аты, үйдүн номери жазылган дагы SMS келди уюлдук телефонуна. Адрес боюнча барганда онго жакын кыргыздар чогулуп отурушуптур. Дароо Кайратты ээрчитишип, ооруканага дегендери менен моргго алып барышты. Ак шейшеп жабылган Карлыгачынын жансыз денесин көргөндө эсин жоготуп койду. Эсине келсе: кайра дагы баягы адеп баргандагы квартира экен. Ошол күнү биринчи жолу көкүрөгү катуу ачышып, жүрөгү алсыз сокконун туйду (Кийин доктурлар «Недостаточнось сердца» деп дары жазып беришип, аны оңдуу деле ичип-ичпей, жүрөк ооруйт экен деп этибарга алган эмес).

Шыбырашкан, бир нерселерди жашырып сүйлөгөн үндөр, бейтааныш жүздөр. Кайра эсин жоготот. Эртеси күнү бир топ кыргыздар чогулушуп, ар ким көңүлүндөгүсүн беришип, ынтымак-ыража деп, бир топ каражат топтошкон экен. Цинк жашикке салынган сөөктү самолёт менен эки келин коштоп, Кыргызстанга жөнөштү. Кайрат абдаарып, мунун баарын түшүндө көрүп аткансыды. Коштоп келген эки келиндин айтуусунда ишке орношуп жаңыдан эле көнө баштаган экен. «Ичим» деп бир сутка жатат. Ооруканада да бир сутка жатат. Апендицит деп операция кылгандан кийин баары жакшы болуп калып эле, дагы бир суткадан соң кан басымы төмөндөп, комага түшүп калат да ошол бойдон эсине келбей, бир ооз сөз айталбай кете бериптир. Мындан башка эч бир ашыкча маалымат же кошумча факт айталган жан болбоптур. Сөөккө кирген аялдар көпкө башканы кобурашып жүрүштү дейт. Денесинде көгаласы бар экен деп. Карлыгачтын табышмактуу кайтыш болушу Кайратты мүңкүрөтүп салат. Атаганат, Карлыгачы Карлыгачтай бар эле да. Ошону менен эки уулу да кайненесинде кала берет. Аны кайра берүү Карлыгачтын апасынын оюна да келбептир айтууга караганда. Ошол күндөн

Кайрат ылдыйлагандан ылдыйлай берди. Эчтемеге көңүлү келбеди. Бою-башына да карабады. Эмне кийсе жарашкан, кыз-келиндер киноактер Радж Капурдун эле өзү деп сукташышкан Кайрат такыр чөгүп баратты. Ички күйүтү акырындап мүлжүй берди. Акыры ачууну ачуу басат деп, тапканын ичип алат.

Кийинчерээк элден каччу болду. Тууган-урукка, ал эмес өз апасына да барбай, көбүнчө Карлыгачтын мүрзөсүнө каттап жүргөнүн көргөндөр бар экен. Ичип алса эле: «Атамды сагындым, Карлыгачты сагындым – деп ыйлаган адат тапты. Эч кимге кылдай зыяны жок, ак көңүл жигиттен эч ким жамандык көргөн жок. Достору кайра үйлөн деп аны таап, муну таап да көрүштү. Бир көрүп эле: «Мен кантип Какениме алмашмак элем» – деп кутулуп кетчү.

Кай бирде өзүн колго алып, тапкан жумушту иштеп, колуна тийген акчадан үнөмдөп жүргөн учуру да болду. Оюнда Илкаш досуна барып, апасына куран окутуп, анан илаажи болсо кайрадан Стамбулга кетүү эле. Ал ошентти. Тапкан тыйынына андай-мындай сатып алып, Баткенге жөнөйт. Самаркендекке жетип, Илкаштыкына күүгүм талаш кирип барат. Илкаш али төшөктө экен. Эңилип кучактаган Кайрат менен Илкаш ыйлашып көрүшүшөт. Аяш апасына куран окуп, андан соң зайыбынын жайын айтып, кайрадан ыгы-жыгы, куран окутуп, дуба кылмай. Кыйлага салынган дасторконго, сунулган чайга карабай эки дос эмшиңдешет. Өзүнүкүнө караганда Кайраттын муң-кайгысы оор экенин сезген Илкаш эми төшөктөн туруп, бийик жаздык койдуруп, досунун маанайын көтөрүүнүн аракетинде болду.

– Экөөбүз тең жакын адамдарыбыздан ажырадык, дос. Эми кайрат кылбасак болобу. Мени доктурлар инсульт дешип, көп сүйлөттүрбөй, бастырбай атты эле. Кудай жалгап, аз эле болду сүйлөп, басып да калдым. Балдардын бешенеси бар экен. – Илкаш жайдары көрүнүүгө аракет кылды. Аялы жарык жүз, илбериңки жан экен. Балдарынын жөлөөсү менен Илкаш сыртка чыгары менен аяшына мындай деди:

– Досуңуздун абалы оор эле. Араң бутуна тургуздук. Экинчи жолу кармаганда өтө кыйын болуп калат дешти. Андан көрө режимди так сакта деп айтып кетиңиз. Дагы бир жыл, жарым жылда биротоло жакшы болуп кетет деп жатат доктурлар. Эгер режимди сактаса.

– Айтайын, албетте, – экөө биринчи жолу көрүшүп жатканына карабай бирине жакын туугандардай ылым санап турушту. Оору, жоготуу дегендер кээде адамдарды өтө жакын, боордош кылып жиберет деген да чын белем. Аяшынын келгенине кубанганын билдирип, жылмайып, тамак-ашын болушунча жайнатып турганынан, илбериңки кыймылынан боордоштук сезилип турду.

– Тыяктан кабар барбы? – деп сурады Илкаш кирип жайгашкан соң.

– Бар эмей, күндө күн алыс телефон чалат кожоюн. Мени келсе дегенде эки көзү төрт. Эми барышым даркүмөн го… – Илкаш акырын үшкүрүп койду.

Кайрат досунукуна барып, үмүтү жанып, жеңилдеп кайтам деген. Ал тилеги оңой менен ишке ашпасын түшүнүп, туңгуюкка капталып, көкүрөк тушу оорлоп кайтты. Автобуста ичинде – өткөн өмүр, кеткен күндөрүн ойлоп чарчап-чаалыгып келатты. Адам жарыкчылыкка эмнеге туулат, эмнеге жашайт, эмне үчүн жакын адамдарынан эрте ажырайт? Бирок баары эле эмес да. Жыргап, жеп-ичип, кумду күлгө чалып, алоолонгон отко суу чачып, чалагайым күн кечиргендер деле толуп атпайбы. Элдин канын ичип, жанын сууругандар канча? Аларга сурак жокпу? Элди андаалаткандарга сурак жокпу? Убалдан коркпогондорго сурак жокпу? Бүтүндөй бир улутту кургуйга кулаткандарга сурак жокпу? Энесин, Жер энесин саткандарга сурак жокпу?

Эмнеге жолум болбоду? Кай жерден жаздым? Карлыгач эмне үчүн ооруп, башына күн түшүп турганда бир жолу чалып абалын билдирген жок? Же ошого да алы келбедиби? Жанында кимдер болду? Үзүлөөрдө эмне жөнүндө ойлоду экен? Же аягы сай таппаган азыркы коомго, түзүлүшкө, тирүүчүлүк үчүн жер кезген тагдырына, үй-бүлөнү сыртка чачыратпай багып алганга алы жетпеген күйөөсүнө наараазы болду бекен? Алыскы жерде бүлөсүн, карачечекей балдарын көрбөй кетип атканда… аял-эркектин ысык лаззатынан жаралып… бирок беймаал, жалгыз калганын сезип, жанжүрөгү ыйлап, оозуна суу тамызганга жан табылбай кыйналганда жарыкчылыкка алып келген энесине наараазы болду бекен?. .

Кайрат ичинен сүйлөп, ичинен ыйлап, борборго жете келди. Келсе батирге алган кепедей бөлмөсү суук, үтүрөйгөн сүрү менен тосуп алды. Жанын жерге коё албай, чымындай жаны тынчыбай ойдолоду. Тээ, Баткенде калган оорулуу досу Илкашты эстеди. Анын тегерегинде беш баласы, жылуу очогу, жайнаган короо-жайы… Жарык жүз, илбериңки аялы кам көрүп жанында. Андан өткөн бактылуу пенде барбы бул дүйнөдө! Ылайым бактың буйрусун, Илкаш досум!

Айыгып кетсең гана болгону, мен ошону Кудайдан тилеймин…

Менин жолум эми түгөндү, алдымдын баары туңгуюк, жылчыксыз…

Кайгы-касирет да жалгыз келбейт. Карлыгачты жерге бергенден соң, Магнитогорскиден кат келген. Цинк жашикке, ооруканада жаткан күндөрүнө, операциясына, самолёт менен сөөктү апкелгенине, андан сырткары үч кишинин барыш-келишине бир топ каражат кеткени көрсөтүлгөн. Анын үстүнө тажыяга, өлүк көмгөнгө, үчүлүк, жетилик, мал-кели деп отуруп, коңшу-колоңдон, тууган-уруктан бир топ сумма карыз да болуптур. Карлыгач экөө балдары менен

жашаган 2 бөлмөлүү «хрущевка» да толгон акча болуп бербеди. Ал кезде Кайрат үчүн баары бир эле. Көбүрөөк карыз берген, шуулдаган коңшусу таап келген кардар эки-үч күндө эле сүйлөшкөн акчаны бере коюп, квартираны бошот деди. Бүткүл карыздардан кутулуп, ушул батирге чыккан. Кийин, коштоп келген келиндердин бири Бишкекке келгенде Кайраттын үйдү эмнеге сатканын билип, безилдеп ыйлап жибериптир. «Бардык чыгымды ынытмак-ыражабыз көтөргөн болчу. Ал дагы бир шылуундун кылганы. Мен барып, териштирип, акчаны кайтарам» деген бойдон ал келин да ың-жыңсыз кеткен... Арадан убакыт өтө берди. Кайраттын жалгыздык башына түшкөн турмушунда көп деле жаңылык боло койбоду. Утурумдук табылган жумуш болсо бүтүрүп, алган акысын батирге төлөп, өлбөстүн күнүн көрүп калды. Кез-кез уулдарына барат. Куру кол барган күйөө баласын кайнене жактыра да бербеди. Карлыгачтын көзү өткөнү мамилеси өтө кескин өзгөрдү. Кызы тууралуу лам деп сөз кылбаганы да таң калтырып жүрдү. Аны эмнеге жорурун билбеди Кайрат. Сөз Карлыгач тууралуу жүргөндө ордунан туруп кетет же унчукпай коёт. Кийинчерээк сөз кылганды да койду. Балдары деле мурдагыдай ата-келеп, мойнуна асылганды коюп баратты. Же үйлөнүп-жайланып, жагдайы жакшырса балдарды алып кетип калат деп, күн мурунтан кагажытып аттыбы, анысын да билбеди.

Бир күнү Кайрат Бакайырдан өтүп, Гоголь көчөсү менен келатып борбордук мечитке кирип келаткан ырай-пешенелүү, жылмайганда жылдызы жанган жигит менен ийиндеше түштү да салам айтып жиберди. Алик алып, жылмайганда эч бир жамандык кылуу колунан келбөөчүдөй, башын бир жакка бура жадыраган жигит ичин жылытып, көптөн бери кабарсыз калган инисин көргөнсүп айланчыктап калды. Аттарын айтышып таанышышты.

– Жүрүңүз, мечитке кирели, – деди жылдыздуу жигит жылмайып.

– Анда мен эмне кылам? Мен кирсем да болобу? – деди мындай сунушту күтпөгөн Кайрат.

– Ой, сиз кирсеңиз кандайча болбойт. Бул Кудайдын үйү да. Бардык мусулман момундарга уруксат, – деди жаңы тааныш Алмаз. Биртике ыргылжың болуп туруп, өмүрү кирбеген, сыртынан сурдуу, сүрдүү көрүнгөн мечиттин босогосун биринчи аттаган Кайрат...

Баары бир эрте күз болсо да түнкү Бишкек үшүтүп жиберди. Темир жол вокзалынан эл суюлуп, ээндей баштады. Кайрат отура берип, бүткөн бою уюган темир кутучадан өйдө болду. Жок болбоду. Алы келбей кайра отура кетти. Башы да айланды. Бир маалда бет алдынан татынакай кийинген, баягы, баягы жаңы таанышкан кездегидей жаш, сулуу Карлыгач келатты. Чачтары далысына жайылып,

көздөрү оттой жанып, кучагын жайып, алсырап туралбай отурган Кайратты колунан тартып тургузду.

– Карлыгач! Сен кайдан келе калдың? – деп кыйкырды ал.

– Мен сени сагындым. Күтө берип чарчадым. Сени алып кетени келдим, жаным.

Көптөн бери сагынып куса кылган Карлыгачынын кучагына өзүн таштады Кайрат. Анын жылуу көкүрөгүнөн көксөөсү сууй жыттап, бир беймарал тынчтыкка кабылган Кайрат жыргап турду.

Лев Толстой көчөсү жактан кол кармашып тепкичтен чыгып келаткан кыз менен жигит жыгылып жаткан кишини көрүштү да өйдө тургузууга аракет кылышты. Башы шылк деп жигиттин колуна түшө берди. Жанында турган кызына шаша айтып жатты:

Карлыгач! Вокзалдын милициясына чурка, анан «Тез жардамга» чал! Бол, тезирээк!



*Проза*

Зинакан
ПАСАҢОВА

# ЖАТ ТЕРЕЗЕДЕ ӨСКӨН МЕНИН ГҮЛДӨРҮМ

**(Повесть)**

**(Уландысы. Башы өткөн санда)**

Биринчи чабык башталганда ичим чоңоюп, ылдый эңкейип кетмен чапмак турсун, олтуруп-турушум кыйындап жүргөн. Ошентсе да кечке талаада баш көтөрүшпөй иштешкен Азим менен Кадырга эш болоюн деп алардын жанынан кетпейм. Кадыр дагы эле кичинелик кылып отоо чөбүн отоп бергенден башка колунан иш келе элек. Чоңу жалгыз кетмен чабат. Алакандары кабаарып, берч болуп катып калыптыр. Балакатка жете элек баланын чоң кетмендин шилтеми менен кошо жыгылчудай болуп ыргалган кебетесин көрүп аяйм. Көздөрү кусалуу болсо да ушул тагдырына көнүп үндөбөйт. Турмушта кагылып, согулган чоң адамдан бетер бар-жокту ичине ката билип, өтө эле токтоо, түнт. Аны аяй карап туруп:

– Ази-им! – деп чакырдым, үнүм жашыңкы чыкканына өзүм кайра уялып кеттим. Экөө тең мени карап калышканда кол булгап: «Бери келгиле!» – дедим. «Кош бойлуу экенсиң, шимип жүрсөң көңүлүң ачылат», – деп Сурма эне эч кимге көргөзбөй эрте менен алып келип берген курут, ширindиктерден аларга деп бир уучтан ала чыккам. Экөөнө тең бөлүп колдоруна карматып, «эс алганча жеп алгыла» деп олтургуздум. Чарчап калышкан балдар баштарын шылкыйтыша үн-сөзсүз адегенде момпосуйду, анан курутту жеп түгөтүштү. Артынан атала ичишип. кайра ишке түшөрдө жакындап келип калган Назарды көрдүк.

– Эй, ашкебилер, түшкө чейин кылганыңар ушулбу? Мойнуңарды жулуп алайынбы! – деп ызырынып Азимге кол шилтеринде мен кармап калдым.

– Тур нары! Сен өзүңдү бил! Жалкоо!.. Алкаш!

Назардын көздөрү чакчая түштү. Ызырынып келип сол бетиме шапалак урганын бир билем. Жерге учуп түшүпмүн. Буту менен тепкилеп, муштуму менен башы-көзүмө карабай салып киргенде боюмдагы балага тийбесе экен деп жандалбастап, ичимди кош колдоп кучактап бүрүшүп жатып бердим.

– Тийбе жеңеме, тийбе! – деп чырылдап үстүмө түшө калган Азимди ыргыта тепти. Азим кайра тура калып ый аралаш сөгүнүп, Назарга дагы асылды. Озондоп ыйлаган Кадыр эки колуна таш көтөрүп алыптыр. Биздин ызы-чуубузду уккан аталаш кайнагам чуркап келип ажыратпаса эмне болот элек билбейм. Артынан кемпири Сурма эне келди.

– Э, падарыңа наалат! Кошкат аялга кол көтөргөн, айбан! Баланын кусуруна калып калба ушинтип жүрүп! Э, атаңдын көрү! – деп ачуусун токтото албаган кайнагама кошулуп кемпири бирде мага үйрүлүп чаңымды күбүп, бирде өпкөлөп ыйлаган балдарды кучактап сооротуп, ары басып кеткен Назарды жер-жеберине жеткире тилдеп кейинип жатты. Чаңга аралашып жаткан мени Азим менен Кадыр жөлөмөлөп турузганча: «Ыйлаба, жеңе ыйлабаңызчы…» – деп жалоорушса, өздөрүнүн жүзүн жууган жаш токтобой он талаа болуп агат.

Дене боюм тепкиден жанчылып калган экен, сынган жерим болбосо да көп күн төшөктөн тура албай жаттым. Чоң муштумдан запкы көрөр алсыз аял болуп калганыма өкүнүп өксүдүм. Же мени коргой турган төркүнүм жок, кимге датымды айтар элем. Өзүнө кара күчү жетпей турган коргоосуз жанды басмырлап, каалашынча кордоодон моокумун кандырган айбанчалыш эркекти биротоло жек көрүп, дитим карарды. Бирок чынжырга байлангансып, ушул азаптуу гөр турмуштан чыгып кетер жолду табалбай карайлай бердим.

Мен баш көтөргөнчө Назар да коркок-билиш болгонбу, же абийири ойгондубу, камкорсуп калыптыр. Оозунан эч деле жылуу сөз чыкпайт, бирок жүзү күнөөлүүдөй жазганып, көп сүйлөбөсө да жанымда көбүрөөк олтурчу болду. Армияда жүргөнүндө телефон кызматын үйрөнгөн экен. Айылдагы эски-уску радиотелеаппараттарын чогултуп оңдоп, же кураштырып бир нерсе жасамыш этет. Баары чайга олтурганда өзүнүн оозу ашка тийбей жүрүп «ич» деп кесесин мага жылдырат. Бир жолу таң үрүл-бүрүлдө төшөктөн туруп баратып үстүмө өзүнүн тонун жаап, кумтулап жатканын туйдум. Ошондо жанымды ооруткан кычкачтай катуу колдору жагымдуу сезиле түштү. Аялдын жүрөгү өтө ийилчээк болот экен. Ачуу ызам таркай элек болсо да кайрадан ага ийигип бараткансыйм.

Үчүнчү жолу операцияга кирерде оюма нелер келип, нелер кетпеди. Айы-күнүм жеткенде төрөт үйүнө алдын-ала жаткырып карап турушкан догдурлар толгоом келе электе эле «кесерово» жасаш керектигин бир күн мурун айтышкан.

Ошол түндү кирпик ирмебей өткөрүп, таң заардан жүрөктү опкоолжуткан санаа менен операцияга даярдана баштадым. Буюмдарымды жыйнап коюп, душка түшүп жуунуп, санитар аял берген ак бөз көйнөктү киеримде муунум бошоп кетти. «Ыйлаба, күчүңдү кетиресиң», – деп акушер-хирург эркек улам сооротслон сайын көз жашым токтосочу... Эч кимге айтпаган жүрөк дартым, арман күйүтүм, кабыл болбогон тилектерим, жалгыздыгым, «балам аман бекен» деген коркунучум ыйыма чыгып, нукту жырып кеткен ташкындай болуп ага берди... Кийин айтышат, операция убагында да, андан кийин уктап жатканымда да көздөрүмдөн тынымсыз жаш агып туруптур.

Боюмдан алышкан балам уул экен. Ага да Кудай ченелүү эле өмүр бериптир. Тубаса жүрөк дарты менен төрөлгөн балам көзгө көрүнүп, талпынып калганда жок болду. «Мени да кошо көмгүлө!» – деп бостодой боздоп сөөгүн бербей талаштым. Колумдан жулуп кетишип, алпарып көөмп коюшту. Түнү баары укташканда акырын эшикке чыктым да, темселеп гөрүстөндү көздөй жөнөдүм. Наристе бойдон көз жумушкан үч перзентим жаткан бейиттен башка жакта мага күн жок эле. Ай жарыгында издеп жүрүп дөмпөйгөн дөбөчөлөрдүн арасынан уулумдун топурагы кургай элек кол башындай мүрзөсүн таптым. Бакырган бойдон үстүнө жыгылып, колдорум менен чапчылап ачып кирдим. Канча убакыт өттү билбейм, акыры кабырдын оозун ачып, баламдын сөөгүн сууруп чыктым. Ананайыным, өзүм чүргөгөндөй болуп ак сурпка оролуп мемиреп жатат. Карын чачы карарып көзүнө түшүп, жүзү сүттөй аппак, сүзүлө жабылган кирпиктери камыштай болуп тикеленип турат. Уулумдун бешенесинен өпсөм таштай катуу, муздак экен. Чочуп кетип «чымындай жаны жаннатка учуп кеткен тура» деген элдир-селдир түшүнүк акыл-эсимди араласа да ага ынангым келген жок. Баламды алдыма алып алдейлеп олтурам. Көкүрөгүм сүткө толуп дирилдеп агып, уулума айтып үлүрө албай калган бардык жалынычымды, эркелетип элжиреген мээримимди, балапан жытына тойбой калган кусалыгымды төгүп-төгүп жалбарып буркурап ыйлап да олтурам.

Менин бул кайгымдан үшү кеткендей асманда Ай гана калтырап тикирейип карап турду. Жылдыздар жүзүн жаап-жашырып ала качышкандай алыстан көрүнүп-көрүнүшпөйт. Ээн, эски мүрзөлөрдү жаңыртып, кайгымды айтарга башка эч кимди таппай: «Апа-а!» – деп айкырыкты салып, өзүм көрө элек апамды жардамга чакырып, бостодой боздоп жаттым.

Менин кайда кеткенимди туюп калышканбы, аталаш кайнагам атын жиниктире чаап келиптир. Гөрүстөнгө атчан эле күү менен кирип барып, мени тебелетчүдөй болуп омуроолоп камчылап ийди.

Кайыштан жылан боор кылып өрүлгөн камчынын уусун тоотуп да койгон жокмун. «Балама тийбесин» – деп калкалап ала качтым. Кайнагам анан аттан ыргып түштү да, маңдайыма чөгөлөп:

«Олдо, айланайын, ая! Очор-бачар эле боло турган түрүң бар эле! Кудайга кай жагыңдан жаздың экен? Ушинтип жалгыз перзентиңди да атаа кылбай койсо, кантели!.. Мастан кайнененңдин каары тийди го, тийди го!» – деп муун-жүүнү зыркырап жашыды. Анан колумдагы баламды тонуна ороп көтөрүп, мени жетелеп, мүдүрүлүп, жыгылып-тыгылып олтуруп айылга жеттик.

Уулумду жууп, кепиндеп кайра көмүштү. Бул жолу олтурган ордумдан козголбой, нес болуп катып турдум. Жүрөгүм какпай токтоп калгансыды.

Ошол күнү Назардын кайда жүргөнүн билбейм, кечээги бойдон үйгө жатар убак келди. Түз мен жаткан бөлмөгө кирип, чыракты жагып, азга карап турду. Башымды көтөргөн жокмун. Тирүү менен өлүктүн ортосунда карайлап, жашоодон аша кечип тургам. Ал менден коркcондой, акырын теңселе басып келип, жүзүмө үңүлүп: «Гаухар, Гаухар» – деп үн салды. «Бур» эткен арактын ачуу жыты думуктуруп, көздөрүмдү ачышка аргасыз кылды. Ал экөөбүз тиктешип калдык. Менин чын эле тирүү экениме ишенбегенсип, шишиген кабагы менен сестейе караганы тумандап көрүндү. Анан өңү- башы бырышып эмшеңдеп мени баса жыгылды.

Кечээтен бери көздөрүмдөн жаш чыкпай калган эле. Жүрөгүм гана ачыштырып күйүп жаткан. Күйөөмдүн ыйы мени бошотту. Кургаган каректеримден кайрадан көз жаш булак болуп акты. Жарык дүйнөгө келбей жатышып чарчап калышкан периште балдарыбызды жоктоп, азабына чыдабаган арман-күйүтүбүздү ыйга чыгардык. Үстүбүзгө жан адам кирген жок. Анын жүзүнөн салаалап аккан ачуу көз жаштын даамын эриндеримден сезип жатып: «Эми эч качан Назар менен урушпайм, урушпайм...» – деп ичимден кайталай бердим.

* * *

Быйыл жаңырган балык жылын эл-журт кооптонуп тосту. Жыл санакты аяктаган балык жылын айылдыктар «Улуу жыл» деп тергешип, оор өтөрүн болжолдошот. Бул жашообуз түгөнгүс коркунуч менен коштолот тура. Калың элдин корккону: согуш кыргыны, жер титирөө, сел, бейажал өлүм, айыккыс оору, мал-жанга келүүчү жут сыяктуу кырсыктар экен. Жеке пенденин да өзүнө жараша

жүрөкзаадасы көп. Балдарымдан айрылгандан кийин ичим көңдөй болуп, мени да караңгы түндөй коркунуч ээлеп алган. Андан качандыр арылышыма көзүм жетпейт. Уулумду жерге бергенден кийин таңдын атканы, күн батканы баары бир болуп тирүүнүн өлүгү болуп жүрөм. Өткөн күнүңдөн тажап, алдыдан эми жакшылык күтпөй жашоодон өткөн тозок жок.

Көз жашым кургабай жүргөндө Сурма эне Назар экөөбүздү үйүнө чакырды. Кайнагам төрдө комузун кыңгыратып олтуруптур. Чоң апам дасторконун жайып, белендеп койгон экен. Бизге сыйлуу меймандан бетер камылга көрүптүр. Мени кыймылдатпай дасторкон четине олтургузуп койду. Улам алдыма бир оокатты жылдырып: «Же! ич!» – деп өнтөлөгөн мээримине күйүттөн таштай түйүлгөн жүрөгүм бошоп баратат. Ушул үйдө гана өзүмдү адам сезип, жан кире түшөт. Куттуу жана мээримдүү үйдө дагы узагыраак олтургум келет.

Көп сүйлөбөгөн кайнагам комузун узакка күүлөдү. Демейде момун, жупуну көрүнчү карыянын бул жолу төрдүн ажарын ачкан салабаттуу жана куттуу сөөлөтүн биринчи жолу байкадым. Чоң апам бекеринен өмүр бою ага аялдык ыкласын берип, терең сезимин арнабаптыр. Кайнагам ушундай сыйга арзыса керек да. Бул чындыкка бүгүн көзүм ачылды. Жаштайынан сүйүшүп кол кармашкан жубайына аялдык бакыт тартуулай билген эркектердин мыктысы экен. Турмушта сүйүүдөн курулган ушундай ырыскылуу үй-бүлө да бар тура. Мындай ойлордон сезимим бир аз болсо да жарый түшкөнсүдү.

Кайнагам издеген күүсүн таптыбы, оңдонуп олтуруп, тебетейин башынан алып кемпирине узатты. Анын ичинен кийген ак топусун түздөп, ичинен алда кимге кайрылгандай эриндерин кыбырата дитин күүгө койду. Комуздун кылдарын бириндетип шашылбай терип, салмактуу черте баштады. Чакан бөлмө бара-бара ыргактары муңдуу кайрыктарга толду. Бир туруп нөшөрдөй шар төгүлүп, шамалдай озондогон, бир туруп жүрөктүн бир тамырын солкулдатып сызгырылткан обондун сыйкырына арбалдык. Айрыкча, мен жаралуу жүрөгүмдү төшөп уктум. Муштумдай көөдөнүмө сыйып, көптөн бери жол издеп, сыртка чыга албай жүргөн бардык арманым, кейишим, кабыл болбогон үмүт-тилектерим, кунарсыз жаштыгым, эңсеген сүйүүм, перзенттеримдин күйүтү козголуп, толкуп чыкты. Мен аларды күчтөп басып, түпкүргө көөмп, анан ошонун баарын жалгыз көтөрүп, турмуштун таштак жолунда каржалып жөө келатканымды ойлондум. Дагы канчага чейин ушул жүктү көтөрөм? Алдыда дагы кандай сыноолор күтүп турат? Балдарымдан ажырагандан кийин бул тирүүлүктөн кайгы-муң менен эле өтүп кетемби? Алардан башка менин сүйөрүм да, бул дүйнөдө илинерим да жок эле. Анда күн көрүштүн кажети не?!

Мени жөө тумандай каптаган бул суроолор менен кошо көз жашым да дарыя болуп акты. Ыйлап жатканымды жашыргым да келген жок. Сууланган жүзүмдү башыма салынган жоолугумдун учу менен аарчып коюп ичтен дымып эзилип ыйладым. Эч ким үндөбөдү. Сурма эненин да бырыштуу жүзүн көз жаш жууп, «шуу» үшкүрүнүп коёт. Кайнагамдын черткен күүсү мени менен кошо онтоду, сыздады, демин ичине алып улутунду,тагдырга кектенди, аны жеңүүгө өжөрлөндү. Бир күүнүн аягына чыгып, улам башкасын улап чертип, өзү да ыргактын ичине кирип кеткендей теңселип жатты. Боору бүтүн адам үч кылга минтип жан киргизип черте албак эмес. Кайнагам менен чоң апам эмне үчүн мага жакын экенин эми түшүндүм. Алар бул дүйнөнүн улуу кайгысын ар-намыстуулук менен көтөрүп жүрүшкөн адамдар. Башка салганды солк этпей көтөрүп, турмуш бороонуна аска-зоолордой кебелбес сабыр күтө билген адам гана улуу. Аздыр-көптүр берген өмүрдү ысык-суугуна түтүп, наалыбай, майдаланбай, бирөөгө колдон келген жакшылыгыңды аябай, жакындарыңды сүйүп, ошодон жандүйнөңө канааттануу таап жашай билүү – бул эрдик. Тирүүлүктүн азабын тарткан бир гана мен эмес, мага чейин да кайгылар болгон, менден кийин да тыйылып калбайт. Жашоо улана берет.

Көз жашым какшыганча ыйлап, көөдөнүм бошоду. Боюма кайрат кириптир. Кайнагам бул күүлөрдү атайылап мен үчүн черткенин түшүнүп, ыраазы болуп турдум. Сөз жетпеген жерге күү жетет экен. Көзүм төрдө илинип турган нанга көзүм түштү. Бул нан дагы канча жыл турат? Аны күн сайын караган ата-эне кандай ой-санаага батат? Көп жылдардан бери жалгыз уулунун өлүү-тирүүсүн биле албай, өздөрүн үмүт менен алдаган эки карыянын жалгыздыгы менин кайгымдан да ашып түшөрүн ойлодум. Мүмкүн, кара жерге берип түңүлгөндөн көрө күтүү жеңилдир?

«Ырахмат сиздерге. Биз кайталы!» – деп уруксат сурай чоң апамды аяй тиктедим. Сурма эне менен кайнагам мага ансайын жакын боло түшүштү. «Айланайын, каалаганда келип тур үйгө?!» – деп жолго чейин узата чыгып, жалбарып жатты.

* * *

Эл-журт кооптонгон Балык жылы башталa электе эле кыш чилдеси жылдагыдан эрте түшүп, отун-суусу тартыш үй-бүлөлөрдү жүдөтүп ийди. Электр жарыгы апталап өчүп, кыштын суук жана узак түндөрүндө айыл караңгылыкка тумчугат. Эзели тоңбогон арыктын үстүн калың муз каптап, балта-теше менен чапкылап

оюп, араң суу алабыз. Кар күндө боройлоп жаайт. Райондун борбору менен туташтыруучу жолду күрткү басып калса тазалай турган техника жок. Автоунаалар каттай алышпай, жол да жабылды. Дүкөнчүлөрдүн күнү тууп, азык-оокаттын баасын асмандатып ийишти. Эртеңки күнү ачка калыштан корккон адамдар кымбаттыгына карабай таламай кылып сатып алып жатышат.

Бул кыйынчылыктардын башталышы гана болгон экен. Көп өтпөй айылды сасык тумоо каптады. Жаш-карыны, бала-чаканы бирдей төшөккө жыкты. Ысытмасы оңойлук менен кайтпаган, дары-уколду тоготпогон күчтүү тумоо экен. Чет өлкөдөн келген грипп имиш. Бир топ кары, ымыркай балдар ооруну жеңе албай өтүп кетишти. «Баланчанын баласы чарчап калыптыр» деген кабарды уксам жүрөгүмө бычак болуп сайылат. Перзентин жоготкон эне-атанын кайгысын кошо көтөрөм. Биздин үй-бүлөдө да бир Назардан башкабыз ооруп айыктык. Айрыкча кайненемдин башка кеселдери да кошул-ташыл болуп, көпкө чейин төшөктөн баш көтөрө алган жок.

Эрте түшкөн кыштын чыгышы да кыйын болду. Февраль аяктап баратса да тез-тез зампарлап кар жаайт. Эшик алдына кар дөбөчөлөр тоодой болуп үйүлгөн. Айылдагылардын тынчы кеткени мал үчүн камдаган жем-чөптөрүнүн түгөнүп баратканы. Кыш жылдагы маалынан бир ай эрте түшүп, мал колду карап калганына көп болду. Эл тоюттан кыйналса Назардын күнү тууду. Караганыбыз бир уй, эки кой болгондуктан чөп кеңири эле. Жайкысын үлүш жерибизден чаап-жыйнап алган чөптүн чети оюла элек. Тамарканын үстүндө дөбөчө болуп жыйылып турат. Ага көз арткандар көбөйдү. Күн өткөн сайын чөптүн баасы төрт-беш эсе ашып, мал болсо тескерисинче, арзандай берди. Бир уйду бир араба чөпкө алмашкандар бар. Мурда Назарды теңине албаган алдуу-күчтүүлөр эми чөбүн арзаныраак сатып алуу үчүн ага акыл салымыш болушуп, сөзгө ийитип, бозого чакырышып, шынаарлап калышты. Соодасы кызыган сайын Назар да пейил күттү. Мага тургай кайненеме акыл салбай опурулуп сүйлөп, манчыркаганы таң каларлык. Адам башкалар көзүн карай турган бийликке ээ болсо укмуш өзгөрүп кетерин күйөөмдөн көрдүм. Ага ушул үстөмдүгү майдай жагып, чөнтөгүнөн акча үзүлбөй, «Назар палван» деп кошоматтангандарга курсант. Убактылуу болсо да өзүн өтө кадырлуу жана бардар сезип бир көтөрүлүп алды байкуш күйөөм. Ушуну ойлоп аны аяп да, ичимден күлүп да жүрөм.

Бирок анын ооматы кайтар күн да алыс эмес экен. Тоюттан өтө кыйналган эл бир күнү айыл өкмөтүнүн кеңсесин басып кирди. Айыл өкмөт башчы качып чыгып араң кутулуптур. Кеңсени өрттөп ийчүдөй каарданган адамдар милицияны да тоотпой, эки күн басып жатып алышат. Качан райондун акими жоон топ башка жетекчилер

менен келип жолукканда гана ийге келишет. «Бийлик деген барбы өзү! Бизге жем-чөп керек! Малды кырып алсак кантип оокат кылабыз! Элди бага албаган бийликтин не кереги бар! Ыңкылапты мына биз баштайбыз!» – дешип талапты катуу коюшат. Аким Чүйдөн тез арада тоют ташып келебиз деп убада бериптир. Бир жумага жетип-жетпей эле КамАЗ машинелер убай-чубай айылга чөп ташый баштады. Баасы чайкоочулардыкына караганда бир топ арзан экен. Пулу барлар нак акчага, колунда жоктор күзгө карыздап алышып, көңүлдөрү тына түштү. «Жазга чыгып кетербиз ушу менен» дегендер Назарга жолобой калышты.

Улуу жылдын кышынын каары да оңойлук менен кайткыдай эмес. Күндүн көзүн тиктеп, ачылып кетсе экен деп тилеген элдин айласын курутуп эки күндүн биринде борошо уруп, кар жаайт. Март айынын башында бир жума бою күнү-түнү тынбай жааган суу кар кыштакка кайрадан калбаа алып келди. Бир-эки мал сарайдын үстү оор карды көтөрө албай түшүп калгандан кийин айылдагылар үйлөрүнүн, тамдарынын чатырын жапа тырмак күрөп башташты. Үйүндө эркеги жоктор башкаларды акчага жалдап күрөтүшкө аргасыз. Жалган ооматынан кол жууп, куйкасы курушуп жүргөн күйөөмдүн күнү кайрадан тууду. Өзүнө окшогон дагы 2–3 сомодой эркектер менен бир топ түзүп алып, ар кимдин үйүнүн үстүн, короосун күрөп акча тапканга кыныкты. Алардын кызматына мукурап, кезмет күткөндөр оголе көп.

Сурма эненин эскирип калган үйүнүн чатыры да оор карга майышып араң турат. «Чоң апамдардыкын күрөп берчи?» – деп Назарга күнүгө айтам. Кулагына илбей, «ана-мына» деп тил эмизет. Абасынан акы алгандан тартынып, бекерге да иш кылып бергиси келбей жатканына жаным кашаят. Ушундай да карөзгөй болобу. Кайнагам да күнүгө: «Назар палван! Кол бошоюн дедиби?» – деп кулак какты кылып коёт. «Бүгүн кичине иш калды. Ошону бүтүрсөм эле сиздикин күрөйм», – деп жалган убада бергенге маш экен күйөөм. Менин эле чый-пыйым чыгат уялып.

Көп күндөрдөн бери жүрөгүм түпөйүл, уйкум тынч эмес, түшүм да бузулду. Дайыма чалды-куйду жана опур-топур окуялардын арасында жүрөм. Айланамда мен таанып баган жат адамдар болот, же ниети бузук жин-шайтанга окшогондор илешип алышат. Ойгонгондон кийин да дүрбөлөңдүү сезимден кутула албайм. Түндө түшүмдө айылдын күн батыш каптал жагындагы бийик тоонун жылгасынан сел кетиптир. Ажыдаардай атырылган киргилт суу таштарды, дарактарды агызып, жолуна туш болгондун баарын жалмап жутуп келатат. Айылдын четиндеги биздин үйгө жетишке аз калды. Жүрөгүм алкымыма капталып, качайын десем бутум тушалуудай кадамым

шилтенбейт. Негедир, жанымда эч ким жок, өзүм жалгыз экенмин. Балдарымдан ажырагандан кийин өлүм мага коркунучтуу болбой, кайра бул жашоодогу бардык азабымдан кутулуу үчүн өз эрким менен жан кыюуга эчак даяр элем. Анда неге коркунучтан үшүм кетип, ажалдын чеңгелинен кутулууга жандалбастаганыма өзүм да айран таңмын. Бирок турган ордума байлап койгондой жылалбай койдум. Корккондумдан көздөрүмдү бекем жуумп алып, оозума келме келет.

Чамынган улуу сел чарбагыбыздын четине жетип токтоду. Аман калганыбызга сүйүнүүгө үлгүргөн жокмун. Оор мүшкүл бизден кыя өтпөптүр, Сурма эненин үйүн сел алыптыр. Мен дайыма короого чыкканда көзүм түшө берчү ыманы ысык тамдын орду-түбү менен жок. Чоң апам менен кайнагам да көрүнбөйт. Алардан чындап эле айрылып калган турбайбызбы деп башымды ташка уруп, озондоп ыйлап жатам...

Ушул маалда күйөөмдүн катуу түрткүлөгөнүнөн ойгондум. «Ой, эмне болду шолоктоп? Жөн жатчы?!» – деп булдуруктаган бойдон ары карай оодарылып кетти. Мен кара терге чөмүлүп калыпмын. Азыркы көргөндөрүм түш экенине ишенүү кыйын эле. Түндүн кайсыл маалы болгонун да билбейм. Акырын туруп сыртка чыктым. Кар токтобоптур. Балбалактап жаап жатат. Карга көмүлгөн айыл тынч. Ызгаар сууктан соолуга түшсөм да жүрөгүмдүн опкоолжуганы басылган жок. Түшүмдө сел келген жакты тиктедим. Сурма эненин үйүн ортодогу тамаркасы бийик салынган малкана далдаалап турчу. «Тынч бекен?» деген күдүк ой менен тамды айлана басып барып карап, дал болуп туруп калдым. Анан ачуу кыйкырдым. Чоң апамдын үйү кыйрап жатат. Көргөн көзүмө ишенбей, мүмкүн, караңгыда ошондой көрүнүп жатпасын деген үмүткө алданып чуркап жөнөдүм. Кадамым арбыбай, эки жүз метрлик жерге жетиш ушунчалык кыйын болду. О Кудай, бул эмне таш боордугуң?! Чындап эле шиферленген чатыры көмкөрүлүп үйдү басып калыптыр. Дубалы жарым-жартылай бузулган. Кыйраган үй караңгыда мүрзөдөй түрү суук жана жымжырт болуп турат.

– Чоң апа!? Чоң апа!? – деп тамды айлана Сурма эне менен кайнагамды издеп да жүрөм, бакырып ыйлап да жүрөм.

Менин үнүмдү угушкан коңшулар бирин-сериндеп чогула баштаашты. Адегенде баары абдаарып калышты. Аялдар «кокуйлап» ыйлап жүрүшөт. Аксакалдар: «Үнүңөрдү баскыла!» – деп бизди ачуулана тыйышса да боздогонум токтогон жок. Алаңдап шаша басып Назар да келди. Аны көргөндө өзүмдү кармана албадым. «Сен өлтүрдүң! Тамын күрөп бербей... Тапкан акчаң башыңда калсын! Кана, чоң апам!? Кана, абам!?.» – деп тытмалап асыла кеттим. Ал молодой болуп селейип турду. Ушул маалда алым жетсе аны өлтүрүүдөн да

кайра тартпас элем. Бетин аймап, колум жеткен жерин муштагылап, жакасына асылып, башым менен сүзгүлөп жаттым. Чучугуна жеткидей сөздөр менен каргап-шилеп да жаттым. Тажаалданган мага эч ким даай алган жок. Назар да кол кайырбады. Өзүн жоготуп койгондой селейип катып турат.

– Ой, кандай келинсиң!? Жаман жорукту баштаба! Мүмкүн, алар тирүүдүр. Тез ачыш керек! – деп коңшубуз Кадыр аба бакылдады эле аял-эркек, бала-чака эми гана эстерине келишкендей ураган үйгө жабылышты. Кимдир-бирөөлөр күрөк таап келе коюшту. Маалабыздагы бирин-экин алдуу-күчтүү эркектер кулап түшкөн шиферлерди, устундарды четинен чыгарышып, үйдү ача баштaшты. Мен да үзүлбөс үмүтүм менен колума тийген топуракпы, жыгачпы чапчыгылап кирдим. Шүйкүнү суук караңгы түндө канча убакыт өттү билбейм. Мага эч качан таң сүрүлүп атпоочудай заманам куурулат. Кар аралаш тоңгон топуракты, жыгач-ташты кармаган колдорум какшап сыздаганын да элес албадым.

– Нан! На-а-н! – деп Тоту эженин өзөрө чыккан үнү баарыбызды каратты. Ал үйдүн төрүндө илинип турчу патир нан салынган ак баштыкты эки колдоп бийик көтөрүп алыптыр. Баштыкты көргөндө кайсыл нан экенин баарыбыз түшүндүк. Эне-атанын ушул нанга байланган үзүлгүс үмүтү, кыргыздын бир жигитинин насиби там алдында калды. Кайненем баштыкты Тоту эженин колунан алып мууну бошой жерге олтура кетти. Эч ким ооз ача алган жок. Бир тыным селейе түшүшкөн адамдар кыйраган үйдүн урандыларына кайрадан жабылып издеп киришти.

Чоң апам менен кайнагамды таң сүргөндө гана табышты. Алардын кыймылсыз денелерин топурактан сууруп көтөрүп чыгышканда турган ордумда эсимди жоготуп жыгылып түшүпмүн.

Мен экөөнү акыркы сапарга өз кызындай кызмат кылып узата албай калганыма ушул күнгө чейин армандуумун. Сөөктү биздин үйдөн узатышты. Эсим оогон мени башка үйгө алып кетишип жаткырышып коюшуптур. Бир топ күнгө чейин тилден калып, колубуттарым кыймылга келбей сулк жаттым. Кийин уктум, айылдын эли шейит кеткендердин зыйнатына тикесинен тик турушуптур. Уруубуздун эркектери катар тизилип турушуп өкүрүшүп, кыздары даңазалашып кошок кошушуп, экөөнүн уулу жоктугу деле билинбей калышты дешет. Аларды арман кылбаган адам болбоптур. Демейде пенде өлгөндөн кийин артында айтыла жүрчү жакшы сөздөрдөн тышкары үйүндө илинип турчу баштыктагы нанды Сурма эненин жайына кошо коюшуптур. Айыл четиндеги көрүстөндө бир күндө, бир саатта жанаша эки мүрзө казылып, эки адам бир маалда жерге берилген учур айылда буга чейин болгон эмес экен.

Менин ич дартым ичимде болуп, өзөгүм өрттөнөт. Назар өз маалында кар күрөп бергенде ушул жамандык болмок эмес. Күйүтүмө кошул-ташыл күйөөмдүн күнөөсүн кошо көтөрүп азап чектим. Ал экөөбүз сүйлөшпөйбүз. Жүрөгүмдө тоңгон жек көрүүм эрий элек. Көрөйүн деген көзүм жок болсо да, ич күптүмдү айта албай жүрөм. Эсим ооп жыгылгандан бери жарым жан болуп, эшикке өзүм кирипчыга албай калганмын. Тилим да күрмөөгө келбейт. Өлүмдү тилегенден башка бул жарыкчылыкта эми эч нерсем калган жок. Азабымдан биротоло кутулуп, жаным жай алуучу күн келсе экен деп эки көзүм төрт. Үйдүн бир бурчунда салынган төшөктө соолуп жатам. Кайненемдин пейили бир аз жумшарып, мага мурдагыдай заарын чачпай, кээде өз колу менен оокат жасап берет. Кайнагамдын балдары да чоңоюшуп, кол арага жарап калган. Айрыкча кызы Кенже жароокер жана элпектиги жанда жок. Үй ишинен колу бошосо эле жанымдан жылбай эрмек болот. Балалыгы эне-атасыз өткөн өксүк баланын көңүлүн мен да көтөргүм келет. Баарынан кызыгы, кайнагамдын балдарына сүйлөсөм да, эркелетсем да чоң апамдыкына окшошуп кетерин байкайм. Чоң апам көз алдымдан кетпей, кең пейил боорукердигин жана аялдык асыл сапаттарын эстейм. Сурма эне мага адам катары чоң өрнөк калтырган экен. Бирок анын жашына жетпей минтип көр оозуна барып калдым.

Батага келгендердин аягы үзүлгөндөн кийин мени райондук ооруканага алпарышты. «Инсультка чалдыгыптыр. Кеч алып келип калыпсыңар. Эми бутуна турушу күмөн», – дептир мени караган догдур Назарга. Бул жашоодогу азабым бүтөр да күн аз калган окшойт. Жай келгиче ооруканада эки жолу жатсам да жылыш жок, өз алдымча баса албайм, тилим жакшы күрмөлбөйт.

– Догдур айта берет, табыпка салам. Жүрөгүң түшүп эле калса керек, – кайненем мурдагыдай эмес жумшарып камкор. Айылда ошондой тамыр кармап табыптык кылуучу кемпир бар эле. Ал менин тамырымды көпкө чейин кармап туруп, анан:

– Сенин дартың катуу чочугандан. Учукташ керек. Шыбаасын берсе бутуна туруп кетесиң, – деп ишендире айтты.

Табып кемпир мени үйүнө алып кетти. Шар аккан суунун боюнда жашайт экен. Күн баткандан кийин 7 чакага алып койгон сууну бир топко дубалап, анан мени суунун боюна алпарып чечиндирди. Адегенде майда көзчөлүү тор аркылуу денеме аз-аздан суу чачты. Ичиркегеним басаңдагандан кийин калган чакалардагы сууну төбөмөн ылдый куюп жиберди. Башымдан ылдый шар төгүлгөн муздак суу денемдеги турмак жандүйнөмдөгү бардык кеселимди кошо жууп кеткендей өзүмдү жепжеңил сезе түштүм. Андан кийин жылуу кийиндирип, төшөккө жаткырып койду. Бир аздан кийин сөөгүм

кызып, бүткүл боюмду тер басты. Көп ай-күндөрдөн бери биринчи жолу жаным жай алып көшүлүп уктап кетипмин. Эртеси эрте менен күн чыга электе дагы 7 чака суугa чөмүлдүм. Табып кемпир ушинтип жети жолу эрте менен жана кечинде учуктап жүрдү. Тез эле бирөөгө жөлөтүп-таятпай, өз алдымча басып калдым.

– Эми үйүңө бара бер. Бирок он беш күн суук ичесиң. Жалаң кордо ич, ага көк алманы кесип кошуп кайнат. Ага чыдабасаң сабиз менен жаса, калганын дагы айтамын, – деди табып кемпир.

Табыптын учуктаганы эм болдубу, бутума туруп кеттим. Бирок ичим көңдөй, жашоого дем бере турган бардык нерседен айрылдым. Сүлдөрүм эле жүрөт. Эрким биротоло сынып, өмүр сүрүүгө кызыкчылыгым калган жок. Ошентип жайдын, анан күздүн кунарсыз узун күндөрү да өтүп, кайрадан кыш босогого жакындап келатканда Назар Чоң-Алайдагы аскер бөлүгүнө байланыш кызматына чакырылды. Адегенде ал үй-жай таап, жайланышып алгыча өзү эле кетмек болгон. Бирок кайра «бирге кетели» деп чечтик. Бул жерде кайненем күн көргөзгүдөй эмес. Мурдагы жектегенине эми «жатыны жаман да. Операция менен үчтөн ашык төрөй албайт экен, сен эми ушул катынды деп туяксыз өтөт белең» деген күбүр-шыбырын кулагым чалып жүрдү. Ошол сөздөрүнөн тажадыбы, Назар: «Сени айылга калтырбайм. Аскер бөлүгүндө жатакана берет экен, ошондо жашай беребиз», – деп оолугуп калыптыр.

Адегенде жаныма караан кылып Кенжени кошо алып кетейин деген. Кайра айныдым. Бир туугандар ажырашпай чогуу эле жүргөнү жакшы. Анын үстүнө ата-энеси да кышка калбай келебиз дешип кабар айттырышыптыр. Күн өтпөй жол карашып, элөөрүп жүрүшөт. Кенже ээрчип ыйлабасын деп ал уктап жатканда таң заардап жолго чыкмак болгонбуз. Бирок балдардын баары менден мурун туруп алышыптыр. Аларды кучактап коштошуп жатып ичим сыйрылып, ыйлап жиберипмин. Билинбей жүрүп эле боорубуз биригип калган экен. Кенже мени туткактап коё бербей боздоп, Кадыр менен Азим да көз жаштарын жашыруун сүртүнүшөт. Кайненем биздин ээнбаштанып кетип жатканыбызга жүзүн үйрүп, «жакшы баргыла» дегенге да жараган жок. Бир таңылчак жүгүбүздү машинеге салып, өзүм олтурарда айылды кыялбай кылчактап тиктедим. Ушул бийик тоолор курчаган айылда жаштыгым менен кошо башымдан эң бир оор кыйынчылыктар өттү. Турмуштан эрте кагылып-согулдум. Эми алдыда кандай тагдыр күтүп турат, мага белгисиз. Тобокелдикке салгандан башка кандай аргам бар. Кош бол, бир үзүм өмүрүм калган айыл! Кошкула, ушул жерде түбөлүккө жай алган перзенттерим, чоң апам...

* * *

Чоң-Алайда чатырчасы жок курулган, тышы ылай шыбак бойдон акталбаган тамдардын биринде жашап жаттык. Кең өрөөндө тынбай шамал жүрүп тургандыктан үйлөр жапыз, көбүнчө чатыры жок курулат экен. Жашаган үйүбүздүн жер түспөлдөнгөн ылай шыбак дубалдары менин маанайымды ансайын чөктүргөнсүйт. Жаз келсе апаппакай кылып актап, сырдап салбасам деп ойлоп калам. Айылдын ың-жыңсыз жай турмушунда алаксый турганым да жок. Кышкы тоонун ак кар, көк муз уюган аска-зоолоруна, мелтиреген аппак түздүктөргө, ылай шыбак жапыз үйлөргө томсоруп тиктейм да, бул жашоодо мени кубандырып, көңүлүмдү шат кыла турган эч нерсе калбагандай, не үчүн өмүм сүрүп жатканыма түшүнбөй оор үшкүрүнөм.

Назар эртели-кеч ишинде, аскер бөлүгүндө байланышчы-телефонист болуп иштейт. Жер которуп, өзүнчө жашаганыбыз менен экөөбүздүн жубайлык турмушубуз өзгөргөн деле жок. Төшөк жылыбаса кайдагы ынактык. Үйүбүз мүрзөдөй болуп тунжурап турат. Күйөөмдүн жакындайын деген эркектик ыкласы менин азалуу сезимимди кордогондой оор тиет. Жаныма жуутпаган сайын Назардын оройлугу күчөдү. Жерди тоң тиштеп, саар-кеч ызгаар суугу бети-колду чымчылап, сөөктөн өткөн тоонун суугунда арыктан сузуп келген шыргалаң сууну кесе-кесе толтура жутуп ички күйүтүм менен ызамды араң басам.

Ошол жылы кыш да катуу болду. Октябрдан баштап эле калың кар түштү. Эки күндүн бириндеп тынбай зампарлап жаайт. Артынан кар учурган бороон-чапкын башталат. Көпөлөктөй болуп каалгып жааган калдыркан канат чоң-чоң кар бүртүкчөлөрүн биринчи жолу ушул жерден көрдүм. Жерге түшсө тоңголок тартып, бири-бирине жабышпай бириндеп турат. Бассаң бут алдыңда кычырайт. Күн кур эмес жүрүп турчу шамал кургак карды тозоңдотуп учуруп, жулунуп-жулкунат.

Тирүүлүктүн көрпендеге ыроологон ырыскылуу күндөрү түгөнбөйт экен. Менин суз турмушума жарыгын тийгизген Евгения деген орус аял менен жаңы жылдык кечеде таанышып калдым. Аскер бөлүгүнүн клубунда өтүүчү жаңы жыл тосуу кечесине баары үй-бүлөбүз менен келебиз деп сүйлөшүптүр. «Аялыңды ээрчите кел, качанга чейин катып жүрөсүң?» – деп Назарга катуу дайындашкан окшойт, ой-боюма койбой «жүр» деп туруп алды.

Клубдун эшигинен кирерим менен баары мени тиктеп калышты. Аял-эркеги, бала-чака аралашкан бул жамаатта мен гана чоочун окшойм. Бакырайган кой көздөрү шам чырактай нур чачып күйгөн, сулууча жаш аял утурлап басып келип, колумдан алды да: «Саламатсызбы?! Жаңы жылыңыз кут болсун?! Жакшы келипсиз. Менин атым – Женя», – деп жетелеп алып калгандары менен тааныштырып чыкты.

Бул кечте баарынан көп сүйлөшкөнүм жана көңүлүмө жакканы Евгения болду. Экөөбүз бир шаарда чоңоюптурбуз. Орус тилин жакшы билгеним арабызды ансайын жакындатып, балаты майрамы бүткүчө мен андан ажыраган жокмун. Аялдын эрке кыялы, куттуу үй-бүлөнүн баласы экенин анын ыйман-ырыскы нурданткан ажарлуу жүзүнөн, жапакеч шайыр мүнөзүнөн көрүнүп турду. Шаңкылдаган күлкүсү бир уккулуктуу. Күйөөсү да узун бойлуу сымбаттуу полковник экен. Экөө бири-бирине жарашып вальс бийлешкенде жашоодо ушундай бактылуу түгөйлөр болоруна таң калып да, ичим жылып да, түнөргөн көңүлүм кичине жазылгандай болду.

Ошол кечтен кийин да Евгения мени үйүнө тез-тез чакырып, ынактыгыбыз күчөдү. Мен аны жөн гана Женя деп атоочу болдум. Ал Гуля дейт. Өзү балдардын сөөк оорулары боюнча дарыгер экен. Райондук ооруканага каттап иштейт. Күйөөсү Михаил талаа-түзгө кеткенде «келсин» деп тестиер уулун жөнөтөт. Назар полковниктин аялына «жок» дешке аргасы жок. Аппак болуп акталган таза, жыйнактуу бул үйдөгү ар бир буюм сүйкүмдүү көрүнөр эле. Бактылуу жана жакшы адамдар жашаган үй куттуу болоруна ошондо ынандым. Чыныгы үй-бүлөнүн мээримин көрбөй өскөн мага Женянын үйү магниттей тарта берет. Түрлөп даамдуу жасаган оокатын заматта жашылча салаттар менен ашемдей салып, жарык кабагы менен столго койгондо табит ачылып, көңүл көтөрүлө түшөт. Уулу да, күйөөсү да Женяны артыкча жакшы көрүшүп, бири-бирин кубандыруу үчүн жашашкан бул үй-бүлөнүн ынтымагына, күйүмдүүлүгүнө ичим жылыйт.

Женя экөөбүздүн туулган күндөрүбүз январда удаалаш экен. «Биздин үйдө бирге тосолу», – деп калды. «Таң эртелеп келе бер. Эркектер ишке барышат, биз экөөбүз кечки үлпөткө даярданып коёлу» – деген эле. Үйүнө кирерим менен столдун үстүндө турган бир кучак кыпкызыл розалар көз жоосунду алды. Чоң-Алайда мындай розаларды кышында турмак жайында да табууга мүмкүн эмес. Көргөн көзүмө ишенбей дал болуп тиктедим. Жаңыдан ачылып келаткан чанактарынан баш баккан кочкул кызыл гүл желекчелердин алоо түсү, буркураган атыр жыты, аруу сулуулугу эс-мас кылат. Мен гүлдөргө арбалып, көз алалбай тиктеп, Женя күйөөсү экөө жаныма келишкенин да байкабапмын.

– Туулган күнүң менен, Гуля! – деди Михаил дал ошондой кыпкызыл розалардын дестесин мага сунуп, Женя болсо кучактап, өпкүлөп куттуктап жүрөт. Күтүүсүз сүйүнүчкө кабылганымдан оозума сөз кирбей буулугуп туруп калыпмын. Кучагым толо түшкөн розанын жыпар жыты, жүзүмдү кытыгылаган баркуттай жумшак желекчелери эч нерсе тең келгис ырахатка бөлөдү.

– Ырахмат! Ырахмат!.. – дегенден башкага жарабай шыбырай берипмин.

Кышкы розаларды Михаил атайын Ошко барып сатып келгенин кийин Женя айтты. Аялынын туулган күнүнө гүл тартуулаш үчүн күнчүлүк жол жүрүп алып келгени мага сүйүүнүн туу чокусундай сезилди. Женя ошондой бийик сыйга бир эмес, миң жолу арзыгыдай аял экенин билсем дагы анын кадырына жете алган эркекке аябай ыраазы болдум. Бийик тоолордун каардуу кышында өзүмдүн туулган күнүмдө белекке алган кызыл розалар жана ошондогу сүйүнүчүм эси-көөнүмдөн алигиче кетпей жүрөт.

Ошондон бери розаларды жан-дилим менен сүйөм. Жыл сайын туулган күнүмдө ушул гүлдү бир кучак кылып сатып алып, үйүмө толтура коюп коём. Розалар жүрөгүмдүн кымбат адамдары Женя менен Михаилди эстетет, экөөндөй бактылуу үй-бүлө курсам деген эңсөөмдү ойготот.

* * *

*– Алар азыр кайда? – деп сурадым мен да эки жакшы адамга кызыгып.*

*– Женябы? Россияга көчүп кетишкен. Эки жыл болду. Телефондон сүйлөшүп турабыз. «Келип, Сургутту көрүп кет. Чоң-Алайдын кышы караандабай да калат бул жердин суугуна», – деп калышат. Дагы кичине бутума туруп алсам, барып келейин деп жүрөм.*

*Гаухар ошол күндү элестеткендей бактылуу жылмайып алды да, анан кайра сөзүн улады.*

* * *

Женя өзү да гүл өстүргөнгө куштар экен. Карапаларда өстүрүлгөн ар түрдүү гүлдөр терезелердин текчелеринде сервант, шкафтын үстүндө тизилип турат. Аларды тиктесең жашыл бакчаны элестетесиң. Кышы узак жана суук өрөөндө Евгения Оштун күнөстүү жазын ушинтип чакыргысы келгендир. Эшикте каарыган аяз, бурганактуу кыш турганда жашыл жалбырактарга оронгон түркүн түс гүлдөр кайра-кайра карагыңды келтирет.

Алардын ичинен бирөөсү айрыкча көңүлүмдү бөлдү. Майда көзчөлөр болуп ачылган пуштуу гүлдөр наристе баланын ааламга таңыркай тиктеген бажырайган көздөрүнө окшоп кетет. Гүл чанактын ортосунда кыска коюу уруктары каректер сымал кара-күрөң

түстө экен. Бир нече көзчөлөр топтошуп десте болуп ачылган. Бул гүл «Анютанын көздөрү» деп аталарын Женядан уктум. Ансайын ага кушум түшүп калды. Менин жүрөгүмдөгү муңду сүрүп чыгара турган наристенин көздөрүнө окшоп сезилчү болду.

«Анютанын көздөрүн» көп тиктегенимди байкап калдыбы, Женя аны мага белекке берди. Гүлдү карапасы менен көкүрөгүмө кысып алып, үйгө келатканымда жүрөгүмдө жылуулук ойгонду. Аны баламдай бапестеп карап жүрдүм. Жаңылап гүл ачкан сайын мурда суук сезилген үйүмө жан киргенсип, мага эрмек табылды. Жакшы карагангабы, дүркүрөп жетилип, бир карапага батпай тамырлап кетти. Жазга жуук бир нече идишке бөлүп көчүрүп койдум.

Төртүнчү жолу боюма бүткөндө Евгения аябай чебелектеп каршы болсо да төрөп алайын деп көктүккө салдым. Төрт жолу кесерово менен көз жарыш өлүмгө баш байлоо экенин өзүм да түшүнчүмүн. Бирок же баланы, же ажалды тилегенден башка бул жашоодо кызыкчылыгым жок эле. Назар «өлсөң өл, калсаң кал» дегенсип ичинен тап болуп түнөрөт.

Тез-тез дарманым куруп, илең-салаң кыбырап жүрүп, айы- күнүмө да жеттим. Операцияны райондук ооруканада жасашты. Мени кесеровогo даярдап жатышканда ак халат кийген Женя да жанымда болду. Жашылданган боорукер көздөрү ымдалышып аяй тиктесе да чыйралта сүйлөп: «Гуля, коркпо! Баары жакшы өтөт! Өзүм катышам. Сен күчүңдү жыйна! Балаңды өзүм багышам. Кудай буюрса, өмүрү узун болот», – деп жатты.

Мени жуундуруп, тазалашып, аппак көйнөк кийгизишип, башымды ак жоолук менен бууп байлашкандан кийин операция столуна чыгаарымда: «Сени кудай колдосун! Кудай жар болсун» – деп чокунуп, маңдайыман өптү. Ак халатчан эки аял колу-буттарымды керип байлап жатышканда терезеден көрүнүп турган теректердин учтарын, булутсуз көпкөк асманды кусадар тиктеп, мүмкүн, акыркы жолу көрүп жаткандырмын деп ойлодум. Чымчыктардын чырлыйттаган үндөрү да «кош» айтышкандай муңдуу угулат. Колдоруна мээлей кийишип күтүп турушкан хирургдардын өңдөрүн тирүүлүктүн акыркы жышааны сымал көздөрүм тойбой алмак-салмак тиктейм. Жок, мен өлүшкө акым жок. Баламды жетим калтырып, кимге таштап кетем?! Ал экөөбүз тең аман болуп, бул жашоонун бак-таалайын да көрүшүбүз керек деп тиштендим.

Наркоздон ойгонуп, эсиме келгенде эң биринчи эле тирүү экениме ишенбей кеттим. Анан баламды сурадым. «Кыздуу болдуң...» – дешти. «Балам аманбы?» – деп кайра-кайра сурай берипмин. Женя өзү көтөрүп келип көрсөттү. Балапан түктүү наристемдин ымыркай жүзү мага жашоонун шооласындай сезилди. Бул шоола өчсө эми мага өмүр сүрүүнүн кереги жок эле.

Кыз төрөлгөнүн уккандан бери Назардын дайыны жок. Биринчи күнү кабагы бүркөө гана менин ал-абалымды оoз учунан сурамыш болуп, жат адамдан бетер терс бурулуп басып кеткен. Эртеси Ошко иш сапарга кетип калыптыр. Эч кимим жогун билгизбей Женя каттап турду. Үйгө да өзү чыгарып келди. Асыл курбум балага керектүү буюмдардын баарын сатып алып, камдап коюптур. Менин көңүлүмдү көтөрүш үчүн биздин жапыз бөлмөбүздү шаңга бөлөп, үстөлгө өзү жасаган пирогун, салаттарын жайнатып, күйөөсүн да чакырып: «Кызыңды жууйбуз!» – деп шарактап жатышты. «Мира» болсун дешип балага ат да коюп беришти.

Мен жаңы төрөлгөн кызыма акыркы үмүтүм менен жармаштым. Маңдайы жылдыздай жарык болпойгон сүйкүмдүү бала болду. Чүрпөлөрүмдү ажалга жулдуруп жүрүп коркуп калган жаным көздөрүм ирмелсе эле бир балээ болчудай күнү-түнү колумдан түшүрбөйм. Назардын гана ага мээри түшкөн жок. «Уул болсо минтмек эместир» – деп ойлойм да, күйөөмдүн бул каалоосун эми орундата албасыма өзүмдү күнөөлүү сезип кетем. Эркек баласыз өтөмбү деп көңүлү бузулуп жүргөнбү? Ошко барганында айылына да кайрылып, үйдө бир күн түнөп келиптир. Кайненем эбирей берип көңүлүн биротоло бузуп койгондур...

Төрөгөндөн кийин өзүм да көпкө чейин тыңып кете албай, күйөөмө да көңүл бура албай калдым. Ушул күндөрү кайра мен анын жардамына зар элем. Жаш бала багуунун түйшүгүн жалгыз тартканга кээ күндөрү көздөрүм караңгылашып, жыгылып түшчүдөй болуп чарчайм. Назар бул абалымды туйган жок. Күндөн-күнгө салкын тартып баратат. Кээде кызым экөөбүз оокат-ашсыз да калабыз. Сүт сатып алганга акча бербей койгон күндөр тез-тез кайталана баштады. Миранын ыйлаган үнүн укса: «Өчүр доошун!» – деп зиркилдеп кетет. Анысына көңүлүм ооруса да үндөбөйм. Баламды аман-эсен чоңойтуп алгандан башканын бары түккө тургус сезилет. Мира үч айлык болгондон баштап, Женя кулагыма кумдай куя баштады. «Гуля, Мирочканын сол жамбашы тубаса чыкма экен, убагында дарылабаса кийин чолок болуп калат. Канчалык эрте гипске салынса, ошончолук тез түзөлүп кетет. Айдай кызыңды майып кылып албайлы...»

Адегенде анын сөздөрүнө көп деле маани бербепмин. Кызымдын өмүрүн эле тилеп жүрсөм буту эмне болуп калыптыр деп этибар албадым. Женя күнүгө айтып жүрүп, акыры ынандырды. Курбума адам катары гана эмес, жакшы адис экенине да аябай ишенчүмүн. «Бекеринен мынчалык безилдебесе керек. Гипске салса салсын, аз-маз кыйналарбыз. Оңолуп кетсе болду да» – деп макулдугумду бердим. Евгения өзү жасамак болду. Негедир ошол күнү ооруканага: «Күйөөң кошо келсин» – деп дайындады. Женя айтты десем, Назар биз менен

бирге барды. Мираны операция столуна жаткырып, аспаптарын, гипстин кошулмасын даярдап алгандан кийин Евгения мага: «Гуля, сен эшикке чыга тур. Назар кармап берет», – деди. Кызыма боор толгоп кыйылсам да, бир чети көзүм көрбөсүнчү деп сыртка жөнөдүм. Дарбазанын алдында турам. Бир убакта кызым «чыр-р» эте ыйлап жиберди. Чыдабай кирип бардым. О шорум! Шорум дагы эле түгөнө элек экен. Баламдын уздай татына толмоч буттарын талтайтып эки жакка керип таштап, согончогунан жамбашына чейин гипске катырып жатыптыр. Кызым эмне болуп кеткенин түшүнбөй бар күчү менен буттарын тарткылап, кыймылдата албаганда бакырып ыйлап жатат. Оор гипс барган сайын калыңдап, сулкуйган кишенге айланды. Бешикке да бөлөбөй, же катуу таңып чүргөбөй бош коюп баккангабы буттары татынакай толмоч болуп, тынымсыз туйлап, түнкүсүн жамынчысын да тепкилеп ачып салчу. Эми алар эки жакка түптүз болуп керилип, оор жана муздак гипстин ичинде кыймылсыз катырылып турарына ичим күйүп мен да чыдабай ыйлап жибердим. Евгениянын колдору калтырап, чекесинен тер чыга түштү. Ыйыма ачуусу келип «эшикке чык» деп кубалайбы деп коркком. Урушканга дарманы да жеткен жок. Ишин бүткөндөн кийин да мени тиктей албай тескери бурулуп алып колдорун узакка жууду, үнү да чыкпады. Назар кызымды булкуп көтөрүп жолго түштү. «Эмне үчүн күйөөңдү ээрчите кел» дегенин эми түшүндүм. Мага демөөр болсун деген тура. Атасынын колунда кызым ыйлап, анын артында мен ыйлап жолдо келатабыз. Ушул бейкүнөө наристени кыйнагандан көрө бардык дартын мага бербейби, Кудай деп сыздайм...

* * *

*Гаухар үнү буулуп, кардыга түштү. Ошол күндөрдүн кайгысы көңүлүнөн кете элек экен. Өзүн өзү басыш үчүн оор үшкүрүнүп алды да баштыгынан уйпаланып калган эски көк дептерди алып чыкты.*

*«Күйгөн катын кошокчу» дегендей жаш экенимде көп тарткан азабым мени жазуучу кылды, эже... Күндөлүк жазышты Женя үйрөттү. «Эч кимге айта албасаң кагазга түшүрүп кой, жеңилдеп каласың. Ичиңе сала берсен оору болот» деген эле. Көзү ачыктай аял экен. Күндөлүк менин жан сырымды жашырбаган сыркечиме айланды. Муну окусаңыз? – деп «№1» деп чоң жазылган дептердин биринчи бетин ачып, колума карматты.*

* * *

«Дароот-Коргон. Шаршемби, сентябрь.

Олдо, кагылайын кызым ай! Бул күндү мен эч качан унута албасам керек. Бүгүн сени кайрадан экинчи жолу төрөгөндөй болдум. Жок, бул азабыңды тарткандан көрө төртүнчү жолу кесерово болуп төрөш алда-канча жеңил болгон экен. Операциядан кийинки алгачкы сааттарда жан чыдагыс оорудан ыйлаган эмесмин. Ичимдин кесилген жараты айыга электе өзүңдү көтөрүп, өйдө-ылдый кылып кыйналганда ыйлабапмын. Кээ бир күндөрү жашашка күчүм калбай калгансып, шайым ооп, көздөрүм тунарып кетчү. Анда да көзүмдөн жаш чыккан эмес. Жанымды уучтап алып тиштене сени багып жаттым. Анткени бошошууга акым жок эле. Жашоого жаңыдан келип, эмчек сурагандан башка камы жок наристемдин ден соолугу, өмүрү мага байланып турса белимди бекем буугамын.

Ошол азаптуу күндөр эч качан бүтпөстөй сезилсе да күн өткөн сайын сен да чоңоё баштагансың. Өзүңдү колумдан түшүрбөй көтөрүп эле жүрүп: «Ой, Мирочкам чоңоюп калыптыр!» – деп таң кала берчүмүн. Сен ыйлаганда жумшак болот деп куш жаздыкка жаткырып алып, алдейлеп сооротчумун. Бара-бара ошол жаздыкка батпай буту-колдоруң суналып чыгып калчу болгон. Мойнуңду токтотуп, башыңды көтөрүп, жалаяктан чыгып, шым кие баштагансың. Мен да кубатыма кирип, өзүңдү кыйналбай бакканга жарап калдым. Үч айлыктан өткөндөн кийин ыйлаактыгың азайып, түнкүсүн тынч укташка көндүң. Менин да көп күндөрдөн бери көңүлүм тына баштаганы ушул эле. Бирок уйку көрбөгөн оор түндөрдөн кутулдум деп сүйүнгөнүм эрте болгон экен. Бүгүн сенин периштеникиндей ууз буттарыңдын гипске кыймылсыз болуп катырылганын көрүү бардык кыйналганымдан ашып түштү.

Бул кайгымы сөз менен жазуу мүмкүн эмес. Үйгө ыйлап-сыктап келгенибизден кийин атаң сени үндөбөй колума карматты да чыгып кетти. Ошол бойдон түнү да келбеди. Сен адегенде буттарыңды бошотом дегендей булккулап, анан жаның кыйналгандай чыңырыпсыздадың. Көздөрүң менден өтүп, жардам сурагандай жалынычтуу тиктеп, жашың мөндүрдөй төгүлүп турду. Заматта эле бетиң чүңүрөйүп, арыктай түштүң. Күлбөй да калдың. Ошол түнү экөөбүз тең уктаган жокпуз. Тынымсыз кыңкыстаган өзүңдү сыздаган жүрөгүмдүн тушуна бекем кысып көтөрүп жүрүп таң атырдым. Жер жарыганда чарчадыңбы, кирпиктериң катып, уйкуга кирдиң. Түнү бою кирпик какпасам да Мира уктап жатканда сүт алып келип алайын деп шашып калдым. Көчөнүн башында жашаган аялдан сүт алып турчумун. Жоолугумду чала-була салынып, көлөшчөн

эле эшикке чуркап чыктым. Эрте мененки салкын аба кеңгиреген башымды бир аз сергиткендей болду. Сүт берчү аялдын үйүнө жакындай беpеримде капыстан Назардын караанын көрүп калдым. Ал жаңы түшкөн бир кабат жатаканадан чыгып келатыптыр. Бул үйдө Чоң-Алайга эки жактан келип иштеп жаткандар жашашчу. Адегенде күйөөм эмне үчүн жатаканадан чыкканына таң кала түштүм. Кечээ келбей калганда күзөттө турса керек деп ойлогом. Ал мени көрмөксөнгө салып чоң жолго бурулуп кетти. «Назар, Назар!» – деп артынан кыйкырып ээрчий бастым. Жүрөгүмдү кайгы алсыраткан оор түндөн кийин карайлап турганымда ал көзүмдөн учканы ай! Назар бурулуп караган жок. Токтобой кеткен анын артынан тиктеген бойдон эмне кыларымды билбей бир пас турдум. Анан ал кимдин үйүнөн чыкканын билгим келди. Көздөрүм гүл өстүргөн терезеге урунду. Менин үйүмдөгүдөй эки карападагы «анютанын көздөрүн» көргөндө көңүлүмө күдүк ой келди. Назардын мындан бир-эки ай мурун: «Начальниктин кабинетине гүл алып келгиле деди» – деп ушул карапаларды алып кеткенин эстедим. Гүлдөр турган бөлмөнү тушмалдап барып, эшигин черткиледим. Кыска кыркылган чачтары иретсиз уйпаланган, көкүрөгү ачык кооз халат кийген жаш келиндин магдыраган жүзү мени көргөндө суу сепкендей жазгана түштү. Анан ооз ача электигимде эле:

– Күйөөң жок үйдө! – деп ийди шашып.

– Мен күйөөмө эмес, гүлдөрүмө келдим, – дедим.

– Аларды мага Назар туулган күнүмдө белек кылган.

– Меники ал гүлдөр! Мен өстүргөм!...

Келин арасат ойдо тиктеп калды. Анан эки карападагы гүлдү көтөрүп чыкты да, колума да бербей жерге тарс коюп, эшигин катуу жаап алды. Гүлдөрдү бекем кучактап алып, үйгө жөнөгөнүмдө буттарымдын алы кетип, зорго эле шилтенип жатты. Эримден эч деле жакшылык күтпөй калганыма көп болгон. Бирок өз канынан жаралган баласынын жаны кыйналып турган бул түнү ушундай карөзгөйлүккө дити барганы жаныма катуу батты. Жүзүмдү күйгүзүп шорголоп аккан көз жашым эриндеримден сарыгып, шор даамданат. Жат терезеде өсүп жүдөй түшкөн гүлдөрүмдү боорума кысып алып, шамалда кайыккан камгактай ыргалып, бул дүйнөдөн безип кетким келип, темселеп келаттым.

Назар ошол боюнча кайрылып үйгө келген жок. Баткенге которулуп кеткенин кийин уктум. Бул жөнүндө кийим-кечегин алып келүүгө жөнөткөн досу айтты. Ал кабарга эми кайгырган деле жокмун. Мен аны менен көңүлүмдө алда качан эле коштошкон элем. Женя кийин айтат, Михаил менин таламымды талашып, аны менен эркекче сүйлөшкөн имиш.

– Мындай күйөөнүн барынан жогу. Ал сенин теңиң эмес эле. Бирок бирге жашап турганыңарда унчуккан эмесмин. Баягы келин менен байланышып алганына көп болгон. Миша канча жолу чакырып алып урушту, ажырата албай койдук. Бирок түшүнбөйм, кетеринде анысын деле таштап кетти дешет.

– Ал эч кимди сүйгөн эмес, сүйө да албаса керек.

Бул ой биринчи жолу дилиме келди. Көп жылдардан бери Назардан издеп, бирок таппай, турмушумдун тузун кемитип келген чындыкка эми көзүм ачыла түштү. Менин канча жылга созулган азабымдын өзөгү ушунда экен. Аялды түгүл өз баласын сүйө албаган эркек эч кимди бактылуу кыла алмак эмес.

– Гуля, сүйүүсүз турмуш бул – чоң бактысыздык. Ага окшогон кемпайга өзүңдү кор кылбай азыртан ажырашып кеткениң бир чети жакшы болду. Али жашсың… Өзүң арзыган жана өзүңдү арзыган адамды сөзсүз изде...

* * *

Эми Чоң-Алайда жүрө турган илинчегим деле калган жок. Бирок кызымдын буттарынан гипс алынганча кетпей турайын деп чечтим. Анын үстүнө башка жакта бизди күтүп, же чакырып жаткан деле ким бар. Ошентип, балам экөөбүз ээн үйдө жат жердин дагы бир кышын кыштоого калдык.

Чоң-Алайдын октябрь айында башталган каардуу кышы узакка созулат. Быйыл кар жылдагыдан башкача оор түштү дешти. Эки күндүн биринде зампарлап жаай берип, жапыс үйлөрдүн төбөлөрү гана дөмпөйүп көрүнгөндөй кылып көөмп салды.

Кардын оордугун көтөрө албаган дарактардын шактары жерге тийгиче ийилип, жоон бутактар да айрылып сынып жатат. Күн ачык күндөрү уудай аппак кардын бети бриллианттын күкүмдөрү чачылып жаткандай жылтылдап көз уялтат. Кир чалбаган ак кардын мындай сулуулугу, абанын тазалыгы бийик тоолордо гана болсо керек. Бирок күн тийип турса деле каарыган аяздын суугу сөөктөн өтөт. Сансыз ийнелер ачык калган бети-колуңду чымылдатып сайгылагандай үшүйсүң. Карды тозоңдото сапырган бороону да бат-бат болуп турат. Алай-дүлөй түшүп, борошологон шамал айрыкча түнкүсүн эшик-тереземди тытмалап, улуп-уңшуп, үрөйдү учурчу болду. Мындай түндөрү жалгыздыктан жана коркунучтан үшүм кетип, Мирочкамды боорума кыскан бойдон уктабай таң атырам. Жашоо да эшиктен бурганактуу караңгылыктай ырайымсыз туюлат.

Шамал учурган кар күрткүсү бир жолу түнкүсүн үйүмдүн дарбазасын тиреп салыптыр. Эртеден-кечке эшикке чыга албай олтурдум. Иштен кийин кабар алайын деп келип калган Женя коңшуларды чакырып, эки кишилеп күрөп жатып зорго ачышты. Ошондон кийин Михаил бурганак болгон күндөрү жоокерлерден жөнөтүп, алабалымды суратып турчу болду. Назардын эки айлык эмгек акысын да мага бергизген. Ошону себелеп күн көрүп жаттым. «Кой» десем болбой Женя да тынбай майда-чүйдө ташыйт. «Суукта убара болбо» – деп баламдын буттарын да үйгө келип көрөт. «Жакшы бүтүп жатат» деген сөздөрүнө канат байлап калам. Бул кайрымдуу адамдар мага бир бооруmдан бетер жакшылык кылышты, аларга кудайдан кайтсын деп үч маал тилейм.

* * *

«Декабрь. Жекшемби. Дароот-Коргон.

Мирочкам, күн сайын чоңоюп жатасың. Жөрмөлөй турган, казказ тура турган маалың да келди. Ошого аракет жасап, бирок гипске катырылган буттарың кыймылдабаганда, ызаланып ыйлап жиберчү болдуң. Бүгүн экөөбүз ойгонгондон кийин да төшөктөн турбай көпкө жаттык. Жанымда олтургансың. Анан мени таянып, кыйналып жатып, өйдө болдуң. Кайра коркуп кеткенсип отура калдың. Кайра турдуң, кайра жыгылдың. Кантер экен деп үндөбөй карап жатам. Ушинтип кеминде жыйырмадай жолу туруп, жыгылдың. Каз-каз туруш эмне экенин билип калыпсың. Буга өзүң аябай сүйүндүң. Сенин бул далбасыңды көрүп эзилип кеттим. Буттарыңда гипс болбосо балалыктын доорун күлүп-жайнап сүрөр элең да. Өзүм өксүк өскөнүмдүн эсесин чыгарып, сени эч нерседен кем кылбай, көз жашыңды көрбөй чоңойтсом дегем…

Гипстин алынышына дагы эки ай убакыт бар, – дейт Женя. Ага чейин күн өтпөчүдөй заманам куурулуп жүрөт. Кызым майып болбой, жамбашы ордуна түшөр бекен, сөөгү өсүп кетеби, өз убагында басабы? – деген кыжаалат ойлордон чарчап бүттүм. Сен жөрмөлөй албасаң да таканчыктап олтуруп-турасың. Ушул да азырынча экөөбүз үчүн чоң жеңиш. Атаң болсо сенин тарткан азабыңды туюп-сезген да жок. Бала багууга каралашпаса, анын түйшүгүн билмек беле…»

* * *

«Март. Ишемби. Дароот-Коргон.

Кыш жарымынан оогондо, Женя келип гипсти алды. Калыңдап кабатталган гипсти чоң аттиш менен экөөлөп зорго кыркып, буттарыңды бошоттук. Ичкерип сөөктөрү буралып, кокочо болгон, сийдик жалап жара болуп кеткен буттарыңды көрүп алып дагы ыйладым. Кантип чыдадың экен бул кыйноого, балам?!

Эртеси рентгенге алпарып түшүрдүк. «Жамбашы жакшы айыгыптыр» – дешти. Муну укканда ушунчалык сүйүндүм. Үстүмдөн ныгырып турган оор жүктү алып таштагандай өзүмдү жепжеңил сезип, ооруканадан канат бүткөндөй учуп чыктым. Ушул күн Мирочкам жана мен үчүн өзгөчө болушун кааладым эле. Бир жылдык мээнетимдин, сары оорудай чырмаган сарсанаамдын, кызымдын кыйноо тартканынын акыбети кайткандагы кубанычымды ким менен бөлүшөрүмдү билбедим. Мирочкам түшүнчүдөн бетер аны өпкүлөп, куттуктап, айланып-жалбарып жаттым...»

* * *

«Март, Жекшемби. Дароот-Коргон.

Кызым, күндөлүккө бир гана сен жөнүндө жазып жүрөм. Качандыр бой жеткениңде окусаң энелик ой-сезимимди, бала деген жүрөк талабымды түшүнөр бекенсиң? Мен сага булардын баары жөнүндө айтууга үлгүрөмбү, турмуштун жолун көрсөтөр акыл-сөзүмдү айта аламбы – бир Кудай билет. Ошон үчүн бардык ой-тилегимди азырынча күндөлүккө түшүрүп жүрөм. Чын эле ушунун баары кызым экөөбүздүн башыбыздан өттүбү? – деп таң калам кээде өзүмдүн жазгандарымды окусам. Адам баласы кыйынчылыкты да, жакшы-жаманды да өтүп кеткенден кийин тез эле унутуп коёт экенбиз. Ылайым, эми жалаң гана сүйүнүчтүү нерселерди жазсам экен».

* * *

Ошентип Мирадан көңүлүм тынчыгандан кийин мындан ары кантип жашоо керектигин ойлоно баштадым. Чоң-Алайдын мен үчүн түйшүктүү өткөн узак жана каардуу кышы көңүлүмө көк таштай тийиптир. Жаз келишине дагы бир топ убакыт бар. Бул жерде апрель аяктатып, анан кар эрий баштайт. Ош жактагы жадырап ысык тий-

ген күнөстүү күндүн нурларын, жашыл жазын эңсеп, көзүмдөн учат. Канатым болсо учуп жеткидей болом.

Акыры кыштын да каары кайтып, күн жылымтык тартты. Ноябрдан бери сулк жаткан улуу кар да жаратылыштын өкүмүнө баш ийип, дал-далынан жыртылып, эриген кардын киргилт суулары көлчүктөп, сансыз майда арыкчалар болуп агып, тоонун ала-шалбырт жазы башталды. Бул маалда Ошто өрүктөр гүлдөп, көк чыгып, кыштын изи да калбаса керек. Ушинтип ойлогондо көктөмдүн жылуу мекенине делгирүүм ансайын күчөйт. Көңүлүмдө Чоң-Алайдан кетүүгө эчак даяр элем, жолго чыгаар гана бир буйрукту күтүп жаткансыдым.

Бул ниетимди Женяга айтпадым. Ал: «Жаш балаң менен кайда барасың? Үй-жайың, ишиң жок, кантип жашайсың?» – деп ынанбасын билип турам. Анын үстүнө күйөөсү экөө: «Балаңды кичине торолтуп алсаң, бала бакчага берип коюп иштей бересиң. Өзүбүз иш таап беребиз» – деп жүрүшкөн. Жалгыздыктын дүпөйүл санаасы менен өткөргөн оор кыштан кийин бул жерде бир күн да тургум жок. Балалыгым өткөн Ош шаарынын кучагы кайра мага жылуудай, берешендей боор тартып тургансыйт. Интернатта жүргөнүмдө мени өз кызындай көргөн тарбиячы эжем Зинаида Алексеевнаны ойлоп, эш тутам. Такыр айлам түгөнсө ага барам. Талаада калбасмын деген үмүткө жубанам. Текстиль, жибек комбинаты деген ишканалар турбайбы, пол жуугуч болуп иштесем да жанымды багып кетермин деп, толгон-токой ой-кыял жолго чакырат.

Акыры бир күн бар болгон көрөн-шеренимди таңдым да, алдыда мени күтүп турган белгисиз тагдырыма тобокел деп бел байлап, сапарга чыктым. Кетеримдин алдында жашаган үйүмдүн тышын аппак кылып актап кирдим. Дароот-Коргонго келгенден бери каалап жүргөн ишти акыры аткардым. Көңүлүм кыйла тына түштү. Менин эки жылдык өмүрүм, кайгы-кубанычым калган үйдү агартып койгонума сүйүнүч менен коштоштум. Өстүргөн гүлдөрүмдү бала бакчага алып барып бердим. Дароот-Коргондон жүк ташыган айылдык шоопурлардын бири менен сүйлөшүп койдум эле. Таңга жуук үйдөн келип алып кетти.

Женяга коштошо албай кат жазып калтырдым. Ага ыраазычылыгымды эч бир сөзгө сыйбаса дагы жаздым. «Силердей адамдар бар үчүн бул жашоодон көңүл калбай, жакшылыктан үмүт үзбөй өмүр кечирип, өз бактымды издөө үчүн жөнөдүм». Сары-Ташка жетерин жетип алып, Ошко кетүүчү машина күтүп көпкө зарыгып калдым. Бул жерден Ош – Эркечтам трассасы өтөт. Кан жол эмеспи. Бирар жарым бош машине келип калса, кабинасына олтуруп алармын деп ойлогом. Ал убакта такси дегендер каттабайт эле. Далдоодо турсам

көрбөй өткөрүп жибербейин деп баламды көтөрүп жол боюнда тикемден турам. Жүгүм да жанымда. Сары-Таштын айтылуу ызгаар шамалы этек-жеңимди жулмалап, сөөктөн өтүп баратат. Кызыма суук тийгизип албайын деп кабат-кабат орогом. Ал да жол азабын туйгансып, жүзүн көкүрөгүмө катып былк этпей калды.

Эркечтам чек ара порту тараптан кытай товарларын дөбөлөнтө үймө жүктөп, таш бакадай кыбырап жүргөн КамАЗ бирин-сериндеп болсо да өтүп жатты. Бирок баарынын кабинасы бош эмес. Эки-үчтөн жайланышып олтурушкан жүргүнчүлөр: «Суукта жаш баласы менен жолго чыгып эмне күч келди экен?» дегенсишип кылчактап тиктеп өтүшөт. Кемпирлердей болуп тумчулана оронгон чоң жоолугум менен үстүмдөгү эски пальтомдон корунуп, жүзүмдү ала качып, бечара абалыма маанайым пас болуп турам. Эртеңки күнүмдүн белгисиздиги желкемден зылдай болуп басканычы. Кара бороон эми кар аралаш жамгырдын майда тамчыларын учуруп борошолой баштады. Мени жалпайта салчудай болуп күү менен ышкырып келип, каршы-терши согуп өтөт. Заманам куурула түштү. Кызымды курутуп албайын деп корктум. Эки көзүм тешилгиче жолдон өтүп, бар күчүм менен тиштенип тура бердим.

Жайдак өрөөндү кашкайта бөлгөн таш жолдо жыландай сойлоп зыпылдап келаткан агыш боз «Волганы» алыстан эле көрдүм. Бирок анын көз уялткан жаңылыгы үмүтүмдү үздү. Мындай кымбат баалуу, аппак машиненин ээси эски кийимчен жаш балалуу жүдөгөн аялды кайдан түшүргүсү келсин деп ойлодум. Же бир чоңдун, же текеберлүү байдын унаасы болсо керек. Караламан элде мындай «Волга» жок эле. Ушундай ойдо кол да көтөргөн жокмун. «ГАЗ–24» жакындап келгенде рулда олтурган аскер кийимчен салабаттуу эркектен башка ичинде эч ким жок экендигин көрсөм да жүзүмдү буруп, тескери карап калдым. Машине менден өтө берип, сүрдүгө токтоду. Жерге түшүп арт жакка карай баскан аскер адамы:

– Каякка барасыз? – деп сурады. Мен ал кимге сүйлөп жатат экен деп жан-жагымды карадым. Эч ким көрүнбөйт.

– Ошко кетесизби? – деп кайталап сураганда гана мени тиктеп турганын байкадым.

– Ооба, – дедим таң калып.

– Олтуруңуз, – деп өзү арткы эшикти ачып, орун бошото баштады.

Илгичке илинген бырышы жок аппак көйнөгүн, погону, полковниктик даражанын жылдызчалары басылган аскер кителин ары жылдырып, машиненин бооруна илди да, бут кийим салынган кутучаны, жылуу одеалды бүктөп бир четине койду.

Ушул убакта анын келбети келишкен узун бою, чыкыйында ак аралай баштаган күмүш түстүү кыска чачы көздөрүмө урунду. Эр-

кектин бакубат турпатынан ички кубаттын сүрү чачырап турат экен. Кызматы улук адам экенин көргөнүмдө ансайын жазгана түштүм. Ал буюмдарын жайгаштыргандан кийин боюн түзөп жатып:

– Мына эми кеңири олтуруп алыңыз, – деди жылуу үн менен.

Анан жүгүмдү жерден алып багажына салып койду. Машиненин арткы орундугуна коомай олтурдум. Сырты кандай аппак болсо ичи андан бетер ууз сүткө чайкагандай кооз экен. Агыш манат капталган жумшак орундугуна суу болгон кийимдерим менен булгайм го деп тартынып, корунганымдан бүрүшүп алдым. Мен антип-минтип эсимди жыйгыча машине ордунан жылды.

Сары-Таштын ызгаардуу шамалынан, чучукка жеткен кара суугунан кийин «Волганын» ичи уядай жылуу, бейиштин төрүндөй керемет сезилди. Таш жол менен кетпаратпай эле учуп жөнөгөнсүйт. Орундуктары да мамыктай жумшак экен, манат капталган жөлөнгүчүнө башымды койсом куш жаздыкка жаткандай мемиреп баратам. Машиненин алдыңкы айнегине чаба жааган майда тамчылардын шыргалаң муздактыгы сезилбей, туман түшкөн ээн талаалардын, чокуларын булут чүмкөгөн улуу тоолордун каардуу кышы да унутулуп, денеме жан киргендей жылуулук жайылып, бир башкача мээримге балкый түштүм. Кызым да жаны жай алып, эмчегимди эмгендей көшүлүп уйкуга кирди.

Жолду бир топ арыткандан кийин машиненин ээсине көз салдым. Жүзүн бая сүрдөгөнүмдөн тике карай алган эмесмин, азыр кыйгачынан көрүнүп турду. Ак саргыл, каш кирпиги суйдаң. Рулду кармаган колдору аппак, манжалары узун сыйда экен. Эркектин да ушундай сулуу, жумшак колдору болот экен – деп таң калып коём. Мындай колдордун ээсинин да жүрөгү өзгөчө жумшак, мээрбан болсо керек.

Эркек мага кайрылып тиктей албаса да кез-кез үн катып сөзгө тартат. Менин ким экендигимди, кайда бараарымды бир да жолу сураган жок. Өзүм да кыябы келбегендиктен айтпадым. Чоң-Алайдын эл-жери жөнүндө уккан-билгенибизди сүйлөп коёбуз. Көбүнчө ал кеп салды. Өзү чоң-алайлык болорун, айылда жашаган апасынан кабар алып келатканын, бала-чакасы Ошто турарын билдим. «Машине кызматтыкы. Жүргүнчү алышка болбойт. Бирок балалуу аялды көргөнүмдө таштап өтө албайм», – деди. Эмне үчүн мен кол көтөрбөсөм деле токтотуп салып алганын эми түшүндүм. Бул адамкерчилигине ыраазычылыгым менен кошо аярлуу бир сезим капыстан ойгонду. Эркек адамга көз салып, анын ар бир кыймылына назарым түшүп, доошунун жагымдуулугу, орундуу сөздөрү жүрөгүмдү сары майдай жымыратып жылыткан сезимге биринчи жолу туш болдум.

Желдей сызган жумшак машинеде туман каптаган ашууну кантип ашканыбызды, карт күрткүлөрдү салаңдаган жар түбүн бойлоп, капчыгайдан өткөнүбүздү байкабай магдыраган сезимге термелем. Кары кете элек бийик ашуудан түшкөндөн кийин жолдон бурулуп, дарыянын жээгине токтодук. Кууш капчыгайда кысылып, тереңи көрүнбөй, күкүктөп аккан тоо суусу кең жылгага чыкканда өзөнгө кошулуп, мелмилдеп тынчый түшүптүр. Куюлушуп агып бараткан агымы ташка урунуп серпилсе күн нуруна чагылышып, күмүштөй жаркырайт. Өзөндүн кайберен изи түшпөгөн ээн жээгинде чычырканак, ит мурун, долононун сейрек бадалдары өскөн. Тал күчүктөп бөртө баштаган сабактарынан көктөмдүн ууз илеби келет. Өткөн жылдагы күздүн чириндилерин түртө кылтыйып, баш баккан жан серек көк майсаң жашыл жабыр болуп, жерди каптай баштаган экен. Машине дарыя бойлой барып токтогуча сагынган жаздын ар бир белгиси мага жаңылык көрүнүп, көздөрүм тойбой өрөпкүп тиктедим.

– Бутту жазып алалычы, – деди полковник мага бурула карап. Анан колумда уктап калган Мираны көрүп, өңү жылый түштү. – Уктап жатабы? Жылуураак жаап алыңыз, айнектерди ачып койсом шамалдап калбасын.

Машиненин алдыңкы айнектеринен каптап кирген таза жана салкын абадан көкүрөк толо дем алып, узак жолдо талыкшыганым жазыла түштү. Полковник чылымдын бир даанасын кармап сыртка чыкты. Кызымдын уйкусун бузбайын деп ордумдан козголгонум жок. Бизден көп деле узабай айдарым желаргыга жүзүн ырахаттана тосуп турган сапарлашыма алдыртан көз салдым. Аскердик катаалдыгы менен мээримдүүлүк таң каларлык айкалышкан сом темирдей келишимдүү турпаты кайра-кайра карагыңды келтирет. Ал жай чылым соргончо жымжырт турган дүйнөгө куштарлангандай бирде аппак түсү көздү уялтып, кар-мөңгү уюп, жаткан тоолордун чокуларына, булутсуз көкмөк асманга чалкалай тиктесе, бирде тоо бооруна жармаша өсүп келаткан арчалардын жаш көчөттөрүнө кумарлуу көз салып, жашылдана баштаган талаалардан алда-нени тыңшагансып мемиреп тунжурайт.

Мындай жайбаракат мүнөттөр анын турмушунда өтө кем болсо керек деп аяй ойлодум. Бул оюмду коштогонсуп, табигат да мээримин чача кеңирсип жандүйнөнү бөпөлөгөн берешендиги артып, эркегендей түрү бар. Сары-Таштын бурганактаган жааны ашуудан бери өтпөптүр. Кылайган булут жок тунук көк асмандан жазгы күн таптуу нур төгүп, көөп турган жерден буу көтөрүлүп, аба таптаза. Бажырайып гүлдөгөн чаңкай сары түс каакымдар жерге жылдыздарды чачып таштагандай көздү арбайт. Талаада ойкуп-кайкып учуп, бадалдарга коргологон куштардын сайраган добуштары да көңүлдүү.

«Өлбөгөн жанга жаз ушинтип келет тура» – деп улутунуп алдым. Кечээги түнөргөн көңүлүмдөгү сарсанааны жууп-чайган ушул жыргалдуу сезим менин тарамыштай түйүлгөн муун-жүүнүмдү бошотуп ийгенсиди. Ушул саам өзүмдү да аябай аяп турдум. Жетимдик менен жалгыздыктын мусапыр тагдырына кыңк этпей баш ийип, маңдайымдан сылаар жакын адамым жок, наристемди боорума кысып алып белгисиз сапарга бел байладым. Бирар сааттын ичинде эле мени айкөлдүгү, ички кудурет-күчү менен багындырып алган ушул полковниктей эркек эмне үчүн мага буюрбады экен? Же ага окшош агам болсочу, атаганат! Ой тобоо, көөдөнүмдө тыпырап туйлаган жүрөгүм кантет! Көп жылдардан бери анын бар-жоктугу билинбей дымып калган эле.

Полковник чылымын чегип болгондон кийин суу жээгине барып, бети-колун чайыды. Ар бир кыймылы аярлуу, калбаат. Табигаттын кереметин сезип-туюп, ырахаттан эркектер да болот экен ээ деп таң калып коём. Бул касиети менен көз алдымда ансайын бийиктеп баратат. Суу жээгинен келгенден кийин ордуна жайланышып олтуруп, жол баштыктын оозун чече:

– Эми кичине өзөк жалгап алып, жолго чыгалы, – деди.

– Багаждагы түйүнчөктө нан-пан бар эле, – деп күймөнө түштүм.

Дагы эле ойгоно элек кызым колумда жаткан.

– Тек эле коюңуз. Мынабу экөөбүзгө түгүл он адамга жетер ...

Ортого салфетка жайып, тандырга бышкан патир нан, боорсок, куурулган эт койду. Минералдык суу менен чөйчөктөрү да даяр экен. Чарабзалы менен этти туурап жатып:

– Карыган апам бар айылда. Кичүү үкөм менен жашайт. Энеге өмүр бою бала бойдон калат экенбиз. «Коюңуз» десем болбой колунда барын баштык толтуруп салып берет жарыктык.

«Ушундай уулу бар кандай бактылуу эне!» – деп чын дилимден суктанып алдым. Сапарлашым апасы жөнүндө сүйлөгөндө өңүндө жылуу жылмаюу турду:

–Атабыз кичине кезибизде өлүп калып, апам беш баланы жалгыз багып чоңойтту. Баарыбызды окутту. Биздин үйдө төрт юрист барбыз.

Полковник сөз арасында «алыңыз, жеңиз» деп тартынганымды билип, улам боорсоктон, эттен колума карматып коёт. Минтип эч ким оозума тамак тутуп жедирбеген жаным ансайын эркедим. Анын сулуу, шадылуу колдорунан мээримдин илеби кошо келгенсийт. Нан да, эт да өмүрүмдө жеп көрбөгөнүмдөй өтө даамдуу сезилди.

Мен жөнүндө эч нерсе сурабаса да жупуну кебетеме көз кыйыгын салып карашында эле абалымды түшүнүп койгондур. Өзүм болсо эмне дээр элем. Ага жан дилим менен муң-кайгымды айтып, бошонуп алгым келсе да ичимден тындым. Ансыз деле бечара кебетемден ко-

рунуп турам. Жакшылыгын аябаган адамдан дагы кайыр тилегенсип даттанар жөнүм барбы...

Жолго кайра чыккандан кийин түш оой Ошко жакындадык. Дарактар жалбырак жайып, өрүктөр гүл төгүп калыптыр. Агат салынган тилке-тилке талааларда иш башталган. Бирок жол бою жаздын көркүнө, жадыраган жылуу нуруна өрөпкүгөн кубанычымдан эч нерсе калган жок. Оштун көгүлтүр туманга оронгон караанынын фонунда көөкөрдөй койкойгон Сулайман тоосу улам дааналап көрүнүп, жол кыскарган сайын аябай тынчым кете баштады. Чөнтөгүмдө аз гана акчамды ичимден кайра-кайра санап, жол кирееге канча сом берeримди билбей кыжаалат болдум. Жүк ташуучу машинелерге түшсөм жол акысы мага дайын эле. Бирок мынабу «Волганын» киреси эки эсе кымбат турса керек. Акчам жетпей калып уят болбосом экен деп корkконум андан бетер. «Бул – аз» – деп наарзы болсо жети өмүрүм жерге кирет го. Шаарга киргенибизде адам да, машине да кымгуут кең көчөлөр көңүлүмдү бөлө албады. Уят менен кыжаалатчылыктан кичинекей жүрөгүм тыбырайт.

Автобекетке жакындаганыбызда: «Каерге түшөсүз» – деди сапарлашым. Мен базардын аялдамасын айттым. Күн мурун түзгөн болжолум боюнча чоң базардын ичиндеги «Кербен сарайга» токтоп, жашай турган жай тапкыча бир-эки күн турайын дегем. Бул арзан мейманкананы күйөөм менен базарлап келгенде көргөм. Аялдамага жеткенибизде эркек жеңилдегендей сүйлөдү:

«Мына эми аман-эсен жетип алдык. Коштошолу...» Мен баштыгымды чукулап акча издеп жатканымды көрүп, калбаат сүрү менен тыя кетти: «Кой, түшө бер! Мен акча албайм!» Үнү өкүнүчтүү угулду. Машинесин жүргүзгөндө мени кайрылып карабады. Өзүм бул күтүүсүз окуядан эсимди жыя албай, ырахмат айтууга да үлгүрбөдүм. Ак «Волга» дароо эле машинелердин агымына кошулуп, бир көрүнүп, бир көрүнбөй алыстап баратканын селейип тиктеп турдум. Ал көрүнбөй калгыча умсуна тиктеп, көз алдымда калган эсеп санын кайра-кайра жаттай бердим. Эмнеге бул санды эстеп калгым келди экен? Же качандыр жакшы күндө жолугушуп каларбыз деген үмүтүм бүлбүлдөп жандыбы? Машинеде келатканымда бир башкача тынч алып мемирей түшкөн жандүйнөм полковник менен кошо кеткендей кыйылып турам. Эңсеген шаарымдын уу-дуу шарында эс-учумду жыя албай эндиреп, аялдамада көпкө олтургандан кийин бир колума баламды көтөрүп, бир колум менен жүгүмдү сүйрөп, базарды көздөй бет алдым.

**Биринчи баяндын акыры. 2004–2005-жыл. Ош шаары**



*Публицистикалык баян*

**Абдымомун КАЛБАЕВ**

# СУЛАЙМАНКУЛ БОЛУШТУН НАРКЫ

**(Уландысы. Башы өткөн санында)**

## Нурмолдону сындыруу

Кечээ эле Кароо деген жерде Ташкулдун тоюнда Авлетимден Сулайманкул болуш, Сыныдан Алишер казы, Баялы бий, Бешталдан Турдумат ажы, Авлетимден Каработо баатыр, Кара-Суудан Садыр бий, Тегенеден Осмонбек болуш, Малгалдыдан Субан бий, Нанайдан Бекмурат болуш, Кашка-Суудан Арстанбек болуш, жедигерлик Семетей болуш, чангеттик Нишанбай бий, Багыштагы Түлөкө бий тойго келди. Бул адамдардын өзүнө жараша атак даңкы, кадыр-баркы бар адамдар эле. Алар өздөрүнө арналып көтөрүлгөн ак өргөөлөрдөн орун алышты.Таң тамаша башталып, тойдун шаңына шаң кошулуп жатты. Керней-сурнайчылардын жаагы басылбай, ар бир бий болуштун келиши өзүнчө даңазаланып, тосулуп алынды. Ал эми келип жайгашкандарын акындар макташып, кадыр-баркын арттырышып, өз энчилерин алып жатышты. Сулайманкул болуш олтурган жерде акындар кошо олтурган. Алгачкы сөздү Нурмолдо алып ырдап жаткан. Нурмолдо Сулайманкул болушту мактаймын деп ооз ачып:

*– Агымак аттай арыштап,*
*Атан төөдөй даткам ай, –*

дегенде эле Нурмолдону бир ооз сөзүнөн кармап, оозунан сөзүн жулуп алып  Жеңижок ырдап коё бербеспи.

*– Асылым датка төрөмдү,*
*Айбанга теңеп айтасың.*
*Айнып кеттиң Молдоке,*
*Арканды көздөй кайтасың.*
*Төрөдөй айкөл адамды,*
*Төөгө теңеп айтасың.*
*Дөөрүп кеттиң Нурмолдо,*
*Төмөндү көздөй кайтасың.*
*Атан төөдөй деп айтып,*
*Адамды дагы кордойбу,*
*Аксакал болгон чагында,*
*Абайлап айтсаң болбойбу.*
*Ажынын уулу даткам ай,*
*Айбаты элден башкам ай.*
*Сулайманкул даткам ай,*
*Сымбатын журттан башкам ай.*
*Аксыдан чыккан даткасың,*
*Азыркынын Манасы,*
*Акынын кантип айтпасын.!*
*Жеримден чыккан даткасың,*
*Жергелүү элдин Кошою,*
*Жеңижок кантип айтпасын.*
*Кокондон келген төрөлөр,*
*Кол куушуруп кол берген.*
*Кошойдой журттун башчысы,*
*Кожодой сыйлап жол берген.*
*Анжияндын акими,*
*Алдына келип кол берген.*
*Акбалтадай кадырлуу,*
*Айбыгып сыйлап жол берген.*
*Аксыны түгөл бийлеген,*
*Аңдышкан душман тийбеген.*
*Каарына алганда,*
*Ким экен коркуп сийбеген?!*
*Сулайманкул даткам бар –*

дегенде Сулайманкул болуш Өтөгө ичинен ыраазы болуп, бул бир элдин намысы болот буйруса. Муну таптап, шартын түзүп берип, ырга тилин кайрай берсек, элдин-журттун намысын коргойт, – деп калган.

## Намангенге сапар

Сулайманкул болушту Наманген шаарындагы үлпөттөрү чакырып, бул конокко Садыр бий, Баялы бий үчөөсү бармак болду. Сегиз канат боз үйдүн ичинде кекиликтин этин жеп олтуруп, Садыр бий айтып калды

– Бу Суке, алыс жолдо эмнени эрмек кылабыз, кеч күз болсо:

– Анда тигил Өтө ырчыны алып алалы, сезим сергиткен ырларын угуп барабыз. Бул сунуш Садыр бийге да туура келди. Ошентип кеч күздө Намангенди көздөй жолго чыгышты, ал кезде Кара-Суу менен Авлетимге буламык кар түшүп, күз кышка ооп калган. Кара-Суунун суусунун боюнда токойдо келе жатып Сулайманкул болуштун бир жигити кыргоол чаап алды. Боз жоргодо келе жаткан Садыр бий болуш бул жигиттериңиз азамат, өзбек досторуңузга тартууну да даярдап алышты, – деп тамашалап күлүп калды. Аңгыча бир жигит Өтөгө тийише кетти.

– Эй, таластык, кана ырчымын деп эле мактанасың, биз чаап алган кыргоолду ырдачы, – деп калды. Таластык деген сөз Садыр бийге какшыктай тийди, муну кыраакы болуш айттырбай түшүнүп ичинен ызырынып калды. Анткени Садыр бийди байбичеси Айке кемпир Таластын кызы болот. Өтө да жакын кайнилери, бир жагы жээни, Өтөнүн апасы кара-суулук кыз болот.

Өтө болуштун жигиттерине эч нерсе деп деле айткан жок, каяша да кылбады, бул бир жагы болуштун ызаат урматы эле. Комузун жанынан алып, кадимки өзүнүн ырчы обонуна салып, жамгырдай жаап кирди. Алгач Кожо-Атанын коздугун айтып баштады.

*Тоскоол-Ата көлүнөн,*
*Атырылып көбүргөн.*
*Араласаң көрүнбөйт,*
*Капталы толгон көбүргөн.*
*Ушул сууну ичкендин,*
*Моокуму канып элирген,*
*Жээги толгон кекилик,*
*Кыргоолу семирген.*
*Мөмөсү бышып төгүлгөн.*
*Мажүрүм талы өрүлгөн.*

– Бали, ырчым, бали, төк, төгө бер, – деп Сулайманкул болуш коштоп койду. Бул жерди жердеген мына бул Садыр тагаңды да макта, – деп койду. Ушул сөз гана Садыр бийди өзүнө алып келди. Ошол күнү кыргоолдун канаттары кагылды, балапаны учурулду,

тоту куштай кулпурду, жемсөөсүнө жем толду, кыргоолду мактап эми төшүнө барганда шаардын четине кирип барышты. Өтө болуштан: «Ырдын калганын эртең улантайын» – деп суранды. Болуш атынын үстүндө ырга муюп баратып:

– Ыраазымын, ыраазымын, – деди.

Эки күн эргип жатышып, өзүбектин атлес көйнөк кыздарынын бийине суктанышып, таттуу тилине арбалышып, кумар чери жазылышып, ашууласын угуп, Жеңижоктун ак жаандай төккөн ырларын угуп, кыраан каткы күлкүгө карк болушуп, койдун куйругуна басылган ашка тоюшуп, анан жолго чыгышты. Шаардын сыртына чыккандан кийин:

Болуш, камчысын ээрдин кашына каккылап,

– Эй, Сармат кайдасың, – деди кечээги жел өпкө жигитин чакырып. – Мен мындамын болуш ата, – деп шыпылдап жетип келди.

– Кечээги ырды уктуңбу, – деди болуш кекээрлүү.

– Уктум, болуш ата, уктум,

– Уксаң ыр деген ошол болот, – ойлонуп сүйлөш керек. Ошол жыгылыштуу болгондугуң үчүн аттан түшүп, Өтөнүн атын жетелеп ал, – деди. Жорголор менен тең жүгүрүп Карапалванга келгенде Садыр бий: – Болуш, бир ачууңузду мага бериңиз, – деп, жигитти бошотту. Ошол ошо болду, жигиттер болобу, эл болобу Өтөнү катуу сыйлап калышты.

Шаардан келгендин эртеси болуш Өтөнү үйүнө чакырып бир сыйра сымпыйта кийиндирди. Башына сеңселген суусар тебетей кийгизди. Өтө манап эле болуп чыга келди.

– Эми мындай, менин жаныма олтур, балам, – деди болуш Өтөнү. Өтө болуштун жанына чөк түшүп олтуруп калды.

– Мына таякең ооруңдан айыктырды, мен болсо окутуп кат тааныттырдым, эр жигит болуп калдың, эми бой жүрбөй үйлөн, кыз танда, болжогон жериң барбы, – деди болуш тердеп-тепчип олтурган, жүзүнөн нур жанган Өтөнү тиктеп.

– Болуш сизге, таякеме өмүр бою ыраазымын. Эми үйлөгөн жагынан болсо, бир аз өксү болуп калдым. Бирөөгө сөзүм өтүп калып, сага жетпесем катын албайм, – деп коюп, арманым ичимде жүрөт.

– Эмне болду эле, менден жашырбай айта бер, – деди.

– Тиги Аркыттагы Жаныбек байды билесиз да. Ошол жакында Асан деген баласын үйлөдү. Ал кыз менин жактырып жүргөн, анттапып койгонум эле. Колумда жок, алдырып жибердим, – деп жер тиктеп, көзүнө жаш ойноктоп кетти.

Болуш амиркен маасысын буту менен сылап, карсылдап күлүп.

– Кыз алсаң болбойбу, – деди да бул сөзүнө өзү жооп берди,сөз берип ант ичип койсоң болбойт да, – деди. Бул жүйөлүү иш экен.

– Анан ошол сулууга жетсең эле телегейиң тегиз болуп калабы, – деп алып каткырып күлүп алды болуш.

– Сен таза оор ишти айттың, барып тирилигиңди кылып турчу, мен бир аз ойлоноюн, – деди болуш.

Өтө болуш менен коштошуп, болуштун бергендерине ыраазы болуп чыгып кетти. Суусар тебетей башында сеңселип, Өтө ого бетер сулуу болуп бара жатты.

Кечинде болуштун өргөөсүнө айылдын кадырман карылары чогулушту. Казанда  козунун эти кайнап жатты.

Болуш аксакалдардын алдына коёр олуттуу сөз бар экендигин алар айттырбай эле сезип олтурушту.

– Эми журт жакшылары силерге айтар сөз бар, – деп баштады сөзүн болуш. Элибиздеги эр азамат жигит, жакшы кыз, жакшы ырчы, жакшы күлүк илгертеден эл намысы болуп келген. Мындай нерселерден биздин деле уучубуз куру эмес. Аксы, Кокон, Анжиян, Таласка чейин аты чыгып келе жаткан жаш ырчыбыз элдин намысын коргоп, даңкын чыгарып келе жатат, буйруса бул алыска жүгүрөр тулпар болуп олтурат. Анан Сараланы болсо билесиңер, азыр Аксы, Таласта бул күлүктүн алдына чыгар ат жок. Анан эми бардык нерсени таптап, асырап, сактап бапестесек намыска жарайт.

– Туура, туура, – дешти олтургандар. Бирок сөздүн учугу кайда барып такаларын билбей олтурушту. Болуш сөзүн улантты.

– Туура болсо урматтуу журт жакшылары сөз мындай.

– Бу Өтө ырчыны түтүнүн булатып, үлөп-жайлап адам кылып койбосок болбойт. Бул жалпы элдин иши. Ырчы менен күлүк, жакшы кыз бул – элдики.

– Болуш, сиз абдан туура айттыңыз, бул ишиңиз тарыхта калчу иш болот. Биз кубаттайбыз, – деди Сман чал. Сман карынын сөзү кубаттоого алынып кетти.

– Эми го аны үйлөөдө сөз жок эле, сөз башка жагында болуп жатат. Аркыттагы Жаныбек байдын баласы мунун колуктусуна үйлөнүп алыптыр. Бу куураган жетим да сага жетпесем үйлөнбөймүн, – деп койгон экен. Сөз мына ошондо болуп жатат, – деди болуш.

Олтургандар баары саамга тунжурап, ак да, көк да деп айта албай олтуруп калышты.

– Эми геп мындай, бул ырчы, анын тилинин сөөгү жок, бир жерде арманын ырдап бизди уятка жыгат. Андан көрө ошол байга барып кеңешкиле, мына бешөөң тең баргыла, баласы Аркыт өрөөнүнөн кыз тандасын, калыңы менен тоюн мен берейин, ошол келинди Өтөгө берсин, – деп Сулайманкул болуш маселени кабыргасынан койду.

– Мына калыңга беш жылкы,  жүз кой, макул десе эртең эле айдатып жеткирип беремин. Бар бир төөсүн да коштум. Баргыла да мына ушул маселени чечип келгиле.

Бул бир жагынан баатырдык да, бир жагынан дөөперестик да иш эле. Бирөөнүн келинин алам деген не шумдук болсун. Бир жагынан таланттын баасы да болчу. Журт билермандары, болгон аксакалдар козунун этин жешип, баралы дешип чыгып жөнөштү. Чыгып бараткaнда болуш эскертти.

– Бул сөз ушул жерде калсын, дагы эртең элге, журтка жайылып дүң болбосун, иш бир эпке келмейинче сөз силерде, – деди болуш эскертип.

Эртеси эле журт жакшылары Аркытка барып, Жаныбек байдын үйүнө түшүштү. Эч жерде болбогон, эч ким укпаган бүтүм бүттү. Анын үстүнө: «Келиним акын, төкмө экен, эртең ырчылыгын кылып кетсе анын үстүнө ырчы калкы дубана болот, келиним ырчылык кылып кетсе канттим» – деп Жаныбек бай бүдөмүк ойдо жүргөн, байга деле бул сөз бир жагы жаккандай эле болуп калды. Бир жагы заман алгоо-долгоо болуп турган учурда болуштун каарынан да корккту. Болуш сөзүнө туруп, Жаныбек байдын уулу Асанга калыңын, тоюн берип беш көкүл кыз алып берди.

Ошентип Көктү бир жумадан кийин Авлетимге алып келип, чоң той өттү. Өтө үйлөндү. Жаш акын көксөгөнү Көккө жетти. Тойдо Сулайманкул болуштун улуулугуна, адамкерчилигине, акындын талантын баалагандыгына, чын дилинен чыккан ыраазылыгын айтып түгөтө албады. Эл да, айыл аксакалдары да ыраазы болду, анын үстүнө байлыгы бар туруп бир тыйын чыгарбаган зыкымдар көп болчу. Ал эми Сулайманкул болуш бир эмес эки жигитти үйлөп-жайлап, ар бирин көңүлүн жай кылып, эртең эки эл кектешип калбай турган кылып иш кылып олтурушу, улуу акылмандыктын үлгүсү болуп калды. Мындай жүйөлүү иш ар кимдин эле колунан келе бербейт. Мына не бир эр азаматтар бири-бирине ашык болуп жетпей келгени, санжырадан белгилүү эмеспи. Тексиз болсо урукту булгандың деп, кембагал болсо сөзгө калтырдың деп тунук, назик, пакиза сүйүүгө жеткирбей экөөсүн тең өрттөп, өлтүрүп салган тагдырлар азбы. Он гүлүнөн бир гүлү ачылбаган не бир сулуулар арзыган адамына жетпей өлүп кете бербедиби бийликтин курмандыгы болуп.

А Сулайманкул болуш, эми чындап болуштугун көрсөтүп ак өргөөсүнө чейин көтөртүп берди. Мал келин Садыр бий берди. Бир боз үйдөн түтүн булап Өтө өзүнчө адам болуп, болуштун кадыр-баркы элде-журтта дүң сөз болуп жатты. Көк чындыгында эле Өтө акын суктангандай эле бар экен. Бети айдай, бели кындай, кош өрүм чачы жерге чубалып, боз үйдөн жер чийген чачын белине байлап Көксулуу чыкса ак маралдай болуп, карабаган жан карайт го ов. Анын үстүнө Көктүн атасы Надыр мачак да тектүү жердин тукуму, эр Бешим баатырдын тукуму. Айылдагы келиндер арча аякка суу куюп күндү каратып коюп, Көктүн чачын тарап, сулуулап жатышты.

## Болушка эзилген сүзмө

Өтө ырчы Раваттагы эшигинин алдында комузга кыл тагып, кыңылдап ырдап олтурса эле, ары жактан жоон топ атчандар көрүнүп калды. Өтө бул болуш экенин атынан таанып, ордунан тура калып жолун тосо чыкты. Өтөнүн жанында олтурган жигит комуз үйрөнөм деп келген айылдагы балдардын бири аттарды алышып, меймандарды үйгө түшүрүшүп калды.

Суусап келе жаткан болуш:

– Эй, үкөм, майлуу сүзмөдөн ал да, тээ Кара-Суунун суусунун ортосуна кечип барып суудан алып, сүзмөнү кашык менен эзип, бир чоң аякка чалап кылып келе койчу, – деди.

– Келиңиз үйдө жок эле, – деп Өтө болушту боз үйгө таклип кылды эле Болуш:

– Өтө мына бул сөөрүгө эле жай кыл, мен Миң-Бугуга бараттым эле, сенден кабар алып коёюн деп эле кайрылдым.Тамак-ашка убара болбо, жайынча келем, – деди. Аңгыча бала үйгө кирип, аякка сүзмө салып сууга жүгүрүп кетти. Эшикте сөөрүдө Өтө менен сүйлөшүп олтурган болушка бала чалапты көтөрүп келди. Болуш баланын колунун майланышып турганын көрүп:

– Кашык менен эздиңби, – деди.

– Ооба, – дейт Кенжетай:

– Кана, кашыктын түбүн көрсөтчү, – деди болуш. Көрсөтсө кашыктын түбүндө сүзмө жок.

Болуш ызалана түшүп, мал караган боюнча колун жуубаган баланы карап туруп:

– О, боргулданган мурдуңду урайын, жаш эле бала жанын жеп жалган сүйлөп жатканын карачы.

– Ой, Арзымат кайдасың, бар барып сүзмө эзип кел, – деп жигитин жумшады.

Арзымат Кара-Суунун суусунан кечип барып, шар аккан жеринен суу алып, сүзмөнү арча кашык менен эзип алып келди. Болуш:

– Кана, Арзымат, кашыктын түбүн Кенжетайга көрсөтүп койчу, – деди болуш, кашыктын түбүнө сүзмөнү эзгенде катып калат экен. Кенжетай оозу ачылып, айыбы ачылгандан уялганынан жер ачык болсо кирейин деп турду. Кийин ал бала өмүр бою жалган сүйлөгөндү койду.Сулайманкул болуштун адаты ушул болчу ар качандан бир качан сууну шаркырап агып жаткан жеринен, ортосунан алдырып иччү. Өзү суу ичип калса да сууну кечип барып ортосунан барып суу ичер эле. Үйгө суу алган катындарына да сууну шаркырап агып жаткан жеринен алдыңарбы – деп сурап турар эле. Булактын суусун такыр иччү эмес. Аны көптөрү болуштун кыялы – деп коюшчу. Көрсө, мунун мааниси бар экен.

Болуш Өтөнү алып, Миң-Бугуга кетти. Жолдо баратып да Кара-Суунун суусунун шар аккан жеринен алдырып ичип, Авлетим менен Кара-Суунун суусунда алтын бар, канча ичсең да дары деп тамшанып койчу. Бирок болуштун бул сабагы айылда көпкө чейин сөз болуп барып токтоду.

## Өтөнүн таласка көчүшү

Арадан жыл айланбай Өтө ырчынын Кара-Суунун ичиндеги Раватына жоон топ атчан келип түштү. Булар Өтөнүн Таластагы туугандары болучу. Чындыгын айтканда, акын буларды таанып бай деле калган эле. Он эки жашында Ташкара бийдин каарына чыдабай мал айдаган кербендер менен Аксыга келип, адам болуп, ата уулу менен тең болуп калган Өтө ырчыны алыстан келген туугандары бир жагы кубанычка бөлөсө, бир жагы ушунча жыл бир жолу кабар алып койгонго жарабаган туугандарынын келип турганына таң калды. Садыралы авасы Өтөнү кучактап сүйүнүчүнөн да, кубанычынан да атадан калган туягым деп буркурап ыйлады. Өтөнү Ташкара бий: «Мойнуна таш байлап туруп Кара-Бууранын суусуна ыргытып жибергиле, бир адамдан Таластын эли кемибейт да, өксүбөйт, мунун оорусу жаман оору, элге жайылып кетсе, айыктырганга даба жок, анын үстүнө тойго келген азиз меймандар муну көрсө тарткан тамакты да жебей коюшу мүмкүн» – дейт. Ошондо эки жигит алдына салып алып айдап баратканда, азыркы туугансынып издеп келгендердин бирөөсү да алдынан чыгып, арачалап каларга жарабаган эле. Эми минтип Өтөнүн даңкы таш жарып, Жеңижок ырчы чыгыптыр деп Түштүктү түмөн дүңгүрөтүп, Аксы менен Таласта алдына чыгар акын болбой турган мезгилде туугандары табылып келип олтурушат. Туугандарынын алдына чай тартылып, кымыздан кере жутуп, черлери жазылып, эли-журтту сурашып олтурганда мына ушул кинелердин баарын акын төгүп, көз жашын көлдөтүп туруп айтып калды. Дың дешке, лам дешке туугандарында акыбал калбай баштарын жерге салып олтурду.

– Эми, – деди Туткуч авасы сөз баштап, Өтө үкөм биз сага келгенибиздин дагы бир жөнү бар, сен туугандарыңды, жалпы эле кытай уруусун сактап калбасаң болбойт. Баягы учаңан урган Ташкара бий, Өтөнү алып келбесеңер, баарыңды тукум курут кылам, жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болбойт, өзүнүн эли, жери турса, бирөөнүн жеринде ырчы болуп, бөлөк элдин намысын коргоп, бизди сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылып жүргөн жаман тууганыңарды алып келгиле. «Бөлөк элде Султан болгончо өз элде ултан бол» – дейт.

Барып көчүрүп келесиңер, болбосо баарыңардын башыңарды аламын – деп жекирип жатат. Эми айланайын бизди сактап калбасаң болбойт. Анын үстүнө элине барганың деле жөндүү, – деди.

Өтө ой басып кыйлага олтуруп, анан минтип айтты.

– Бу Түкө, тууган жер менен тууган элден качкан болбойт, бирок ошол убагында мени кулунубуз эле деп коргоп албай кор кылбады беле, эми мен керек болгонума таңмын. Анын үстүнө жетпегениме жеткирип, алдыма ат берип, ичериме аш берип, үстүмө үй берип адам кылып олтурса мен  Таласка кетемин деп  элимдин жакшыларына кантип айтамын? Болуш  эмне дейт, Садыр жездем эмне дейт? Мен эмне деген адам боломун?!

– Аның туура, – деди Садыралы сөзгө кыпчылып.Биз деле ал жагын абдан ойлондук, бирок арга жок, бир уруу эл азапка түшүп калчудайбыз. Ошол Сулайманкул болуштун деле алдына тизе бүгүп баралы, арыз арманыбызды айталы, нарктуулугуна таянса берер, каарына алса башыбыз кетер, – деп эле келдик. Айла канча.

– Эми ага мен барсам тура болбой калат.Менин Таласка барбай эле ушул жерде калганым оң болот го.Элдин жакшылыгын унутсам көр болбоймунбу. Ушул эми эр уулу менен тең  кылып олтурса, кантип мен туугандарыма кетем деп айтайын. Болушка барсаңар да өзүңөр баргыла, мен бара албаймын. Эгер жооп берсе анан ойлонуп көрөйүн деди, – деди Жеңижок.

Эртеси Өтөнүн туугандары Авлетимге келип, Сулаймакул болуштун үйүнө түшүштү. Булардын келгени жөнүндө кабар Сулайманкул болушка мурда эле жеткен, келет деп олтурган. Болуш таластык туугандарды жакшы кабыл алды. Мал союлуп, казан азылып, дүйүм мөмө-жемиш, бал кымыз менен дасторкондун көркү чыгып, мындай дасторконду көптөн көрбөгөн Өтөнүн туугандары эмнеден жешин билбей, бир жагы болуштун сүрү басып, жер ачык болсо кире каччудай болуп эле олтурушту.Айла канча.

Булардын келерин болуш мурда эле билип жүрчү, анткени жакшы акын, жакшы кыз, жакшы күлүк кимди гана суктандырбасын. Бирок болуштун Өтөгө көрсөткөн сый-урматы, ардактаганы анын даңкын бүткүл кыргыз элге даңазалап олтурбайбы, ар бир жигит өз эли менен болгону жакшы, – деди ичинде болуш, баары бир элине барбаса бир өксүк көкүрөктө жашаарын болуш айттырбай түшүнүп турду. Бирок сыртынан сыр бербей:

– Ташкарага тууган эми керек болуптурбу? – деп ныктап койду. Өтөнүн туугандарынан лам деп сөз чыкпады. Бир жагы Ташкараны жамандаштан коркушту, бир жагы болуштун алдында айыптуу болуп олтурушту. Анткени Өтөнү үйлөп той бергенде таластык туугандарына кабар кеткен, тойго да келе алышкан эмес. Оозуна сөз

келбей, эмне жеп, эмне ичкени да билинбей, болуш каарына албаса экен дешип эле олтурушту. Ташкарага чындыгында Жеңижоктун бар-жогу баары бир эле, намыс сөздөн качып, ушундан упай утайын деген эле кезектеги куулугу, анысын элдин баары эле билет.

Сулайманкул жигит чаптырып, Өтөнү Раватынан алдырды.

Тамак желип бүткөндөн кийин, Өтөнүн туугандарын жалдыратып олтурбай эле:

– Эми Өтө балам, алдыңа келсе атаңдын кунун кеч деген сөз бар, Баялы бий менен да сүйлөштүм, ал деле каршы эмес. Минтип туугандарын издеп келип олтурат, чындыгында эли-журтуна барбасаң болбойт, сен кайдан жүрсөң да биздин балабызсың. Баялы бийдин да алдынан өтүп, Садыр жездең менен да акылдашып койгон эп, анткени сенин адам болушуңда алардын ат көтөргүз эмгеги бар, эми болуштук мага караганы менен туугандан артык эмне бар. Өтө үкөм, эң бакшкысы дал ушул жагын эске ал.Бирок билбеймин, сага Ташкара Таласка Рават салып берипир. Сенин азыркы жайың бейиштин эле өзү. Тиккен багың бар, бешенеде жарың бар, шаркырап аккан сууң бар, анан ардактаган элиң бар.Бирок «туугандын топурагы – алтын» деген сөз калган.Ойлонуп көр да барсаң бар, – деди болуш. Камдан, – деди.

Бул сөз Өтөгө бир жагы оор болсо, бир жагы сыймык да болду. Бирок Раватын, Сулайманкулдай камкор болушту, Аксы элин таштап элине көчүү Өтөгө оор болду. Бир жума эл аягы үзүлбөй Өтөнүн Раватын адам басып турду.

Сулайманкул болуш айыл аксакалдарын чакырып, эми акынды элине узатып барбасаңар болбойт. Ушунча атак-даңк алып келди. Мен акынга деп бир бээ, бир ат, он кой бердим. Мына Каработо баатыр бир боз үй берди, өзүнүн да жыйган-тергени бар. Жигиттеримди берем, көчүрүп барып койгула. Мына ушул сөз Сулайманкул болуштун улуу адам экендигин дагы бир ирет айгинелеп койду.

Кара-суулуктар Өтөнүн көчүн узатышып, Ат-Ойноктон ашырып, Кокуй-Белден өткөзүп, ошол ашуунун туу белине бир кой союшуп ызат-урматын кылышты. Өтө көзүнө жаш алып ар бири менен кучакташып келип турамын деп коштошуп жатты. Өтөнүн Раватына иниси бир тууганын таштады. Ушул жерди күтүп жай кылып ал деди. Ошентип болуштун уруксат батасы менен Өтө Таласка көчүп кетти.

## Казак бийинин келиши

Илгертеден эле байлар бирин бири басынтуу, биринен бири артык көрүнүү, ошону менен эл арасында кадыр-барк күтүү, намыскөй болуу менен өзүн бийик даражалуу адам көрсөтүү калыптанып келген. Ал түгүл намыс талашып, болбогон нерседен чыр чыгып, чабышып да турушкан. Эсенаман ырчы менен Жеңижоктун айтышы да Эсенамандын жеңилиши Майкөттүн да кадыр-баркын түшүрүп салган. Бул айтыш Аксы, Таласта эле эмес Казакта да чоң дуу-дуу сөз болуп жаткан. Ташкара бийдин үйүндө Эсенамандын Жеңижоктон жеңилип калышы бул Ташкара бийдин кадырын да кыйла түшүргөн. Мына ошол кекти алуу максатында Ташкара Жеңижокту Аксыдан көчүртүп алып, аш-тойлордо ырдатып жүргөн мезгилде Ташкаранын айылына Казактан меймандар келип калат.

Ташкара бийдин үйүнө Казактын улуу жүзүнөн белгилүү инсандарынын бири келип түштү. Анын жанында мыкты ырчылары, домбурачылары кошо келиптир. Арналуу конокторду Ташкара бий да жакшы кабыл алып, жылкы союлуп, шарап менен кымыз суудай агып, анан тигил эле Ташкенден алынган оттуу суудан алышып күүлдөп калганда бийдин жанында төбөсү койкойгон саймалуу калпак кийип, домбурасын улам кармалап коюп олтурган ырчы алгач «Сары арканы» безилдете чертип, акырында:

*Ардактуу биздин Ташкара бийимиз,*
*Кутка толгон мынау олтурган үйүңүз.*
*Өтөңүздөй болмасак да,*
*Улуу жүздө жыраумыз деп жүрүмүз.*
*Акыныңыз коркуп келмей калып,*
*Капалуудай түрүңүз дей салбайбы? Ау-а, ау-а –*

деп созуп киргенде эле гепти айттырбай түшүнгөн Ташкарынын жигиттери Өтөнүн үйүн көздөй дыр коюп жөнөштү. Өтө Төмөн тамга элине карындашын көрүп келем деп Көктү ээрчитип кеткенине эки күн болгон эле. Ташкара бий муну билбей айылды түп көтөртө издетип, таптыра албай, ачуусуна чыдабай: «Эй, жигиттер, мени сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылган жанагы наркты билбес дубананын үйүн барып өрттөп, күлүн асманга сапырып салгыла» – деп буйруду да казактардын алдында тамагынан кымыз өтпөй буулуп олтурду. Жагдайды байкаган казактын бийи жырауду жемелемиш болуп, ичинен бир сындырганына курсант болуп, эртең жырауга бир күлүк тартуулаймын деп ойлонуп, жүзү жайдары олтурду.

– Ой-бай-а-у, акылы бар, эси жок жырау мына бул Ташкара атаңды мактасаң да сага окшогон жырауга эки күнчөлүк жыр, – деди. Ал анан жырау домбурага колун көпөлөктүн канатындай дирилдетип, Ау-усын бир созуп кыйкырып алып, заңкылдатып, үйдү башына көтөрүп Ташкараны Айга, Күнгө теңеп, «биздин бий атамен теңсиз го ой-ау» дегенде ичинен мени мына ушул казагына теңейт, – деп күйбөгөн жери күл болуп, илгертен калган наркты буза албай, эшикке бир тор жорго алдырып жырауга тартуу кылып араң токтотту.

Муну менен эки сынып Ташкаранын ачуусу келип, эртеси ал Жеңижокту таап Сулайманкул болушка жеткирбей байлап алып келгиле дейт. Бул ирет кеч болуп калган. Үйүнүн өрттөнгөнүн көргөн Жеңижок алда качан эле Аксыга ашып кеткен эле.

## Өтөнүн үйүнүн өрттөлүшү

Өтө төмөн Тамгадан келсе үйдүн ордунда додолонгон күлү жатат, мал-келден эч нерсе жок, Ташкаранын бул кылыгын угуп, мага туугандарым баары бир эл болбойт экен деп Көктү Көккашкасына мингизип, өзү Сулайманкул берген боз жоргосунда күнүмдүк азык алып, тууган-урук менен коштошпостон Аксыга сапар тартып келе берди.

Кайтарында акын муңканып:

*«Казактан келген төрт акын,*
*Куру чечен, куу такым.*
*Бет келишип айтышсам,*
*Билмекмин кантип туздашым.*
*Туулган жерден айрылтты,*
*«Тууган» сөөрөй жыласым!..»*

Кийин Казактын бийи айтышамыс деп, Таласка алып барган жырауларын сыйлап, алдына ат берип урматтады дейт.

Авлетимге кайтып келе жатып, Чаткалдын башынан Кокуй-Белдин белине чыкканда Өтө боздоп, комузун алып, көз жашын көл кылып жамгыр болуп жаап кирди.

*Ала качып жанымды,*
*Барган жерим Аксыда.*
*Аман сактап өлүмдөн,*
*Калган жерим Аксыда.*
*Алтын боолуу Ак түйгүн,*

*Салган жерим Аксыда.*
*Айтканымды жок дебес,*
*Алган жарым Аксыда.*
*Алтын жака кымбат тон,*
*Кийген жерим Аксыда.*
*Бакыт шамы жаркырап,*
*Күйгөн жерим Аксыда,*
*Аргымак минип алчактап,*
*Жүргөн жерим Аксыда.*
*Көңүл ачып шаттанып,*
*Күлгөн жерим Аксыда.*
*Анык жыргал доорду*
*Сүргөн жерим Аксыда.*

Анан мен шордуу шорум куруп эмнеге Таласка бардым да, – деп муңканып жибергенде Көк:

– Акыным, кайрат кылыңыз, сиздин кадырыңызга жетер болуш атаңыз бар, Аксы элиңиз бар, мендей теңиңиз бар, Баялыдай , Садырдай бийиңиз бар, дагы деле эл-журт бар, Кара-Сууда Раватыңыз бар аны сизден ким талашат. Сиз нарктуу-барктуу болуп эле жүрөсүз. Дүйнө курусун аны адам табат. Өксүбөңүз, жаныңызда мен турам дегенде гана Өтө өзүнө келип, көз жашын аарчыды.

Жеңижокту мындай кордогонуна Сулайманкул болуш да Ташкарага акындын кадырын билбеген акмак деп кекенип калат. Бир көпчүлүктүн алдында сындырууну максат кылып жүрөт. Чындыгында Сулайманкул болуш мындай кабарды угуп Кара-Сууга биринчи барып, Раватына бир кой сойдуруп, башпаанек кыл, – деп бир боз үй бердирип, мал-келин ырастап берди. Ошондон кийин Өтө көпкө чейин таластык туугандарын сөз кылбай жүрдү.

Өтөнүн кайра келип калганына бир эле Кара-Суу эли эмес,бүткүл Аксы эли сүйүнүп,Ташкараны каргап-шилешип, сөгүп Өтөнүн Раватын тойго айлантып жатты. Алыстан азып-тозуп, Өтөгө учурашам деп келгендин баары куру келбей козу-улагын жетелеп келип, Өтөнүн короосу толуп, көңүлү көтөрүлүп элимден айланайын деп ырга суусап жүргөн элдин кумар черин бир таратты.Сулайманкул болушка өзгөчө бир токтолуп алды. Болуштун кадыр-баркын дагы бир көтөрүп салды.

Эми тууганда эмне күнөө. Ошол Таластан кайра келгенде Ныязалы комузчу Өтө ырчынын жолдо тарткан, элине барып Таластык туугандарына барып батпай кайра Аксыга Көксулуу экөөсүнүн кайтканын комузга салып Өтөнү Ак тамак деп, Көктү Көк тамак деп күү чыгарып, сайратып элге айтып берип жүргөндө жаралган «Ак та-

мак, Көк тамак» деген күү атактуу Өтө акынга арналып чыгарылган экен. Кийин Ныязалынын өмүрүнүн акырында күү үйрөнүп кетем деп кадимки Атай комузчу келет. Ал үч ай жүрүп, Ныязалыдан көп нуска алат. Ошол Атай Таласка кайтарында Ныязалы:

– Эми Атай балам, мен малдан жардымын, сен күүдөн жарды экенсиң ушул күүмдү баш-оту менен бердим, чертип жүр, – деп ат ордуна берген тура кайран киши.

## Кабанын тоюнда

Ушул окуядан көп өтпөй эле Суусамырда белгилүү Каба той берет экен, кулжанын аягы, текенин айынын башында Сулайманкул болушка арналуу конок катары чакырылган кабар келди. Кабарчынын жол азыгын камдап, тойго бара тургандыгын билдирип жөнөттү. Аксынын мыктылары бул тойго толук айтылды. Садыр бий, Бекмурат болуш, Арстанбек болуш, Өтө акын,Баялы бий, Ныязалы комузчу, анын устаты Канкул комузчу, Каработо баатыр, Турдумат ажы баары-баары айтылды.Тойдо байгеге деп аттар камдалып, көк бөрүгө деп жигиттер камдалып, кыскасы элдүүмүн, белдүүмүн дегендин баары жан жабыла жөнөп кетти. Сулайманкул болуш бир төөгө, эки атка сегиз канат жаңы боз ак өргөөнү жүктөттү. Бир алты канат боз үйдү алды. Муну эмне кылар экен дешип тойго барчулар таң калып жатышты. Тойго кошумча кылабы деген да ойго кетишти. Тойго Авлетимдин жакшы чыкмаларынан бир гана Каработо баатыр бара албай калды. Карыган кезде алыс жол жүрө албаймын балдарым, силер барып келгиле деп жооптошуп жайлоосуна чыгып кетти. Миң-Бугуга барып бир өргүп, Узун-Акматка барып бир өргүп, Чычкандын ичинде эки күн жатып, той башталышына эки күн калганда Ала -Бел ашуусун ашып Өтмөккө барып түшүштү. Алай менен Ажияндан, Аксы менен Чаткал, Таластан келүүчүлөрдү той ээлери мына ушул жерде күтүп жатыптыр.

Сулайманкул болуш Суусамырдын суусунун жээгине, дөңсө бийик жерге, өзү алып барган ак өргөөнү көтөрттүрүп, бул жерде акын Жеңижок ырчы катыны Көксулуу менен болот, акынга арналып атайын көтөрттүм, акындын өргөөсү деп карыларды чакырып, болуш ак өргөөдө кымыз ичип, Жеңижокту жанына алып жамбаштап жатты.

Бул үйгө байбиче Канышбектин көзүнүн майы, колунун зары кеткен. Жибегин Кокондон кыжымысын Оогандан мени карасын Анжияндан алдырып жасалган боз үй. Бийик жерде андан бетер көркүнө чыгып кетти.

Өтмөктү ашып Ташкара бий келе жатат дегенде, атайын жигит чаптырып, бий кымыз ичип өргүп кетсин деп Сулайманкул болуш жигит жиберди. Өзү Өтөнүн ак өргөөсүндө дегенде ичи туз куйгандай ачышып, алабармандыгын бир билип, барбаймын деп айта албай, ат оозун буруугa туура келди. Өтө да Ташкарага кек сактабай, кайра анын алдында Сулайманкулдун даңкын ашырып, ырдап тосуп алды.

*Ажынын уулу Сулайман,*
*Абийир алган кудайдан,*
*Кабар алган ал жайдан.*
*Жетимдин тонун кийгизбей,*
*Жетимдигим билгизбей,*
*Желкеме камчы тийгизбей.*
*Ак ала чапан кийгизбей,*
*Алсыздыгым билгизбей,*
*Аркама камчы тийгизбей,*
*Аргымак тандап мингизип,*
*Ак парча кемсел кийгизип,*
*Ак өргөө тигип киргизип,*
*Асылдыгын билгизип,*
*Арстаным алып жүргөн жанына.*
*Каба атанын тоюнда,*
*Салам айтам Ташкара бийдин айылына, –*

дегенде аксакалдар бата беришип, өркөнүң өссүн уулум дегенде Ташкара аксакалын олурая бир карап алды.

Кымыз ичпей жатып чекесинен тер кетип, болуш бир бозоруп, бир кызарып, Сулайманкул болушка ыраазылык айтып олтурду. Кексе көсөм аксакалдар ичинен Ташкараны сөгүп жатышты. Айла канча Сулайманкул болушту да кечээ эле Ташкаранын тоюнда Ташкаранын үйүндө Эсенаманды ырдатып, абийир төктүргөнү али эсинде.

Эсенаман:

*Аксылыгын билемин,*
*Ала көөдөк эл болот,*
*Баарысын байкап көргөмүн,*
*Марттыгы бизден кем болот.*

*Ажынын уулу Сулайман,*
*Алабарман бакшы – дейт.*
*Бир мүнөзү кармаса,*
*Бой бербеген жинди – дейт,*

*Антсе дагы башкарып,*
*Аксынын ичин билди», – дейт –*

ырдаткан ушул Ташкара болчу да,ал Сулайманкул болуштун ичинде калган. Эгер Ташкара адам болсо болуштун намысына тийип ырдаган Эсенамандын жонунан кайыш тилбейт беле, кайра дабасы канып олтурганда мына ушул Жеңижок намыска жарап Эсенаман экөөсүн кошоктоп айдап, Ташкаранын шермендесин чыгарып, болуштун бир элдин намысын сактап калган. Бирок анын катыгын Өтө ордунда берген:

*Ажынын уулу Сулайман,*
*Даткам ушул болуучу,*
*Акыл менен кеңешти,*
*Тапкан ушул болуучу.*
*Башым ооруйт дегенде,*
*Садаганы торпоктон,*
*Чапкан ушул болуучу!..*
*Ушуну алабарман бакшы – деп,*
*Айныптырсың, Эсеке,*
*Акыл жактан жетишпей,*
*Калыптырсың, Эсеке!*
*«Бир мүнөзүн карматса,*
*Бой бербеген жинди – деп,*
*Антсе дагы башкарып,*
*Аксынын ичин билди» – деп,*
*Жинди адам элди бийлейби?*
*Аксынсынган Эсекем,*
*Адеби менен жүрбөйбү,*
*Аксакал болгон чагында,*
*Адашып кепти сүйлөйбү?*
*Койбосон ушул пейлиңди,*
*Кузгундай болгон курган чал,*
*Кусуруң калкка тийбейби!..*

*Аксыга жүр мен менен,*
*Айыкканча кеселиң!..*
*Болбосун десең маскара,*
*Бер уруксат,Ташкара?*
*Соолугуп келсин дартынан,*
*Сооп үчүн ала кетемин, –*

деп алабармандын абийирин төгүп, эл намысын сактап калган. (Жеңижок. Асанбай Жусупбеков. 2004-жыл. Бишкек шаары.) Анын баары болуштун көкүрөгүндө сакталуу эле.

Бирок айтылбаган, эми минтип алабармандыкты айкөлдүк менен жеңип, ичинен бычагы жок сойгондугун Ташкара сезип тойдон кайтып кете бере албай олтуруп берди го чиркин.

Ушул тойдо Өтө Аксынын намысына дагы бир жарап, көтөрүлгөн ак өргөөнүн көркүн чыгарып Сулайманкул болуштун даңкын жаамы кыргыз журтуна бир көтөрүп салбадыбы. Жаш жигит жакын тууганы Асанбектин эми эки асый болгон күлүгү намыска жарап, баш байгени алып, анан тойдон кайтышпадыбы. Сулайманкул болуш сөзгө маани бергендигин, акын журтун ардактай билгендигин көрсөтүү менен эли-журтунун намыс-арын көтөрүп алды. Өтө кыргызга Өтө болуп көрүнүп алды. Тойдон келгенден кийин Көксулуу Өтөгө айтып, кызыр эмди тай сойдуруп, Сулайманкул болушту үйүнө чакырттырып, үстүнө тон жаап, башына суусар тебетей кийгизип болушка чоң ыраазычылык билдиргенде, мындайды күтпөгөн болуш ичинен өзүнүн эрдигине ыраазы болуп, бул тектүү жердин бүлөсүнүн гана колунан келет деп Көксулууга ак батасын берип, балам кошконуң менен кошо кары деп кайткан. Ошондон кийин Канышбек байбиче Суусамырда Өтө акындын өргөөсү деп көтөрүлгөн боз үйдү баш-оту менен Көк келинине берди. Бул да эл ичинде бир нускалык иш катары бааланып калды.

## Торала аттын Аксыда чабылышы

Сулайманкул Кетмен-Төбө болуштугуна болуш болуп барганда болуштукту өрлүктөп Таластан таякелери келип түшүштү. Болуш бул ирет берешен эле, анткени даражасы көтөрүлүп Кетмен-Төбөгө келгенине жетине албай жүргөн. Чындыгында, камчысынан кан тамган мыкчыгерлиги, көңүлүнө жакпаган иш болсо алабайранын чыгарып жибермей адаты бар экендигин мындагылар деле келген-кеткенден угуп жүрүшкөн. Бала-Чычкандын сайына өзүнүн сарууларынын жанына, мачактарынын айылына кызыр эмди тай сойдуруп, меймандарды күтүп калды. Чындыгында Сарайдын бал шире жүзүмү, Намангандын анжири, Лейлектин кургатылган өрүгү, Афлатундун Кызыл жүз алмасы менен жаңгагы, койчу, дасторкондо дүйүм мөмө-жемиш жайнайт. Калың токойдун ичинде кенен жайылган дасторкондун четинде комуздун үнү шаңшып, атактуу комузчулар менен ырчылар булбулдай таңшып жатышты.

Өзгөчө Өтөнүн ыры мындагыларды тамшантып, биздин тууган деп ичтеринен сыймык толуп олтурушса, экинчи чети ушундай залкар талантты Таласка батырбай кубалаган Ташкарага ичтеринен наалат айтып олтурушту.

Күз болуп, кыштын суугу сезилип калган мезгил болгондуктан, ашууну кар басып калбасын деп Таластан келген меймандар Узун-Акмат аркалуу үч күн туруп эле кайтышты. Кайтарында бир тууган таякесине байгеге чаап, Сулайманкулдун даңкын көтөрүп жүргөн күлүгү Торала атты алдына тарттырды. Мындайды күтпөгөн таякеси айдап келген элүү кою менен бир жоргосунан бул тартуу эки эсе ашып түшкөндүгүнө ичинен ыраазы болуп, жээнин кайра-кайра сыга кучактап, Торала атты жигитине жетелетип, жолго түштү.

Ат Таласка белек болуп кеткенде Канкул чертмекчи эртеси Сулайманкулду жемеледи. Өзүң бирөөнүн элинде жүрүп, намысыңды алып берип жүргөн атыңды таякеңе бергениң туура болбоду. Ушул ат бар үчүн ооматың жүрүп турган, – деди. Мындай атта кут бар экенин Сулайманкул болуш чындыгында элес албаган эле. Чын эле Кетмен-Төбөдөгү болуштук кызмат, бийлик узакка созулган жок. Болуштук боз үйдүн эшигине минип жүргөн атын байлап коюп, ички душмандары көбөйүп кеткенден бир түндө Аксыга бала-чакасын алып келе берди. Болуштун эшигинде кирген-чыккандар көрүнбөгөнү менен атын токулуп байланып тургандыктан боз үйгө эч кимиси даап кире албай арадан эки күн өтүп кетти. Үчүнчү күн дегенде гана болуштун жок экендигин билип калышып, каңкайып ачка турган атты жайдакташып, болуштун кетип калганын билип калышты.

Кетмен-Төбөдөн келе бергенден кийин эки жыл өткөндөн кийин Таласка тойго чакырылып калды. Ал кезде болуштун ордуна бир тууган иниси Бердикожо болуш шайланып, аны киши колдуу болуп орустар атып кеткенден кийин кайрадан болуштукка Сулайманкул өзү шайланган эле. Жайында Таласбай бай той кылып тойго Аксы, Талас, жанында таластыктар чакырылып Сулайманкул болуш жигиттери, ырчы-чоорчулары менен, кыз-келиндери менен жол тартып калды. Кара-Бууранын ашуусун ашып Таластын ичине түшүп калганда той ээси мына ушул Күмүштактын этегинде Манас тоосунун алдында тойго камылга көрүп жаткан экен. Жигиттери менен айылга жакындап калган болуштун көңүлүн уй кайтарып жүргөн жигиттин минип жүргөн аты буруп калды. Бул ат баягы Торала ат эле. Атты жазбай тааныган болуш тигил жигитти жанына чакырып алып, учурашкандан кийин:

– Атың ким, үкөм? – деди.

– Атым – Смайыл, мен сизди тааныймын болуш аке, сиз Аксынын болушу болосуз, – деди жер карап.

– Кайдан таанийсың? – деди.

– Ташкара болуш менен Суусамырдагы жыйынга барганмын, кызмат кылып, ошондо сиздин мына бул мен минип жүргөн атыңыз байге алган. Канчанчы чыкканын билбеймин, бирок байге алганыңызды көргөнмүн, – деди.

– Ээ,үкөм, ошол үлкөн чоң байгеде бул ат үчүнчү болуп марага келген эле. Сен азамат экенсиң.Бул атты сага ким берди.

– Атты таякеңиз эки-үч жолу чоң байгелерге кошуп чыгара албай койду. Жүгүрбөгөн атын мага берген, уй кайтарып минип жүрөм, – деди Смайыл.

– Азамат үкөм, минип тура бер. Сага бул аттын ордуна баратып жакшы жорго берип кетем, – деди болуш. Жигит сүйүнгөндөй болуп барып:

– Бай урушат го. Бир ооз айтып койбосоңуз, – деди.

Атын бастырып бараткан болуш,

– Айтам үкөм, айтам, коркпо, – деп койду, артын карабай. Ичи туз куйгандай ачышып бара жатты. Атпегендечи, Аксы – Таласта байге берей жүргөн күлүктүн табын бузуп, чаба албастан карып калып таштаганына кантип ичи ачышпасын. Болуш таякесиникине кабагы салыңкы барып түштү. Жадырап жайнап тосуп алган таякеси колдон келишинче чоң сый-урмат көрсөтүп жатты. Бир жума жүрүп Таласбай акенин тоюнан улак менен оодарыштан алдын алган болуштун жигиттеринин шамдагайлыктарына болуштун көңүлү көтөрүлүп, кайтарында таякесиникине конок болуп, эртеси таң заардан жолго чыгаарда таякеси бир аргымакты алып келип жээндин алдына тартты эле болуш:

– Таяке сизге ыраазымын, жөн эле койбойсузбу демиш болду. Жок, жээним, кантип куру жөнөтөйүн, ушул аргымакты минип кет, – деп болбой туруп алды. – Макул, – деп аргымактын үстүнө үзөңгү теппей минди да жолго түштү. Шамал жиреп шаулдаган аргымак, бетегелүү жайыкта калыбын бузбай зуулдап бара жатты. Ал жолдон уй кайтарган жигитти таптырып, Тораланы бир жигитине жетелетип, уй кайтарган Смайылга жигитинин атын берип, жигит өзү минип келе жаткан аргымакка мингизип, Аксыга Тораланы алып кетти.Муну таяке журту билген деле жок.

Аксыга келгенден кийин Пача-Атадан Жаназар саяпкерди конокко чакырып: «Саяпкерим, ушул атты көрчү, бир байгеден чыгарса болобу» – деди. Саяпкер баятан бери болуштун муну бекер сыйлабай жатканын сезип олтурган эле. Сый-urматын көрүп алып, эми калп эле чыгат деп айтууга оозу барбады. Атты эки айланып карап чыгып:

– Болуш чыгарса болот, атты катуу айнытып, бузуп салыптыр. Эми бир жарым-эки жыл убакыт керек. Атты калыбына келтирүү оңой иш эмес, аянбаймын десеңиз чыгарса болот, – деди Жаназар.

– Болуш Жаке, – деп саяпкерди эркелете сүйлөдү. Сиз эмне керек десеңиз ошонун баары болот.

– Анда бир жарым жылга мага beresiz, жем-чөбүн камдатасыз. Анан эң башкысы эки кап мейиз, беш кап күрүч, чала тартылган жүгөрү менен үзбөй мен сураганда камсыздап турасыз – деди. Он чакты жаш куйруктуу козу бересиз, атты таптап көрөйүн, – деди. Болуш саяпкердин шартына макул болду. Атты Жаназар алып кетти.

Жыл айланып күздө болуш кызын берип, тойго Анжиян, Талас, Намангенди бүт чакырып, Таш-Төбөнүн жайыгында Күлүк-Дөбөнүн алдына айылын кондуруп, конок күтүп калды. Жаназарды чакырттырып аттын акыбалын сурап турду. Тойго эки күн калганда меймандар келип түшө баштады. Эл мейман күтүп кыз оюн, кыргыздын балбан күрөш, улак тартыш, оодарыштары башталып калды. Байгенин күнү белгиленип, аттар такталып жатканда Жаназар келди.

– Болуш байгени бир күнгө токтотуп бербесеңиз болбойт, – деди. Эмне болду деп болуштун ыраңы бузула түштү. Аттын бир күндүк иши калып калды, ичинен куу тезеги түшпөй жатат. Чала бышырылган сүт берип, түнү менен ичин ооруткусуп жетелеп чыгып түшүп калса чабалы – деди. Болуш айласы кетип эртең байгеге деген күнү оорумуш болуп жатып алып, байгеге сайылчу сооруну айтылбай байге токтоп калды. Кыраакы саяпкерлер, Таластан, Казактан келгендер таарынычтарын айта баштады. Болуш ооруп калыптыр, түзүк болсо бүгүн күнгө шаршемби, байге жумага токтотулду, буйруса жума күнү байге болот, байгеге отуз атка соорун сайылат деп жарыя болду. Алдына эки төө, жети жылкы, элүү кой коюлду. Андан сырткары куда тарап да кошумча тай чабышка, кунан чабышка, жорго салдырууга деп байге айтышты.

Ошентип жума күнү күлүктөр Тегенеден Күлүк-Дөбөгө чабыла турган болуп, жүз алты ат айдалды. Аттар айдалып жатканда Торала атты көрүп таякеси бул ат кайдан келип калган, – деп шагы сынып олтуруп калды. Атты көрүп эле баш байгеден түңүлө түштү. Ошентип байгеде Торала ат алдына ат салбай, аттарга караандатпай биринчи чыгып келди. Аттын байгеден келгенден кийин бир күн жатып калма адаты бар эле. Аны билген Сулайманкул атты Афлантунга алдырып барып, өзүнүн коргонунда бастырманын алдын таза шыпыртып, таластык таякелери келер тушка ырастап, аттын алдына килем салдырып, башына пар жаздык койдуруп, атты тыныктырып калды. Муну көргөн таякеси конок болуп олтура алган жок. Бир атты эптеп чаба албапсыз деп айтат деген сөздөн качып, уялганына чыдай албай шашылыш Таластан кабар келип калды демиш болуп сыйга күтпөй аттанып жөнөп берди.

Тойдон кийин Жаназарга сый көрсөтүп, мактаган күлүгүн Таласта уйга жетпей жүрөт деген сөздөн кутулуп,Торала аттын да, өзүнүн да намысын сактап калганга ыраазы курсант болуп, болуш атты күйөө баласы Асанбекке тартуу кылып жиберди.

## Сулайманкул болуш жана жез таңдай акын Жеңижок

Таласта өткөн Ташкара бийдин тою Жеңижоктун кадыр-баркын дагы бир ирет арттырып жиберди. Бул тойго Аксынын белгилүү адамдары Сулайманкул датка, Осмонбек, Бекмурат, Баялы, Осмон, Суван бийлер жана Алишер казы барышат. Жеңижок менен Эсенамандын ошол тойдогу айтышында Эсенаманга Жеңижоктун берген татыктуу баасы тарыхта кала турган иш болду дешип, анын катыгын Жеңижок бергенден кийин Сулайманкул да ыраазы болуп калды. Анда Жеңижоктун болушту мактап айтканын куйма кулактар илип калып, Сулайманкул болушка кайра-кайра айтып, күлүп жыргап келишет. Жеңижок катырып, мына минтип айтты:

*– Каршыгып калган жоо болсо,*
*Каймана жалган доо болсо,*
*Каралашар жанымда,*
*Кан Сулайман даткам бар.*
*Калкыма кеби жагымдуу,*
*Караан болчу арстан бар.*

Андан кийин Осмонбек болушту, айтып келип кайрадан болушка баа берип:

*– Ажынын уулу Сулайман,*
*Даткам ушул болуучу.*
*Акыл менен кеңешти,*
*Таапкан ушул болуучу.*
*Башым ооруйт дегенде*
*Садаганы торпоктон,*
*Чапкан ушул болуучу.*
*Ушуну:*
*Алабарман бакшы – деп,*
*Айныптырсың, Эсеке,*
*Акыл жактан жетишпей,*
*Калыптырсың, Эсеке.*

Жерден алып сууга, суудан алып көргө чаап, Эсекенин эсин эки кылганы Сулайманкул болушка да абдан жаккан. Кыргызга аттын кашкасындай белгилүү залкар төкмөлөрдүн бири Арстанбек келип учурашканда да Сулайманкул болушту Жеңижок өзгөчө белгилеп ырдаган.

*Ырчылыгым жактырган,*
*Күрүч берип бактырган.*
*Алдыма тулпар мингизген,*
*Арзыган жарым Көксулуу,*
*Бир колума тийгизген.*
*Ажынын уулу Сулайман,*
*Абийир алган кудайдан.*
*Ыйман берсин ал жайдан.*
*Жетимдин тонун кийгизбей,*
*Жетимдигим билгизбей.*
*Желкеме чачым тийгизбей.*
*Аргымак тандап мингизип,*
*Ак парча кемсел кийгизип.*
*Алып жүргөн жанына,*
*Дайын кылган баарына.*

Дегенге карганда Сулайманкул болуш Жеңижокту өзгөчө баалаганы көрүнүп турат. Ал эми Аксынын Кызыл-Жарынын Кароо деген жеринде Ташкул деген байдын тоюнда да Нурмолдо Сулайманкул болушту мактайм деп, Жеңижоктон катуу кагуу жегендиги Аксыда айтылып жүрөт.

Нурмолдо ырдап баштаганда эле:

*– Аргымак аттай арыштап,*
*Атан төөдөй даткам ай, ай, –*

дегенде эле даяр турган Жеңижок акындын оозунан сөзүн жулуп алып:

*– Асылым датка төрөнү,*
*Айбанга теңеп айтасың,*
*Айнып кеттиң Молдоке,*
*Арканды көздөй кайтасың.*
*Төрөдөй айкөл адамды,*
*Төөгө теңеп айтасың,*
*Дөөрүп кеттиң Нурмолдо,*

*Төмөндү көздөй кайтасың,*
*Атан төөдөй деп айтып,*
*Адамды дагы кордойбу.*
*Аксакал болгон чагыңда,*
*Абайлап айтсаң болбойбу.*
*Ажынын уулу даткам ай,*
*Айбатың элден башкам ай.*
*Сулайманкул даткам ай,*
*Сымбаты журттан башкам ай.*
*Аксыдан чыккан даткасың,*
*Азыркынын Манасы,*
*Акының кантип айтпасын.*
*Жеримден чыккан даткасың,*
*Жергелүү элдин Кошоюн,*
*Жеңижок кантип айтпасын.*
*Кокондон келген төрөлөр,*
*Кол куушуруп кол берген,*
*Кошойдой журттун башчысы.*
*Кожодой сыйлап жол берген.*
*Анжияндын акими,*
*Алдына келип кол берген,*
*Акбалтадай кадырлуу,*
*Айбыгып сыйлап жол берген.*
*Наамарттык кылбаган,*
*Наманган беги сыйлаган.*
*Таш боордук кылбаган,*
*Ташкендин беги сыйлаган.*
*Каранын каны атанган,*
*Кароодон киши жалтанган.*
*Ажынын уулу даткам ай,*
*Ашып түштүң атаңдан.*
*Алтынды кумдай күрөгөн,*
*Алышкан душман жүдөгөн.*
*Алты канат үйүнө,*
*Ажылар келип түнөгөн.*

Мына ошентип Сулайманкул болуштун кадыр-баркын көтөрүү менен абдан жогору баа берген. Жеңижоктой жез тандай акын Сулайманкул болушка жөн жерден эле минтип ырдамак эмес. Ошол эле мезгилдерде Аксыдан чыккан мыкты болуштарды, бийлердин да өзүнө жараша баасын берип ырдап тургандыгы белгилүү. Жеңижок кайсыл жерге барбасын Сулайманкул болуштун адамкерчилигине,

талантгарды сыйлагандыгына өзгөчө баа берип айтып жүргөн. Мисалы, Кетмен-Төбөнүн Ой-Тал деген кыштоосунда Турдумамбет деген той кылып ошол тойдо Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет айтышып ырдаган ырында да Жеңижок:

*– Аксынын ичин бийлеген,*
*Алышканын ийлеген.*
*Сымбаты журтан ашкан бар,*
*Сулайманкул даткам бар.*
*Ойлонуп шашпай баскан бар,*
*Осмонбектей Арстан бар, –*

деп Сулайманкулду ырдаган тура. Ал эми Аксынын Авлетиминде Сулайманкул датка той берип, тойдун жарчысы Токтогул менен Жеңижок болушат.

**Токтогул:** – *Кан даткам,*
*Арстандык кылса ат берет!*
**Жеңижок:** – *Аңылдаба Токтогул,*
*Айттырбастан бат берет.*
***Токтогул:*** – *Кан даткам,*
*Бектик кылса бээ берет!*
**Жеңижок:** – *Дөөрүбөгүн Токтогул,*
*Төрөлүк кылса төө берет.*

Ошондо Сулайманкул: «О, жигиттер эки аргымак тарткыла!» – деп экөөсүнө эки аргымак мингизет. Ошентип даңктап келишкен. Албетте, элге кара өзгөй болсо, минтип ырдамак эмес. Демек, ошол мезгилде Сулайманкул болуш эли-жерин коргоп, алар үчүн камкордук көрүп келген. Ошондуктан акындар даңктап, мактап келген. Ошол эле мезгилде алар тайманбастан кемчилдигин да айткан. Бул Эсенамандын ырында таамай, таасын көрүнүп турат.

**Эсенаман:** – *Ажынын уулу Сулайман,*
*Ала барман бакшы дейт.*
*Бир мүнөзү кармаса,*
*Бой бербеген жинди дейт.*
*Антсе дагы башкарып,*
*Аксынын ичин билди дейт.*

Сулайманкулду бакшы деп жатканы, Жеңижок бир жерде тойдо көзүгүп, башым деп жатып калат, ошондо Сулайманкул садагага

торпок чаптырып, молдого дем салдырат экен. Ошону угуп калган акын капталдатып бакшы деп какшыктап жатканы. А чын- чынында акын үчүн көрүлгөн камкордук эле анын кадыр-баркын арттыруу үчүн кылынган иш болот.

## Орустар менен эриш аркак

Сулайманкул болуш Кыргыз жерине орустардын келиши менен да байланышты чыңдап, эки элдин ортосунда көпүрөлүк милдетти аткарат. Орустар бай, колунда бар, курал-жарактуу адамдар болгондуктан, аларга кара күч, союл менен тең келүү мүмкүн эмес экендигин болуш түшүнүп, алар менен байланышып, ынтымакта жашоонун жолун издейт. Алардан ишенимдүү тааныштарды арттырат, ошондон улам анча-мынча бейбаштык болуп балдар кагышып кетсе, орустар капа болсо алгач болушка барып даттанышып, ошого арызданышкан. Ошондон улам да Авлетимде орустар көп болуп, кийинчерээк Кеңеш мамлекети орногондон кийин алгач Авлетимде орус мектеби ачылат. Ага чейин анча-мынча балдар Жерге-Талда ачылган орус мектебине келип да билим ала баштайт. Орустар Раватка, Жанактуу-Булакка келип олтуруктаашып, ал түгүл Аралга да там сала баштайт. Үстү камыш менен жабылган тамды алгач мына ушул орустар салып элге көргөзбөдүбү. Матвей деген орус алгач там салганда көп эле авлетимдиктер таң калышып, бул кандай там болор экен деп улам кабар алышып, ал түгүл кымызын арта келгендери да болду. Бирок Матвей да, Яшка да жылкынын этин жеп, кымызын ичпей коюшкан. Костик гана бир аз ичип, ачырканып койду.

Раваттагы орустар менен кыргыздардын чатагы көбүнчө чочкодон чыгып кетчү. Анткени чочколор жерди челип, баткакты ылай кылып ал суга кошулуп, ошол иче турган сууну булгады деп чабыша кетчүлөр көп эле. Мындай иштер эл жайлоого көчүп кеткен кезде гана тынчып калат болчу.

Орустардан жер айдаганды, картошка өстүргөндү үйрөнүп, памидорду көрүп бул капырдын тамагы деп жебей жүрүшсө да болуш алып келип айдатып өстүргөндөн кийин анан кызыгуу пайда боло баштайт. Ошентип Авлетимге картошканы биринчи Сулайманкул болуш алып келет. Болуш орус менен олтуруп тамак жебесе да Миң-Булактагы туугандарынан ооз тийип көрүп, бул жакшы нерсе экен, бей-бечаранын оокаты турбайбы деп алып келип өстүртөт. Кийин бул жалпы элге жайылып, дыйканчылыктын бир түрүнө айланат. Орустардын болушка калыстыгы, айтсаң калыс маселе чечкендиги, колунда барды жок дебеген, колунан келбес ишке киришпеген сапат-

тары жагып калат. Эл экенбиз да колундагы келтегине таянып тоо-таште орустун балдарын сабап койгондор да болгон, ал түгүл орустар мылтык менен атып салып да, эки эл чабышып кетүүгө бара турган болгондо ушул Сулайманкул болуш көбүн сактап калган. Ошондо улам да орустардын байларынын арасында болуштун кадыр-баркы тез эле өсүп кетет. Сулайманкул болушка ишенишет. Кийин карыган кезде да айрым иштер менен болушка келишип чечип кетип турушкан. Болуштун кадыр-баркы менен көп иш чечилген.

Орустар буурусунду алмаштырып, темир кошун да алгач мына ушул Авлетимге алып келип, жер айдаган ишти жеңилдеткен.

## Болуштун кыздары

Сулайманкул болуштун байбичеси Канышбек айым болгон. Канышбек тектүү жердин кызы болгон. Анын колдоочусу бар эле. Кийин муну Казактан келген сынчы да далилдеген. Канышбектин айтканын болуш жок дей алчу эмес, анын үстүнө ашкан сулуу, чачы эки өрүм болуп жерге чубалып, ак маралдай буралып назик, бирок өкүмдар сүйлөгөн жан болгон. Болуштун үйүнө келип кетип турган коноктор Канышбектин адамкерчилигине өзгөчө баа берише турган, айрым болушка арманын айта албагандар да Канышбекке айтып, ошол аркалуу көп маселе чечиле турган. Ошондуктан болуштун ордосунда Канышбектин кадыр-баркы ашыкча болчу. Муну Сулайманкул болуш байкаса да «катындык ишинди кыл» деп айта алчу эмес. Анткени ар качандан бир качан Канышбек болушка керектүү кеңешти берип турчу. Канышбектин айтканы туура келгендиктен болуш да сыртынан сыр алдырбаганы менен бир түйүндүү маселе боло калганда катынынын пикирин күтүп калчу.

Канышбектен болуш төрт уул, үч кыздуу болот. Алардын улуусу Пайизкан, андан кийинкиси Тажикан, кичүүсү Көбөйкан болгон. Кыздары апасын тартып сулуу кыздар болот. Өзгөчө Пайизкан күнчүлүк ишти алдын-ала билген, айтканынан кайтпаган, өрүп таштап койгондо жерге чубалган чачын ар дайым белине ороп байлап алып жүргөн, ашкан сулуу кыз болгон. Ал сейилдеп чыкканда да жанына кыздарды алып, жанымда кырк кыз болсун, кыркы тең сулуу болсун деп талап коюп, кырк кызы менен кыз оюн куруп, эрке талтаң болуп өстү.

Кызды сынылык Молдоке ажы көрүп калып купулуна толуп Сулайманкул болушка куда түшөт. Улуу кызымды биринчи сурап келгенге берем деп жүргөн болуш да жакшы адамдын куда түшкөнүнө жетине албай макул болот. Кызына чоң той берип, акындарды жар-

чы кылып, дүңгүрөтө той берип кыргыздын шаан-шөкөтү менен жеңелерине коштуруп, апасы кошуп, салт санаа менен жөнөтөт. Ойноок кезинде бирге жүргөн кырк кызы кошо узатып барат. Кыздын себине деп он эки канат боз үйү менен берет. Болуштун күйөө баласы да ал кезде балбандыгы менен даңкы таш жарып турган убагы болот. Алишер, Алишер болуп Аксынын намысын алып турган учурунда үйлөнөт. Молдоке да Сыныда келин алдым деп чоң той берип, кыргыздын бүт ат оюндарын өткөрүп, элдин бир кумар черин жазат.

Алишер Пайизкандан төрт уулдуу, үч кыздуу болот. Уулдары Султанбек, Эркинбек, Түрсүнбек, Зыябек, кыздары Уултай, Мария, Рыс. Алишердин бул уул-кыздарынан бир уулу аскерге кетип кайтпай калат. Эки уулу эрте эле өтүп кетет. Бир гана Зыябеги калган болсо анысы Бишкек шаарында жашап турат.

Ал эми кыздары бар, Уултай эне менен Мария апа азыр пенсияда токсонго жакындап калышты. Жакында Рыс деген эң кичүү синдисинин кызы Нурия бул эки кемпирге азыркы талапка ылайыктуу кылып төрт бөлмөлүү там салып берди. Алишердин ысмы Сыны айылындагы орто мектепке берилген.

Сулайманкул болуштун дагы бир кызын ала-букалык атактуу Орос бий алат. Бирок бир жортуулдан келе жаткан Кыргыз Кызыл атчандар дивизионунун отряд командири Асанбек Кабаев көрүп калып, Орос бийдин бул катынына ашык болуп жүрүп акыры андан тартып алып ошол Тажиканга үйлөнөт. Бирок булар эки-үч ата өтүшкөн тууган да болушат. Асанбек Кабаевдан Тажикан, Мадалбек, Эсенбек, Аманбек, Гүлан, Алима деген уул-кыздуу болот. Сулайманкул болуштун бул күйөө баласынын аты да Авлетим айылындагы орто мектепке берилет. Басмачыларды жоюп, Кеңеш өкмөтүн куруудагы ак эмгеги жогору бааланып, Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланат. Бир уулу Аманбек атасынын ысмын алган мектепте иштеп жүрүп көзү өттү. Өзбекстандын Наманган областына караштуу Сарай айылында Кабаев деген чакан айыл бар.

Ал эми Сулайманкул болуштун эң кичүү кызы Көбөйкан Алибаев Төлөбайга тийип, бирок Төлөбай Чаткалда киши колдуу болуп өлөт.

Ошондо:

*«Чаткалга барып чалдырдым,*
*Шумкарым колдон алдырдым.*
*Чаң жукпас аппак бетиме,*
*Чатыраш тамга салдырдың»* –

деп өлгөндө кошуп ыйлаган төрт сабы элде сакталып калган. Бул кошок көп болгон экен, аны билген байбичелер өтүп кетишти. Андан

кийин апасы Канышбек өзүнүн бир тууганынын баласы Мырзабек болуштун уулу Лүтпүгө берет. Бирок Лүтпүгө турмушка чыккандан кийин аз эле жашап, көзү өтүп кетет.

Мына ушул болуштун үч кызынын ичинен Пайизкандын күйөөгө бергенде акындардын кошуп ырдаганынан тарыхта калып калган учуру бар.

## Пайызканды күйөөгө бериши

1916-жылы Сулайманкул болуш кызынын бата тоюн берет. Болуштун Пайызкан деген кызы болгон. Ашкан сулуу, келбеттүү, эскиче (арабча) кат билген неме болгон. Пайызкандын жеңелери Акбаары деп эркелетчү. Ошол Акбаарыга сынылык Молдоке деген адам куда түшүп, уулу Алишерге алып берет. Ошол тойдо авлетимдик Молдобагыш менен Жеңижок (Өтө ырчы) жарчы болот. Молдобагыш өтө сабаттуу, билимдүү, анан төгүп да, жазып да ырдаган адам болгон. Жеңижок экөөсү тойдо эки күн ырдап кызмат кылат.

**Молдо Багыш:** – *Сулайманкул болушум,*
*Туугансызга туугансың.*
*Түнөгүм болуп тургансың.*
*Алсызга жардам кылгансың,*
*Адамдан чыккан буудансың.*

**Жеңижок:** – *Сулайманкул болушум,*
*Кутка толсун конушуң.*
*Жалаң семиз тай болду*
*Бул тоюңа союшуң.*

**Молдо Багыш:** – *Болушту кырк чилтен кут даарыган,*
*Таң Чолпон чыккан айылынан.*
*Ачты токко теңеген.*
*Айкөлдүгү, кеңдиги,*
*Абыдан мыкты баарынан.*

**Жеңижок:** – *Кан Манастын айылынан,*
*Алты дубан тааныган.*
*Керней-сурнай тарттырып,*
*Акындарга айттырып,*
*Көңүлдөрүн шат кылып,*
*Таякең келди бат жүрүп.*

**Молдо Багыш:** *– Сулайманкул болушум,*
*Нусуп кан сенин өз атаң.*
*Даңкы кетип далайга.*
*Эл башкарган жети атаң.*

**Жеңижок:** *– Сөз жетпеген санжырган,*
*Кырк уруу жыйып калк кылган.*
*Кытайдын тилин так билип,*
*Чоң атаң, кадырын элге арттырган.*

**Молдо Багыш:** *– Кокондон бери эл келди,*
*Көрмөккө кызын бергенди.*
*Жамбы атып алды Алишер,*
*Көзгө атар экен мергенчи.*

**Жеңижок:** *– Самаркан менен Бухара,*
*Орногон шаар кут ага.*
*Калбай келди тоюңа,*
*Кадырың ушул журт ага.*

**(Асанбай ЖУСУПБЕКОВ. Жеңижок. – Бишкек, 2004-жыл.)**

**Молдо Багыш***:* *– Кара кылды как жарган,*
*Эл намысын колго алган.*
*Саруу элдин туйгуну.*
*Жолборс жүрөк жаралган.*

**Жеңижок:** *– Датканын уулу болушум,*
*Кытайдан бери эл келди.*
*Жемиши дүйүм жайнаган.*
*Бейиш дешип жергеңди.*

**Молдо Багыш:** *– Болуштун кызы Акбаары,*
*Мунун азылзаадалыгын айталы.*
*Кырк күнү куруп кыз оюн,*
*Той берип жатат атайын.*
*Өргөөсүн жасап көтөрдү,*
*Ичи кымкап менен башайы.*

*Ошентип Молдобагыш менен Жеңижок эки күн тойго жарчы болуп, Сулайманкул болушту даңкташкан. Айтымда ошол чоң той эсте каларлык өткөн. Кыргыздын бүткүл улуттук оюндары*

*менен коштолгон бул той азыр деле эл арасында сөз болуп айтылып келет. Белгилеп кетчү нерсе ошол тойдо Сулайманкул болуштун аты алган байге баары жарды-жалчыга, колунда жокторго таркатылып берилген.*

## Чыныбек болушка берилген бата

Чыныбек болуш Төрөбек уулу Хан Тиештегин Багыш болуштугунун болушу болгон. Эли-журтуна колу ачыктыгы, берешендиги, марттыгы, ачарчылык мезгилдерде элди багып ачарчылыктан алып чыгып кеткендиги менен эл эсинде сакталып калган. Калыс, так, акыйкат бийлик жүргүзгөн.

...1635-жылы Багыш уруусунан Тиеш хан болуп турган чакта калмактар, кыргыз-казак болуп биргелешип каршылык көрсөткөнүнө карабай өтө аёосуз чаап, кыргыздарды жылаңач уук, чийсиз боз үй кылып, керегеге таңып талкалаган. Күлүн асманга сапырган, ошондо да ат жалына казан асып көнгөн кыргыздар Ташкен хандыгынын ушундай абалда талкаланып баратышына жалпы калк түп көтөрө чыгып коргонушкан. Тиеш хандын Аккочкор, Каңкы деген эр азамат уулдары мына ушул урушта теңдешсиз эрдик көрсөтүшкөн жана курман болушкан.

Тарыхчы Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыздар тарыхы» тарыхый чыгармасында кан майдандан «Аккочкор өлдү» деген кабарды ханга угуза алышпай бушайман тартып, ошол элдин ичинде сакалы жер чийген, жашы токсон ашкан, сөзү нарктуу, өзү барктуу карыга барышат. Ал киши кыякчы, комузчу, ашкан таланттуу, өзү да баатыр адам болот. Сакалын сылап чай кайнамча олтуруп, анда аны мен угузайын деп, жанына аксакалдарды ээрчитип, колуна кыягын алып Тиеш хандын ордосуна барып, хандын жанында олтуруп, кыяк тартат.

Ошондо хан Аккочкор менен Каңкынын кабат өлгөнүн угуп: «Ава кантейин тагдыр экен, таянган Кыргыз элим бар» – деп камчыны жерге ныгыра ордунан турганда камчынын сабы жерге кирип барып, сууруп алган экен. Хан камчысын мыжый кармап, ээрдин бек кымтып туруп: «Каңкым бар десем кыяк үнү Каңкың да өлдү десе, таянган тоо кулаган экен» – деп жоо-жарагын камданып, ошондо: «Каңкым өлсө кантейин Хан Тиеш аттуу даңкым бар» – деп эки жигит босогодо эки тарабынан кармап, жоо-жарак кийимин кийип, кыңгыратып кылычын байланып, асыл тукум аргымагына минип майданга кирип, 40 жаш тегерегиндеги курагында шейит болгон.

1742-жылы Бухара хандыгынан Кокон хандыгы бөлүнүп чыкканга чейин ошол Ташкен урушунан кийин багыш уруусунун атка

минер, эл бийлейм деген билермандары түндүк-түштүк, батыш-чыгыш хан, болуштуктарга сиңип, кыйлага жок болуп кетишкен.

Кийин Алим хан бийлик кылып турган Кокон хандыгы тушунда гана багыш билермандары аз-аздап, бийликке аралаша баштаган. Аксы чөлкөмүндөгү Алимбек (Аккочкордун небереси), Сарипбек (Алимбектин 2-баласы) болуш, Сулайманкул болуш, Бекмурат болуштан кийинки Николай заманынын акыркы болушу – бул Төрөбек уулу Чыныбек болгон.

Ташкент ханы Тиештин, Аккочкор, Каңкы эки уулунун Каңкысынан азыркы Кош-Дөбө айыл өкмөтүндөгү чие уруусу. Ушул Чие уруусу үч ата Жаныбек, Шадыбек, Алимбектерден тарашат. Жаныбектен Төрөбек, Төрөбектин экинчи аялынан Жаңы баарын уруусу, кызы Ашырхандан Мырзакмат. Ал эми биринчи аялынан Чыныбек төрөлөт. Шадыбектен Султаналы, Султаналыдан Доул бий, Алимбектен Айдаралы куйма кулак, танбас тарыхчы болгон. Төрөбектин Арстанбек, Карабек деген балдарына караганда ортончу уулу Чыныбек тирикарак, өзүнө өзү тың зирек эле. Ал 1882-жылы (кой жылында) бардар үй-бүлөдө төрөлгөн. Чыныбек илимге кызыкдар адамдар менен мамилелеш болуп, бийлик кызматына кызыккан эмес. Бирок Чыныбектин чынчыл, адилет, кашкөй чыгарган бүтүмүнүн бузалгыстай ишеничтүү экендигин караламан калк, бий, болуш жана орус төбөлдөрүнүн көңүлүн бурган жана болуштук кызматына сунуш кылышкан.

Бул кызматка Чыныбек илим-билимге кызыкдар адамдар менен көп жүрүп, бийликтеги адамдын кайсыл бир учурда бийликке таянып, калпыстык кетирерин түшүнгөн жана бул кызмат өзүнө мунапыс эмес деп билип, уруулаш тууганы Шадыбектин баласы Султаналы уулу Добулду сунуштаган. Чыныбектин сунушу жана таасири астында Добул эл башы кызматына шайланып калган. Бирок Добул көп иштебей эле эл арасында ынтымакты сактай албай болуштуктан түшүп, эл кайрадан Чыныбекке келет: «Кой эмнеси болсо да сенин кат-сабатың бар, алыс-жакынды көрө билесиң, ошондуктан болуш өзүң бол, биз сени колдойлу дейт» – аргасы кеткен Чыныбек акыры макул болот. Сулайманкул болуш Кетмен -Төбөдөн Керимбай болуш келип, Ажымат эшенден кийин бул эки болуштун кеңешин угуп, батасын алат.Ошондо Сулайманкул болуш айтат Чыныбекти: «Сен эми кат билген сабаттуу адамдар менен көп жүргөнсүң, көптү көргүнсүң, элдин азамат уулдарынын бирисиң, элдин назарынан калбагын. Мына алыскы Кетмен-Төбөдөн сен үчүн деп атайын Керимбай акең келип олтурса, бул адамдар деле эриккенинен келип олтурган жок. Эл сени туура таап жатабы, жок дебегин. Кана, алаканыңды жай.

«Кыдыр жылооңдо болуп, ооматың жүрүп, элдин акыйкат, чынчыл, кайрымдуу, мээримдүү журт атасы болгунуң. Жайылган дасторконуң берекелүү болсун, ордоно кут консун!» дегенде жыйылып турган кары-жаштын баары: – Оомийин – деп жүздөрүнө бата тартып, бата беришкен. Болуштун батасын, эки тизгин бир чылбырды колго алып бийлик тактысына олтурган. Чыныбек чындыгында болуштардын катарында эле турган, анткени Мырзабек болуш,Орос бий,Райымбек болуш менен булар бажа Былжыбай дегендин кыздарын алган. Анын беш кызы беш болуштун аялы болгон. Кыязы, Былжыбайдын аялы мыкты, тектүү жердин кызы болгон сыяктуу. Чыныбек болуштун төрт катыны болгон, биринчиси төрөбөй аны менен ажырашкан. Экинчиси Наржан, Карачач, акыркысы ушул Жаңыл Былжыбайдын кызы.

Кызыл-рабаттык кадимки Ажымат Эшендин Аксыга келип Төрөбектикинде болуп, Чыныбекти Бозбу тоосунун Тулпар көлүнө, андан Баба Устун атага коштоп барып келүүсүн өтүнүп келип, ал киши да ушул жерде болот. Ошондо эшен айтат: «Таксыр эл суранып келгенде жок дебеңиз, кесир болот. Эл ишенип жатабы, барыңыз, анткени сиз бул кызматты сурап алып жаткан жериңиз жок» – дейт да батасын берет. Элге Төрөбек уулу Чыныбек зирек, сыйкор, элпек, жылуу мамлеси менен жагып жана кадыр-баркы бийик инсан экендигин далилдеген. Ошол Ажымат эшен Бозбу тоосундагы Тулпар көлгө гана зыярат кылбастан, келген сайын Баба Устун Атага да зыярат кылып кетип турган. Ошол Ажымат эшен айткан дейт: «Балдарым, бул Баба Устун Атада тазалыкты кармагыла, бул кыргызды сактай турган, Мекке, Мединага барчу жолу бар, ыйык жер экен, Алла деп, Алланын жолу деп келип турсаңар, жараткан Алла силерге берет уулум» деген экен. Мына ушул жерлерге зыярат кылып, элге журтка тынччылык, аманчылык тилеп келип кетип турчу дейт. Бозбу тоосундагы Тулпар көлү мазары тегин мазар эмес. Анткени көлдөн тулпар чыгып, ал тулпардан тараган жылкынын кулундары эл намысына жарап, байге бербеген күлүк, көк бөрүгө мыкты аттар чыккан. Тулпар чаар жылкы болгондуктан, элде чаардын тукуму деген ат менен белгилүү мыкты күлүктөр да чыккан. Азыркы учурда деле көлдөн тулпар чыгарын карыялар сөз кылып калышат. Ал таза, пакиза, Алла деген айрым адамдарга гана көрүнө турганы айтылып келет. Ажымат эшен чоң дубакөй, ар кандай жинди байлаган, аалым адам болгон. Анын даңкы Орто Азия чөлкөмүндө белгилүү инсан.

Чыныбектин билим алып, кат таанып калышына да ушул Ажымат эшендин чоң жардамы тийген. Ажымат эшен аалымдыгы, билимдүүлүгү жагынан замандаштарында буга тең келчүсү аз болгондуктан Орто Азия чөлкөмүндө эшен чоң кадыр-барктын ээси

болгон. Ал адамдын келечегин көзүнөн, бешенесинен окуган адам экен. Чыныбек болушту айткан дейт: «Уулум, кызматың менен элге жагып, атың элиңде калат, анткени бийликке эмес билимге кызыккан жан экенсиң» деген экен.

Болбосо зоболосу бул жагы Наманган, Анжиян, тиягы Бухара, Хорезмге, Ооган, Иранга аты, даңкы дайын Ажымат эшенди Тулпар көлгө баштап барганга башка жан табылбады дейсиңби. Ажымат эшендин батасы Чыныбектин агарып-көгөрүп, өсүшүнө бийлик-байлык күтүшүнө жол ачкандай. Кийин Чыныбекти Багыш эли болуштукка көрсөтүп шайлагандан кийин кабар Ажымат эшенге да жетип, эшен атайын арналуу келип, Чыныбекти куттуктап, анын жонуна көлөкөдө башка түс, күнгө чыкса кубулуп, жарык тийсе кулпуруп, сүрөттөп айтып бере алгыс түскө ээ кымкап чапанды Чыныбектин үстүнө жаап жатып: «Бухаранын Азирети ханы Насыруллодон келген белек эле уулум, бул чапандын мага келгенине отуз жыл болду, ак тилек менен сага берип жатам, желкеңе кут консун» – деп бул жагын табышмактантып айтпай, жакшы тилек менен жапкан, болжол менен бул 1923- жылдары экен. Болуштун ошол чапаны азыр баласы Рыскулбектин төркү конок үйүндө илинип көөнөрбөй турат. Ал чапанды эч кимге бербей Чыныбек өлгөндөн кийин көрөр көз катыны Жаңыл сактап, Чыныбектин уулу Рыскулбекке атадан калган мурас катары өткөрүп берет. Жүз жылдан ашыгыраак сакталган бул чапанды Болуш сыйга кийип, аздектеп жүрүп, кийин балдарында калган. Ал азыр да сакталып келет. Жүз жыл ашык убакыттан бери сакталып келген бул чапан азыр да күнү бүгүнкүсүндөй жапжаңы кулпуруп турат. Чапанды жүз жыл ашык мезгилден бери сактап келген Жаңыл эненин бул мыктылыгына суктанбай коюуга болбойт.

Чыныбек эл-журтум деп өскөн адам болуп жетилет. 1916-жылкы улуу Үркүн мезгилинде Түштүк Кыргызстанга да оорчулугун алып келген. Ошол жылда элде ачарчылык болот. Дал мына ушул кыйынчылыктан Чыныбек өз айылындагылар үчүн күн сайын оокат кылдырып коюп, бир маал оокат берип көп адамдарды өлүмдөн сактап калгандыгын аксакалдар айтып келишет.

Чыныбек өзүнүн түп атасы Тиештин уулу Көкүм бийдин Ташкенттеги мүрзөсүнө уулу Үзөндү ээрчитип барып, куран окутуп кайткан.

Чыныбектин болуштукка келиши да жөн жеринен болуп калбаган. Бийликке келгенден кийин Чыныбек иштi жарды-жалчыга жардам берүүдөн баштайт. Дал ошондо иши оңуна кетет.

**(Уландысы бар)**



**Абдыкерим АБДРАЗАКОВ**

*Чүй районунун Кош-Коргон айылында 1939-жылы туулган. Адабиятчы. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Филология илимдеринин кандидаты, профессор.*

*Бир канча китептердин, илимий макалалардын автору.*

*Тарых*

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ-ТҮРК АДАБИЯТЫНЫН ҮЛГҮЛӨРҮ

Орхон-Енисей эстеликтериндеги ташка чегилген жазуулар VI–IX кылымдардагы кыргыздардын жана түрк урууларынын тарыхын баяндаган баалуу булак гана болуп эсептелбестен, алардын ташка жазылган поэзиясы, б.а., көркөм адабияттын байыркы үлгүлөрүн таамай элестеткен руханий маданияты, адабий мурасы да болуп саналат. Бул эстелик жазуудагы көркөм адабияттын үлгүлөрү түрк элдеринин бардыгына бирдей тиешеси бар орток мурас экендиги талаш туудурбай турган чындыкка айланып калды. Көптөгөн окумуштуу-түркологдор бул маселе боюнча өздөрүнүн далилдүү пикирлерин жазышты. Алардын ичинен Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулардын байыркы түрк урууларынын адабиятынын үлгүлөрү экендигин ишенимдүү, так далилдеп көрсөткөн «VI–VII кылымдардагы түрктөрдүн поэзиясы» (1965), «Байыркы түрк адабиятынын поэтикасы...» (1976) аттуу эмгектердин автору, белгилүү окумуштуу И.В.Стеблева «Байыркы замандарда жана орто кылымдын баштапкы мезгилинде Борбордук, ошондой эле Орто Азиянын учу-кыйырсыз мейкининде өмүр-тиричилик

өткөргөн ар түркүн уруу эл бирде эбегейсиз күч-кубатка эгедер уруулук биримдикке баш кошушса, бирде кайрадан бытырап таркап турушкан. Ошондуктан бул мезгилдин адабий эстеликтерин түрк тилинде сүйлөгөн элдердин орток мурасы деп саноого болот»[1] – деп жазат.

И. В. Стеблеванын калыс жана эң туура айтылган бул пикиринде түрк элдеринин орток мурасынын катарына байыркы мезгилдердеги Орхон-Енисей жазуулары гана эмес орто кылымдын баштапкы мезгилиндеги Ахмед Югнеки, Кожо Ахмед Яссавилердин чыгармалары да кирери тууралуу сөз болуп жатат. Чындыгында эле И. В. Стеблева белгилегендей VI кылымдан XVII кылымга чейинки мезгилдерде түрк тилинде сүйлөгөн элдерге, анын ичинде кыргыз элине да тиешеси бар орток адабий мурастары жаралганы белгилүү.

Енисейдеги ташка чегилген эстеликтер сан жагынан көп болгонуна карабастан көлөм жагынан өтө эле кыскалары арбын. Мисалы, Өөк-Тарлактагы эстеликте:

1) Элим (мамлекетим) сизден, канышам, уулум, журтум сиздерден алтымыш жашымда айрылдым.

2) Атым Эл Туган тутук. Мен теңири элимдин элчиси элем, алты уруу журтка бек элем – деп жазылса, Улуг-Кем эстелигинде: «Күч кыйнаган ичерки (ички чин)»[2] – деп гана кыскача жазып койгон. Мунун биринчисинде элдик оозеки чыгармачылыкта кездешкен арман, кошок, керез мотиви басымдуулук кылат.

Ал эми Алтын-Көлдөгү кыргыз ханы Барсбекке (Ынанчу Алп Билге каганга) арналган эстеликтеги жазуу бүгүнкү күндөгү кыргыз элинин оозеки адабиятында кездешкен керээз, арман, кошок жанрларына окшош формада берилген. Эстеликтеги жазуу алды менен Барсбектин арман аралаш керээз сөздөрү менен башталат да, андан ары көбүнчө Барсбектин жакын адамдарынын ички кайгы-муңун баяндаган жоктоо, кошок мотиви басымдуулук кылат. Кыскасы, бул эстеликтеги жазуу кошок жанрына өтө жакын турат. Ошондуктан бул жазууну «Барсбекке арналган кошок ыры» деп койсо да жаңылыштык болбойт. Анткени бул эстеликте Барсбектин хандык кылган мезгилдериндеги тарыхый окуялар Күл-Тегин же Тонукук түкүндөй болуп кеңири жазылган эмес. Көбүнчө жоктоо, кошок мотиви терең орун алган.

Ал эми монголиядагы Суджи-давандан табылган кыргыз уулу Йаглакар кан атанын эстелигине коюлган таштагы жазууда Барсбектин эстелигиндегидей муңдуу мотив басымдуулук кылбайт. Тескерисинче,

---

[1] Орхон-Енисей тексттери. – Ф.: 1982, 144–147-б.

[2] Ушул китепте, 111-б.

өз кылган ишине өзү ыраазы болуп жашап өткөн, оптимист, духу күчтүү, акыйкат адамдын образы ишенимдүү ачылган десек болот. Эстеликте көтөрүңкү оптимисттик тондо Йаглакардын монологу берилет да, кыска, бирок өтө так айтылган көркөм баяндамалардан Йаглакардын ким экендиги даана көрүнөт. Ошону менен катар керээз мотивиндеги акыл сөздөр айтылып, бүгүнкү күндө да актуалдуулугун толук сактап турат.

Енисейдеги эстеликтердин көбү байыркы кыргыздарга таандык. Бирок, биз жогоруда белгилеп өткөндөй көлөм жагынан кыска келип, анда тарыхый баяндарга караганда керээз, жоктоо, кошок мотиви көбүрөөк орун алган. Бирок ошого карабастан эл тарыхын, үрп-адат, салт-санаасын, тилин изилдөөдө табылгыс баалуу булак болуп саналат.

Орхондогу ташка чегилген эстелик жазуулар Енисейдегиден бөлөкчө жанрдык-стилдик формада көркөм иштелип чыккан. Алардын бир катары көлөмдүү келип, тарыхый окуялар орун алган баатырдык эпикалык поэманы элестетет. Өзгөчө, Күл-Тегин, Тонукук, Могиляндын (Билге кагандын) эстелигиндеги ташка чегилген жазуулар көлөмдүү келип, тарыхый баатырдык поэма жанрына чейин көркөмдүк жактан өсүп жеткен.

Бул эстелик жазууларда VI–VII кылымдарда түрк элдеринин тарыхында болгон орчундуу татаал тарыхый окуяларды, кагандардын ишмердиктерин баяндоо үчүн түрдүү адабий формаларды жана стилдик ыкмаларды колдонгон.

Мисалы, санжыра түрүндө, өмүр баян формасында биринчи жактын жекелик түрүндө да (Билге кагандын эстелигинде) көптүк түрүндө да (Күл-Тегиндин эстелигинде) баяндоо, монолог, диалог формалары, психологиялык толгонуулар, кыймыл-аракет, көркөм салыштыруулар, макал-лакап, эпикалык идеализация, гипербола ж.б. көркөм адабий чыгармаларда кездешүүчү формалар Күл-Тегин, Тонукук, Билге кагандын эстелигиндеги жазууларда кеңири түрдө кездешет. Ошону менен катар бул ташка жазылган тарыхый баатырдык дастандарда макалдар, керээз сөздөр, жоктоо, арман, мактоо жана накыл сөздөр сыяктуу кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында орун алган жанрдык формалардын да элементтери учурайт.

Окумуштуу-түрколог И.В.Стеблеванын аныктамасы боюнча бул түрк эстеликтериндеги жазуулар орто эсеп менен алганда 6–7 муундан 12–13 муунга чейин түзүлгөн төрт сап ырлардын катар тизмегинен туруп, окуянын сүрөттөлүшүнө ылайык композициялык ырааттуулукта курулган.

Демек, Күл-Тегин, Тонукук, Билге кагандын эстеликтериндеги жазуулар өз алдынча баяндоо стилине ээ, сюжеттүү тарыхый баа-

тырдык поэмалар болуп саналат. Бирок бул үч эстелик жазуунун баяндоо ыкмаларында өзгөчөлүктөр болгону менен, негизинен, андагы сүрөттөлгөн тарыхый окуялар бири-бирин кайталайт. Себеби эстеликтердеги сүрөттөлгөн окуялардын дээрлик көбүнө Тонукук, Могилян, Күл-Тегин чогуу бирге катышат. Тонукук Элтерис каган, Капаган каганга кийин Билге каганга (Могилянга) кеңешчи жана кол башчы болгон. Ал эми капаган каган баштап кирген согуш жортуулдарына Могилян, Тонукук, Күл-Тегин бирге катышып, салгылашкан. Ошондуктан бир эле жортуул үчөөндө тең орун алат да, биринде кыска, биринде кеңири баяндалып, бири-бирин мазмундук жактан толуктап турат. Айрым учурларда бири-бирин кайталабаган окуялардын да орун алганы байкалат.

Орхон-Енисейдеги ташка жазылган эстеликтин көлөмдүүсү жана элге кеңири белгилүүлөрүнүн бири Күл-Тегиндин эстелигиндеги ташка жазылган тарыхый баатырдык поэма болуп саналат. Күл-Тегиндин эстелигиндеги жазуулар кичине жазуу жана көлөмдүү жазуу болуп экиге бөлүнөт да, анда түрк урууларынын VI–VIII кылымдардагы тарыхый турмушунда болуп өткөн маанилүү маалыматтар, орчундуу окуялар ыктуу курулган композициялык ырааттуулукта, көркөм формада, көтөрүңкү баатырдык пафосто баяндалат.

Күл-Тегиндин эстелигиндеги кичине жана көлөмдүү жазуу, ошондой эле Могиляндын (Билге кагандын) эстелигиндеги жазуулар да Могилян (Билге каган) тарабынан баяндалат. Бул эки эстелик жазуунун тең автору бир эле адам, Билге каган, ташка жазган Йоллыгтегин болуп саналат. Тагыраак айтканда, Билге каган айтып, же жазып берип, анын иниси (текстте «небереси» деп жазылган) Йоллыгтегин ташка чексе керек. Кичи жазуудагы Билге кагандын «Менин сөзүмдү сындырбады, бурбады, ката кетирген жок»[1] деген сөзү биздин оюбузду бекемдеп турат.

Йоллыгтегин өз учурунун белгилүү жазуучусу, өнөрпозу болгон окшойт. Ал Күл-Тегиндин эстелигиндеги тарыхый баатырдык поэманы Билге кагандын айтуусунда кагазга түшүргөн жана аны Билге каган окуп, жактырып, ташка чектирүүгө буйрук берген. Ал эми Билге каган дүйнөдөн кайткандан кийин Күл-Тегинге арналган жазууну кыскартып, редакциялап оңдоп, Билге кагандын соболосуна ылайык көркөм чыгарма катары кайра жазып чыгып, Йоллыгтегин ташка жаздырса керек. Же өзү ташка чегип, Билге каганга эстелик тургузган деген жыйынтык ойго келсек да чындыкка жакындашып турат.

[1] Байыркы Күл-Тегин эстелиги. Ала-Тоо, 1988, № 9, 99-бет.

Билге кагандын эстелигиндеги жазуунун аяк ченинде: «Билге кагандын жазуусун Йоллыгтегин жаздым. Мынча күмбөздү, оймо-чиймени, кооздукту (түрк) Билге кагандын тууганы, Йоллыгтегин, мен бир ай төрт күн олтуруп жаздым, оймо-чиймени салдырдым» деген жазуу бар. Демек, мунун өзү биздин жогорку ойлорубуздун тууралыгын аныктоочу ишенимдүү аргумент боло алат.

Күл-Тегиндин эстелигиндеги кичи жазуунун мазмунун байкап көрсөк түрк мамлекетинин өткөндөгү жана Билге каган бийлик жүргүзүп турган учурдагы ал-абалынан кыскача баяндап келип, таш эстеликке кандай сөздөр чегилерин, аны кайсы чеберлер ишке ашыргандыгын, кандай жерге эстелик орноткондугун көркөм баяндаган кириш бөлүмдү, же болбосо бет ачарды элестетет. Бирок ушу кириш бөлүмдөн эле түрк урууларынын тарыхый турмушунан аздыр-көптүр маалымат ала алабыз. Көркөмдүк жактан да бир кыйла жетик иштелген. Бир канча кыска сүрөттөлгөн тарыхый маалыматтар бири-бири менен ыктуу чиеленишкен композициялык ырааттуулукта тутумдашат да, автордун, Билге кагандын айтайын деген негизги ою толук түрдө жүзөгө ашат.

Кандай гана эпикалык формадагы чыгармалар болбосун, мейли элдик эпоспу, же реалисттик аңгемеби турмуш көрүнүштөрүн, тарыхый окуяларды көркөм сүрөттөөдө чоң-чоң бөлүмдөрдөн тарта майда эпизоддорго чейин ажырата баяндап келип, кайра алардын жигин билгизбей тутумдаштырып, бекем синтездейт. Мына ушундан кийин «куралдуу көзгө» көрүнө турган жүздөгөн майда эпизоддорду, же болбосо циклдарды өз ичине ыдыратпай камтып турган белгилүү жанрдык стилдик формадагы көркөм чыгарма жаралат. Күл-Тегиндин эстелигиндеги жазуулар да мындай касиеттен куру эмес Ошондуктан И. В. Стеблева өзүнүн «Байыркы түрк адабиятынын поэтикасы...» (1976) деген эмгегинде Күл-Тегиндин эстелигиндеги кичи жазууну сегиз, көлөмдүү жазууну отуз майда эпизоддорго, же болбосо циклдарга бөлүп адабий талдоо жүргүзөт. Бул шарттуу бөлүштүрүүлөр эң туура жана илим үчүн алгылыктуу. Эстеликтеги жазуунун поэтикасын таанып билүү үчүн ар бир адабият изилдөөчүгө зарыл керек.

Бирок биз үчүн мындай өтө эле майдалап бөлүштүрүп, кароо анча зарыл эмес. Анткени ишибиздин көлөмүнө да туура келбейт. Студенттердин, жалпы эле окурмандардын түшүнүүсүнө да кыйынчылык келтирет. Ошондуктан майдалабай чоң-чоң бөлүмдөргө, орчундуу тарыхый окуяларга басым жасап, талдоо жүргүзгөнүбүз оң.

Күл-Тегиндин эстелигиндеги кичи жазуу эстеликтердин көбүндө кездешкен көнүмүш баяндоо ыкмасы менен башталат. Ал ыкма бардык түрк кагандарынын бардыгын бийликке алып келген «Теңир

жалгоо» принциби, же болбосо Теңирдин колдоосу менен кагандык такка олтуруу болуп саналат. Эстеликтеги жазуу Билге кагандын атынан баяндалат. Поэманын башкы каармандарынын бири да мына ошол Күл-Тегиндин агасы Билге каган экени белгилүү.

«Теңиримдей Теңирим болтурган түрк билге каны бу такка отурдум. Сөзүмдү түгөл эшиткен улуу-кичүү туугандарым, уулдарым, бирдиктүү уруум, элим, онумдагы шад-апыт бектер, солумдагы таркат буйрук берүүчү бектер» – деп баштайт Билге каган алгы сөзүн.

Ага улай Билге каган өзүнүн карамагындагы каганаттын аймагын белгилеп өтөт. Андан ары кайсы жерлерге чейин жортуул жасаганын:

«Чыгышка Шантуң жайыкка чейин жортуулдадым, деңизге кичине жетпедим, түштүккө Тогуз-Эрсенге чейин жортуулдадым, Тибетке аз тийбедим. Батышка Инчү-Өгүз (Сырдарыя) кечип, Темир капкага чейин жоортулдадым. Түндүккө Жер Байырку жерине дейре жортуулдадым» (60-б.) – деп, тарыхый жактан так жана туура баяндап берет. Бул маалыматта эч кандай апыртуу жок. Экинчи түрк каганатынын жортуулдары ушул аймакты камтыганы тарыхта белгилүү.

Ошону менен катар түрк эли Өтүкөн жеринде Табгачтар (кытайлар) менен жанаша конуп, алар менен алака түзөт. Бирок табгачтын жылуу сөзүнө, азгырыгына кириптер болгон эл бузарлардын күнөөсүнөн көп түрк кырылып, жапа чеккени өкүнүчтүү баян этилет. Мына ушундай билимсиздин азгырыгына ишенип жапа чеккен элди Билге каган биримдикке, кыраакы болууга, Өтүкөн жерин коргоого, жоого алдырбас бекем болууга чакырат.

Акырында Билге каган өзүнүн элге кылган кызматын айтып келип, ушул баян этилгендин бардыгын түгөл ташка чектиргенин, ал таш чеккич чеберлерди кайдан алдырганын сөз кылат да, аңгемесин аяктайт.

«Кан болуп, жарды элди бай кылдым, аз элди көп кылдым. Же бул сөзүмдө ката барбы? Түрк бектери, эли муну эшиттиң Түрк элин жыйып эл башкарганыңды мында чектим, жаңылып бөлүнгөнүңөрдү дагы мында чектим, не бир айтайын деген сөздөрүмдү түбөлүк ташка чектим» (61-б.) – деп кашкайган чындыкты гана ташка жазып, түбөлүк элге калтырууну алдына максат кылып коёт. Чындыгында Билге каган түрк элдеринин биримдиги үчүн, кытай империясына түрк элдерин көз каранды кылбоо үчүн күрөшкөн акылман, билги каган болгон.

Жогорудагы сюжеттик-композициялык талдообузда көрүнгөндөй кичи дастан айрым мифологиялык түшүнүктөр аралашканы менен түрк элдеринин башынан өткөн тарыхый окуялар мифологиялык-

романтикалык мотив басымдуулук кылбай нукура объективдүү-реалисттик стилде баян этилди.

Албетте, биздин бул аныктама Орхон-Енисейдеги ташка жазылган поэмалардын көркөм деңгээлинен туруп караганда ушундай тыянак берет. Ал эми классикалык жазма адабият (мисалы, Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков ж.б.) туурасында сөз башкача болушу мыйзамченемдүү көрүнүш экенин унутпоого тийишпиз.

Мына ошентип биз кичи жазуудан эмки сөз боло турган көлөмдүү жазууда кандай тарыхый окуялар баяндала турганынан аздыр-көптүр кабардар болдук. Жогорудагы жазууда биринчи жана экинчи түрк каганаттарынын мезгилиндеги (552–745-ж.ж.) татаал тарыхый окуялар тарыхый баатырдык поэма жанрынын алкагында, баатырдык-романтикалык, айрым учурларда баатырдык-реалисттик стилдерде көркөм баяндалат.

Көлөмдүү жазуу көптөгөн мезгилдерди өз ичине камтыган баатырдык тарыхый дастан. И.В. Стеблева белгилегендей отуз циклдан, алты аңгемеден курулган бул тарыхый баатырдык дастан түрк элдеринин VI–VIII кылымдардагы тарыхынан маалымат берген баалуу баба мурасы болуп эсептелет.

Биз бул дастанды өтө майда эпизоддорго бөлбөй белгилүү бир тарыхый учурду камтыган чоң-чоң аңгемелерге бөлүп караганыбыз жөн.

Чындыгында, бул көлөмдүү жазуунун композициялык курулушуна көңүл бөлсөк, өз алдынча маани-маңызы бар алты аңгемеченин катар орун алганын көрөбүз. Мына бул алты аңгеменин өз ич ара мазмундук жактан чың тутумдашынан келип поэма жаралган. Бул аңгемечелердин ар бири өз алдынчаланган баяндоо ыкмасына ээ эмес. Бири-бирин кайталаган көркөм формалар, же болбосо ыкмалар, окшош баяндоолор кеңири түрдө кездешет. Мындай көрүнүш Тонукук, Билге каган ж.б. эстелик жазууларга да мүнөздүү келет.

Мисалы, алды менен кагандын Теңирдин колдоосу менен бийликке келиши, алардын чабуулдары, кагандардын ишмердүүлүгүн даңазалоо, соболосун көтөрүү, акыры дүйнөдөн кайтышы, аны жоктоо сыяктуу туруктуу сүрөттөө ыкмалары өзгөчө Күл-Тегин, Билге кагандын эстеликтериндеги жазууларда кеңири колдонулат. Албетте, бул эстеликтер байыркы түрк адабиятынын алгачкы үлгүлөрү болгондуктан мындай кайталоолор, мажес формалардын болушу мыйзамченемдүү экени түшүнүктүү.

Көлөмдүү жазуунун мазмунуна карата төмөнкүдөй тематикаларга ажыратып, бөлүп талдоого болот:

1. Биринчи Чыгыш Түрк мамлекетинин орношу. Түрк элдеринин ата-бабалары Бумын каган, Истеми каган жөнүндө баян;

2. Биринчи Чыгыш түрк каганатынын кулашы, түрк элинин кытайга баш ийиши;
3. Экинчи Чыгыш түрк каганатынын орношу, Элтерис каган жөнүндө баян;
4. Капаган каган жөнүндө баян;
5. Билге каган тууралуу сөз;
6. Күл-Тегин жөнүндө аңгеме.

Бул бөлүштүрүүдөн байкалып тургандай алды менен 552-жылы биринчи Чыгыш Түрк каганатын алгачкы жолу орноткон Бумын каган жана анын ишин улантып, каганаттын аймагын Темир-Капкага чейин кеңиткен Бумындын иниси Истеми кагандардын ишмердиги жөнүндө сөз болот. Экинчи аңгемеде балдары атасындай болбой, мамлекет ыдырап, түрк элинин кытайга көз каранды абалда калып, катуу кордук көргөндөрү баяндалат. Бирок түрк эли козголду. Кордуктан кутулуу үчүн Элтерис каган башында турган түрк эли көтөрүлүш чыгарып, жеңишке ээ болду. 682-жылы Экинчи Чыгыш Түрк каганаты орноду. Мына ошентип Капаган каган, Билге кагандардын тушунда да Түрк мамлекети Кореядан Каспий деңизине чейинки аймакка жортуул жасап, көбүнчө жеңишке ээ болуп келди.

Бул эстелик Күл-Тегинге арналгандыктан көлөмдүү жазуунун жарымынан ашыгын Күл-Тегиндин согуштардагы эрдигин баса көрсөткөн көлөмдүү эпикалык баян ээлейт. Согуш эпизоддору көбүрөөк сүрөттөлүү менен эле тыгыз байланышта Күл-Тегиндин образы кадимки элдик эпостордогудай идеялизацияланат. Бул эпикалык идеялизация тарыхый инсан Күл-Тегиндин образын «Манас» эпосундагы Сыргак, Алмамбеттердин образдарындай эпикалык деңгээлге көтөрөт.

Күл-Тегин жортуулдардын бардыгында эрдик менен жан аябай салгылашат да, ар дайым жеңишке ээ болот. Күл-Тегин баштап кирген бардык салгылаштар кадимки элдик эпостордогудай эпикалык арымда, көтөрүңкү баатырдык пафосто элестүү сүрөттөлөт.

*«Табгачтан беш түмөн кол келди.*
*Күл-Тегин жоого жапырып тийди –*
*Ал колду анда жок кылдык.*
*Күл-Тегин жыйырма бир жашында*
*Тадыкан Чурдун боз атын минип*
*Чача-Сеңүндө сайышты.*
*Ал ат андан мүрт кетти.*
*Экинчи жолу*
*Ишбара-Йамантардын боз атын минип тийди.*

*Ал ат андан мерт болду.*
*Үчүнчү ирет*
*Йегин-Силиг-Бектин токулгалуу тору атын минип тийди, ал ат анда жыгылды.*
*Соотуна жүздөгөн жебелер тийди.*
*Башына бир да ок тийбеди.*
*Ал колду анда жок кылдык.*
*Эзгентиде-Казада*
*Огуздар менен чабыштык*
*Күл-Тегин аздардын буурулун минип тийди,*
*Эки эрди сайды.*
*Кийин Огуз жоо ордого кирди*
*Күл-Тегин ак бозун минип,*
*Тогуз эрди мертинтти, ордону бербеди».*

Мына бул үзүндү Күл-Тегиндин баатырдык салгылашууларынын бир кичине гана бөлүкчөсү. Бирок мындан да күчтүү салгылашууларды мисал катары көрсөтпөсөк да, ушул эле үзүндүдөн Күл-Тегиндин образынын атайын эле эпикалык идеялизацияга алынышына күбө болобуз. Ал эми мындай эпикалык идеялизация Орхондогу эстелик жазуулардын бардыгына мүнөздүү көрүнүш.

Билге кагандын (Могиляндын) эстелигиндеги жазуулар негизинен Күл-Тегиндин эстелигиндеги жазуулардын сюжетин жана мазмунун кайталайт. Билге кагандын образын идеялизациялоо жана кагандык соболосун бийик көтөрүү максатында жортуулдардагы бардык жеңиштер Билге каганга гана таандык кылып көрсөтөт. Күл-Тегиндин эстелигинде биринчи жактын көптүк түрүндө «жортуулдадык, жеңдик» деп берилген окуялар Билге кагандын эстелигинде биринчи жактын жекелик түрүндө «жортуулдадым, жеңдим» деп айтыла берет. Бирок Күл-Тегиндин эстелигинен учурабаган маалыматтарда оруналган.

Тонукуктун эстелигиндеги жазууда деле, негизинен, Күл-Тегиндин эстелигиндеги дастандын окуялары кайталанат. Бирок Тонукуктун акылмандыгын, эл аралык масштабдагы согуштук стратег экендигин бадырайта ачып көрсөткөн көркөм сүрөттөө формалары менен айырмаланат. Бул эстеликтеги жазуу да жанры боюнча тарыхый баатырдык дастандын тибине жатат.

Тонукуктун эстелигиндеги бул дастанда бүгүнкү күндөгү классикалык формадагы көркөм адабияттарда кездешүүчү көркөм сүрөттөө ыкмалары жана формаларынын өнүкпөгөн түрдөгүсү болсо да бир катары кездешет. Мисалы, монолог, диалог, ички монолог, психологиялык толгонуулар, ойлонуу жана туура жыйынтыкка келүү,

аракет кыймыл сыяктуу көркөм сүрөттөө каражаттары Тонукуктун эстелигинде көбүрөөк орун алган. Мына ушул каражаттар аркылуу Тонукуктун түрк элинин биримдигин ойлогон, акылман кол башчы, өз учурунун алдыңкы интеллектуалдуу адамы экендигин даана ачып, анын идеялизацияланган көркөм образын түзүүгө жетишкен.

Тонукук дастанында, негизинен, төрт орчундуу тарыхый окуяга көбүрөөк басым жасалуу менен баян этилет:

1. Тонукук менен Элтерис кагандын биригиши;
2. Экинчи Чыгыш түрк каганатын орнотуу жана чыңдоо;
3. Огуздар менен согуш;
4. Кыргыздар менен согуш;
5. Түргөш (Онок) элине жортуул.

Мына ушул тарыхый окуялардын ар бири деталдаштырылып узак сүрөттөлөт да, бул негизги окуялардын эпицентринде Тонукук туруп, бардык жеңиштерди кылдат ойлонуу менен уюштурат. Ошону менен Тонукуктун образы улам тереңдеп ачыла берет. Бул көрүнүш Тонукуктун эстелигиндеги дастандын жогоруда аталган төрт аңгемеси жана аягында жыйынтыктоочу бөлүгүнө бирдей тиешеси бар стилдик сүрөттөө ыкмасы болуп саналат. Биздин бул аныктамабыз аргументсиз, б.а., ишенимсиз болуп калбаш үчүн көркөм текстти толук түрдө алып мисал келтирсек орундуу болмок. Бирок ага иштин көлөмү мүмкүндүк бербейт. Ошондуктан дастандагы төрт аңгемеченин четинен эле бирөөнү алып мисал келтирсек жетиштүү болчудай. Демек, оюбуз далилдүү болсун үчүн Тонукук дастанынын төртүнчү аңгемечесин, тагыраак айтканда «Түргөш» (Онок «элине жортуул» бөлүмүнүн көркөм текстин алып мисал келтирип көрөлү:

29) Кыргыздан жандык (кайттык). Түргөш кагандан тыңчы келди, сөзү мындай алдыдан (Чыгыштан) каганга карай кол алып баралы дейт, жортуул жасабасак (кол алып барбасак) ал бизди каганы алп, кеңешчиси акылман, канткен менен да.

30) Бизди өлтүрөт го, – деди. Түргөш каганы жортуулга чыкты деди, Онок эли түргөл аттанды дейт. Алардын (ичинде) Табгач колу да бар экен. Ал сөздү эшитип, каганым, мен үйгөтүшөйүн (барайын) – деди.

31) Катын жок болгон (өлгөн эле), аны жоктоюн (көмөйүн) деди, кол (менен) барың,–деди. Алтын-Жышта отуруң (күткүлө), – деди. Кол башчы (болуп) Инел каган, тардуштардын шады барсын, – деди. Билге Тонукук мага айтты.

(32) Бул колду башта, – деди кыйынды (жазаны) көңүлүңчө (билгениндей) айт (колдон), мен сага не айтайын, – деди. Эгер эрлер

(жоокерлер келсе күч көбөйөт, келбесе тилде, сөздү (б.а., кабар) ала отур, – деди. Алтын-Жышта отурдук (токтодук).

(33) Үч тыңчы киши келди, сөзү бир (мындай) каганы кол аткарды, он ок колу калбастан аттанды дейт. Йарыс жайыкта чогулалык деди. Ал сөздү эшитип, каганга ал сөз кабар эттим. Кантейин. Сөз (жооп) жана (кайра).

(34) Келди; отруң (күткүң) дептир. Шашпа, кароолду жакшы кармагыла, (капысынан) бастырбагыла (басып албасын) дептир. Бөгү каган мага мындай деп буйрук айтты. Апа-тарканга (жогорку командачыга) жашырын сөз жибер; Билге Тонукук айлакер, өзү аңдайт (сезет).

(35) (Эгерде ал айтса; «кол менен барабыз»...ынаба макул болбо)! Ал сөздү эшитип, кол жөнөттүм Алтын-Жышты жолсуз аштым. Иртыш дарыясын кечүүсүз кечтик, түн каттык. Болчуга таңга маал жеттик.

(36) Тыңчыны алып келди, сөзү мындай; Йарыс жайыгында он түмөн (100000) кол чогулду, – дейт. Ал сөздү эшитип бектер баары (37) (Жаналык) кайталык! Аруу (таза) уят жакшы (уят – өлүмдөн катуу), – деди. Мен мындай деймин; мен Билге Тонукук Алтын-Жышты аша келди, Иртыш өзөнүн.

(38) Кече келдик. Келгендери алп – деди. Туйбады (түшүнүшпөдү). Теңири Умай ыйык, жер-суу жеңиш берди, неге качабыз.

(39) Көп деп, неге коркобуз, аз деп неге басынабыз, тиелик, (кол салалык), – дейм. Тийдик, тараттык (жеңдик) экинчи күн (дагы) келди.

(40) Өрттөй кызып (жанып) келди. Сүңгүлөштүк (найзалаштык) бизден эки учу (канаты) артык эле. Теңир жалгаган үчүн көп дейбиз.

(41) Коркподук, сүңгүлөштүк (сайыштык).

Тардуш шад аралай барды (кирди), Тараттык (куудук), Каганын туттук, ябыгысын[1], шадын.

(42) Анда өлтүрдүк, элүүчө кишини туткундадык, ошол эле түнү эл сайын элчи жибердик. Ал сөздү эшитип, он ок бектери эли (бүт)

(43) келди, жүгүндү (багынды). Келген бектери элин курап (жатканда), аз эл качты. Он ок колун (жортуулга) жөнөттүм.

(44) Биз жана (дагы) согуштук, аларды куудук. Йенчү дарыясын кече, Тинеси улуунун мекени Беңгилек тоонун...

(45) Темир Капкага чейин куудук, андан кайттык (88–90-бб.)

Келтирилген көркөм тексттин мазмунунан байкалып тургандай Экинчи Чыгыш түрк каганатындагы борбордук бийликти ээлөө

---

[1] *Ябгы* – титул.

үчүн умтулган 711-жылкы Түргөштөрдүн көтөрүлүшүн басуудагы Тонукуктун согуштук иш аракеттери, жеңиши, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү, билгичтиги, эр жүрөк кайраттуулугу мажес формада болсо да ишенимдүү сүрөттөлдү. Ал эми Чыгыш Түрк мамлекетиндеги борбордук бийликти басып алууга аракеттенишкен Огуз, Кыргыз ж. б. түрк урууларынын көтөрүлүштөрүн басуу үчүн жасалган согуштук жортуулдарды сүрөттөөдө да Тонукуктун иш аракеттери бир кыйла көтөрүңкү баатырдык пафосто көркөм баяндалат.

Эстеликтеги жазуу көбүнчө реалисттик мотивде, баатырдык-патриоттук пафосто көркөм баяндалат. Тонукук бүткүл түрк элинин түбөлүктүү биримдигин ойлогон чыныгы патриот, күчтүү тарыхый инсан болгон.

«Бүткүл түрк калкына жарактуу, куралдуу жоо келтирбедим, токулгалуу атты (атчан аскерди) жолотподум Элтерис каган курбаган болсо (чыңдабаса), андан кийин мен өзүм курбаган болсом (чыңдабасам) мамлекет дагы, эл дагы жок болот эле. Эл курганы үчүн, өзүм курганым үчүн мамлекет кайра мамлекет болду, журт кайра журт болду» (90-б.) – дейт Тонукук. Бул кашкайган тарыхый чындык. Тонукук – табиятынан ушундай патриот адам (бул туурасында эстеликтеги жазуулардын эл тарыхы менен байланышын караган бөлүмдө да сөз болот).

Чындыгында, Кытай империясына тең тайлашкан түр курууларынын биримдигинен турган күчтүү мамлекет куруу үчүн Элтерис каган, капаган каган, Билге каган, Тонукук төр көп аракет жасашкан.

Бирок биримдик түбөлүк сакталган эмес. Бүткүл түрк элине үстөмдүк жүргүзүүнү ар бир уруу бирикмелери ойлонгон. Ошондуктан Түрк уруулары биримдигин сактап тура албай бытыранды болуп, эки жолу Чыгыш түрк мамлекети кулайт.

Кыргыз эли да үстөмдүк абалды ээлөөнү көздөп, кыргыз каганы Барсбекке Элтерис кагандын кызын бергенине карабай Чыгыш Түрк мамлекетин кулатуу аракетин жүргүзүп келген. Бирок кыргыз түргөш (он ок) элинин биргелешкен согуштук келишимин тыңчылар аркылуу билип калган Тонукук, Капаган каган аларды камынтпай бир-бирден баскан. Ошентип, ар бир эл үстөмдүк абалды ээлөө үчүн бири-бири менен согушуп келген. Ушул жагдайдагы профессор С. Закировдун: «Бул таштагы жазууну окуп олтуруп байыркы ата-бабабыздын ынтымакка бириккен мезгилинде табгачты (кытай) бүк түшүрүп, ынтымагы кеткенде ыдырап жигити кул, кызы күң болгонун билдик. Эси бар жигит, акыл серек адам мындан көп нерсени түшүнөт го. Акылдуу каган бүткүл журтту түрк элин сактап калыш үчүн өз элине да жортуул жасап, эсине келтирип турганы таштагы жазууда ачык берилген. Көп убакытта аны байкабаган

адам Күл-Тегин, Тонукук «кыргызды уйкуда бастым», «кыргыздар күчтүү жоо эле» десе бул жазууга кыргыздардын такыр тиешеси жокко деп ойлоочулар да табылат. Ошондуктан бул руникалык жазуунун бүткүл мазмунун бөлүп-жарбай, терең талдап окуган абзел. Бул жазууну окуган адам бүткүл түр курууларын бириктирип, чоң казатка аттанган жана түп Бээжинди баскан Манастын прототиби – Күл-Тегинди, Тонукукту, Элтерис каганды унута албайт. Көк түрктөрдүн асаба туусу бир канча жолу табгач элинин ордосунда орногону элестеп турат»[1] деген пикиринде чындык бар. Бирок өз ич ара согуштар улантылып, VI–VII кылымдарда түрктөрдүн ашина уруусу бийлик жүргүзүп келсе, VIII кылымдын ортосунан баштап үстөмдүк абал уйгурларга өтөт. IX кылымдын ортосунан тартып Борбордук Азияга кыргыздар өз бийлигин орнотуп, улуу мамлекетин курат. Күл-Тегин, Билге каган, Тонукуктун эстеликтериндеги ташка чегилген жазуулар Енисей эстеликтериндегидей эпитафия гана эмес, эл тарыхынын көркөм баяндалышы, тактап айтсак, тарыхый баатырдык дастандар болуп эсептелет. Өзгөчө Тонукуктун эстелигиндеги жазуу өзүнчө бүткөн көркөм чыгарманы элестетет. Анда муңдуу мотивдин изи да жок. Тонукуктун мемуары сыяктанып да кетет, кыясы, бул дастанды Тонукуктун өзү жазган деген божомол ойлор туура окшойт. Себеби анда Тонукуктун дүйнөдөн кайтышы же болбосо аны жоктоо формасында бир да сөз жок. Кайра көтөрүңкү оптимисттик тондогу баяндоолор дастандын акырындагы коюлган чекитке чейин өз чыңалуусунан жанбай чыйралып жүрүп олтурат.

Болжолу бул дастанды Тонукук, Билге каган бийликке келип, Чыгыш Түрк мамлекети бир кыйла чыңдалып калган мезгилде жазганы байкалып турат. Муну эстеликтеги: «Өзүм кары болдум, нечен жердеги кандуу (каны бар) элге улук болдум, эгер бекерчи боло турган болсо не деген муң-зар бар болот эле. Түрк Билге каган элине арнап жаздырдым мен Билге Тонукук» (90-б.) деген саптар таасын эле аныктай алат.

Эстеликтеги жазууну дагы үңүлө тиктеп, тарых менен салыштыра тереңирээк ой жүгүртүп көрсөк, биздин жогорку оюбузду бекемдей турган дагы бир сыр түйүнү ачыкка чыгат.

«Элтерис каган чыңдабаса (курбаса) же ал жок болсо, же мен өзүм, Билге Тонукук чыңдабасам (курбасам), же мен жок болгон болсом, Капаган каган Түрк Сир калкынын жеринде мамлекет түзүлүшү да, эл да, киши да (башкаруучу) ээси да жок болот эле (болбойт эле). Элтерис каган, Билге Тонукук чыңдаган (курган) үчүн Капаган каган жана Түрк Сир эли жашап турат. Түрк Билге каган, Түрк Сир элин, Огуз элин көкөлөтүп (зоболосун жогору көтөрүп) отурат» (90-б.).

---

[1] *Закиров С.* Кыргыз жазмасы. – Кыргыз Туусу, 1991, 21-май.

Мына бул үзүндү эстелик жазуунун эң аякы жыйынтыктоочу бөлүмү. Дастан ушул үзүндү менен толук аяктайт. Бул үзүндүнүн биринчи сабы бул жерде кошумчаланып, такталып, экинчи жолу кайталанып жатат.

Бирок бул кайталоолор жөн гана максатсыз айтылган тажатма сөздөр эмес, Тонукуктун Капаган каганга карата айтайын деген ички наарazылык оюн кыйытып, купуя жымсалдап айтуу үчүн колдонгон бирден бир баяндоо ыкмасы экен. Чечмелеп көрөлү:

«Элтерис каган курбаган болсо (чыңдабаса), андан кийин мен өзүм курбаган болсом (чыңдабасам) мамлекет дагы, эл дагы жок болот элет» (91-б.) – деп, Тонукук алгачкы ирет элге кылган кызматын кадыр эсе жайынча баяндады. Эми ушул эле саптар жашыруун иштеги сырды купуя белгилеп кою максатында кошумчаланып:

«Элтерис каган чыңдабаса (курбаса) же ал жок болсо, же мен өзүм, Билге Тонукук чыңдабасам (курбасам), же мен жок болгон болсом, Капаган каган Түрк Сир калкынын жеринде мамлекет түзүлүшү да, эл да, киши да (башкаруучу), ээси да жок болот эле» (91-б.) – деп күчөтүлүп, такталып дагы кайталанды.

«Мен жок болгон болсом Түрк Сир калкы, мамлекет, эл да жок болот эле, ал тургай сен да жок болмоксуң» деген наарazылык мотивдеги сөзү менен Капаган каганга өзүнүн ыраазы эместигин кыйыта айтты. Ушунча кадыр-баркка ээ акылман кол башчы Тонукук Капаган каганга кандайча наараzы болду экен? Муну билиш үчүн жогорку текстте жазылган, бирок окурмандарга тереңи анчалык деле байкалбаган Тонукуктун айтайын деген оюн чечмелей турган болсок өзүнчө эле узак тарых. Ошондуктан буга кыскача гана токтолуп өткөнүбүз жөн.

Чыгыш Түрк каганатынын бытырандылыгынан пайдаланып, кытай империясы түрктөрдү басып алат да, 630-жылдан 682-жылга чейин жигитин кул, кыздарын күң кылат. Кытайда кызмат кылган Тонукук, Элтерис каган менен биригип, кандуу салгылаштан кийин жеңишке ээ болуп, 682-жылы экинчи Чыгыш Түрк каганатын куруп, күчүн чыңдайт. 691-жылы Элтерис каган дүйнөдөн кайтып, анын иниси Капаган каган бийликке келет. Тонукук Капаган кагандын да акылман кеңешчиси жана аскер башчысы катары кытайларга, огуздарга, кыргыздарга, түргөш, согдаларга чейин жортуул жасап, бардыгында жеңишке жетишет. Чет өлкөлөргө чейин көрүнүктүү полководец катары таанылып, зоболосу бийиктейт. Бирок Капаган каган Тонукуктун соболосунун өзүнүкүнөн бийик болушун анчалык жактыра бербейт. Агасы Элтерис кагандын балдары Могилян менен Күл-Тегиндин да мамлекеттик жогорку бийликке келишин каалабайт. Акылман Тонукуктун, эр жүрөк аскер башчы Кул-Тегин жана

анын агасы Могиляндын иш аракеттери менен Чыгыш Түрк мамлекети чыңдалып, Капаган кагандын соболосу дагы да көтөрүлөт. Ал ордонун ата-салтын бузуп, өз балдары Беги (Бөгү) менен Ин элге кагандык титул ыйгарып, мамлекетти башкаруу ишине катыштыра баштайт. Салт боюнча кагандык титул Элтерис кагандын уулдары Могилян же Күл-Тегинге берилиш керек эле.

Акылман Тонукук мындай ордо чатагына өтө калыстык менен мамиле кылып, Элтерис кагандын балдарын ар дайым колдоого алат. Ал гана тургай өзүнүн кызы Пофуну Могилянга турмушка берген. Мына бул акыйкат көрүнүш Капаган каганга жакпай, акыры Тонукукту кызматтан четтете баштайт. Могилян, Күл-Тегиндерге да салкын мамиледе болуп калат. Кийинчерээк жортуулдарга Капаган каган өзү кол башчылык кылып, бара баштайт. Ал 716-жылы байыркы эли каганатка каршы көтөрүлүш чыгарат. Капаган каган мына ушул көтөрүлүштү басып кайтып келе жатып, жолдо каза табат. 716-жылы Капаган кагандын уулу Беги (Бөгү) каган бийликти колго алат. Бирок салт бузулганына нааразы болгон Күл-Тегин ордону басып кирип, Капаган кагандын балдары Белги каган менен Инел каганды баш кылып, бүт жан-жөкөрлөрүн, анын жактоочулары болуп 2000 кишини бүт кырып салат. Бийликке өз агасы Могилянды мыйзамченемдүү түрдө олтургузуп, түркчө Билге каган деген наам ыйгарылат. Тонукук кайра ордо кызматына келет. Бул ордо төңкөрүшү Күл-Тегиндин эстелигинде да, Билге кагандын эстелигинде да жазылбаган. Анткен себеби бул түбөлүктүү таш эстеликке ордо чатагын жазып, кагандар тукумунун беделин төмөн түшүргүлөрү келишкен эмес. Бул маалыматтар кытай жана башка булактарында гана сакталып калган.


Ал эми Тонукуктун эстелигинде деле анын Капаган каганга нааразылыгы анча байкалбайт. Бирок Тонукуктун тарыхый басып өткөн жолу менен тааныш адам төмөндөгү текстте көрүнүп турган кыйытма сөздөрдөн эле аңдап билүүгө болот.

«...же мен жок болгон болсом, Капаган каган Түрк Сир калкынын жеринде мамлекет түзүлүшү да, эл да, киши да (башкаруучу) ээси да жок болот эле» (91-б.) деген Тонукуктун Капаган каганга кайрылып, атайын басым жасап, айтып жаткан жерин, тексттен бөлүп алып карасак да, адилетсиз бийликке Капаган каганга нааразылык мотиви байкалбай ичкериден сызылып агып чыгат. Ал тургай бул дастандын дагы бир жеринде: «Капаган каган... Түн уктабай, күндүз олтурбай кызыл каным төгүп, кара терим чыгарып, күчкубатымды бердим мен» (90-б.) деген да саптар бар. Мына ушундай эмгек сиңирген залкар адам Тонукукту бейкүнөө кызматтан четтетип койсо, албетте, нааразылык билдирүүсү мыйзамченемдүү көрүнүш.

Бирок мыйзамченемдүү мураскор бийликке келери менен Тонукуктун соболосу кайрадан бийиктеп, Билге каганга кеңешчи катары кызматын уланта берет.

Демек, таш эстеликте Тонукуктун 682-жылдан 730-жылга чейинки басып өткөн тарыхый жолу, андагы түрк мамлекетинде, ири тарыхта болуп өткөн окуялар жазылган. Биз муну менен эстеликти жазган Тонукуктун өзү экенин далилдөөгө аракеттендик. Анткени жогорудагыдай Тонукуктун башынан өткөн күрдөөлдүү тарыхый окуяларды да, жашыруун купуя сырларды да билип, мындай терип-тепчип башка автор жаза албайт эле. Тонукук Кытайда императордук мектепте окуган сабаттуу адам болгондуктан бул дастанды мемуар, эскерме түрүндө кагазга өзү жазып, чегүүчүгө ташка чектирип жаздырган болуу керек.

Кыскасы, Тонукуктун бул эстелиги эпитафия эмес, мемуар түрүндөгү тарыхый-баатырдык поэма десек эч кандай жаңылыштык болбойт. Анткени бул поэмада Енисей эстеликтериндегидей жоктоо, кайгыруу мотиви жок. Экинчи түрк каганатынын орношу, чыңдалышы, жоокерчилик ири жортуулдар аларга Тонукуктун катышы, сиңирген эмгеги жана анын бул эстеликти жазып жаткан мезгилдеги ал-абалы гана баяндалган. Ошондуктан бул ташка жазылган эстеликти мемуар түрүндөгү тарыхый батырдык дастан же болбосо «Билге Тонукуктун таш китеби» деп атап койсок да болот.



## Ба ЖИН

*Кытай адабиятынын корифейи. Сычуань провинциясынын Чэнду шаарында туулган. Кытай адабиятында жазуучу, котормочу жана коомдук ишмер катары белгилүү. 1985-жылдан 2005-жылга чейин Кытай Жазуучулар союзунун төрагасы болгон. Ба Жин 70 жылдык адабий чыгармачылыгында 26 томду, башка элдердин адабиятынан 10 томду которгон. 1923-жылы Нанкин улуттук институтуна тапшырган. 1927–1929-жылдары Франциядан билим алган. Ушул эле жылы Кытайга кайрылып келип, 1934-жылы Японияга билимин өркүндөтүү курсуна барып, 1935-жылга чейин окуган. Бир нече чыгармасы башка тилдерге которулган. Чыгармаларынын негизинде тартылган фильмдер Кытай кинематографиясынын казынасына зор салым кошкон. Ага Италия, Франция, Япония, АКШ адабий сыйлыктарын ыйгарган.*

*Анын 1931-жылы жазылган чыгармаларынын бири менен тааныштырабыз.*

*Котормо*

# КУЛДУН ЖҮРӨГҮ

– Менин ата-тегим кул болгон! – деди Пэн, бир жолу сыймыктануу менен.

Көп эле досторум теги жөнүндө сөз болгондо: «Менин ата-тегим кул жумшаган» – деп мактаныч менен жар салышчы эле. Азыр деле досторумдун арасында кул күткөндөр бар, чынын айтканда, айрымдарынын кулу өтө эле аз калды, кээ бирлеринде такыр эле жок. Ошондуктан досторум сүйлөшүп олтурганда бир кездеги капчык толгон акчаны өкүнүү менен эстешет.

А мен өзүмчү? Менин эстутумум айтып тургандай, бабамдын төрт кулу болгон, чоң атамда – сегиз, атамда – он алты болчу. Ушул он алты кул мага таандык эле. Мен кул ээлөөчүмүн деген менменсинүү сезими мени дердейтип койгон. Ал аз келгенсип, кулдардын санын эки эсеге көбөйткүм келген.

Анан минтип, жашоомдо пайда болгон Пэн уялбай этпей, ал турмак анын ата-теги кул болгонун сыймыктануу менен айтып жатпайбы. Мен аны акыл-эсинен адашып калган го деп ойлогом.

Пэндин буга чейинки өткөн өмүр таржымалын мен билбейм, ал мени менен курбалдаш. Башка досторум менен таанышкан сыяктуу эле, мен аны менен да кокустан таанышкам. Дал ушул кокустук менен ал менин турмушума кирди. Бул окуя мын-

дайча болду: бир жолу түштөн кийин университеттен кайтып келе жаткам. Өзүмдүн оюм менен алек болуп, көпүрөдөн өтүп бараткам. Артыман кууп жеткен машинада айдоочунун тынымсыз кагып жаткан коңгуроосун укпаптырмын. Бир аз болгондо баары бүтмөк экен, капыстан эле кимдир бирөөнүн темирдей колу мени апчыды да, четке түртүп жиберди. Качан гана өзүмө келгенде карасам, арык чырай жигиттин мени камырабай тиктеп турган токтоо жүзүн көрдүм. Мен ага чын дилимден ыраазычылык билдирдим. Ал болсо мага жооп да бербей, жылмайып да койбой, болгону мени салкын тиктеди. Бул эмне деген көз караш! Андан кийин гана өзүнө өзү сүйлөп жаткансып:

– Мындан кийин сак болуңуз, – деп, башын бийик кармап, басып кетти.

Биз ушинтип таанышканбыз. Бир университеттин ар башка факультеттеринде окучубуз: мен – адабиятта, ал – коомдук илимдерде. Ар башка факультеттерде лекция уксак да, көп көрүшчүбүз, кээде кыска пикир алышып, кээде кайдыгер көз караш менен бирибирибизди тиктеп коюп, өтүп кетчүбүз. Акыры аягында жакшы тааныш болуп калдык. Биздин сөзүбүз дайыма кыска болор эле, эч качан калжыраган маанисиз сөздү кеп кылчу эмеспиз. Биз курч устарадай ойлор менен гана баарлашчубуз.

Бизди бекем достук бириктирип жаткансыганы менен Пэнди анча жактырчу эмесмин. Мен аны менен, биринчиден, мага кылган жакшылыгына ыраазы болгонумдан, экинчиден, аны дагы терең билүүгө кызыкканыман достоштум. Балким, аны сыйлачумун, бирок сезимимдин тереңинде жактырчу эмесмин. Анын сөзүндө, сүйлөө манерасында, жүзүндө жылуулук жетишпейт эле. Ал кайсы жерде болбосун өзүн тоң жана салкын алып жүргөндөй туюлчу. Мен үчүн Пэн белгисиз, ал өзү тууралуу эч нерсе айтчу эмес. Университеттеги жүрүш-турушуна караганда аны бай үй-бүлөдөн дешке болбойт. Ал башка студенттерге үлгү боло албай турган зыкымдыгы менен айырмаланчу, европа костюмун кийчү эмес, киного, бийге барбайт. Лекция бүткөндөн кийин же окучу, же өзү жалгыз аянтта, университеттин айланасында сейилдечү. Эч качан жылмайган эмес, дайыма ойлуу жүрөр эле. Ооба, ал дайыма бир нерсеге ойлончу. Үч жыл бою бирге окуган соң, мен анын дайыма ойлонуп жүргөнүнө ишенгем.

Бир күнү чыдабай кетип сурадым:

– Эмне жөнүндө мынча ойлоносуң, Пэн?

– Сен түшүнбөйсүң, – деп, токтоо жана салкын жооп берди да, бурулуп басып кетти.

Аныкы туура: чынында эле мен түшүнчү эмесмин, ушул куракта эмне үчүн Пэн ушунчалык түнт, эмнеге башкаларга окшобойт, эмне үчүн бардык жыргалчылыктан баш тартып, өзү менен өзү болуш

керек экенин билүү кыйын. Таң калыштуусу, мен ушул суроолорго жооп алыш үчүн Пэнди билип, аны түшүнгүм келчү. Ошондуктан Пэндин жүрүш-турушун аңдый баштадым: ал окуган китептерге кызыктым, жолугуп сүйлөшкөн кишилерине көз салып байкадым.

Менден башка досу да жок болуп чыкты. Албетте, анын тааныштары бар, бирок алардын эч кимисине жакындабайт жана дос да күтпөйт. Сүйлөшүп жатканда бир калыптагы суз жүзүн да өзгөртпөйт. Биз канча убакыттан бери тааныш болсок да, мага деле салкын мамиле жасайт. Ошонусу үчүн ал мага жакпайт го.

Пэн окуган китептер менен таанышсам, ал таптакыр ыраатсыз окуганын түшүндүм, алардын көбүнүн авторун билбейт экем. Ал китептерди Пэнден башка эч ким сурабайт, китепкананын текчесинде жылдап чаң басып жатканы жаткан. Пэн болсо, анын баарын катары менен «мойсоп», бүгүн – романдарды, эртең – трактаттарды, кийинки күнү тарыхты окуйт. Ачыгын айтканда, аны окуган адабияттары аркылуу түшүнүү да оңойго турган жок: китептерди ийне-жибине чейин окумайынча, мазмунун кайдан билесиң.

Бир күнү кечинде Пэн күтүүсүздөн мага кирип келди. Биз эки жумадан бери кездеше элек болчубуз. Өткөн семестрде университетте жашабай, жакын жерден өзүмө ыңгайлуу бөлмөнү батирге алып чыгып кеткем. Бөлмө жогорку кабатта болчу, терезеси университет тарапта болгондуктан, анын алдындагы топ ойноо үчүн жабдылган аянтча көрүнүп турчу.

Бөлмөгө киргенде Пэн өзү кийип турган эски кийиминин чаңын күбүдү да, уруксатсыз эле мен жаткан аппак шейшептүү керебетиме отурду. Бир топко унчуккан жок. Столдо окуп олтургам. Башымды көтөрүп аны бир тиктеп, кайра китепке үңүлдүм. Анткеним менен менин таза керебетимде Пэндин кир кийими менен олтурганы оюмду бөлүп туруп алды.

– Чжен, сен билесиңби, азыр Кытайда канча кул бар? – деп сурады, капысынан адаттагы өзүнүн күңүрт үнү менен.

– Бир нече миллион, – дедим, ойлонбой туруп. Бул сан туура же туура эмес экенин билбейм, аны жакында бир жолдошуман укканым ырас. Мындай суроо мени кызыктырчу эмес.

– Бир нече миллион? Жок, ондогон миллион! – Анын үнүнөн ачуу ыза сезилди. – Эгер «кул» деген түшүнүктү кенен түшүнүүгө туура келсе, анда кытайлыктардын тең жарымы – кулдар.

Кандай болгондо да мен кул эмесмин деген ой мени Пэнди токпейил тиктөөмө себеп болду. – Пэн эмне үчүн мынчалык капалуу.

– Сенде кул барбы? – деп, капыстан тике сурады.

Мен ойлодум: «Эгер ал мени кулу жоктугум үчүн жек көрсө, катуу жаңылат, менде он алты кул бар». Эрдимде менменсинүүдөн жаралган жылмаюу ойноп кетти окшойт, мактаныч менен жооп бердим:

– Албетте, бар. Болгондо да он алты!

Ал мыскылдуу күлүмсүрөдү. Мени тиктеген көздөрүндө сый да, суктануу да жок, бир гана жек көрүү толуп турду. Ошону менен ал он алты кулга ээлик кылган адамды тоотпой турганын билдирди. Ушундай да болобу? Мен көргөн көзүмө да ишенбедим, түшүнбөгөнүм – эмне үчүн? Ушул суроо мени ойлонууга мажбурлады. Капыстан оюма кылт этти, балким, бул мени көрө албастыктан, өзүн ушундай таң калыштуу алып жүргөндүр, анткени мунун кебетесине караганда, албетте, кулу болгон эмес. Ошондо мен андан сурадым:

– Силердин үй-бүлөңөрдө кул болбосо керек?

Ал кайрадан мени тиктеди. Бул жолку көз карашы сыймыктуу сезимге толуп турду.

– Менин ата-тегим кулдар болушкан! – деди мактануу менен. Бул сөздү намыстануунун кыпындай да белгиси жок, чоң нарктуулук жөнүндө айтып жаткандай сүйлөдү.

Менин таңыркоом дагы арта түштү:

– Болушу мүмкүн эмес! Эмне байкуш боло бересиң? Сен экөөбүз доспуз да.

– Эмнеге мен байкуш болом? – деди таң калып, – мен эмне, болбогон нерсени айттымбы.

– Сен ата-тегиңдин кул болгонун ачык айтып жатпайсыңбы!

– Чынында эле менин ата-тегим кул болгон.

– А сен университетте окуп жатпайсыңбы… – Анын сөзүнө дале ишенбедим.

– Сен кулдардын урпактары университетте окубаш керек деген ойду айткың келип турабы? Сенин деле түпкү ата-тегиң эркин болгонун ким билет.

Мен төбөмө муш тийгендей башымды мыкчый кармап ордуман ыргып турдум. Мен сөөгүмө жете шылдыңга кабылгандай болдум. Пэнге басып келдим да, каардуу тиктедим:

– Менин ата-тегим сеникиндей деп ойлоп турасыңбы? Жок! Миң жолу жок! Сага айтам: атам он алты кул жумшаган, чоң атам сегиз, бабам – төрт. Байыркы ата-бабаларым да кул жумшашкан.

Ачык айтканда, мен эч нерсени так билчү эмесмин. Балким, менин бабам майда соодагер болуп, кул жумшаган эместир, анын байыркы бабалары кул болушу да мүмкүн. Бирок мен кыялымда бабамды жүздөгөн кулга ээ, туткундарды жумшаган, хан сарайлуу, мансаптуу адам катары элестетчүмүн.

Кээде мактанар элем: – Менин байыркы бабамдын бабасы чоң мансаптуу адам болгон! – деп.

Анан минтип, Пэн капыстан чыга калып: «Балким, сенин ата-тегиң деле кул болгондур» – деп күйгүзүп жатпайбы. Өмүрүмдө

мындай шылдың болгон эмесмин! Буга чыдабайм! Өч алам! Пэнди кыжырдануу менен тиктедим. Көз караштарыбыз кесилише түштү, капысынан, менин таң калганым, Пэндин жек көрүүгө толгон өтө суук көз карашынын алдында менин дүүлүккөнүм басаңдай түштү. Менин көңүлүмө бейпилдик келе калды. Ал мени сактап калганын ойлодум да, муну менен сылык мамиледе болгонум дурус го деген чечимге келип, ордума кайттым.

– Мен сага ишенем, – деди ал, бекем үн менен, – кул ээлөөчүлөрдүн үй-бүлөсүнөн сага окшогондордун чыгары анык, алардан мендей адамдар чыкпайт! Ошол үчүн мен өзүм менен сыймыктанам. – Анын сөзүнөн мени келекелөө ачык эле билинди.

Пэн көралбастыкка өзүн алдырып койду деген менде ишеним бар эле. Анын заары бетине чыкты. Көзүмө көрүнбөй жогол дегендей кол шилтеди.

Сен эмне, шылдыңдагың барбы? Мен өз тукумум менен сыймыктанам, кулдардын жашоосу мага жакын… Бирок сен аны түшүнмөк белең?! Сонун үйдөгү жылуу төшөк ичинде таттуу түш көрүп жаткан сен деги эмнени билесиң? Көзүн май баскан сага окшогондордун көзүнүн ачылышын чын дилден каалайт элем… Ооба, мен кулдун урпагымын! Аны жашырбайм. Кимдин урпагы экенимди бүт дүйнөгө угуза айтууга даярмын. Менин ата-энем, чоң атам, анын атасы кул болгон. Биздин тукумдан кул болбогон адамды табуу кыйын.

Бул соо эмес, – дедим мен, ичимен. Эптеп муну узатып коюу керек, дагы бир балээни баштай электе. Аңгыча дагы сүйлөнүп кирди:

Болуптур, сенин он алты кулуң бар экен. Сен ошого мактанып, сыймыктанып дердейип турасың. Ошол кулдарың кантип жашап жатат, сен билесиңби? Жок дегенде бир кулуңдун тагдырына кызыктыңбы? Жок! Сен аны билбейсиң, биле да албайсың! Макул, мен сага айтып берейин…

Чоң атам абдан ишенимдүү кул болгон. Анчалык ээсине берилген кулду мен өмүрүмдө жолуктурган жокмун. Жарым кылымга жакын убакыт ал каруусун казык кылып өз кожоюнуна ак кызмат кылды. Кулдун баласы болгондуктан кулчулуктун даамын жаш бала кезинен таткан. Ал улгайган курагы менен менин эсимде калды. Биз ал кезде кожоюндун үйүнүн жанындагы ит кепедей жаман тамда атам, апам, мен жана чоң атам болуп жашачубуз. Апам биздин кепеде өтө эле сейрек уктачу. Анткени ал кожоюндун аялы менен кызына кызмат кылар эле. Чоң атамды кожоюн эле эмес, ага кошулуп анын баласы да урушуп жатканын мен көп угар элем. А чоң атам болсо кыпкызыл болуп, башын төмөн салган калыбында «Угуп жатам, макул» деген сөздү тынымсыз кайталап, дагы берилип иштөө үчүн тырышат болчу. Кышында катуу шамал биздин кепенин чатырын

жулуп кеткен учурларда дубалдын жыртык-тешигинен үйгө суук кирип, атам менен чоң атам жылуулугу жок эски төшөк менен катуу керебетте уктай алышчу эмес. Биз жалбырак, бутак жана кургак чөп жыйнап, от жагып жылынар элек. Ошондо чоң атам чөгөлөп олтуруп алып, башынан өткөн окуяларды айтып берер эле. Андан кийинки сөз мени тарбиялоо жөнүндө: чынчыл жана жакшы адам болуу, кожоюнга чоң атамдай берилүү, адамга жасаган жакшылык жерде калбай тургандыгы тууралуу болчу. Атам көп сүйлөчү эмес. Чоң атамдын тарбия сабагы аяктарда от да өчүп, убакыт да кеч болот. Биз үчөөбүз кучакташып, бир керебетке жатсак да таң атканча калтырап, үшүп чыгар элек. Акыры чоң атам айткан «жасалган жакшылыктын сыйлыгы» келди. Бир күнү эртең менен турган бойдон жоголуп кетти да, кожоюндун багында даракка асылып алган сөөгүн табышты. Мен анын өлгөндөгү жүзүн көргөн жокмун, апам мага уруксат берген жок, чоң атамды шашылыш түрдө жерге беришти. Ал секичеде жатканда, белине чейин жабык болчу, бир гана кир буттарын көрдүм. Ошентип, чоң атаман айрылдым да, башка аны көргөн жокмун. Ал эмнеге асынып алды? Себеби өтө эле жөнөкөй дешти. Көрсө, чоң атам өлөрдөн бир күн мурун кожоюндун баалуу буюму жоголуптур, албетте, аны чоң атам уурдап алып, сатып жиберди деп ойлойт. Чоң атам өзүнүн кожоюнуна берилгендигин, мындай ишке колу барбастыгын айтып актанат. Актанууга жооп кылып, кожоюн чоң атамды жаакка чабат да, жоголгонду ордуна келтирүүнү талап кылат. Чоң атам өзүн абийири төгүлгөндөй сезет: эми кожоюндун ага ишеними кеткендигин, өзү өмүр бою жасаган жакшылыгына ал алкыш айтпай турганын түшүнөт. Ушунун өзү чоң атам үчүн чексиз кайгы эле. Ал аз келгенсип, кулчулук турмушунда жыйнаган сокур тыйын байлыгы болбогон соң, кожоюн талап кылган сумманы да төлөө мүмкүн эмес болчу. Мына, чоң атам элүү жылдан ашык берилип кылган кызматына алган акысы ушул болду, ал курун мойнуна байлап, кожоюндун багындагы даракка асынып алды. Чоң атамдын «жакшылыкка берилүүчү сыйлык» ишеними ушундай аяктады. Кожоюндун кызматкерлери чоң атамды абдан аяшты, бирок аны күнөөлүү деп ойлошту. Мен ошентип, кулдун гана эмес, уурунун да небереси болуп калдым. Бирок өзүм чоң атамдын ууру экенине ишенген жокмун. Мен анык билчүмүн: ал абдан чынчыл адам, андай ишке эч качан бармак эмес.

Кечкисин жумуштан ырп этерге алы жок, чарчап келген атам мени кучактап жаткан бойдон уйкуга кетчү. Ошондо мээримдүү чоң атамды эстеп, уктай албай кыйналар элем. Анын боорукер жүзү элестеп, көзүмө жаш алчумун. Бир жолу мен өзүмдү чоң атамдын койнунда жаткандай сездим. Аны кыса кучактап: «Чоң ата, мен

билем, сен ууру эмессиң. Мен буга ишенем!» – деп, атамды жулкулдата баштаптырмын. «Нюэр, эмне деп жатасың?» – атам кыйкырып жиберди. (Мен букачар жылдыз белгисинде төрөлгөнүм үчүн бала кезимде Нюэр аташчу.) Көз жашымды аарчысам, чоң атамдын элеси жоголуп, жанымда атам жатат. Мен буулугуп ыйладым. Эми атам да уктай албай, мени менен кошо ыйлап: «Сен туура айтасың, – деди, мени соорото, – Нюэр, сенин чоң атаң ууру эмес. Уурулукту ким кылганын мен билем!» Катуу дүүлүгүп кеттим да, атамды жулкулдата баштадым: «Айт, ким ал? Айтчы! Сен билсең мага айтышың керек!» Атам кыйналып турду. Бир топко кармалып, көз жашы менен мени тиктеди да, оор үшкүрүп ызалуу үнү менен: «Эч кимге айтпайм деп, карган!» – деди. Мен каргандым. Баланын антына ишеним жок болсо да, атам мага ишенди. «Ал буюмду кожоюндун өз баласы уурдаган» – деди атам кайгылуу. Чоң атаң да муну билчү. Бирок кожоюнга айтканга батынбай койду. Чындыкты айткандын ордуна өмүрү менен коштошууну чечти. Эми чоң атаң жок, чындыкты айтуудан да пайда жок, ким ишенет?..»

Пэндин жүзүн муң басып турду. Бир азга унчукпай туруп, ызалуу жылмая кошумчалады:

– Балким, атам башка сөздөр менен айткандыр, бирок маанисин жакшы эстеп калгам. Ишенсең, мен муну ойлоп чыгарган жокмун.

Мен үнсүз баш ийкедим. Ал аңгемесин андан ары улантты:

– Мага атамдын айтканы толук түшүнүктүү болбосо да, негизи ишендим, бул жөнүндө башка сураган да жокмун. Чоң атамды жоктоп гана ыйлап жүрдүм. Бирок атам да, апам да тирүү. Мен аларды жакшы көрчүмүн, алар да мени жакшы көрүшчү. Чоң атам өлгөндөн кийин атам абдан кайгылуу жүрдү. Мен анын жылмайганын өтө эле сейрек көрчүмүн. Кышында – бир күнү кечинде – атам экөөбүз отко жылынып олтурганбыз. Капысынан көчөдөн чуу чыгып калды: бирөө катуу онтоп, жардам сурап жатты. Мен чочуп кетип, атамдын мойнунан кучактап, кучагына жабыштым. Атам мени эркелете кулагыма шыбырады: «Коркпо, балам! Атаң сени менен!» Сыртта тынчып калды. Көп убакыт өтпөй атама бирөө келип, кожоюн чакырып жатат деди. Атам чыгып кетип, көпкө келген жок. Мен үйдө жалгыз калып абдан корктум. Акыры атам, апам менен келди. Экөө тең ыйлаганы жүздөрүнөн көрүнүп турат. Атам мени кучактап алып көпкө ыйлады. Мен бир нече жолу токтотууга аракет кылдым. Апам экөө өтө кайгылуу нерсе тууралуу сүйлөшүп жатышты. Эмне жөнүндө сүйлөшкөнү эсимде жок, андагы көп сөздүрдүн маанисин билчү эмесмин. Эсимде калганы: «Менин өлгөнүм жакшы. Менин тирүү жүргөнүмдөн эмне пайда? Биз кожоюн үчүн кулбуз. Биз ага дайыма айыптуубуз... биз дагы балалуу болушубуз мүмкүн, неберелүү бо-

лобуз. Алардын баары кул болот, кулчулуктан бошоно алышпайт. Уулумдун кул болуп, биздин тукумдагы кулчулукту улантышы үчүн жашашым керекпи? Андан көрө мен өмүрүмдү кожоюнга сатам. Ошондо Ню-эр окуп, адам болот…»

Пэндин көздөрү кызарып чыкты. Унчукпай туруп, кайра уланттты:

– Атамдын үнү эмдигиче кулагымда жаңырып турат, аны өмүрүм өткөнчө унутпайм. Мен атамдын сөзүн сен үчүн коододум, антпеген күндө да, сен атамдын жүрөгүнүн ысык демин сезгендирсиң… Апам болсо жооп берген жок. Болгону атамды бекем кучактап алып: «Мени эмне үчүн таштап кеткени жатасың?» – деп ыйлай берди. Ата-энемдин эмне болуп турганын түшүнбөй мен да ыйлап жаттым. Эртең менен эрте, биз али уйкудан ойгоно электе, атамды алып кеткени келишти. Апам атамдын колуна жабышып ыйлады, апамды көрүп мен да атама жабышып ыйладым. Бизге атаң түндө бир адамды өлтүргөн дешти. Мен кантип ишенмек элем: түндө экөөбүз бирге, отко жылынып олтурбадык беле! Көчөдө чуу чыккан мезгилде мен атамдын тизесинде отургам, мени менен отурган атам көчөдөгү кишини кантип өлтүрөт? Апам кайдыгер болуп калды да, башын жерге салып, атамды алып кеткенге жол бошотту. Мен элөөрүп кеттим. Атамдын колуна жабыша баарын сурагым келди, сүйлөөгө жетише элегимде эле мени ыргыта түртүп, атамды алып кетишти. Ушундан баштап, атамды да жоготтум. Аны эми эч качан көрбөйм. Аны бир нече айдан кийин түрмөдө өлдү дешти. Апам ошол күндөн баштап кожоюнда иштебей калды. Бизди жакшыраак имаратка көчүрүштү, мен окуганга мүмкүнчүлүк алдым. Албетте, биздин бардык чыгымдарды кожоюн төлөп турду. Ал менин атамдын өмүрүн сатып алды: атам анын киши өлтүргөн баласынын ордуна өлдү (аны кийин билдим). Кожоюн убадасын бузган жок… Мени ага милдеттүү деп ойлойсуңбу? Жок, аны жек көрөм, анын баласын жек көрөм. Алар менин душманым. Алар менин чоң атам менен атамдын өмүрүн кыйышты. Бирок алардын акчасын пайдаланып жатам, ал үчүн атам өз өмүрүн берген. Мени университетте окусун деп атам өмүрүн сатты. Атам максатына жетти. Кандай болгон күндө да мени менен биздин тукумдагы кулчулуктун доору бүтүүгө тийиш.

Пэн унчукпай калды. Анын жүзүндө каардуу ыза менен бирге амалсыздык да байкалып турду. Ал өтө өкүнүчкө батып, өзүн кармоо үчүн эрдин кан чыгара тиштеп турду. Мен анын бир нерсени жашырып жатканын туйдум. Анын баякы мага ушунчалык катуу таасир этти, аны өтө курч көз караш менен «Эмнени жашырып жатасың?» дегендей теше тиктедим.

Пэн менин оюмду түшүндү окшойт, капысынан эле же уялганынанбы, же ачууланганынанбы кызарып кетти. Ал ордунан туруп бөлмөдө ары-бери басты да, кайра отурду.

– Ооба, мен сага баарын айткан жокмун, – деп улантты сөзүн. – Калганын дагы айтып берем. Бир жолу мектептен адаттагыдан эрте үйгө келсем, апам бир эркек менен керебетте отуруптур. Алар мени байкашкан жок. Эшиктин артына жашынып, мен аларды аңдый баштадым. Мени уят менен заар муунтуп турду. «Мен мектепте жакшы окуганга аракет кылып жүрсөм, апам башка эркек менен көңүл ачат турбайбы!» – деген ой жүрөгүмө октой сайылып турду. Апамды жакшы көрчүмүн, ошондуктан башка эркектин көзүнчө аны шерменде кылгым келген жок. Анын үстүнө эркектин ким экенин билдим: кожоюндун баласы. Дал ошол! Чоң атамды, атамды өлтүргөн атам, эми апамды шерменде кылганы келиптир. Ачуум келгенинен көзүм караңгылап кетти. Апамдын анын кулагына шыбырап жатканын да угуп калдым: «Тезирээк кетиңиз, Ню-эр мектептен келип калат». Кожоюндун баласы бир нерсе деп шыбырады эле, апам кайра баштады: «Сизден суранаарым, көп келе бербеңиз. Бир күнү балам менен кезигип каласыз. Мени аясаңыз!» Мен көзүмдү ачсам, үйдө апам гана калыптыр. Башын шылкыйта, керебеттин чекесинде ойлонуп отуруптур. Бөлмөдөн чуркап чыгып, апама бет алдым да, тизесине катуу түрттүм. Ал селт эте, кызарып кетти. Апам коркуп кетип: «Сенсиңби?» – деди. Мен аны бекем кучактадым да, жемелеп кирдим: «Уялбайсыңбы, апа! Атамдын өлгөнүнө бир жыл боло электе, сен башка эркекти таптыңбы?» Ал унчуккан жок, бирок менин башымда турган колу калтырап жатканын сездим. «Мен окууда жүрсөм, сен эмне менен алек болуп жүрөсүң. Уялбайсыңбы, апа!» Ал: – Ню-эр! – деп бир бакырып алды да, керебетке жыгылып, өксөп ыйлай баштады. Апамдын көз жашы мени бир аз жумшартты. Анын мени кандай жакшы көрөрүн, аягандыгын, мага сабак даярдашып, жакшы сөздөрү менен окуума дем бергенин эстедим. Күнөөмдү мойнума алгандай, ага кайрылдым: «Апа, мен туура эмес кылдым. Мен сенин көңүлүңдү оорутууга тийиш эмес элем. Кечир!»

Апам кыймылдаган жок. Бир топ убакыттан кийин башын көтөрдү да, мени кучактап туруп, муңкануу менен мындай деди: «Жок, Ню-эр, сенин айтканың туура. Мен сенден кечирим сурашым керек. Атаң өлгөндөн кийин сен үчүн гана жашап жүрөм. Сен болбогондо мен атаң менен кошо өлмөкмүн. Сен атаң өлөр алдында эмне дегенин унутуп калдыңбы? Ал сенин кул болбой, адам болушуң үчүн өлбөдүбү. Ал сен үчүн өмүрүн курмандыкка чалса, мен сен үчүн денемди аяп эмне кылам? Билбейм, атаңды маскара кылуу үчүнбү, же башка себеби барбы, кожоюндун баласы мага дайыма асыла берчү. Чынымды айтсам, кожоюндун үйүндө иштеп жүргөндө мен андан качып жүрүп, абийиримди да, денемди да таза сактачу элем. Биз эми атаңдын өлүмүнөн кийин бул жакка келгенден баштап, ал

мага көп келчү болду. Албетте, ал үчүн мен оюнмун. Эмне кылам – мен али көркүмөн кете элекмин. Биз азыр иштебейбиз, алардын акчасына жашап жатабыз. Сен окушуң керек, биз алардын акчасына муктажбыз. Мен ага жеңилүүгө мажбурмун. Анын мага келгенине көп болуп калды… Уулум, кечир мени! Сенин окууң үчүн, сени кулдуктан куткаруу үчүн апаң өзүн аямак беле?»

Албетте, апам да ал кезде бул окуяны башка сөздөр менен түшүндүргөндүр, бирок мен экөөбүз сүйлөшкөн сөздөрдүн маанисин жакшы билем. Мен апамды бекем кучактадым: аны абдан жакшы көрчүмүн, андан бетер жакшы көрүп кеттим. Аяганыман айттым: «Апа, өзүңдү өзүң кыйнабачы. Мен окууну таштайм. Сени азапка салгандан көрө кул болгонум жакшы».

Ал колу менен оозумду шашылыш жаба салды: «Дөөдүрөбө! Сен окушуң керек, адам болушуң керек. Апаңдын денеси кордолуп бүткөн. Сенин окууң үчүн апаң өмүр бою жапа чегүүгө даяр». Ошол күнү кечке ыйлап олтуруп, апам мени окууну таштабоого көндүрдү. Кийинки күнү адаттагыдай мектепке кеттим да, экинчи бул темага кайрылган жокмун. Окууну өтө кунт коюп, абдан тырышып окудум. Билим – акыры мени эңсеген жериме жеткирерине ишендим. Атамдын биздин тукум кул болбосо экен деген тилеги орундалса дедим. Бирок жашоонун ачуу чындыгы өз түйшүгү менен жаныма батты, өткөндүн элеси жүрөгүмө уу тырмагын матырып турат. Жашоо азап, айрыкча кулчулуктан бошонуу үчүн жан талашкан адамга бөтөнчө азап. Канткен менен жүрөгүмдө үмүт жашады, апамды абдан жакшы көрчүмүн, ошону үчүн баарына чыдадым. Кожоюндун баласы көп келди, ал эмес менин көзүмчө да келчү. Апам аны кабыл алчу. Канчалык жек көрсөм да, анымды өзүнө айта албадым. Ал кетери менен апам башкача боло калар эле. Ыйлаганын такыр токтоткон жок, аны соороту да мага чоң түйшүк болчу. Апам мындай жашоого көпкө чыдай алмак эмес. Бактыга жараша, төрт-беш айдан кийин кожоюндун баласы өзүнө жаш күң тапты да, бизге келбей калды. Бир нече жыл мен кеткенге чейин тынч жашадык. Апам каза болорго жакын абдан кыйналды. Аны мен университетти бүтөөргө чейин жетпей калчудай болгон өмүрүнүн аздыгы, ошол күнгө жетүү үчүн өзүн курмандыкка чалган күндөрү санаага салды көрүнөт. Аны кантип сооротот элем? Болгону, көкүрөгүнө башымды коюп, өксүп ыйладым.

Апамдын көзү өткөнүнө үч жыл болду. Аны дайыма эстейм. Чоң атам менен атам да көз алдымда элестеп турат. Алардын аянычтуу жашоосу жөнүндө ойлоном да, кайра өзүм менен өзүм сыймыктанам. Чоң атам кул болгондугу менен сыймыктанам, ал үчүн уяла турган тырмактай себеп жок! Чоң атам асынып өлсө да, атам жалган жалаа менен түрмөдө өлсө да, апамдын абийири булганса да, аларды адепсиз

деп эч ким күнөөлөй албайт. Алар бирөөгө жамандык кылдыбы?.. – Пэн кыйкырып жибере жаздады: – Кааласаң сен аларды күнөөлө, шылдыңда! Эгер алардын жүрөгүң билсең… Алардын жүрөгү алтын, аларга тете жүрөктү таба албайсың! Көп учурда түн жарымынан ооганга чейин мен аларды кирпик какпай ойлоном. Бир ой гана жаныма тынчтык бербейт. Кайсы бир жерлерде миллиондогон кулдар бактысыз жашоосуна ыйлап жатат; алар да менин чоң атама окшоп азап чегип жатат. Азыр да кожоюндар уйкунун кучагында жатканда, кайсы бир кулдар жалган жалаанын азабын тартып, асынып өлүү үчүн таңды күтүшөт; башкалары кожоюндарынын ордуна күнөөнү мойнуна алып, түрмөгө качан алып кетерин күтүшөт; алардын кыздары кожоюндардын койнунда жатышат, атасын акыркы жолу кучактаган балдар  чыркырап ыйлашат. Ушундай минуталарда жүрөгүм чексиз жек көрүүгө толуп чыгат да, сага окшогон кул ээлөөчүлөргө каргыш айтам! Алардын бирин калтырбай кырып салганга даярмын! Силер менин чоң атамды курмандыкка чалдыңар, силер атамдын өмүрүн сатып алдыңар, апамдын абийирин булгадыңар. Алар эчак арбакка айланды, а силер али жашап жатасыңар. Мен силерден өч алышым керек…

Анын өңү сүрдүү эле. Ордунан туруп, мени көздөй басты. Коркуп кеткенимден кыйкырууга даярданып, коргонууну ойлондум. Бирок ал терезеге келип, көчөнү тиктеп калды. Капысынан эле бир нерсени сөөмөйү менен көрсөтүп, каардуу бурк этти:

– Кара!

Ал көрсөткөн багытка көз чаптырсам, топ ойноочу аянтта түңкү чырак жаркырап турат,  жарым жылаңач чет өлкөлүк кыз билет сатып жатат. Ошондой эле жигиттер менен кыздар көңүлдүү кирип баратышат.

– Биз, тер төккөнчө иштейбиз, асынабыз, түрмөдө өлөбүз, аялдарыбыз шерменде болот, балдарыбыз ыйлайт. А тигилерчи? Алардын биринде да уят жок!

Пэндин каарданган үнүн угуп олтуруп, капыстан көзүм ачылгандай болду. Кыялымда трагедиялуу көрүнүштөр көз алдыма тартылды. Буга чейин кулдардын санын тынымсыз көбөйткүм келчү эмес беле? Он алтыдан – отуз экиге, андан ары дагы… – Сандар менин жолумду тосуп калгандай. Өзүмдү кожоюндун баласындай сезип кеттим, бирөөнүн чоң атасына жалган жалаа жапкандай, атасын өлтүргөндөй, энесин кордогондой. Жанымды коркунуч басты. Күнөөлөрүмдүн жообун берчү мезгил келгендей коркконуман кыйкырып жибердим.

– Сага эмне болду, Чжен? Эмне кыйкырасың? – Пэн жумшак сурады.

Мен бир топко сүйлөй албай, көзүмдү гана сүрткүлөй бердим.

– Сен менден коркуп турасыңбы? Өзүң билесиң да, менин сага жамандык кыла албасымды – деп, келекелеп жаткандай жылмайды.

Өзүмө келгенден кийин гана ага карадым, ачуусу таркап кетиптир.

– Пэн – дедим, мен таң калыштуу. – Эмне үчүн баягыда мени өлүмдөн сактап калдың эле? Мен да кул ээлөөчү, сенин душманың эмесминби. Эмнеге мени машинага тебелеткен жоксуң?

Ал көпкө ойлонуп калды. Анан жылмайып, ызалуу жооп берди:

Менин денемде кулдун жүрөгү согуп турат го.

Жандүйнөм селт эткендей катуу толкундап кеттим, көз жашымды араң тыйып, Пэнди үнсүз тиктедим.

Ал мени түшүнбөй калды деди окшойт, пикирин дагы чечмелеп кирди:

– Өз бактысынан кечип, башкаларга бакыт каалоону, өз эрки менен башкалар үчүн өмүрүн курмандыкка чалууну – кулдун жүрөгүндөй жүрөгү бар адамдар гана жасай алат. Мындай жүрөктү бабам – чоң атама, чоң атам – атама, атам – мага берген.

Ал көкүрөгүн сөөмөйү менен сайып турду. Пэндин көкүрөгүнөн оттой кызыл чоң жүрөк көрүнө түшкөндөй болду. Мен башымды төмөн салып, кооз көйнөгүмдүн ичиндеги өз жүрөгүмдү тиктедим.

– Бул, кулдун жүрөгү!.. Кулчулук психологиядан качан кутулам? – деди Пэн. Анын сөзүндө аргасыздан үмүтсүздүк сезилди.

Кулагымды эки колдоп басып алдым. Менде жүрөк, кулдун жүрөгү жок окшойт. Коркуу, уялуу, кайгы сыяктуу сезимдер толкуну мени басып алды. Пэндин качан чыгып кеткенин да байкабай калыптырмын.

Ошондон кийин Пэнди сейрек көрүп калдым. Ал өзүн таң калыштуу алып жүрө баштады: аянтта да көрүнбөйт, университеттин айланасында да сейилдебейт. Жашаган үйүнө да сейрек келчү болду. Биз бири-бирибизге бөтөн боло баштадык. Бир топ убакыттан кийин Пэнди унутуп да койдум. Өзүмдүн досторум, өзүмдүн кызыгуум бар эмеспи. Киного барчумун, бийге барып бийлечүмүн, кыздар менен топ ойночумун. Кулдар жөнүндө сөз болгондо мен мактаныч менен:

Менде он алты кул бар. Буюрса, отуз экиге жеткиремин! – деп жүрдүм.

Университетти бүткөндөн кийин көп жыл өтпөй эле менин тилегим орундалды: отуз эки кулдуу болдум. Алар мага жана менин үй-бүлөмө ак дилден кызмат кылып жатышты. Мен болсо бактылуумун, ыраазымын, жетиштүүмүн! Пэн мага бир кезде айтып берген кулдардын тарыхын деле унутуп калдым.

Бир күнү аялым менен бакта таза аба жутуп жүргөнбүз, беш кулум менден тапшырма күтүп жанымда болчу. Жаңы гезиттерди

карап олтуруп, Пэн аттуу революционердин атылганы жөнүндөгү кабарды окудум. Аты да дал келип турат, мен унутуп койгон ак ниет адамымды эстедим. Анын айткандары кайрадан эсиме түштү да, эми биротоло кулдун жүрөгүнөн ал кутулган экен деген ойго кеттим. Мындан ары анын урпактарында кулдун жүрөгү болбойт. Балким, бул Пэндин бактысыдыр. Мен анын өмүрүмдү сактап калганын да эстегенимде, эрксизден көңүлүм чөгө түштү. Гезитти башаламан барактадым. Бир топко ойлоно түштүм да, оор үшкүрдүм.

– Эмнеге үшкүрөсүң, сүйүктүүм?

Аялым тынчы кеткен көз караш менен колумду назик сылады.

– Жөн эле, – дедим. – Бир курсташым курман болуптур. Байкуш!

Аялымдын камкор, сулуу жүзүн тиктегенимде, анын бакырайган чоң көздөрү мени баарын унуттуруп салды.

Которгон **Үмүт КУЛТАЕВА**



*Көркөм котормо чеберлери*

**Сергей
ЕСЕНИН**

# *Персия кайрыктарынан*

* * *

*Сээлдеди эски дарттын сүлдөрү,*
*Сергиленмин мастык эзбей жүрөктү.*
*Соолуктуруп Тегерандын гүлдөрү,*
*Соо олтурам чайканада күнөстүү.*

*Орустарга мактап барсын дегендей,*
*Олбурлуу жан чайканачы чарк урат.*
*Күчтүү демдеп кызылынан белендей,*
*Күчтүү арак, вино ордуна чай сунат.*

*Сыйла, бирок алаксытпа анчалык,*
*Сыйдан артык лола гүлдүү багың бар.*
*Бекеринен көз кыспады каш кагып,*
*Бет чүмбөтүн ача койгон ашык жар.*

*Орустарда жаз жытындай асыл жар,*
*Окчун үйдө ит сыяктуу байланбайт.*
*Сомсуз эле өбүшүүгө акың бар,*
*Согушпайсың, канжар мизи кайралбайт.*

*А бул жердин келбетине таң болуп,*
*Алоо таңга окшоштурам ирецин.*
*Белек кылып Хороссандан шал жоолук,*
*Берер элем даңктуу Шираз килемин.*

*Кызыл чайдан ачуураак куй, кожоюн,*
*Кылым бою чындан калпка жаналбайм.*
*Билсең азыр өзүң менен өз оюм,*
*Бирок сенин милдетиңди алалбайм.*

*Эшигиңди кайтарсаң да канчалык,*
*Ээн жакта кире турган багың бар.*
*Бекеринен көз кыспады каш кагып,*
*Бет чүмбөтүн ача койгон ашык жар.*

**1925**

✻ ✻ ✻

*Соодагерден сурап калдым калаада,*
*Сом ордуна жарым туман алмашкан[1]:*
*«Кантип айтам ай-чырайлуу Лалага,*
*«Сүйөм» деген фарсы сөзүн бал таткан?»*

*Шыбырадым шек чыгарбай абага,*
*Шырп эткендей тоо жели же Ван көлү:*
*«Кантип айтам ай-чырайлуу Лалага,*
*Өбүү менен жазылса деп жан чери?»*

*Тергей бердим сарапкерди жана да,*
*Терең катып уятымдын салмагын:*
*«Деги үйрөтчү, кантип айтам Лалага,*
*Деген сөздү: «Сен меники, жалжалым!»*

*Ал мындайча чакан жообун тез берет:*
*«Ашыклыкты туюндурбайт сөз менен.*
*Ашыклыкты үшкүрүүдөн сездирет,*
*А болбосо оп тартышат көз менен.*

*Аткарылат сүйүү жолу суратпай,*
*Аты да жок Курандын эч жеринде.*

---

[1] Фарс акчасы туманды алмаштырган сарапкер.

*Кызыганда бирин бири кучактай,*
*Кызыл эрин эрип турат эринде.*

*Биле билгин ашыклыкка жол таба,*
*Бирде шаттык, бирде кайгы жегенди.*
*Үлбүрчөгүн ача койгон кол гана,*
*Үйрөткөнү «сен меники» дегенди».*

**1924**

* * *

*Шаганэ жаным, Шаганэ,*
*Айтайын сөздү шар эле:*
*Алыскы түндүк жеримди,*
*Ай тийген алтын эгинди,*
*Шаганэ жаным, Шаганэ.*

*Жүрөгүм түндүк тарапта,*
*Жүз эсе жарык айы бар.*
*Шираздан артык жагат да,*
*Рязандын жагар жайы бар,*
*Мекеним ошол тарапта.*

*Айтайын сары талааны,*
*Арнаган мага алтын чач,*
*Ороп ал колго, карлыгач,*
*Сары чач сага жагабы?*
*Сайрайын сары талааны.*

*Көйкөлүп жаткан эгинди,*
*Көрө бер тармал чачыман.*
*Ойносоң ойно, асылжан,*
*Оорутпа, бирок көңүлдү,*
*Эстетип алтын эгинди.*

*Шаганэ жаным, Шаганэ,*
*Анда да бир кыз бар эле.*
*Ал мени күтүп жатпасын,*
*Өзүңдөй асыл жан эле,*
*Шаганэ жаным, Шаганэ!*

**1924**

* * *

*Саади акынды сен айттың,*
*Кош мөмөдөн өпкөнүн.*
*Өзүң көр деп мен айттым,*
*Өбүү кандай өткөнүн.*

*Сен ырдадың: «Евфраттын*
*Селкисинен гүлү артык».*
*Ырдабаймын мен антип,*
*Ырга жансыз жүк артып.*

*Гүлдү кыйып салмакмын,*
*Гүлдөбөсүн док артып.*
*Шаганэден ардактуу,*
*Бул дүйнөдө жол артык.*

*Акылды тим койгон оң,*
*Ар кыйноодон өткөрбөй.*
*Өзүм акын болгон соң,*
*Өбөм акын өпкөндөй.*

**19.12.1924**

* * *

*Жок, эч качан Босфордо мен болбогом,*
*Жооп күтпө ал тууралуу сен эми.*
*Көздөрүңөн көгүлтүр от ойногон,*
*Көрүп турам көк деңиздин тереңин.*

*Кербен айдап Багдадга да барбадым,*
*Кезмал менен, шайы, кына, жүк менен.*
*Эңкейип кой шыңга мүчө жалжалым,*
*Эс алууга кош тизеңе бүктөлөм.*

*Же жалынып өтүнсөм да канчалык,*
*Жетпес бекен сага баркым дегеле?*
*Алыс калган Россияда даңкталып,*
*Аты чыккан айтылуу акын мен элем.*

*Ал тарапка куса болуп турамын:*
*Айлуу түндө ит үргөнүн угамын.*
*О, фарсы кыз, кантип көргүң келбесин,*
*Орустардын ыраакы көгүш өлкөсүн?*

*Сейилдөөгө зериккенден келбедим,*
*Сен чакырдың, кош көзүмдүн чырагы.*
*Ак билекти «кел берилеп» сермедиң,*
*Ак куу каккан эки канат сыңары.*

*Мен эбактан тагдырга тынч жер издейм,*
*Мен наалыбайм жаман өткөн өмүргө.*
*Кеп козгочу тилиң менен мейиздей,*
*Кереметтүү шайыр өлкөң жөнүндө.*

*Кумар жазчы, жүрөк отун тамызчы,*
*Кушбак болуп жаңы жыттай көктөйүн.*
*Эске түшүп түндүк кызы алыскы,*
*Эрикпейин, үшкүрбөйүн, чөкпөйүн.*

*Асыл перим, болбосом да Босфордо,*
*Ал тууралуу баян берем мен эми.*
*Ансыз деле көзүң толгон отторго,*
*Анда толкуйт көк деңиздин тереңи.*

**1924**

* * *

*Кең өрөөндүн кеч шоокуму бир укмуш,*
*Кербезденет лола гүлдөр жайнаган.*
*Абазыңан угузуп кой, аруу кыз,*
*Кезегинде акын Хаём сайраган,*
*Кербезденет лола гүлдөр жайнаган.*

*Ай нурунда чалкыйт Шираз асманы,*
*Арбын жылдыз калдыркандай дилдирейт.*
*Фарсылардын кызга чүмбөт жапканы,*
*Көңүлгө серт түркөйлүктү билдирет,*
*Көпкөк тартып чалкыйт Шираз асманы.*

*Жылуулуктан муздагандай селкилер,*
*Жылдыздардан далдаланат эмнеге?*
*Же көбүрөөк сүйсүн үчүн бекинер,*
*Жектейт белек абага өңүн желдесе?*
*Жылдыздардан корунушат эмнеге?*

*Үлбүрчөктө солуйт аял көркөмү,*
*Үйрөнүп ал, жашоо жайын, дилбарым.*
*Ансыз деле өмүр кыска, өлчөлүү,*
*Аз татабыз ашыклыктын жыргалын,*
*Айтканымды эсиңе тут, дилбарым.*

*Өңү сертке бербесе да үзүрдү,*
*Өз үлүшүн куп талашат дүйнөдөн.*
*Андан болсо сенин айдай жүзүңдү,*
*Айып болор үлбүрчөккө бүркөгөн,*
*Акыйкат бар акты серттен иргеген.*

*Абазданат лола гүлдөр жайнаган,*
*Алаксытат бөлөк өлкө кайрадан.*
*Ыраа тутсаң, асыл сулуум аз-аздан,*
*Ырдап берем Хаёмдо жок, казалдан,*
*Ыракат тапсын лола гүлдөр жайнаган.*

* * *

*Чалкып барат муңайыңкы алтын ай,*
*Чарбактагы гүлзарларга ким тойбос.*
*Араласаң сейилдикке жакшы жай,*
*Асманы көк, ынак өлкө меймандос.*

*Багдад азыр бул замандан алыста,*
*Баралында Шахрезада даңктаган.*
*Жылас болгон жарык дүйнө ал кызга,*
*Жылаажын бак үнүн баскан капкачан.*

*Ал элестер калган эски жайында,*
*Аң-дөң болгон бейиттерди чөп баскан.*
*Эй, жолоочу, арбактарга табынба,*
*Эмне пайда сыйынуудан, көз жаштан?*

*Абайласаң көңүлгө чак теребел,*
*Айкалышып роза сорот эриндер.*
*Касың менен жүрөктөшүп келе бер,*
*Кадыр-сыйга бөпөлөнсүн өмүрлөр.*

*Сүйө билсең, сүйдүрө бил ар качан,*
*Сүйгөнүңдүн жытын искеп дуула да.*
*Арбактарга сыйынууну кааласаң,*
*Ал уу менен тирүүлөрдү уулаба.*

*Шахрезада так айтыптыр себебин:*
*Шак мөмөлөйт, балы балга өтүшөт.*
*Бул дүйнөдө энчиси жок неменин*
*Жоктугуна аёо кылуу жетишет.*

**1925**

* * *

*Хороссанда далай укмуш эшик бар,*
*Гүл төшөлгөн босогосу бийик баа.*
*Анда жашайт пери сындуу ашык жар,*
*Ачалбадым, бирок анын бирин да,*
*Хороссанда дал ошондой эшик бар.*

*Чарчоо билбес колумда күч болсо да,*
*Чачыма жез, алтын кени толсо да,*
*Эрип кетип пери кыздын үнүнө,*
*Эшик ачып кире албадым үйүнө,*
*Балбан билек, чымыр булчуң болсо да.*

*Сүйүү күчү жокко чыкты шар эле,*
*Кимге ырдадым? Мен эмнеге эридим?*
*Же бозоюн кызганбаса Шаганэ,*
*Же эшигин ачалбасам перинин,*
*Сүйүү күчү жокко чыкты шар эле.*

*Келди мезгил Россияга кайтууга,*
*О, Персия, кантип таштап кетемин?*
*Ооз барбайт түбөлүк деп айтууга,*
*Оп тартууда, бирок сүйгөн мекеним,*
*Келди мезгил Россияга кайтууга.*

*Кош, пери кыз! Кош, мухаббат мекени!*
*Ачалбадым эшигиңди бир сапар.*
*Сезимди ээлеп куса болуу, сагынуу,*
*Сен тууралуу акын анда ыр жазар,*
*Кош, пери кыз! Кош, жанымдын жарымы!*

**Март, 1925**

* * *

*Айбаласаң акын болуу дегенди –*
*Апыртпайлы бул чындыкты адатта:*
*Кан чыгара кескилеп өз денеңди,*
*Кандырганың башкаларды ыракатка.*

*Акын болуу – дүйнө кезүү деген кеп,*
*Аалам сырын ачып берүү бүт сага.*
*Булбул сайрайт жетпегенин көп эңсеп,*
*Бирок аны ырдар ыры бир гана.*

*Чакчыгай да жаратылыш чымчыгы,*
*Чамасы чак, башкаларды туураган,*
*Өздүк үнү болуу керек ырчынын,*
*Өз үнүндө бака чардайт жылгадан.*

*Мухамеддин Курандагы айтканы:*
*«Мунапыссыз шарапты оозго албагын».*
*А акындар өз шертинен кайтпады,*
*Арак менен басат жүрөк зардабын.*

*Акын кээде сүйгөнүнө баратса:*
*А сүйгөнү башка менен жатат да,*
*Жуткан арак аны кармап калат да,*
*Жубайларга бычак урбайт адатта.*

*Кереги эмне, эрегиштен эр өлүш,*
*Кең бололу энчисине бирөөнүн:*
*Ансыз деле жетпей жүрүп өлөбүз,*
*Ал эбактан көрө жүргөн бир өлүм!*

**Август, 1925**

* * *

*Сүйгөнүмдүн кош ак куудай колдору,*
*Сүзүп барат алтын түстүү чачымда.*
*Ашыклыктын кайра ырдалчу жолдору,*
*Аалам үчүн бүтпөс обон, асыл баа.*

*Ал обонду мен эзелтен сайрагам,*
*Азыр дагы кубулжуду ыргагы.*
*Мукам кагып, терең кетти кайрадан,*
*Мухабаттан азык алган ыр сабы.*

*Шыпкай сүйсө маңызыңды асыл жар,*
*Шынаа жүрөк алтын болот уюган.*
*Булут челген Тегерандын айы бар,*
*Бул ырыма зер чачкан жок нурунан.*

*Күндөрүмдү мен кандайча өткөрсөм,*
*Күйсөм бекен Шаганэнин отуна?*
*Кандай болот же жөнеле бөксөрсөм,*
*Жакшы ырларды кагып эсеп-чотума?*

*Көп нерсенин көркөм чебер ээси бар,*
*Көз кумарын, кулак курчун кандырган.*
*Кокус ырды жаман жазса персиян,*
*Кооз Шираз тукуму эмес ал урган.*

*Мен тууралуу жана бул ыр тууралуу,*
*Мезгилинде калың элге айткыла:*
*«Абаздуураак болмок эле ырлары,*
*Арбатпаса алиги кош ак куугa».*

**Август, 1925**

Которгон **Эрнис ТУРСУНОВ**

*Кыргыз Эл акыны, романчы, драматург* ***Эрнис Турсунов*** *көркөм котормо өнөрүндө да көөнөрбөс из таштап келет. А.С.Пушкиндин ыр менен жазылган «Евгений Онегин» романы анын котормосунда кыргызча үч ирет басылып чыкты. «Библия», «Инжил» сыяктуу ыйык китептер да Э.Турсуновдун котормосунда кыргыз кыртышында гүлдөдү. Э.Турсуновдун дүйнөлүк адабияттан которгон чыгармалары өзүнчө эле бир «китепкананы» түзөт.*

*Эстутум*



**Акбар**
**РЫСКУЛ**

# ШАМЧЫРАК

**(Уландысы. Башы өткөн санда)**

Турмуштун оор сынагы У.Бейшембиеванын дарыгер катары кесиптик ийгилигине эч качан жана эч жерде тоскоол келтире алган жок. Балдар врачы өзүнүн жарым кылымдай тажрыйбасында канча бөбөктүн ден соолугуна камкордук көрдү, канчасынын сообуна калып, канчасын өлүм чеңгелинен сууруп алды? Өзгөндөгү медициналык мекеменин, жалпы райондун коомдук иштерине дагы жигердүү инсан катары ат салыша аралашты.

Өзгөн райондук ооруканасынын врачы Урум Бейшембиеванын өкмөттүк сыйлыктарын санап отурбасак дагы, 1980-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланганы көп нерседен кабар берет. Дээрлик беш жылы депутаттык милдет менен дарыгерлик түйшүктү тең айкалыштыра аркалап жүрдү.

Бирок, убакыт дегениң ушундай экен, соңку узак жылдары Урум жеңебиз менен жолугушпай, кабарлашпай калганбыз. 2011-жылдын август айында Өзгөн, Кара-Кулжа жергесине сапар буйруп, коомдук ишмер, депутат досум Курманбек Осмоновдун ата конушуна барган элек. Ал аяшыбыз Жазираш экөө жылыга орозо маалында туугандарын чакырып, ооз ачтырып турат экен. Ошол соопчулук ишке Урум жеңебизди дагы чакырсак кантет деген ой келди мага. Бул ойду Кукем да колдоп, Өзгөндөгү ооруканага атайын издеп бардык.

–Ал кишини билебиз. Биздин эжебиз, депутат эжебиз деген сындуу сыймыктуу жооп айтышты биз жолуккан врачтар. – Азыр пенсияда. Телефонун тактап, сиздерге кабарлап коёбуз.

Аңгычакты Урум жеңебиз өзү телефон чалып, саналуу сааттар өтпөй Кара-Кулжага келип калса болобу! Сүйүнүчтөн эмне сүйлөрдү билбей, кубана ал-жай сураштык. Жанында жээн небереси – өспүрүм курактагы Жылдыз бар.

Агабыз Калыгулдун китебин чыгарсам деген ниетимди колдоп, жеңебиз өзүндө эчен жылдар сакталуу жүргөн сүрөттөрдү берди. Кандай гана тарыхый сүрөттөр!.. Эң негизгиси, жеңебиздин өз оозунан уккан аңгемелер мен үчүн өтө баалуу эле. Өзүм билбеген же унут калтырган жагдайларды ак кагазга ашыга жаза отурдум.

–Сизде байкебиздин кол жазмалары барбы? – деп сурадым кептин оңтою келгенде.

–Менде кайдан болсун? – деп жеңебиз бир сыйра жашып алды. – Бардыгын жолдошторуна тапшырып бергем. Аты Калыбай беле, Дайырбек беле? Айтор, так эсимде жок... Бактыбек болсо, ошого тапшырат элем го!

Бактыбек, Бактыбек!.. Жарык дүйнөдө жети жыл гана жашап, алгачкы ариптерди, «Апа» деген жөнөкөй сөздү жазууга гана үлгүрдү. Эмнеге көпүрөбүз эртелей урап калды?!.

## Үч көз ирмем

«Атаңды көргөн өлбөсүн!» деген кеп бар кыргызда. Анын сыңарындай, агам Калыгул менен замандаш, каламдаш болгон адамдар менен ар жолуккан, баарлашкан сайын жаныма кубат алам. Агабыз бул дүйнөдөн эрте кетсе дагы артына көптөгөн досторун калтыргандай сезиле берет мага.

Калыбай Жусупов, Токтосун Самудинов, Мелис Абакиров, Кубатбек Жусубалиев, Төлөгөн Мамеев, Байтемир Асаналиев, Мырзаян Төлөмүшев, Бектенкул Байбеков, Абдыкерим Мырзаев... Дагы-дагы көптөгөн жакшы адамдардын ысымдары жаныма жакын сезилет, анткени Агамды билет алар.

Ушуга чейин бул агалардын бири жөнүндө дагы басма сөздө жылуу пикир айтып, атайын макала жазбапмын. Былтыр гана Дайырбек Казакбаевдин үй-бүлөсүнүн өтүнүчү менен эскерүү жазууга туура келди. Макала, негизинен, бир адамга байланыштуу болсо да, анда Калыгул Токтомамбетовду жакшы билген жалпы агаларга деген урмат-сыйымды чагылдырууга аракет жасаган элем. Ошондуктан, Дакемди эскерүү макаламды курбусу Калыгулдун ушул «От башында» китебине кошуп коюуну туура таптым. Кудай буюрса, улууларды урматтоо сезимибизди дагы кеңейтип жазарбыз.

Ойлоп көрсөм, Дайырбек агабыз менен эриш-аркак ээрчише басып, аңгеме курган күндөрүм эсептелүү эле көрүнөт. Узун сабак баарлашып, узак сапарда бирге жүрүү бактысы туш келбеди, күндөлүк турмуштун кубанычын же көйгөйүн тең бөлүшкөн учурларыбыз деле саналуу чыгаар. Аттигиң, ушинтип өмүр өткөн соң, улутунуп, өксүп калат өңдөнөт адам баласы!..

Ошентсе да, «жакшынын шарапаты» дегендей, бул өрнөктүү инсан, жазуучу жана илимпоз, эң башкысы, мага боорумал адам менен ар бир жолугушуум жаныма кубат таратып, жагымдуу болор эле. Жердигинен жароокер жанбы, табиятынан кененби же жалпы эле жаштарга жакшылык каалап турабы, айтор, көчөдөн кез келишкен учурдун өзүндө да алкоо сөздөрүн айтып өтүүгө үлгүрчү. Эгерде экөөбүздүн жаныбызга башка адамдар кошула калса, «Акбар – Калыгулдун иниси» дегенди кошумчалап, мен тарапка күлүңдөй баш жаңсай турган. Көз айнеги күнгө чагылышып, жүзү нурдана түшчү.

Ооба, ошонусунан жазчу эмес. Дайырбек аганын бул сөзүндө экөөбүзгө тең орток сыр, башкалар биле жүрсө деген сыймыктануу сезим бар эле. Ошол сезим бизди алыс-жууктан астыртан жакындатып, көзгө көрүнбөс жиптер менен байланыштырып турчу. Дакебиз «Калыгул, Калыгул» деп көп кайталап, өзү менен университетте бирге окуган курсташын, адабиятка бирге аралашкан калемдешин эскерсе, мен аталаш агамдын арбагына тобоо кылар элем ичимен.

Дайырбек ага экөөбүздү жакындатып, жипсиз-шуусуз байланыштырган ошол адамга бул жарык дүйнөдө 25 жыл гана өмүр сүрүү буйруган экен. Кандай аз, кандай ченелүү! Бирок 50-жылдардын аягынан адабиятка аралашкан муундун өкүлдөрү, айрыкча калемгерлер бул ысымды жакшы билет. Калыгул!..

Адамдын баркын түшүнүп, түбөлүк кадырлап өтүү үчүн аны менен арбын жыл жанаша жашоонун деле зарылдыгы жок. Кээде биз өз замандашыбызды гана эмес, өткөн доорлордо жашаган тарыхый инсандардын ысымдарын туу тутабыз. Ошонун сыңарындай, курбу-курдаштар арасынан дагы ич ара пейили келишкен, бири-бирине мээри түшкөн, ой-санаасы жуурулушкан инсандар табылбай койбойт.

Байкасам, калемдеш эки курбу КМУда чогуу окуган адепки 2–3 жыл аралыгында гана тыгыз катышып турса керек. Анткени ортоңку курстардан Д.Казакбаев Москвага окууга которулуп кеткен. Бул байланыш экөө тең Фрунзеде иштей баштаган кезде дагы бир аз уланышы мүмкүн. Айтор, ошол саналуу жылдарда ойгонгон курдаштык жылуу сезимди эч качан унутпай, бийик сактай билди. Экөөнүн ысык мамилеси мага көп нерсени үйрөттү, достук, адамгерчилик сезимдерге бекем болууга үндөдү. Дакебизге боор толгоом дал

ошол өзүнүн курбусу – менин агам Калыгулга деген терең урматынан бекемдей бергени ырас.

Калыгулдун капилет кайтыш болушу анын курбусун дагы катуу кайгыртып, кабыргасын кайыштырган өңдөнөт. Д.Казакбаевдин азалуу күндөрдө аяктаган «Талаа ырдайт» новелласынан бул жагдайды даана байкайбыз. Ал новелласы 1966-жылдын 10-декабрында, курбусунун кыркы өткөн тушта «Кыргызстан пионери» газетасында жарыяланган. Чыгарманын башына автор: «Замандашым Калыгул Токтомамбетовго арнаймын» – деп жазат. Аңгеменин соңунда башкы каарман Багдан мүрзөгө барып, «бир тал гүл оролгон кагазды» көрөт. Кагазды колуна алып, мындай жазууну окуйт: «Унутулгус Калыгулга! Курбусу Урумдан».

«Унутулгус!..» Ушунун өзү, көркөм чыгармада Калыгулга катар анын жары Урумдун ысымы аталышы көп нерседен кабар берет.

Дакебиздин жашоодон эрте кеткен курбусун урматтоо сезими жылдар өтсө мокобой, тескерисинче, курчуй берген. Новелласын дагы кеңейте повестке айлантып, 1980-жылы «Мектеп» басмасынан чыккан китебине киргизген. «Талаа ырдайт» деген аталышы такталып, «Улар үнү» деп өзгөргөн. Бирок достук сезим түк өзгөрүлбөй турганын ырастагандай, баягы каалоосун тереңдете минтип жазат: «Замандашым, маркум Калыгул Токтомамбетовдун эстелигине арнайм».

Кыргыз адабияты менен журналистикасына эмгек синирген калемгер, илимдин кандидаты, философ Д.Казакбаев өмүрүнүн соңку жылдарын жаш муундарга билим берүүгө арнаган. Анын көп кырдуу сапаттарын жакшы билген замандаштары менен калемдештери аз эмес. Мен болсо, Дакеме жолуккан адепки бала кезеңден берки үч элести – үч көз ирмемди эске салып көрөйүн.

## Адепки көз ирмем

Жаңылбасам, 1966-жылдын сентябрь айынын соңу ченде агам Калыгул мени «Кыргызстан пионери» газетасынын редакциясына ээрчитип барды.

Редакция азыркы Уркуя Салиевага орнотулган эстеликтин түндүк жагындагы чакан жер тамда жайгашар эле. Газетанын кызматкери агамдын жакшы таанышы көрүнөт, кубана каршы алып, экөө эски курбулардай жылуу учурашып калды. Анан агам дароо эле мени тааныштырды:

–Иним. Баягы айтып жүргөн иним – Акбар.

–Аа, Акбар ушубу? Азамат, азамат… – деп койду кубаттай.

Көз айнекчен бул адамды алгач ирет көрсөм да, мен жөнүндө мурдатан кабардар экенин боолгоп калдым. Агам Калыгул «баягы» десе, «азамат» деп коштоп турбайбы!

–Акбардын ырларын алып келдик, карап көрсөң? – деп сурады агам.

–Ыр да жазабы?

–Көп болду жазганы.

–Айылдан сага жазган каттары эсимде. Ал каттарын экөөбүз студент кезде чогуу окучу элек го, – деп жылмайды редакция кызматкери. Анан күтүүсүз бир нерсе эсине түшкөнсүп, калдаңдай шашып калды:

–Токто, токточу, Каке. Ой, ошол биздин Акбар беле?.. Азыр мен...

Бир аз өтпөй, коңшу бөлмөдөн газетанын саргайып, чети түрүлгөн тиркемесин көтөрүп келип, алдыбызга жайды кудуңдай:

–Мына, Акбардын ырлары! Окуган эмес турбайсыңарбы...

Өз көзүмө өзүм ишене бербей, гезит тиркемесине тигилем. Бала кыял ырларымды кат аркылуу жөнөтүп, редакциядан кеп-кеңеш айткан жооп алчу элем. Эми ырларым газетага жарыяланып калган тура! Эки насаатчы, эки агам эки далыман жарыша таптап, менден өтө кубанганын айтпаңыз!

Агам Калыгул анда комсомолдук кызматкер кези. Бир айча мурда мени да айылдан Фрунзеге ээрчите келип, батирде уулу Бактыбек, жеңебиз Урум менен чогуу жашап, кадимки № 5 мектептин 7-класында окуй баштагам.

Тилекке каршы, биздин сүйүнчүбүз, бактылуу жаш үй-бүлөнүн бактысы көпкө созулган жок, аттигиң арман! Акылдуу агам, алгачкы насаатчым арадан үч ай өтүп-өтпөй иш сапарында жол кырсыгынан кайтыш болду. Анда мен 13кө, агам Калыгул Токтомамбетов 25 жашка толгон чагы эле!..

## Арадагы көз ирмем

Айылыбыз кара жолдун боюнда жайгашкан соң, агабыз Калыгулга куран окутуп, көңүл айтып кайрылгандар көп боло турган. Өспүрүм бала кезибизде бирин таанысак, бирин билбейбиз. Чоң ата, чоң апабыз Токтомамбет менен Жыргал ичтен күрсүнүп, андан соң: «Калыгулдун достору жакшы, аман болушсун» – деп алкап калышчу.

Агабыздын чоң жолдун боюндагы кабырына коюлган эстеликти ошол достору кызгылтым мармар таштан тургузган. «Ленинчил жаш» газетасынын редактору Калыбай Осмоналиев баш болгон көптөгөн салабаттуу адамдар эстелик орноткондон кийин дагы айылга үзбөй кайрылып, куран окутуп, адамгерчилик ырасимдерин үзбөй жасап турушту.

Агабызды сагынган кусалуу күндөрдүн биринде биздин айылдагы үйүбүздө бир жаңы буюм – кол чатыр пайда болду. Шаардан келген досторунун кимиси унут калтырганын билчү эмеспиз. Азыр минтип ойлоймун: ошол кол чатыр, балким, Дакемдики болуп жүрбөсүн? Бизде жок модалуу буюмду Москвадан сатып алган чыгаар? Балким, башка адамдыкы чыгаар?

Кантсе да, өнөгөлүү адамдан калган кара кол чатырды мен дагы, менден кийинки инилерим дагы жамгырда жарыша көтөрүп жүрдүк. Мүмкүн, ошол кол чатыр адабиятка кызыгуумду арттырып жүрбөсүн?..

Бир нерсе так: агабыз Калыгул өмүрдөн өткөн кайгылуу, өкүттүү күндөрдө дагы, андан кийинки жылдарда дагы биз анын досторунун, курбу-курдаштарынын колдоосун сезип, кайраттанып жүрдүк. Жамгырдан калкалаган кол чатырдай, мага кеңешин айтып, жылуу сөзүн арнаган агаларым Калыбай Осмоналиев, Токтосун Самудинов, анан дал ушул Дайырбек Казакбаев эле.

Бишкектин көчөлөрүнөн, редакция же жыйындардан жолуккан сайын минтип сурайт:

– Калыгулдун эмне кол жазмасы бар? Колдо барын чогулт. Ыңгайы келгенде китеп кылып чыгарабыз.

Дагы бир ирет муну айтты:

– Калыгулдун «Кара суу» деген аңгемеси – анык классика! Тили кандай керемет! Канчалар аны туурады... Баса, «Жалбыздар арасында» повестин окудуң беле?

– Ооба, гезитке чыккан үзүндүсүн окугам.

– Жок, үзүндү эмес. Калыгул повестин толук жазып бүткөн. Толук текстин тап. Калганын мен да издештирип көрөйүн деген каалоо билдирди.

Эмгек жолумду «Ленинчил жашта» баштап калган 1975-жылы повесттин ушул газетада жарыяланган кыскача текстин таптым. Басууга даярдалып, жарыялоо үчүн редактор тарабынан «В свет» деп кол коюлган жана газетага чыккан варианты колума тийди. Бирок «Жалбыздар арасында» повестинин толук кол жазмасы эч жерден табылбады. Кыскача текст кайдан, кимден алынганы да белгисиз бойдон калды.

Өмүрдөн эрте кеткен таланттуу калемгер К.Токтомамбетов жөнүндө анын замандаштары, университетте бирге окуган курбулары, белгилүү жазуучулар К. Осмоналиев, Т. Самудинов, Т. Мамеев, М. Абакиров, К. Жусубалиев, Б.Асаналиев, М.Төлөмүшев жана башкалардан сураштырып көрдүм. Алар мага анчейин белгисиз маанилүү жана кызыктуу маалыматтарды айтып берип, көп жагдайга көзүмдү ачты.

Арадан көп өтпөй К.Токтомамбетовдун «Дилгир балдар» аттуу чакан китеби «Мектеп» басмасынан жарык көрдү. Аты айтып тургандай, жаш бөбөктөргө арналган бул китептин чыгышына ошол Калыбай Осмоналиев, Байтемир Асаналиев, анан, албетте, Дайырбек агалар демилгечи болгонун түшүндүм.

Кайсы бир күнү Дакебиз мени «Кыргызстан маданияты» редакциясына чакыртып калды. Барсам, көптөн күткөн адамдай, бирок мага оор милдет жүктөгөндөй кыязда кабыл алды. Мага ошондой сезилип кеттиби же Дакебиз шашып турганбы, айтор, бул ирет кабак түйүп айтты:

– Сактап кой, кол жазма сенде жүрсүн. Калганын өзүң бир ыңгайы келгенде чыгарарсың.

Ак папканын сыртына: «Передать тов. Акбару Рыскулову – брату Калыгула Токтомамбетова» – деп орусча жазып койгон экен.

## Акыркы көз ирмем

Бишкектин түштүк дарбазасы тарапта Мамлекеттик тил жана маданият институту делинген окуу жайы бар. Дайырбек агабызга акыркы ирет мен кафедрадан жолугуп калдым.

Көрсө, ушул окуу жайында бир нече жыл дарс окуп, Таласка которулган учуру экен. Мен болсо, дипломатиялык кызматтарда чет өлкөлөрдө иштеп, анан үйүмдөн чыкпай чыгармачылык менен алектенип, акыры МТМИнин босогосун аттаган алгачкы күнүм эле.

– Журналисттерге окуйсуң го? – деп сурады боолгой.

– Ооба, орус журналистикасынын тарыхы, – дедим баш ийкей.

– Лекцияны коркпой оку, – деп кеңеш берди тажрыйбалуу лектор катары. – Оруста алгачкы газетаны Петр I чыгарган. Жаңылбасам, «Ведомости» деп аталат…

Дайырбек агабыз менин «маалимдик ишиме» ийгилик каалап, керектүү адабият, окуу китептеринен көмөктөшөөрүн айтты. Дээри жакшы адам да, болбосо өзгө жандын эмес, өзүнүн камын ойлобойбу десең? Те-ейт, антчү эмес, Дайырбек ага мени өзгө эмес, «Калыгулдун иниси» катары өз бооруңдай саначу. Балким, мага окшогон чыгармачыл инилердин, мугалим катары өзү окуткан шакирттеринин далайына жарыгы тийген чыгаар?

Кол алышып, коштошо берерде көз айнеги күнгө чагылыша түшүп, көкүрөгүндө түк өчпөй турган баягы кол жазманы эстеди:

–Калыгулдун китебин, сөзсүз, чыгар. Кол жазмасын бастырып, баш сөзүн даярда. Эскерүү макаланы мен өзүм жазып берем, – деди чечкиндүү.

Мен анда Дайырбек Казакбаевдин өзү жөнүндө эскерүү жазып каларым түк оюма келген эмес. Экөөбүз биригип, Калыгулдун чыгармаларын жыйнап, китебин чыгарсак дегенде ак эткенден так этип жүрбөдүкпү көп жылдар. Кантсе да, Дакебиздин акыркы тапшырмасын аткаруу – менин мойнумдагы парзым деп түшүнөм.

Аттиң, курбусу Калыгулдун чыгармалары басмадан толук чыкканын көрсө, Дайырбек Казакбаев агабыз кандай гана кубанар эле!

Аман болгула, агамдын каламдаштары, узак өмүр сүргүлө агамдын замандаштары!

Убакыттын учканын токтотуу мүмкүн эмес. Жол көрсөткөн шам чырагым Калыгул агама бул жашоодо жыйырма беш гана жаш буйруган экен, мен болсо быйыл алтымышка чыгам. Канча «мышка» келсем да, агамдан кичүү экеним ырас, андан ашып кете албайм. Эх, бир ырым бар эле… Эмесе, эскерүүмдү ошол ыр менен бүтүрөйүн.

## ӨРГӨ ТАРТКАН ӨҢДӨНӨМ

***(Агам Калыгулдун жаркын элесине)***

*Карап көрчү биздин элди, чет элди:*
*агасынан иниси карт экенби?*
*Бырыш басып, тырыш басып чекемди,*
*мен агамдан улуу болуп кетемби?!*

*Табышмакты чечпейминби, чечемби,*
*ойлой берип, ой түбүнө жетемби?*
*Өзөгүмө чок түшүрөт бул суроо:*
*«Өз агамдан улуу болуп кетемби?»*

*Табияттын таш боордугун карагын,*
*таш каптырды тилек-оюн агамын.*
*Жыйырма бешке толуп-толбой түшүрдү*
*колундагы койкоңдогон каламын.*

*Бир карасам, мен агамды ага дейм,*
*бир карасам, жыйырма беште бала дейм.*
*Алтын агам! Сиздин тагдыр мен үчүн*
*Айыкпаган түбөлүккө жара бейм?*

*Ар ким алат тагдырынын сабагын,*
*өчөгүшүп, каршы чыгат ага ким?..*
*Өргө тартып бара жаткан өңдөнөм*
*өмүр жашын өзүмүн да, Агамын!*



*Жазуучунун жан дептеринен*

**Кален
СЫДЫКОВА**

# АКЫЙКАТТЫ ТУУ ТУТКАН...

Кыргызстандагы жалгыз университетти 1982-жылы бүтүп, иш издеп барбаган жерим, кирбеген эшигим калбай чарчап-чаалыгып, капа болуп, зарыгып күтүп, бала менен үйдө отуруп калдым. Үйгө батпай буулугам. Асмандын башын эңсеген романтикалуу жаш курак, чиркин. Же эл сыяктуу колдоп коюучу белдүү куда-сөөк, тууган-туушкан жок. Даттанар карапайым ата-энем, кайын ата, кайын энелер өз түйшүгү менен айылда. Аргам түгөндү. Эрмегим чыгармачылык менен алектенип бирдемелерди тынбай жазуу. Ошо кездеги Кыргызстандын биринчи секретарынын жардамчысы болуп иштеген капитан Курман Мусаев жолумду ачты. Кудай жалгап кайсы бир күнү капыстан эле жолдошумдан: «Эмнеге кабагың салыңкы, үй-бүлөң тынчпы?» – деп кадыресе сурап калыптыр. Ал: «Иш таппай, дипломун кучактап үйдө отурат» – деп менин ал-абалымды түшүндүрүп кейиптир. Курман Мусаев өзү дагы жетим балдар үйүндө өскөн, өз мээнети менен жашаган, чынчыл, намыскөй жигит экен. «Анда мен бир жерге чалып көрөйүнчү» – дептир ак көңүлдөнүп. Эртеси эле: «Партия тарыхы» институтуна барсын, директоруна айтып койдум. Чыгармачыл болсо «марксизм, ленинизмди которуп иштесин» дептир. Бул институтка мурун иш издеп келип: «Коммунист эмес экенсиң» – деп чылгый коммунисттер иштеген жерге илинбей калгам. Ошентип, атам таанылбаган ат-башылык капитан Курман Мусаевдин жардамы менен «Партия тарыхы» институтунда кенже илимий редактор болуп иштеп калдым. Арадан жылдар өтүп, декретке чыгып уулумду төрөп, кайра ишке чыгып иштеп жүргөм.

Башкы редакцияда ал кезде институттун директору формалдуу башкы редактор болгону менен анын орун басары Сатыбалды Мам-

беталиев чыныгы башкы редактор эле. Башын кагаздан албаган мээнеткеч, жеткен иштерман, өтө маданияттуу адам боло турган. Жооптуу секретары мен барганда Эрматов (Кулматовдун бажасы деп Бостоновдун иши чыкканда кызматтан кетти), кийин Сагын Наматбаев, андан кийин Бакай Сексенбаев аксакалдар болду.

М.С. Горбачев жаңы эле КПСС БКнын генералдык секретары болуп кайра куруунун алгачкы илеби келип аткан. Мен «Ленинчил жаш» гезитине «Лениндин толук чыгармаларын 55 томдук кылып толук чыгаруунун зарылчылыгы жок, ылгап чыгарыш керек. Лениндин көп эмгектери актуалдуулугун жоготту, эскирди» деген мааниде макаланы, ага бизде иштеген эки адамдын учкай пикирин кошуп жазып жибергем. Шак эле чыгыптыр. Анда совет өкмөтүнүн гүлдөп турган маалы. Эртең менен жумушка келсем чуру-чуу. «ЦКдан директорго телефон чалыптыр», «бул эмне деген шумдук, Ленин дагы эскирмек беле, Ленинди Сыдыкова ревизиялайт бекен?», «СССРде Ленинди чыгарбай коюу деген түшкө кирбес окуя го...» Айтор, тез эле Башкы редакциянын партиялык чогулушу башталды. Күн тартибинде бир эле маселе: «Жолдош Кален Сыдыкованын партиялык дисциплинадан четтеген ээнбаштыгы жөнүндө».

Сатыбалды Мамбеталиев, Эрматов, Курманбек Абдыкеримов, Мукай Сагынов, Азамат Иманалиев, Калмамбет Эстебесов, Сагын Наматбаев, Бакай Сексенбаев, Кенжалы Сарымсаков, Жээнбай Байболов, Ырыскелди Ыбышов, Зарияда Өскөнбаева, Роза ж. б. катышып отурат. Баары олуттуу, көз айнек тагынышкан. Мокочо көргөндөй мага суз карашат. 1989-жылкы протокол үтүр-чекитине чейин кылдат жазылып атат.

«Сени Ленинди жамандап жаз деп ким көкүттү?» «Эмне үчүн Ленин эскирди деп гезитке жаздың?» «Ошентип жазганга сенин акың барбы?» «Жаз деп сага ким тапшырма берди эле?» «Бул олуттуу саясий маселе экенин билесиңби?» ж. б. кокологон суроолор.

«Сенин чоң атаң Сыдык 1938-жылы саясый репрессия болгону чынбы? Чын болсо, анан кантип ЦКнын органына ишке орноштуң? Эмне үчүн чоң атаңдын репрессия болгонун автобиографияңа жазбай жашыргансың? Сени бул жакка ким сунуш кылган?» ж.б. Баары үрпөйүшкөн. Сиркелери суу көтөрбөй мени жекирип, жемелеп аткан эле коммунисттер. Мен дагы шылкыйбай, шөлпүйбөй, күнөөкөр болбой аларга тике карадым. Мени «жаз» деп эч ким көкүтпөгөнүн айттым. Бул макаланы чыгармачыл адам катары өз көз карашымды жазууга укугум бар экенин айттым. Ошентип далилдей баштасам эле мага учкай пикир берген ыркыйган арык жигит менен ошол кездеги КГБ кызматкеринин аялы «биз маек берген эмеспиз» деп чалкасынан кетип, эки коммунист карандай танып чыгышты. Өңдөрү бо-

зала болуп кубарган. Ошондо таң калганым котормочу, полковник Сагын Наматбаев жаңы эле МВДдан отставкага чыгып, бизге келип иштеп аткан. Сагын ага өңү-башы бузулуп, жаак эти түйүлүп мага акырая карап: «Мен гезитке барып билип келейинчи» – деп жооптуу секретарь Эрматовдун кабинетинен чуркап чыгып, «Ленинчил жаш» гезитине беш мүнөттүн ичинде чуркап барып келсе болобу, жарыктык. А кишинин жөө күлүк экенин ошондо билдим. Партия тарыхы институту М. В. Фрунзе көчөсү менен кесилишкен Панфилов көчөсүндө, а «Ленинчил жаш» газетасы кийинки А.Орозбеков көчөсүндө жайгашкан эле. Тердеп-кургап, күйүгүп чуркап келген Сагын Наматбаев башынан шляпасын алып, бет аарчы менен мөлтүлдөгөн чеке терин сүртүп атып: «Редактордун колу коюлуп чыгыптыр» – деди шалкы бош. Совет убагында редактордун колу коюлбаган бир дагы материал чыкпасы иттин уулу Байгарага деле белгилүү эле. Ага чейин жагынып, кээси «калп деле болсо кара күчкө» күпүлдөп мени жемелешип, «партиядан чыгарыш керек» деп атышкан. Бул чогулушта мага унчукпаган эки эле киши болду. Бири – Жээнбай Байболов, бири – Зарияда Өскөнбаева. Ого бетер алардын итиркейин келтирип «мен коммунист эмесмин» десем, бир тобу «селт» этишти. Чынында Партия тарыхы институтунда эң жаш редактор, коммунист эмеси да мен элем. Эрматов жанталаша телефондун номерин терип, институттун парткому Ишенгүл Болжуровадан мен коммунист эместигимди тактады.

– Деги айтчы айланайын, эмнеге Ленинге каршысың? – деди калдайган Калмамбет ага. А киши Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери болчу.

– Көпчүлүк эмгектеринин бүгүнкү күнгө кереги деле жок. Аны кагаз коротуп, көлөмүн көбөйтүп чыгаруунун зарылчылыгы барбы? Лениндин өзүнүн жазгандарынан да көрүнгөн окумуштуунун ага комментарий берип жазганы эле китептин жарымын түзүп атпайбы? Түпкүлүгү мен Лениндин идеяларын колдойм жана туура деп эсептейм, – дедим.

– Бул илимий китеп да. Кайсы комментарий ашык болуп сага жакпай жатат? КПСС сени менен акылдашып сенден уруксат сураш керек беле? – деп мыскылдагандар чыкты туш-тараптан. Анткени Лениндин томунун 4-чыгарылышын кайра редакциялап очойгон акча алса, арткы түшүндүрмөлөрүн дагы которуп чоң акча алышчу редактор-котормочулар жактырбай мурчуюшту. Эми ойлосом мен деле өрттөй жалындап турган жаш кезим экен, тайманбай:

– Мисалы, падышалык Россиянын түрмөсүндө жаткан Надежда Крупскаянын сифилис менен ооруп атканын, аны тезинен дарылап, жакшы камкордук көрүш керектигин суранган Владимир Ильич

Лениндин катын чыгаруунун азыр эмне зарылдыгы бар эле? Ленинди идеал туткандарга Крупская менен Лениндин купуя сырларын ачып жарыя кылуу ЦК КПССке керек беле? – дедим туталанып. Баягы мага атырылып, сөөмөйүн кесеп, шилекейин чачыратып акыл үйрөтүп аткандар тамагына томук тыгыла түшкөндөй көздөрү чакчайып, кара-көк тартып отуруп калышты. Саамга тунжуроо. Бир маалда кыжырданган жооптуу секретарь Эрматов мени каш кага: «Бара бериңиз» –деди. Бул чогулуштун аягы менден кине табалбай же партияда жок болгондуктан жазалай албай, партиялык дисциплинанын кандай экенин мындан ары билиш үчүн «муну коммунисттик партиянын катарына алыш керек» деген чечимге келишиптир.

Ушул жагымсыз окуяга кыжаалаттанып көңүлсүз иштеп отурсам түштө Бакай Сексенбаев телефон чалып: «Келип кетчи» – деп калды. Сабырым суз кабинетине кирсем, а киши Асанбек Стамов менен шахмат ойноп отуруптур. Мен бу кишини сыртынан, сүрөттөрүн газета-журналдардан көрүп жүргөндүктөн дароо эле таанып, ыйбаалуу учураштым. Анын үстүнө «Чүй дастандары», «Нөшөрдөн кийин», «Эгиз тал», «Жаңы тууган», «Кеч күздө» деген мыкты чыгармаларын тытып окуп, сыртынан жакшы эле билчүмүн. Мыкты публицистикалары да арбын эле.

– Кел, Кален. Бул Асанбек Стамов агайың. Сени менен таанышам дейт, – деди Бакай Сексенбаев кумсарганы тарап, жанагы чогулушта такыр болбогондой жайдары. Шахматтын жүрүшүнө колун созуп бараткан олбурлуу Асанбек ага тып токтоп, мени көз айнегинин үстүнөн буркуя тиктеп калды.

– Аа, Кален карындашым сиз экенсиз го. Кел, келегой. Жазгандарыңды окуп жүрөм. Мага жакты. Азаматсың карындашым, – деди.

– Кален, кел, биз менен отуруп чай ич, жүрөгүң дагы ылдыйласын, – деди Бакай ага.

Асанбек байке:

– Жүрөгү эмне болду эле? – деп такып сурап калды.

– Карындашың жөн жүрбөйт да, баарыбызды дүрбөттү. Институтта ЧП болуп, ЦКнын жүрөгү жарылып кете жаздады. Эртең менен чогулушта Календи кыраакы коммунисттер жакшы эле ийлешти. Бул дагы жаштык кылдыбы, айтор, жүрөгүндө кара жок эр экен, кашкайып туруп моюн берген жок. Кален карындашың калтаарыбай туруп Лениндин көп эмгектери эскирди, аларды чыгаруунун кереги жок – деп жазыптыр гезитке. Анан ЦК приступ болуп директорго чалыптыр. Чогулуштун протоколун көтөрүп, институттун директору Керим Орозалиев менен орун басары Семенов ЦКга азыр кетишти.

Ыя, айланайын Кален, ченеп иш кылсаңчы, от менен ойнобой абайлап жүрбөйсүңбү...

Ушул сөздөн кийин Асанбек ага саамга тил сөздөн калгандай көз токтотуп мени теше тиктеди.

Алгач Асанбек ага менен ошентип тааныштым. Далай жолу аңгемелештик. Менин эне тил, Ата Журт, улуттук маселелер боюнча макалаларым гезитке чыккан сайын жылуу пикир айтып, телефон чалып калчу. Бул эки агам тең мага чыгармачылык жагынан көп камкордук көрүшүп, бири СССР Журналисттер союзуна, бири СССР Жазуучулар союзуна мүчөлүккө сунуш кылып жардамын аяшкан жок. Жазуучулар союзуна мүчөлүккө алгач жазуучу Шабданбай Абдыраманов мени публицистика секциясынан сунуш кылган экен. «Алтымыш, жетимишке чыкканча Союзга өтө албай жүрөбүз, кандай эле жапжаш туруп кечээ чыккан Кален Сыдыкова СССР Жазуучулар союзуна шыр өтүп кетти?» – деп атаандашкан аксакал-көксакалдар да болуптур. Бакай ага менин алгачкы «Кайрылуу» деген аңгемелер жыйнагымдын кол жазмасын окуп, басмадан жарык көрүшүнө кол кабыш этип сунуш жазды. Таланттуу акын Акбар Рыскулов Жазуучулар союзунда иштөөчү, ал жазуучулар союзунун жаштар секциясынын атынан алгачкы китебимди чыгарууга «Мектеп» басмасына 1986-жылы сунуш этти. Басмада бир топ жатып, анан планга кирген.

Кийин «Кыргызстан аялдары» журналынын башкы редактору Дүйшөкан Муканбетова эже «пенсияга кетет» деп калышканда ыраматылык Асанбек Стамов ага өз колу менен Кыргызстан КП БКга кат жазып, ага бир топ чоң акын-жазуучулардын колун койдуруп, мени «Кыргызстан аялдары» журналынын баш редакторлугуна сунуштаганы эстен кетпейт. Катта менин чыгармачылыгыма, жеке мүнөзүмө баа беришип: «...Анын макалаларынан ойдун жаңылыгын көрө алабыз. Жаш болгону менен Календе жетилген кары адамдыкындай токтоолук, калыстык турат деп айтар элек. ... Кален Сыдыкова ири инсан, кыргыз жаштарынын ичиндеги ажайып көрүнүш, сейрек кездешчү талант» – деп Кыргыз Эл жазуучулары Насирдин Байтемиров, Кеңеш Жусупов, Жалил Садыков, Асан Жакшылыков, Майрамкан Абылкасымова, Бакай Сексенбаев, Асанбек Стамов, Акбар Рыскулов, Эсенгул Ибраевдер кол коюшуптур.

«Кален Сыдыкованын публицистикалары өтө бир элестүү, далилдүү, көркөм оюнун тереңдиги менен айырмаланат. Ушунчалык бир тартынбай өтө кенен, такшалган адамдыкындай чоң ой айткан, жазгандарына чоң ой батырган журналистти кийин көрүп алып таңгалдым», «Өтө ишенимдүү жазат, калеми өтө кубаттуу, өтө ишенимдүү, мени мына ушул таңгалтырат», «Коомдук чоң жүктү көтөрө турган адилет, ак ниет иштей турган, объективдүү боло турган

кыздарыбыздын бири – Кален Сыдыкова», «... Оюн тике айткан, оюн далилдей билген, коом арасында баса билген, сүйлөй билген ушундай өтө бир жетилген кыздарыбыздын бири», «Кален Сыдыкованын бир өзгөчө мүнөзү, менин байкашымча мунун эрдиги бар, бул – эр адам, терең адам...» – деп 1994-жылы Асанбек байке мен жөнүндө телефильмде тележурналист Бүбүкан Досалиевага сүйлөп бергени көңүлүмдү көтөрүп, канат байлап, кадимкидей демденип, шыктанып илгерки Санчы сынчынын сынына толгондой ыраазы болгонумду жашыргым келбейт. Улуулардан калыс баа алыш – кичүүлөргө чоң дем эмей эмне. Каржылап өз күчүң менен өрүү жолдо талбай келатканда адамкерчилик менен жөлөп-таяган жылуу, эстүү, этият мамиле жаш адамдын эсинен эч качан кетпейт экен. Ошондон менде ыраазычылык сезим сакталып калды. Асанбек ага көптү билген, көп окуган, белгилүү улуу таланттардын купуя сырларын, чиеленишкен тагдырларын жакшы билген, көбүнө жардамдашкан, өзү дагы тартынбаган, чечкиндүү, баатырдык мүнөзү, жетекчилик касиети бар даанышман адам эле. Жеке пикири келишпесе дагы таланттуу адамдарды ичинен сыйлап, калыс оюн айтып жүрчү. Өзгөчө өсө турган таланттуу жаш адамдарды илгиртпей таанып, камкордукка алып, тийиштүү, керектүү жерлерде ал жөнүндө өзүнүн жакшы пикирин коомчулукка жүйөсү менен айта жүргөн кыраакы эле.

Чоң жазуучу Асанбек Стамов элдин турмушун мыкты билгендиги анын жазган аңгемелеринен, повесттеринен, романынан кашкайып көрүндү. Өзгөчө анын тарыхый чыгармалары көптөрдүн көзүн ачты. Кемелине келтире көркөм жазган тили жатык, элестүү, так, таамай жазгандарын түн уйкудан калып далай окудум. Орто мектепти бүтүп аткан 1975-жылы оомат жылоолоп Асанбек аганын элдин купулуна толгон «Жаңы тууган» повести Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгын алганы калктын кубаттоосуна ээ болгон. Анткени мен дагы кара сөз менен алектенип жүргөндүктөн классикалык котормолордон тышкары Касымалы Жантөшов, Касымалы Баялинов, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Касым Каимов, Шатман Садыбакасов, Төлөгөн Касымбеков, Асанбек Стамов, Орозбек Айтымбетов, Качкынбай Осмоналиев, Беганас Сартов, Кеңеш Жусупов, Насирдин Байтемиров, Бакы Өмүралиев, Бексултан Жакиев, Медетбек Сейталиев, Зуура Сооронбаева, Айткулу Убукеев, Мукай Элебаев, Кусейин Эсенкожоев ж.б. таланттуу жазуучуларды кууп окучумун. Ошо кезде «Жаңы тууганды» сонуркап кайра-кайра окуганым, кумарланганым эсимде.

Кыргыз тарыхына кызыгып жүргөндүктөн Асанбек Стамовдун «Жайыл баатыр», «Хан Тейиш» ж.б. тарыхый романдары мени өзгөчө кызыктырып сын көз менен талдап, таразалап окуп чыкка-

ным да ырас. «Хан Тейиш» тарыхый романы кыргыз журтчулугунда өзгөчө сөз боло турган, талкуулга алына турган чыгарма. Бул тарыхый роман мамлекеттик чоң сыйлыкка көрсөтүлсө да, көрсөтүлбөсө деле мамлекеттик Токтогул сыйлыгына толук татыктуу десем, аша чаппайм. Жунгар-ойрот баскынчыларынын мезгилинде кыргыз эли далай азап-тозокту башынан өткөрдү. Эки жүз жылдан ашык мезгилде жунгар-ойрот зомбулугун, кордугун кыргыз эли өз азаттыгы үчүн далай кандуу окуяларды аргасыз өткөрдү. Акыры Ата Мекенден калмактарды (жунгарларды) кууп чыгышты. Эркиндик күрөшүнүн башында турган Эшим кан, Көкүм бий, хан Тейиш, Чаа бий, Манап бий, Жарбаң баатыр, Талкан бий, Алакчын, Эр Кошой, Эр Солтоной, Бердике берен, Эр Табылды, Улак баатыр, Түлкү баатыр, Качыке, Тайлак баатыр жана Жайыл, Бишкек «туу жыгар» менен Ныша баатырлардын образдары романда жеткилең, чыйрак иштелген. Роман көркөм чебер тил менен жазылган. Анда романтика, лиризм, баатырдык окуялар, согуштук жүрүштөр, кереметтүү баяндар, ашыктык окуялар мыкты сыпатталган. «Хан Тейиш» тарыхый романынын формасы жаңы, аны кыргыз адабиятындагы жаңы сөз, жаңы ачылыш деп эсептейм.

Асанбек Стамов Маданият министринин орун басары, энциклопедия жамаатынын жетекчиси, «Учкун» концернинин директору, «Чалкан» журналынын башкы редактору ж.б. жетекчи кызматтарда көп жүрүп такшалгандыктан, адамдын уюштуруучулук жөндөмүн, таланттуу же шыксыз экенин ылгай билген, талдап баалай билген даанышмандык сапат жогору эле. Асанбек байке бир жолу сөздөн сөз чыгып отуруп, өзүнүн уругу суусамырлык саяк экенин, ата-энеси эркек балалуу боло албай жүрүп, даанышман, олуя Куйручуктун батасы менен төрөлгөнүн, ата-энесине Куйручук куудул: «Уулуң өнөрү өргө чапкан шыктуу эл адамы болот, тукумуң уланат. Бирок кап курсак болот» – деп айтыптыр деп ыкшып күлгөнү эсимде. Асанбек байке жөнүндө өзүнчө тарыхый чыгарма жазса да жарашат. Анын өмүрү чылгый эле драмага толгон кызыктуу тагдыр. Анын чыгармалары боюнча кандидаттык, доктордук илимий диссертацияларды, изилдөөлөрдү жазуу зарыл. А. Стамовдун чыгармалары мектеп жана жогорку окуу жайларынын программасына киргизилип, кыргыз адабияты сабагынан окутулушу керек деп ойлойм.

Кайра куруу учурунда социализм гүлдөп, советтик идеология жарым планетаны кыңк эттирбей баш ийдирип турган эле. Асанбек Стамов «өзүн өзү билген, өтүгүн төргө илген» бюрократ, мамлекеттен өзүнүн жеке кызыкчылыгын жогору койгон шовинист, жергиликтүү кадрларды көзүнө илбеген КП БКнын экинчи катчысы Киселовго тайманбай, тайсалдабай катуу сын-пикир айтып гезитке чыгарды.

«Чыга албай турган көз эле, чыгып кетти өзү эле» дегендей ал макала коомчулукка бомба болуп жарылып, элдин кыбаасын кандырганы эсте. Мамлекеттик бийликтин экинчи адамына антип сын пикир айтуу ал кезде, болгондо да безге сайгандай курч сындоо дегеле мүмкүн эмес болчу. Бир айтса кара кулак шер мүнөз, арыстандай айбаттуу көк жал гана айтмак. Дал ошол арстан жүрөк эр Кыргызстанда Асанбек ага болуп чыкты. Бул макала көпкө эл оозунда аңыз болуп айтылды, автордун даңазасын арттырып, дагы бир жолу анын тубаса акылман, акыйкатты туу туткан ак жүрөк баатыр экенин далилдеди.




## Сайра ИСАЕВА

*1975-жылы Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Казыбек айылында туулган. КМУнун кыргыз филология факультетин 1998-жылы аяктаган. Андан соң магистратурада, аспирантурада окуган. Филология илимдеринин кандидаты. Бүгүнкү күндө Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын доценти, кыргыз филология факультетинде декандын орун басары.*

*30га жакын илимий макалалары жарыяланган.*


*Сын жана библиография*

# ИЗДЕНҮҮ ЖАНА ТАБЫЛГА

***(Э.Эрматов, чыгармаларынын 7 томдук жыйнагы. – Бишкек, 2011-ж.)***

70-жылдардын экинчи жарымында адабий майданга келген Э.Эрматовдун чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылганда аны ошол кезден тартып бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз профессионалдык поэзиянын фонунда кароо зарылдыгы туулат. Э.Эрматовдун 70–80-жылдардагы чыгармачылыгы өз замандаш-калемдештериндей эле тынымсыз изденүү болгондугу, ал дагы бир калыпта эместиги ачык көрүнөт. Өзгөчө акын алгачкы ырларынан баштап эле адам дүйнөсүнө үңүлүп, анын психологиялык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө, сүңгүп кирүү аракетинде болду. Себеби акын адабият майданына келип кошулган мезгилде кыргыз адабияты Союздук жана дүйнөлүк аренага жол салган мезгил эле. Ал гана эмес кыргыз адабияты, анын ичинде поэзияда болуп көрбөгөндөй «жаңылыктар» жаралып, тематикалык мазмундук жактан да, формалык жактан да өзгөчө өң-түскө ээ боло баштаган. Муну ал кездеги жана акын Э.Эрматов эске албай коймок эмес. Андан бери далай суулар агып, акындын «Ак дил», «Шаар жана тоолук», «Туяктын ыры», «Өмүр издери»,

«Саймалуу таш», «Махабат», «Исфайрам авазы», «Заман кайрык» жана акындын 60 жылдыгына карата 7 томдук китеби жарык көрүп, тынымсыз изденүүнү өзүнчө бир жеке этабы аягына чыккандай болду. Дүйнөлүк адабият, өзгөчө чыгыштын Низами, Яссави сыяктуу акындардын чыгармаларын которуп, жакындан тааныш болгон Э.Эрматов кандай гана темага кайрылбасын, башкача манерада жазып оригиналдуу ой айтууга, мазмундук жана формалык жактан Эрматовдук гана мүнөзгө эгедир стилдик өзгөчөлүктү табууга, өзүнөн мурдакыларды кайталап калбоого болгон аракети таасын байкалды. Бирок эч кимге окшобой, поэзиядан орун таба коюу оңой жол эместигин, чыныгы поэзиянын касиетин ичкертен аңдап-билип, түйшүгүн тарткан акын гана түшүнөт эмеспи. «В поэзии слово – всё, в прозе (художественной) слово – только средство... Оживленное слово – вот результат творчества поэта: оживить слово – вот его задача»[1], – деп В.Брюсов жазгандай акын сөз менен гана иштеп, ага баш иет. Эгер акын ырдын тулку боюна кан жүгүртүп, сөзгө жан киргизе албаса, ал өлүк сөздөрдүн топтому гана болуп калары да чын. Кандай гана сөздү колдонбосун аларга жан киргизип, окурмандын кан-жанына сиңирген биздин Алыкул, Байдылда, Мидин, Райкан сыяктуу акындарыбыздын ыр саптары элдик болуп кетпедиби. Ошондуктан, акын мезгилдин карама-каршылыктарын туура түшүнүп, түпкүлүгүндө адам дүйнөсүнүн татаал психологиясын ачууга басым жасайт. Акындын ырларын жеңил-желпи окуй койгонго болбойт. Себеби ал өз ырларында жалындаган эмоцияга же уйкаштыкка эле басым жасап, ыр жаза калууну көздөбөйт, тескерисинче, ырларынын мазмунунун терең болушуна басым жасап, ырларын рухий интеллектуалдык чыңалуунун негизинде жаралат. Мындай изденүү кээде жакшы натыйжа берсе, кээде жалыны жок, карандай акылга салынган, жаны жок ырлар да жазылып калат. Ал эми анын чаалыкпаган изденүүсүнүн туундусу болгон ырларын түшүнүү үчүн интеллектуалдык даярдык, адабий билим керек. Анын ырлары бир караганда жөнөкөй саптар гана сыяктуу көрүнгөнү менен анда адам дүйнөсүнүн татаалдыгы, карама-каршылыгы мол турмуш катмары жаткандай таасир калтырат. Э.Эрматов ырларынын көбүндө белгилүү бир бүтүн чыгарып, жыйынтыктуу сөз айтпайт, көбү окурмандын өз талдоосунда, өз жыйынтыгында калат да, окурманды олуттуу ойлонууга түртөт. Маселен, акындын биз жогоруда белгилеген өзгөчөлүктөрүн толук элестетиш үчүн «Шамал» деген ырын окуп көрөлү:

*Тоолорум безди мени,*
*Сүйгөн элем назик, ысык*

---

[1] *Брюсов В.* Ремесло поэта. Статьи в русской поэзии. – М., 1981, 9-бет.

*Аялдай, наристедей, эне-атадай*
*Кан-Теңирден куладым ылдый көздөй,*
*Телибай тентек тоскон кызыл таштай.*
*Бу не деген чыккынчылык,*
*Бийликке мына-мына учаарымда,*
*Түртүп ийген?*
*Зымырап бара жатам*
*Караңгы тор капчыгайга,*
*Өмүр бою эңсеген күн калды кайда?*
*Бүркүттөр шаңшыйт калкып,*
*Оруңуң бул жерде деп*
*Катарына чакырышып.*
*Жандүйнөм толду күчтүү*
*Сезимге жанар тоодой атылуучу.*
*Икардай канат бүтүп*
*кокустан сезди жүрөк*
*калкыдай жай учууну*
*Бар күчтү жыйнадым да,*
*Бийликке жебе болуп атып чыктым.*
*Төмөндө чекит сымал калды кастык*
*Мен сүйгөн ак чач мобу тоолорунда,*
*Айткыла, кайда кара көралбастык!..*

Бул ырдын мазмунун түшүнүш үчүн кунт коюп окуп чыгуу гана керек. Анткени ырдын сабынан жулуп, үзүп цитата келтирүү мүмкүн эмес. Анткенде ырдын логикалык биримдиги, ырдагы «мендин» психологиялык маанайы, терең лиризм, акындын турмуштук көрүнүштөргө болгон ой-толгоолору толук ачылбай калат. Мындай ырларды чечмелөөгө караганда кунт коюп, жандүйнөгө сиңирип окуш гана керек.

Ыр чыныгы поэзияга мүнөздүү өзгөчөлүктөр катары конкреттүүлүк, предметтүүлүк, образдуулук сыяктуу касиетке ээ болуш керек деп келебиз. Ал эми Э.Эрматовдун ырларында абстракттуу нерселер конкреттүү нерсеге айланып, аны жаңы көркөм сөз каражаттары аркылуу өзгөчө өң-түскө ээ болуп калат. Муну чыныгы поэзияга мүнөздүү сапаттардын бири десек аша чапкандык болбойт. Романтикалык-психологиялык маанайда, жаңы көркөм каражаттарды жыш колдонгон мыкты ырлар Э.Эрматовдо аз эмес. Анын «Исфайрам» аттуу ыр түрмөгү да акындын жандүйнөсүнөн сызылып чыккан, турмуштук көрүнүштөрдү поэтикалык сезимтуюм чындыгына айланткан чыгармаларга кирет.

*Туулуп-өскөн жерге аягым тийди бүгүн.*
*Дарактар балалыктын ырындай жашыл, таза.*
*Дайранын каткырыгы, капырай, баягыдай!*
*Өрөөндө өрүкзарлуу өрөпкүп чуркайт дайра.*
*Бир учу таңга уланып, бир учу кеткен кайда?*
*Көк аалам коңгуроолуу дайрага үнүн берет.*
*Узатат алым жакка, шуудурап мырза терек.* (2-т., 5-бет)

Акындын «Исфайрам», «Саймалуу таш», «Ашуулар», «Махабат саптары», «Алыстагы жана мендеги балалык» аттуу ыр түрмөктөрүнөн акындын нагыз чыгармачылык жүзүн, кең дүйнөтаанымын даана байкоого болот. Бул ыр түрмөктөрүндө акын адам, анын жашоодогу орду, руханий жандүйнө, жашоо, өмүр, акындык ыйык милдет, Ата Журт, айыл, шаар, сүйүү сыяктуу темаларды кеңири ачып берет. Мындай өзгөчөлүк бүгүнкү күндөгү кыргыз поэзиясында анча көп байкалбайт, демек, муну акындын изденүүсүнөн келип чыккан табылга катары бааласак болот.

Ошондой эле акындын диалогдук, монологдук формада жазылган ырлары кай бирде поэтикалык масштабдуулукту кеңейтсе, кээ бирде мындай формалык изденүү ойдогудай жемишин бербей калган учурлар да кездешет.

Анын поэзиясына дүйнөнү рухий жактан таанып-билип, кандай гана нерсени сүрөттөбөсүн анын ички касиетин, маңызын, адам дүйнөсүн ачууга басым жасаганы менен сүйүү лирикаларында ошол белгилер кыйла ачыгыраак көрүнөт. Дагы баса белгилей кетчү нерсе, башка темадагы ырларына караганда акындын сүйүү лирикалары жаңы табылгаларга бай болуп, аларда жандуу, чыныгы поэзияга мүнөздүү өзгөчөлүктөр көбүрөөк көрүнөт. Сүрөттөп туюнтуунун өзгөчө манераларын издеген акын жандүйнөнү тазартуу мүдөөсүн көздөп, муну табигый көрүнүштөрдүн ыргагы менен жуурулуштурууга жетишет. Буга «Махабат саптары» деген ыр түрмөгү ачык далил болот. Бир ойду ар кыл өңүттөн, жаңыча көз караш менен баамдоо, байкоо, сүйүүнүн касиетин, улуулугун, ыйыктыгын даңазалоо, сагыныч, таарыныч, кусалык сыяктуу сезимдерди, абалды, көрүнүштөрдү улам жаңы ыңгайдан ачып берүү аракети ийгиликтүү ишке ашат. Сүйүү кандай гана азапты тарттырбасын – ал акын лирикалык каарман сыр жашырбаган, ойчул жана сезимтал адам катары көз алдыга тартылып, анын сүйүү кумары окурманга да өтөт.

*Актанып эмне, көп сүйдүм сулуу аялды.*
*Ар бири бүтпөс, көркөмү ашкан баян бу.*

*А бирок сендей пери жок экен дүйнөдө,*
*Тоотпостон жүрүп өмүрүм кыркты таянды.*

*Гүлазык болсун өлөсө жанга илебиң,*
*Ак мамык болсун акактай жумур билегиң.*
*Бүт дүйнө бизге бут тосуп каршы чыкса да,*
*Жолукчу мага мезгилдин таап бир илебин...*

*Эмне кыл дейсиң, акыркы буйрук өлүмбү?*
*Сүйөмүн деп кой – мен бузуп чыгам көрүмдү.*
*Булактай тунуп агылып турам шаңгырап,*
*Гүлзарга бөлөп беремин бопбоз чөлүңдү.* (2-т., 379-б.)

Акындын «Мейкиндикке сыйбаган көк желе», «Останкино, мен адашкан от» деген поэмаларында жогорку ыр түрмөктөгү ойлорун андан ары тереңдетип, сүйүүнүн катаалдыгын, өзгөрмөлүүлүгүн, татаалдыгын, өмүр, өлүм, тагдыр менен бирдикте карап, махабат кумарын образдуу жана көркөм жугумдуу деңгээлде ачып берет.

Ыр бул – рух. Дүйнөдөгү ар бир улуттун, элдин ыры – анын руху. Ал адамзаттын жашоодогу деми, акыл-эсиндеги улам жаңыдан пайда болгон дүйнө таанымдардын чагылышы, ал учурдагы материалдык дүйнөнүн отчет-фактографиясы эмес, адамдын чексиз дүйнөгө кошуулууга умтулуусуна, ааламдын адамзат акылына али аян боло элек купуя сырларын билүүгө, туюуга болгон аракет десек, Э.Эрматов поэзиясы так ушул өңүттөн ачылганы канааттандырат.

Э.Эрматовдун чыгармаларынын 7 томундагы «Заман кайрык» аттуу бөлүгүндө акындын көңүлүн чөктүрүп, көп ойлонткон заман ырлары орун алган. Өз алдынча өлкөнүн ичиндеги жаш баладай эмчек сураган элинин карапайым жашоосун ар тараптан ачып берүү бул ырлардын лейтмотивин түзөт. Анда акындын заман темасындагы көркөмдүк жактан чабалыраак ырлары менен катар эл деп соккон чыныгы акындык жүрөгүнөн оргуп чыккан кыйла мыкты ырлары да орун алган.

Ошентип, элибиз эгемендүүлүккө ээ болуп, калем кармагандын баары акын болуп, ыр сели үрөй учуруп селдей каптап, ырынан «пыры» көп томдуктар чыгып турган мезгилде Э.Эрматовдун жети томдугу кыргыз окурмандарынын жөн гана китеп текчесин байытпастан, жандүйнөнү тазарткан татынакай поэтикалык туундулары окурманды кайдыгер калтырбайт деп ишенсек болот.

*Мурас*

**Талып МОЛДО**
**(Талып Байболот уулу)**

# КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ, УРУУЧУЛУК КУРУЛУШУ, ТҮРЛҮҮ САЛТТАР

## Кыргыз деген сөздүн өзү тууралуу

Жаш теринин бучкагын чоймологондой кийинки кездерде кээ бирөөлөр «кыргыз» деген сөздүн өзүн өөдө, ылдый чоймолой берүүчү болду. Андайлардын бирөө – кыр кезип, кырды кыркалай көчүп жүргөн эл болгондуктан «кыркез» эли делген болсо керек, «кыркез» деген сөз аягында кыргыз деген сөзгө айланып кеткен болууга тийиш деп ой жоруп жүрөт. Кыргыз деген сөздү дагы бирөөлөр, кыргыз илгертен кыр-кырда кийиз үй тигип көчүп жүргөн эл болгон, ошондуктан «кыр кийиз» деген сөз бара-бара кыскартылып кыргыз болуп өзгөртүлүп кеткен болсо керек деген болжолду кылышат.

«Кыргыз» деген сөз тууралуу кожо, молдолор да өздөрүнчө ой жоруган. Кыргыз деген «кырк кыз» деген сөздөн келип чыккан дешет. Алардын айтымына караганда, илгери бир падыша болот. Анын жалгыз кызы болуп, кызына ээн сарай, чарбак салдырып, кашына кырк кыз коюп эркек кишиге көргөзбөстөн багат имиш. Күндөрдүн биринде кыздар сейил куруп сарайдын ортосунан агып жаткан сууга барышат. Суунун үстүндө турган көбүктү көрүшөт, ага суктанышат, көбүккө жуунушат. Көбүк менен жуунган кыздардын кийин баарынын боюна тегиз бүтүп калат. Кыздардын бул окуясы падышага угулат. Падыша ыза болуп каарданат. Кызын, кашындагы кырк кызы менен бир ээн тоого жеткирип таштатат. Ошол кырк кыздан туулган балдардын тукуму кыргыз болот имиш.

Өз тилинде жазылган белгилүү тарыхы жана тарыхты терең билген кишиси болбогон кыргыз эли, «кожом айтты, кырк кыздан таралган экенбиз» дешип ишенип калат.

Мурунку убакта казак, кыргыз, өзбек, татар жана башкалары баш кошуп сүйлөшсө эле: – Жети атаңды тап, түпкү атаң ким? – дешип сөздү ата, жотосун териштирүүдөн баштачу. Жети атасын таба албагандарды: «Кулсуң, тегиң жок, тексизсиң» – деп ызалап шылдың кылуучу, кордоочу. «Кырк кыздын» сарайында бир кызыл ит жүрчү экен, кыргыздын теги ошол кызыл итке байланыштуу дегенди да ойлоп чыгарып, элди кордогондор болгон. Кызыл ит деген жалаадан кутулуш үчүн түпкү атабыз Акеша аттуу сахава болуптур дегенди да ойлоп чыгарышкан. Жогоруда кыргыз деген «кыр кез», «кыр кийиз», «кырк кыз» деген сөздөрдөн келип чыккан дегендер тууралуу айтылды. Байкоодо бул сөздөрдүн ар кандай уламаларга, божомолдоолорго, шылдыңдоолорго байланышканы сезилип турат. Ал сөздөрдө эч канчалык деле чындык жок.

## Кыргыздын чыныгы түпкү теги

Тарыхтарда жана тарых билген кишилердин айтуусуна караганда, Сибириянын түштүк тарабын жердеген түрк элинин абдан атактуусу кыргыз эли. Мындан 4800 жыл чамасында илгери атагы ааламга белгилүү болгон Угуз хандын бир небереси Кыргыз деген киши экен. Кыргыз эли ошол Угуздун Кыргыз небересинин насилинен тараган деп айтылат. Азыркы кыргыз наамындагы элдин баарын эле ошол Угуздун небереси болгон Кыргыздын тукумдары деп ойлоого болбойт.

Кыргыздын жердеген жери мал багууга жайлуу болгондуктан, мал өстүрүү үчүн көчүп барып кошулгандар да болгон.

Түрк тарыхындагы атактуу тарыхчынын бири болгон Абулгазынын эмгегинде кыргыз тууралуу төмөнкү сөздөр жазылган: «Угуз хандын Кыргыз небереси бар эле, кыргыз эли ошонун насилинен, укум-тукумунан болот» – дейт. Жазганга караганда ошол убакта кыргыз насилинен тараган кишилер аз болучу. Монгол, татар жана уйгур урууларынан оттуу, сулуу жерлерди издеп барышып, кыргыз элинин арасында турушуп, кийин кыргыз атагын көтөрүп калышкан деп айтылат. Булар жалпысынан кыргыз жана кемчут деген эки жама эл болуп, көп жылдар бири-бирине аймакташ жашаган. Жеринин бир тарабын Селенги, экинчи тарабын Анкара-муран деген эки чоң агын суу ээлеген. Анкара-муранга кыргыз чегинен өткөндөн кийин көп туура суулар кошулуп, бара-бара улуу сууга айланып, Ассы деңизине куят. Куйган жеринде, деңиз жакасында бир чоң шаар

болуптур. Жердегендердин кендери жана аяктуу малдары абдан көп экен. Жылкысы зоот келип, алардын бир жаштагы тайы биздин эки жаштагы жылкыбызга барабар экен. Жылкылары чылгый ала болуп, башка түстүүсү болбоптур. Ушул шаардын аты – Алакчын. Шаардын тегерегинде күмүш кенине бай жерлери көп болуп, ошондон ал элдин казан-аяк, табагы, кашык, зооту дээрлик күмүштөн жасалуучу экен. Бул элдерди кийин өзбектер макал кылып: «Ала жылкылуу, алтын очоктуу эл» – деп аташкан. Кыргыз хижараттан 3400 жыл илгери атагы дайын болгон Угуз хандын Кыргыз деген небересинин насилинен экендиги, ошондон тарагандыгы, кадимки эзелки мамлекет экендиги кытай тарыхтарында көп замандан бери маалым. Кыргыздар мындан 2100, 2200 жылдар илгери Хун мамлекетине багынууга ылаажысыз болуп, Хун мамлекетинин батыш тарабын ээлеген. Кыргыз эли Хун мамлекетинин кол алдында болгон заманда Энесай губерниясынын түштүк жагында могол насилинен болгон элдер менен катышкан. Буларга аралашып кетүүнүн натыйжасында кемчут наамы калып, Хягыс атагы басымдуулук кыла баштаган. Бирок бул Хягыс деген атак кытайлар тарабынан айтылып, ал эми элдер өзүлөрүн дайыма эле кыргызбыз дешип жүрүшкөн. Чинлилердин маалыматы боюнча ошол заманда кыргыздардын жазуулары, тилдери уйгурларга жакын келип, диндери шаман592 дининде болгон деп болжолдонот. VI кылымдын аягында кыргыздар абдан кубаттуу мамлекет куруп, күн чыгышы Байкал көлүнө, күн батышы түштүк Түркстанга чейин жайылган. Тарыхтарда кыргыздын атагы так белгилүү болгон кези мына ушул кылымдар болот. Кыргыздын ошол атагы чыккан мезгилин тактоонун дагы бир мисалы 569-жылы Ту-Хю деген ат менен белгилүү болгон түрктөрдүн улуу ханы Дизавулга император Юстин II тарабынан элчиликке жиберген Земарк дегенге тартуу кылып жөнөткөн бир кул кыргыз улутунан болгон. 758-жылдарда кыргыз падышачылыгы уйгурлар тарабынан күчсүздөнө баштаган. Ошондон кийин кыргыз тууралуу маалымат тарыхтарда кемий баштаган. 836- жана 841-жылдарда уйгур мамлекети күчсүздөнөт. Ошол убактарда кыргыздар кайтадан кубаттанып өзүн өзү бийлей баштайт. 840-жылда кыргыздар менен уйгурлар арасында согуш болот. Уйгурлар жеңилет, алардын бир бөлүгүн кыргыздар өзүнө каратат. Ошол кезде кыргыздын жердеген жери Энесай жылгасынын жогорку тараптары болот. 873-жылдардан баштап кыргыздар, башкача айтканда, «хягас» жөнүндө кытай тарыхында маалыматтар түгөнө баштайт. Андан ары X кылымдарда кыргыз падышалыгы күчсүздөнүп, уйгурлар кыргыздын кол алдынан бошоп чыгышат.

Чыңгыздын доорунда (XII кылым) кыргыз Чыңгыздын кол алдына кирет. Бул жөнүндө тарыхчы Абулгазы мындай дейт: «Чыңгыз хан Алтан менен Турамыш деген кишилерди элчи кылып кыргызга жиберет, мага багынсын деп. Ошол убакта кыргыздын падышасы Орос-айнал деген киши экен. Ал «жакшы» кишилерди көп тартуулар менен жиберип, багынууга макулдугун билдирет. Тартуунун башы тумшугу, буту, көзү кызыл ак шумкар болуптур».

## Тянь-шандык кыргыздар азыркы жердеп турган жерине качан келген?

Кыргыз эли Энесай тарапта өсүп-өнгөндүгү жана ал эзелтен берки улуу эл болгондугу, тарыхтарда эчактан бери маалым. Бирок кыргыздар ушул азыркы жердеп турган жерлерине качан келгендиги жана кандайча келгендиги тарыхтарда маалым эмес. Ушул жагдайда укумчу карыялар да эчтеме айта албайт. Бул маселе жөнүндө менин пикирим төмөндөгүдөй, бирок ал пикиримди өзүм да толук далилдүү деп эсептей албаймын.

Батыш Сибирде 346 жыл хандык кылган кыргыздар, алардын акыркы кандары Жедигер хан, Бекболот хан Көчүм хандан жеңилип, өз баштарын куткаруу үчүн Букара тарапка качканда эл ошол качкан хандарын ээрчип Анжиян, Наманган, Алай тоолоруна ооп кеттиби деп ойлоймун. Чыңгыз хандын күн батыштык чабуулунда кыргыз Мамык дегендин уулу Тайбука хан да Чыңгыз ханга багынып, өзүнүн колу менен Чыңгыз хандын күн батыштык чабуулунда бирге болгон экен. Чыңгыз хан 1220-жылы Букараны багынтканда Тайбука хан Иртыш, Том, Тоболдо хандык кылууну Чыңгыз хандан өтүнүп сурайт. Чыңгыз хан Тайбука хандын жогоруда айтылган суроосун орундатып, хандыкка уруксат берет. Хандык Тайбука хандан кийин анын уулу Кожо ханга өтөт. Кожо хандан кийин анын уулу Маркан хандык кылат. Маркан Упак деген казак ханынын карындашына үйлөнөт. Кийин Упак Марканды өлтүрүп, Абдур жана Жапалык деген балдарын туткун кылып, Казанга алып кетет.

Кийин Казанда Абдурдун Мухамбет деген уулу жана Жапалактын Ангыш деген балдары Упак хандан атасынын кунун кууп, өч алып, өзүлөрүнүн аталарынын хандыгын кайра тартып алышат. Ангыштан кийин бийлик Касым ханга өтөт. Андан кийин Ангыштын Бекболот жана Жедигер деген балдары хандык кылат. Ошентип Тайбуканын балдары биринен кийин бири хандык кылып отуруп, Батыш Сибирде (Иртыш, Ишим, Тобол тарапта) 343 жылдан ашык эмес, 336 жылдан кем эмес хандык дооранын сүрүшкөн. Бардыгы болуп жети хандык

бийлиги өтөт. Муну мындайча далилдөөгө болот. Сибирь тууралуу жазылган тарыхтарга караганда, батыш Сибирь хандыгы Тайбука хандын тукумунан Шибан уруусунан болгон Көчүм ханга 1563-жылдарда өтөт. Андай болгондо Чынгыз хандын Букараны багынтып алган жана Тайбука хандын Чынгыз хандан батыш Сибирдин Иртыш, Ишим, Тобол тараптарына хандык кылууну сурап алган жылы 1220-жыл болот. Ошентип арадан 343 жыл өтөт. Демек, кыргыз уруусунан болгон Тайбука хандык укум-тукуму батыш Сибирде 343 жыл хандык кылган деген сөзүбүз мына ушуга таянып айтылат. Көчүм хан менен болгон уруш тууралуу Тайбука уруусунан болгон Жедигер хан менен Шибан уруусунан болгон Көчүм хандын ортосунда көп жылдар согуш болот. 1563-жылы Көчүм хан Жедигер хан менен Бекболот ханды жеңет, эки хандын кол алдында болгон элди өзүнө багынтат. Бекболоттун баласы Сыдык деген Букарага качып, баш калкалайт. Сибирь тарыхынын мына ушундай айтылган маалыматтарына караганда, хандыгын Көчүм ханга алдырган кыргыз уруусунун бет ала кача турган, баш калкалай турган азыркы Орто Азия аймагы болуп калгандай. Хандары Көчүм хан тарабынан өлтүрүлгөндөн кийин Тайбука уруусунан тарагандардын кийинкилеринин бири Бекболот хандын баласы Сыдык Букараны (Түркстанды) көздөй качканда эли да ошол тарапты көздөй качкан го. Ооп көчүп отуруп Анжиян, Наманган, Алай тоолоруна келген го деген ой туулат. Адатта ханы качкан жакка эли да качат эмеспи, качпай коё албайт.

Эгер андай болбогондо Батыш Сибирде кыргыз Тайбука уруусунан калган эл барбы, болсо кайсы жерде же ошол 400 жылдан ашык убакыттын ичинде тукум калбай жок болуп кеттиби. Же болбосо Батыш Сибирге Тайбука жалгыз кара башы келип, хандык кылганбы деген суроо туулат.

Албетте, Тайбука Батыш Сибирге келгенде, келип хандык кылганда, жалгыз эле өзү келбестен жерге-жээги, эли, колу менен келип, хандык кылган деп ойлоого болот. Тайбуканын таянганы өз эли, өз колу болбосо, албетте, батыш сибирдиктер аны көпкө чейин хан кылып кармап турбай, бат эле жыгат эле. Жыйынтыктап айтканда, Тайбука батыш Сибирге хандык кылууга көчкөндө байыркы Энесайды жердеген кыргыздар да ошол тарапты көздөй ооган болууга тийиш. Эгер мындай болбосо, илгертен Энесайды жердеген, ошол жерде өсүп-өнгөн кыргыз калкынан хакас наамы менен калган бир аз элден башкалары кайда кетти? Биздин оюбузча, Чынгыз хан кыргыздын ханы Орос-Айналды өзүнө багындыргандан кийин, кыргыздар Энесайдан Батыш Сибирге хандык кылган Тайбуканы ээрчий козголо, оой көчкөн болууга тийиш. Жедигер ханды Көчүм жеңгенден кийин Бекболот хандын баласы Сыдык Көчүмдүн кысымына чыдай

албай Букараны көздөй качканда, ал жактагы кыргыздар жогоруда айтылгандай Сыдыкты ээрчий Туркестан тарапты көздөй оодарыла көчүп Анжиян, Наманган, Алай багытындагы тоолорго топтолгон болууга тийиш. Алар бул жерлерден бара-бара азыркы жердеп турган аймакка Ат-Башы, Нарын, Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал, Чүй, Таласка жайылып тургандай сезилет. Тарыхта Анжиян, Наманган, Фергана тарапта узак убакытка созулган туруктуу кыргыз хандыгы болгондугу билинбейт. Эгерде качып, бозуп бир жактан, маселен, Сибирден ооп келип чогулган кыргыз эли Фергана тарапта көп мезгил байырданып жашап калган болсо, эч болбогондо хандык, бийлик белгилери же журту калган болор эле деп болжолдоого болот.

Мына ошентип, кыргыз эли азыркы жердеп турган жерине Чыңгыз ханга багынгандан кийин батыш Сибирге карай ооп, андан хандык Көчүм ханга өткөндөн кийин Сыдыкты ээрчий XV–XVI кылымдарда Фергана тарапты көздөй качып, бозуп келген болууга тийиш деген ой туулат. Кийинчерээк Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Талас, Чүй, Ысык-Көл, Текес, Кулжага тарашы ыктымал.

## Кыргыздын уруучулукка бөлүнүшү

Карыялардын айтымы боюнча кыргыз оң, сол деген эки атадан таралат. Оңдун үч баласы бар имиш. Анын бирөөсүнүн аты – Адыгине, экинчисинин аты – Тагай, үчүнчүсү Наалы деген кыз болот көрүнөт. Наалы эжени Моңолдор деген кишиге берген экен. Моңолдор уруусу ошол Наалы эжеден тараган дешет. Адыгиненин тукуму чоң уруу эл болуп Фергана тарапты ээлейт. Тагайдан Богорстон, Койлон, Сарыбагыш деген үч уул болот.

Богорстондон бүтүн солто, бөлөкбай, талкан болуп, булар Таластан Токмокко чейинки аймакты жердешет. Койлондон тараган Жедигер деген эл. Булардан бир канчасы Фергана жакта, бир тобу солто арасында.

Сарыбагыштын мойну ийри, кылжыр имиш. Ошондуктан Сарыбагыш деген аты калып, кийин кылжыр атанып кетет. Кылжырдын Дөөлөс, Орозбак деген эки уулу болот. Дөөлөстөн Токо, Жантай, Элчибек, Манап деген төрт уул. Алардын тукуму Боом, Орто-Токой, Кеминди жердешет. Манаптан Жарбаң, Сүтөй деген эки уул. Сүтөйдөн Эшим, Сарысейит, Тугур. Сарысейиттен Түлкү, Үчүке. Түлкүдөн Маматкул, Дөөлөт, Кадыя, Эрдене деген төрт уул. Маматкулдан Темир, Болот деген уул. Темирден Черикчи, Назар. Болоттон Эсенгул. Эсенгулдун бир аялынан Бешкүрөң. Дөөлөттөн Надырбек, булар

Кочкорду жердейт. Темир жана Болоттон тарагандар Ат-Башы, Нарын, Кочкорду жердеген.

Кылжырдын Орозбак деген уулунан Арык, Асан, Карамырза, Мырзакул деген төрт уул болот. Арыктан тарагандарды илгери «түргөн эли» деп коюшчу. Түргөндү жердегендигине байланыштуу. Асандан тарагандар түргөн элиндеги арык тукуму ичиндеги Асан тукуму деген эл. Карамырзадан Күрмөнтү элинде аз түтүн эл бар. Мырзакулдан Алсейит, Тынымсеит. Тынымсеиттен калган Нарындагы бир болуш Тынымсеит эли. Алсейиттен Жаманкул, Бапа. Бапалар Барскоонду жердейт. Жаманкулдан Бооке, Итбок, Кыдык, Белек. Бооке, Итбоктун тукуму Күрмөнтү эли. Кыдыктын тукуму Тоңдогу бир болуш эл. Белектин бир катыны Салмаке. Андан тарагандар Түптү жердеген бир болуш эл. Белектин экинчи катыны Жаркын. Андан Токой, Такабай, Саты, Алдаяр, Алдаш. Булардын баары Күрмөнтүнү жердешет. Жаркындын Алдаш деген уулунун Кагаз, Шекер деген эки катыны болот. Шекерден Тазабек, Меңмурат, Шапак. Кагаздан Кудайменде, Түкөк, Бирназар. Бирназардан Алыбай, Нанжебес, Эсенаман, Муратаалы, Данияр, Баялы. Баялыдан тукум жок. Калгандарынын тукуму Жети-Өгүздү жердешет. Мына ушулардын бардыгы Алсейиттин күңүнүн балдары. Жылкы айдардын тукуму Тилекмат, Чыныбай. Барскоондо желдең бугулар: Тагай бийдин заманында азып-тозуп, селсаяк жүргөн эки жигит келип, Тагай бийге бала болот. Анын бирөөнүн атын Карачоро, экинчисинин атын Сарычоро коюшат. Ал экөөнөн тараган тукумдар саяктар деп аталып калган. Наманган, Кетмен-Төбө жактардагы саяктарды түнкатар, түнтөй деген эки чоң уруу түзөт. Жумгал тарапта курманкожо, кулжыгач аттуулар. Ат-Башы суусунун аяк жагынан Анжыянга чейин чоро саягы. Ысык-Көлдүн күңгөй тарабында башы Ачык-Таш, аягы Тору-Айгырга чейинки жерлерди байменке, караш, ал эми Ысык-Көлдүн тескей жагындагы Улаколду алагөз, каба деген саяктар жердейт. Ат-Башы, Арпада чериктер. Карыялардын айтымына караганда булар Тагай бий заманында жоодон колго түшүп, ошондон калган чериктердин тукумунан деп айтылат. Сарыбагыш ичинде асык, өсүк деген бир болушка толбогон эл бар. Буларды да жоопкерчилик убакта колго түшкөн, олжого алынган кулдун тукуму дешет, эл буларды азыгыбыз, талканыбыз үчүн деп шылтоолоп өздөрүнө кошуп алган дешет. Тагай бийдин заманында бир жортуул болуп, Наалы эженин күлүк коңур кула деген аты жоого түшүп кетет имиш. Кийин урууштан түшкөн олжону бөлгөндө, коңур кула түшкөн бешиктеги бир эркек баланы берген дешет. Коңураттар азыр Жети-Өгүз районунда айыл, айыл болуп турушат. Бугу ичинде, Жети-Өгүз районунун аймагында Чоң-Кызыл-Суу, Кичи-Кызыл-

Суудан Кара-Булуңга чейинки айылдарды дөөлөстөр ээлейт. Жууку, Кичи-Кызыл-Сууда саруулар.

Бугулар тууралуу Сарыбагыштын (Кылжырдын) Орозбагынын Арык, Асан, Карамырза, Мырзакул деген төрт уулунан тарагандар, майда белек, тынымсейит жана алардын ичинде жүргөн майда курама уруктар (коңурат, эстек, торок, кызыл сакал, отуз уул ж.б.) бугу аталат. Легендага караганда бугу «мүйүздүү эне» кайып кызы касиеттүү аял имиш. Карыялар «мүйүздүү энени» мындайча айтышат. Орозбактын Асан, Карамырза деген эки уулу аң уулап Нарындагы Ала-Мышыктын тоосуна барат имиш. Мергенчилик кылып жүрүп бир жерде улагын эмизип турган маралды көрүп калышат. Атып жиберишсе:

– Жалгызымды аттың, баланды ат, ботоңду ат деген үн чыгат. Карашса музоо эмип турган жерде бир аял пайда болот. Ал аялды учкаштырып айылга жөнөшөт. Жолдо келе жатып аял:

– Олжого мурун кимдин колу тийсе, ошол алат дечү эле, маган колуң мурун тийди, мени өзүң ал, – деп Карамырзага акыл айтат. Кайыптан пайда болгон аялды айылга алып келишет. Акылдашып отуруп, Мырзакулга токтолушат. Себеби анын аялы Токтобек деген итти жүз кылам деп жалаң ит багып, алек болгон жөнүрөөк киши экен. Кеңешип отуруп табылган кайып аялды Мырзакулга алып беришет. Күндөрдөн күн өтөт. Бир күнү Карамырза аңга чыгып бара жатканда талаадан табылган аял «мүйүздүү эне»: «Акем элик атса, аткан элигинин төшүн эмчеги менен алып келип берсин» – деп абасынан айттырат.

Карамырза элдин тили менен «мүйүздүү энени» Мырзакулга берип койгонуна кийин өкүнүп калган экен. Тигил сөздү укканда, ич күйдүсү эске түшүп:

– Кечээ өзүм талаадан таап келген күң, бүгүн мени менен теңтуш болуп, мен аткан эликтин төшүн жегиси келет, – деп ачууланып, «мүйүздүү эненин» талабын орундатпайт. Кийинчерээк аңга аттанып кетип баратканын көрүп:

– Элик атса төшүн эмчеги менен маган алып келип берсин, – деп абасынан айттырат. Ал күнү Арык аткан элигинин төшүн эмчеги менен келинге алып келип берет. Ал төштү түн ичинде казанбака жайып коюп эмчегин эмсе, кадимкидей сүт чыккан имиш. Эмчекти эмип, талгагы кангандан кийин эшикке чыгып:

– Арык акемдин тукуму менин тукумумдан кем болбосун, Асанмырза, Карамырза тукумуң жүзгө жетпесин, башың бир жерге кошулбасын, – деп каргайт. Ошол себептен Карамырза, Асанмырзанын тукуму аз болуп калган дешет. Арык акенин тукумунун көп болушу

алардын дайыма Мырзакулдун балдары менен тең ата болуп жүргөнү касиеттүү эненин батасынын таасиринен дейт.

Ошентип талаадан Асанмырза, Карамырза таап келген аял кайып кыз, башында мүйүзү бар касиеттүү киши болгондуктан Сарыбагыштын (Кылжырдын) Орозбак деген уулунан тарагандардын баары (арык, белек, тынымсейит ж.б.) ырым кылып, «бугу – мүйүздүү эненин» ураанын чакырып калган экен.

«Мүйүздүү эненин» таягы, үзөңгүсү дешип кийинки жылдарга чейин майлап, катып жүргөндөрүн биз да көрүп калдык.

## Уруу ичиндеги бөлүнүүлөр

Ар бир уруу урук-урук, айыл-айылга, «чоң айыл», «кичи айыл» (курама) болуп бөлүнөт. Маселен, бугу өз ичинен арык, белек, тынымсейит болуп үч урукка бөлүнөт. Бул үч урук да алда нече атага, айылга бөлүнөт. Булардан тарагандардын кимиси болсо да бугу уруусунун ичинде өзүлөрүн тең ата санашат. Бугу уруусунун ичинде бугуга курама болгон бир нече уруктар бар. Маселен, дөөлөс, саруу, коңурат, торок, отуз уул, эстек, кызыл сакал ж. б. Булар букара, «кичүү ата» болуп эсептелет. Курама уруктардын түтүнү көптөрү өзүнчө айыл болуп, түтүнү аздары чоң атанын балдарынын бирөөнүн кол алдында болот. «Үйүндө көптү талаадан киши урбайт» дегендей чоң атанын балдары кайда болсо чоң, букаранын балдары кайда болсо кор. Адатта чоң атанын балдары ардакталып, өзгөчөрөөк кадырланган. Жоопкерчилик убакта чабуулдан түшкөн олжо да ата аксакалдашып бөлүнгөндүктөн улуу атанын тукуму олжону арбын алуучу.

## Уруу ичиндеги курама урук

Бир урук өзүнүн уруусуна наараазы болсо, жакындары теңдигине жеткирбесе, кордук көргөзсө, анда өз уруусуна таарынган урук башка бир урууга кетип да калуучу. Андай бир уруудан экинчи урууга көчүп барган урук, жаңы урууга курама урук болуп кошулган. Курама урук тиги чоң уруунун кишилерине өзүн кичи ата, кичи айыл катары саначу, абдан көз каранды болучу. Кулдук даражасында болбогон менен, көз карандылык даражасы кулга жакын болчу. Малына, башына бийлик кыла албай калган учурлары да болгон.

Эгерде жалгыз башы гана барып башка урууга кошулса, ал киши ушул айылдын же уруктун кулу катарында жүрүүчү. Ошондой эле жалгыз өзү барып башка уруунун кишисинин аялынын эмчегин эмип бала болсо, андай баланы «тонсуз уул» деп коюшкан. Андай уулдар баары бир «тентимиш», «кул» деген кордуктан кутула алуучу эмес.

## Уруу арасындагы кагылышуулар

*«Саяктун огу,*
*Сарбагыштын шогу,*
*Солтонун тогу.*
*Бугунун барынан жогу».*

Саяк, сарыбагыш чогуураак келип, бугу уруусу жоош, момун эл экен. Сарыбагыш, саяктар бугуга нечен жолу чабуул коюп, олжологон учурлары көп болуптур. Жогоруда айтылган макал ошондон келип чыккан дейт.

## Кушбегинин чабуулу

Бугу элиндеги Шапак деген кишинин энеси саяк кызы экен. Шапактын тукуму кийин өзүнчө эл болот. Бугу менен чырлашууга шылтоо издеп, саяктын Качы деген «чоң кишиси» бугунун атактуу бийи, аксакалы Муратаалыга:

– Шапак биздин кызыбыздын курсагына кетип, силерде чоңойгон, биздин бала экен. Тукуму менен өзүбүзгө көчүрүп бергин деген доо коёт. Бугу өзүнүн арасындагы бир айыл элин көчүрүп бер деген Качынын доосуна катуу намыстанып, макул болбойт. Ошол кезде шарт боюнча бир уруу экинчи урууда аласасы болсо уруу башы, аксакалдарына айып доолачу. Эгер сураган доосун бербесе, эки жак кол курап чабышып, бирине бири жоо болуп калышкан. Качынын шапагын бугу көчүрүп бербей койгон соң, Качы Кокондун ханына барат. «Бугулар бир айылдуу Шапак деген элимди бербей зордук кылды, теңдигимди алууга кол бер, барып бугуну чабамын» – дейт. Кокон ханы өзүнүн орун басары Кушбеги дегенди баш кылып кол – черик берет (саны маалым эмес). Качы өзүнүн жана Кушбегинин колун ээрчитип (кайсы жыл экенин таба албадык, болжол менен болууга тийиш) Түптүн кептешине барып жатып калат. Бугу үркүп Каркыра, Текести көздөй качат. Качы өзүнүн жана Кушбегинин колун баштап, үркүп качып калган элдин артынан түшөт. Бугунун эл башкарган бийлери Муратаалы, Ыйса өзүнүн баатырлары менен кол курап, Кушбеги менен сайышууга тозотко жыйналат.

– Качы чабуул коюп келе жатканда Теңизбай деген уруудан чыккан Керек баатыр Качыны ыргыта сайып өлтүрүп, атын олжо кылат. Качынын колу кайра качат. Бугулар жоонун артынан түшүп, колго түшкөндөрүн өлтүрүп, аты, тонун олжо кылышат. Кушбеги качып кайта кетет.

## Көп чакыр келгенде

Саяк уруусунун Осмонбек, Кожомберди деген эки чоңу бугуну талап, олжолоп жерин жердейбиз деген ой кылат да, өзүнүн элдери менен бугунун ичине көчүп барат. Адегенде алар:

– Айылыбыз жакын болбосо арабыз алыстап, наарazычылыгыбыз көп болот экен, бирге көчүп, бирге жүрсөк жакындашып кетербиз деген ой менен көчө келдик, – деп алдай баштайт. Аралаша жашап, сыр алгандан кийин чабуулга даярдана башташат. Ошол учурда бугулар менен жакшы мамиледе жүрүшкөн саяктын баймөнкө, караш деген чоң уруулары беркилеринин чабуул коюуга кылып жаткан камылгаларын алдыртан киши жиберип, бугуларга билдирип коёт. Бугулар тез камынып берки саяктарды чаап алат. Улаколду жердеген алакөз, каба, Тору-Айгырда жашаган баймөнкө, караш деген саяк уруктары ошол мезгилден бери Ысык-Көлдү жердеп келет. Бугулар саяктарды чакыр дешет, Осмонбек, Кожомберди баатырлардын бугуну чаап, олжолоп, жерин жердейбиз деп эли менен көчө келген жылын бугулар «көп чакыр келген жылы» деп макал кылып калышкан.

## Ормон хан тууралуу

Ормонду бүтүн кыргызга хан болгон деген да түшүнүктөр болуп жүрөт. Чынында Ормон сарыбагыштан башка кыргыздарга хандык кыла алган жок. Бирок ал атактуу, өзү айлакер киши болуптур.

Ормон 1840-жылдарда Көтмалды деген жерде сарыбагыш, солто, саяктын кол баштаган баатырларын, эл башкарган баш кишилерин чакыртат.

– Тезирээк келгиле. Бугу деген элдин чоң Ногой деген баатыры колун курап, сарыбагыш, саяк, солтону чаап олжолоймун деп келе жатат. Бир жолку ачууңду бер деп, мен токтотуп жатам, – деп Ормон нокусум кылат. Шашкалаңдап чакырылгандар жерге-жээги менен келип калышат.

Ошол кезде жазга салым жутумчулук маал экен, киши деген кара таандай чогулган. Ормон бугунун чакырылган аттуу-баштуу кишилери менен чоң Ногойго өзүнчө үй тиктирип берген болот. Иш баштала электе Ормон чоң Ногойго кайрылып:

– Эл чогулганда мен алдыңа келем, ошондо суроого жооп бербей унчукпай отура бересиң, – деп үйрөтүп коёт. Чакырылган эл келип, топтошуп кымкуут болуп бир нече күн камалып жаткандан кийин, Ормон бугу чоң Ногой жаткан үйгө эл менен барат. Үйгө жакындаганда, ээрчитип баргандарын үйдөн окчунураак коюп, чоң Ногойго

чуулдатып салам айттырат. Аларды ошол жерге калтырып, эл көрсүн дегенсип, өзү атынан түшүп, камчысын мойнуна салып, бүгүлө жүгүнө чоң Ногойдун алдына барат.

Ормон кичинелик менен баратканын карап тургандар көрүп, чоң Ногойдон үрөйлөрү учат. Себеби чоң Ногой деген киши бир өгүздүн жарты терисинен бир өтүк жасатып кийген абдан зор киши экен. Алдына эл барганда чоң Ногой унчукпай отура берет. Ормон Ногойдун алдына барып өмөчөктөп:

– Саяк, сарыбагыш, солто туугандарың эки тогуз тартуу байлады, бир жолку ачууңузду маган бериңиз, буларды чаап олжолойм деген ачууңузду токтотуңуз, – дейт. Ногой көпкө чейин унчукпайт. Ормонду ээрчий баргандардын чыны менен эле эстери чыгып турат. Бир кезде чоң Ногой:

– Бердим бир жолку ачуумду Ормон баатыр сага, колумду токтотоюн, – дейт.

– Кулдугум бар, – деп Ормон кайра жөнөйт. Ормонду ээрчип барган саяк, сарыбагыш, солтонун жакшылары Ормон мыктылыгынан бизди бугунун чабуулунан ажыратып калды деп ыраазы болуп, баш ийип калышат. Мунун баары Ормондун амалынан чыккан нерселер. Кийин чоң Ногой:

– Ай, ошондо оңбогон Ормондон коркконум, ай, – деп калуучу эле деп карыялар сөз кылганын угар элек. Ошентип Ормон куулук кылып, ошол жыйында сарыбагыш, саяк, солтонун жүрөгүн алат да, жыйынды таратпай, эчтеме айтпай, элди кайрадан камап жата берет. Ачкалыктан аттарын союп жеп, далай киши жөө калат.

– Айтарың болсо айтып, жыйынды тарат, – деп Ормондун алдына барып айтууга ошончолук элден бир киши чыкпайт. Камалып жата беришет. Бир күнү Ормон талаага кийиз, килем жайдырат, ал жайылган килем, кийиздерге элдин баш кишилерин, аксакалдаштырып отургузат. Орто жерине килем жайдырып, анын үстүнө илбирстин терисин салат. Эл олтуруп жайланышкандан кийин, Ормон келет да, орто жерге салынган илбирстин терисине барып отурат. Кыйлага чейин унчукпайт, эл карап отура берет. Эл унчукпагандан кийин:

– Кызыл тебетей бирөө эле болот, – деп Ормон өзүнүн эки санын аткып алат да: – Тарагыла, – дейт. Араң турган эл бет-бети менен тарап жоголот.

Ошентип Ормонду эч ким хан көтөргөн эмес экен, ал өзүн өзү хан көтөргөн, андан кийин өзүн хан деп эсептеген.

## Ормондун бугудан өлүшү

Карыялар Ормон чагалдактын кунун кууйм деп бугудан өлдү деп сөз кылышат. Бул үстүртөн айтылган кеп. Ормондун чагалдактын кунун кууйм деп бугуга чабуул коюшунун түпкү себеби башка. Ормондун бугунун жерине – Ысык-Көлгө кызыкканы, аны ээлеп алууга көңүлү бузулганы илгертеден белгилүү. Ушул оюн ишке ашыруу үчүн ал нечен себептерди, шылтоолорду ойлогон. Ошолордун бири төмөнкүдөй. Ормон мылтык соктуруучу экен. Жасалган мылтыктарын аттырып сынатканда жолдуу, кандуу болсун деп кулдарынан, күңдөрүнөн бута койдуруп аттырып көрүүчү экен. Ошондой жолу, кандуу болгон мылтыктарынын бирөө чолок кара мылтык болуптур, кийин мылтык кара чолок аталып кетет. Ал мылтыкты «сен алып жүр» – деп Алыбек деген жигитке барат. Алыбек болсо, Ормондун айылындагы бир сарыбагыштын кызына үйлөнгөн киши экен. Алыбек жашы улуу болсо да, аны Ормон теңине алып жезде деп айтуучу эмес экен. Алыбек бир күнү куш салып жүрүп карагандын түбүндө бир баланы колунан жетелеп турган бир кыздын үстүнөн чыгат. Сураштыра келсе, ал кыз казактын бир байынын кызы болуп чыгат. Атасы берем деген күйөөсүнө барбай, баланын каралды кылып, үйүнөн жетелеп келиптир.

– Кыргыздын жакшы кишилеринин бирөөнө барайын деп качып чыктым эле, – дейт кыз.

– Мен да кыргыздын жаман кишилеринен эмесмин, – дейт да кызды ээрчитип барып алып алат. Күндөрдүн биринде Алыбекти Ормон чакырып:

– Казак кызды кайдан алдың, биздин айылга келе жаткан кызды алып койгонуң кандай? – деген сөздөрдү айтып Алыбекти каардайт. – Жеткирип бер мында, – дейт.

Алыбекте табар айла барбы. Алган казак кызды Ормонго жеткирип берүүгө аргасыз болот. Ормон жылыга мылтыктарынын кундактарын жаңыртчу экен. Бир күнү кундактарын оңдоттурам деп ар кимдин мылтыктарын жыйнатат.

– Баягы карачолоктун көчүгү чириди го, алып кел, – деп Алыбекке киши жиберет. Кабарчы киши:

– Кара чолоктун көчүгү чириди го, алып кел деп жиберди, – деп айтат. Алыбек болсо мылтыкты түбөлүк алдым деп жүргөн экен. Эми Ормонго наараз ылыгы дагы артат.

– Мылтыктын көчүгү чириди дейби? – деп Алыбек келген кишиден сурайт.

– Ошондой, – деп жооп берет келген киши. Анда мурдатан ичи күйүп калган Алыбек:

– Кара чолоктун көчүгү чириди го десе, казак аялдын да көчүгү чиригендей болду окшойт, андай болсо казак аялды кайра өзүмө жеткирип берсин, – дейт.

Жиберген кишиси Алыбектин жообун Ормонго айтып баратат. Ошол кезде Алыбек: «Эми мени Ормон оңдурбайт» – дейт да, качкан бойдон Боронбайга келет. Жайын айтат. Балаң болоюн. Ормондон коргоп кал, – дейт да, Боронбайдын аялынын эмчегин ээмп жиберет. Күндөр өтүп Алыбектин Боронбайга качып барганын Ормон угуп, Алыбекти бергин деп, Боронбайга киши жиберет.

– Караганга да чымчык корголойт турбайбы, корголоп келген бир кишини Ормонго кармап бергенибиз кандай болот, кантип караганча болбойлу, – деп Боронбай Ормондун кишисине Алыбекти бербейт. Ормон болсо нааразы болуп калат.

Көп узабай Ормон бугунун мазарын кыйратайын деп Тоңдун Ак-Терегине көчүп келет. Өсүп турган ак теректерди кыйдырып аяк, табак, чара кылдырып жатып, бир үйлүү кишини 600 кой менен калтырып кайра көчүп кетет. Малга калган киши:

– Баатыр, бир үйлүү киши мынчалык кой менен жалгыз калганы кыйын болор, ууру, бөрү, жоосу бар, алдырып жиберем го, – дейт.

– Кала бер, бул койду күчала кылып таштадым, – дейт Ормон. Көрсө күчала кылып таштадым дегени, ээн калган малга бугу кол салса, ошону шылтоо кылып, бугу менен чырдашсам деген сөзү тура.

Кийин Алыбек элинде калган катын-баласын, малын алып келейин деп, Боронбайдан улуксат алып, ошол жакка барат да, Ормондун күчала кылып таштап кеткен 600 коюп көрүп:

– Ормондун күчаласын мен жейин – деп, малды айдап кетип калат. Ошентип турган кезде сарыбагыш ичиндеги чагалдактардын бирөө уурулук кылууга ниеттенип жөө келип, бугулардын жылкысын тооруйт. Жылкычылар көрүп калып, анын артынан түшүп кубалашат. Кутулбай турганына көзү жеткен ууру Ысык-Көлдүн бир булуңуна – көлдүн тыягына чыкса, быягын көздөй, быягына чыкса, тыягын көздөй качып отуруп, акыры сууга кайыгып өлөт. Чагалдактын өлгөнү Боронбайга угулат. Боронбай ууру кылам деп келип, бир чагалдак өлүп калды – деп Ормонго кабар жиберет.

– Кун ойлогула, – деп Ормон Чаргын деген уулун бугуга жиберет. Чаргын бугуларга келгенден кийин ал жердеги Адыл (Ормондун иниси), Боронбай, Балбай чогулушат. Кеңешип отуруп:

– Чагалдак ууру кылам деп келип өлүптүр – деп, кунга төрт киши, 40 жылкы баалашат. Чаргынга бирөөнүн күрөң атын мингизет. Атты минип, Чаргын үйүнө келип, атасына кундун жайын айтат. Ормон эчтеме айтпайт. Сейилкан деген баласы төрдө комуз чертип отурат. Ормондун Караназар, Жөөкалса деген эки жигити болуптур. Караназар ошол үйдө экен. Ал тыяктан туруп:

– Ошондой да кун ойлонобу? Атын Сейилканга ала келип бербейби, – деп кайраштыра сүйлөйт. Ошондо Ормон ордунан обдулуп:

– Бугуну чабыш керек, – деп туш-тушуна кабарга киши чаптырат. Ысык-Көлдүн күңгөйүнүн аягында жаткан Адылга:

– Бүгүндөн калбай Балбайдын жылкысын тийип, чыр чыгарсын, – деп киши жиберет. Ошол кезде бугунун күңгөй жаккы аягын Балбай баатыр жердеп туруптур. Сарыбагыштан Балбайга беттеше Адыл кончу экен. Бирге жүрүп, бирге туруп Балбай менен үйүр болуп калган Адыл бул кабарга катуу кейийт. Чыр чыгарбайын дейт, Ормондон коркот. Акыры аргасыз болуп, бир топ кол менен барып Балбайдын желеде жаткан жылкысын тиет. Ошону менен бугу-сарыбагыш ортосунан чыр чыгат. Ысык-Көл күңгөйүндө сарыбагыштын колу менен бугунун колу бир чети Ысык-Көлдүн жээгинен тартып, экинчи чети күңгөйдүн тоосунун түбүнө тирелишип кылка турушат. Адегенде Балбай баатыр барып бугуну чаап алууга келип турган сарыбагыштын колуна жеке чыгып тийип, тууну ыргыта коюп кайра тартат. Ошону менен бугу сарыбагыштын колу бет алышып сайышып калат. Сайышта бугу чегинип, жапырылып кача баштайт. Аттын мойну катты, олжого колдору байланды деген кезде, Түптүн кептешинен Өмүр, Балбай сарыбагыштын колун майтарат.

Ормон ошол колу кайта качканда, өзү да качып Түптүн кара баткагына келгенде колго түшөт. Ормонду эл тегеректеп турган кезде Боронбайдын шилтөөсү боюнча Балбай Ормондун артынан көрүнбөй найза менен бөйрөккө сайып кетет. Ормон ошол күнү өлөт.

Ормон өлгөндөн кийин бугу уруусу Ысык-Көл айланасынан кагажыктап, Текес тарапка бет алат.

*Бүгүн жалын,*
*Эртең чок.*
*Бүрсүгүнү жок,*
*Анан барып жок,* –

дешип, бугунун карыялары сарыбагыштын күйүтү басылганча Текести жердеп турууну ылайык көрүшөт. Ормондун өлүгүнүн изи сууй электе сарыбагыш, саяк чогулуп, бугуну чаап алууга аракеттенишет. Солто Жангарачтын бугуну чаптырбаска кылган аракетинин натыйжасында бугу чабуулдан кутулат. Ал мындайча болот. Ормонду бугу өлтүргөндөн кийин Боронбай Жангарачка киши жиберип, алдыртан сүйлөшүп, макулдашат. Жангарач:

– Ичегиси үзүлгөн, ичинен жалганат деген, Кылжырдын (Сарыбагыштын) эки уулу өлтүрсө бирин бири өлтүрүптүр, өзүнчө эптешип алар. Эгерде эптеше албай калса, анан кийлигишербиз, – деп Курман-

кожо, Кулжыгач саяктарын үгүттөп, аларды сарыбагыштын бугуну чаап алууга кылган аракетине катыштырбай коёт. Солтону болсо өзү тыйып турат. Сарыбагыштар кызуу даярданып, бугуну чабууга аттанарында, Жангарач учурдан пайдаланып, сарыбагыштардын тынай уруусунун башчысы Жантайга шашылыш түрдө:

– Жантай келип келинин алып кетсин, калыңы бүтпөсө да күнү бүттү, – деп киши жиберет. Анткени Жантайдын бир уулу Жангарачтын кызын алмак. Жангарач Жантайга кызын бербей кечиктирип, чанып жүрчү экен. Кабар жеткенде Жантай кубанган бойдон элинин баш кишилеринин баарын ээрчитип, Жангарачка келинин алууга барат. Жангарач жатып эс алып, анан келиниңерди алып кеткиле дейт да, коноктор жайланышкандан кийин алардын минип келген аттарынын баарын тең жайлоого айдатып жиберип, өзүлөрүн жөө калтырат. Ошентип Ормондун кунун алууга камынган сарыбагыш уруусунун тынай деген уругунун баш кишилери Жангарачтын айылына үч айча жөө жатып калат. Тынайы жок калган сарыбагыш колу аз болуп, бугуну чабууга чамасы келбей калат. Ошентип сарыбагыштын бугуну чабууга болгон аракети Жангарачтын айлакерлиги менен Ормондун өлүмүнүн кызуу учурунда токтолуп калат.

## Ормондун кунунун бүтүшү

Ормондун уулу Үмөтаалы атасынын кунун кууп, бугуну чаап, малын олжолоп, эркегин кул, аялын күң кылып, жерин жердеймин деп кол курап чабуул коёт. Согушта кайра айылына келгенден кийин, Үмөтаалы тартуу айдатып, Челек деген жердеги казактын төрөсү хан Тезекке киши жиберет.

– Ормон каранын ханы, хандын төрөсү эле. Бугу деген эл аны өлтүрүп теңдик бербеди. Бугуну чаап алууга жардам, кол берсеңиз, – деп баргандардан айттырат. Бул кабар бугуларга угулуп, алар катуу шашат. Көп күндөргө созулган кеңештерден кийин бугу эли айтылуу Тилекматка бир киши кошуп, Тезек төрөгө жиберишет. Тилекмат барып, Үмөтаалыдан Тезек төрөгө тартуу алып келип жаткандардын үстүнөн чыгат. Тезек төрө барган сарыбагыштарга үй көтөрүп берип, коноктотуп жаткан кези болот. Тилекмат айылдын четиндеги бир үйгө түшөт. Аны: «Сен кимсиң, кайдан, эмне жумуш менен келген кишисиң?» – деген эч ким болбойт. Сураштырып көрсө, Тезек төрөнүн үстүнө эч ким кире албайт экен. Эбин таап, Тилекмат Тезек төрө кабактан басып келе жатканда, алдынан утурлап тосо барып саламдашат. Тезек төрө:

– Эмне ишиң бар эле, кимсиң? – дейт.

– Бугу туугандарыңыздан келдим. Алар сарыбагыш деген элдин кордугуна чыдабай кытайды көздөй качып, үркүп кеткени жатат. Качканы жаткан бугу туугандарыңызды сизге деп арналган аманаты бар эле, ошол аманатты келип алып кетсин, Ыстамбек дегендин бир жандууда жок сулуу кызы бар. Төрөлгөндө эле төрөгө ылайык көрүп, аты Төрөжан болсун деп, сизге атап койгон экен. Ошол ак никелүү аманат жарын кытайга кете элегибизде алып калсын деп бугу кайындарыңыз мени жиберди, – деп жооп берет. Сулуу кыз кабары Тезек төрөнү тез ийбелтет, ал:

– Сарыбагыштар Ормондун кунун алып бер деп келип жатат, алар менен беттештирсем жүйө айтышууга жарабайсыңбы? – дегенди айтат.

– Беттештириңиз, жүйө айтып ынандырсам Ормондун кунунан кутулуп кетейин, кутула албасам, ойлогон кунуңузду мойнума алып кетейин, беттештириңиз, – дейт. Тезек төрө сарыбагыштан тартуу алып келген жакшылары менен Тилекматты беттештирет. Сарыбагыштын кишилери: бугу анда андай, мына мындай кылды деп биринен сала бири жамандоого киришет. Тилекмат унчукпай отура берет. Бир кезде ал Тезек төрөгө кайрылып:

– Төрөм ханга да кун болобу? – дейт.

– Болот, – дейт төрө.

– Болгондо эмне болот, канча болот?

– Ушул биз отурган үйдөй, үйдүн ичи толтура, түндүгүнөн ашып төгүлүп турган дилде болот, – дейт.

– Андай болсо төрөм, сарыбагыш тууганыңыз катын бугу сен турмак казактын ханы Кенесары, Ноорузбайды да өлтүргөнбүз дешип, эки күндүн биринде Бугу кайындарыңызды чаап алып кордой берди. Кордукка уукан эл акырында Ормонду өлтүргөнү чын. Эгерде хандын куну ошончолук болсо, казак туугандар Кенесары, Ноорузбайдын кунуна канча дилде алды экен? Менин билишимче хандын куну болбойт, эгерде боло турган болсо, сарыбагыш тууган казак туугандарга Кенесары, Ноорузбай хандардын кунун бербейби? – деп жооп берет.

Тилекматтын сарыбагышты казакка чагыштыра айткан сөзү, биринчиден, Тезек төрөнүн канын кызытса, экинчиден, жүйөлүү сезилет. Анда Тезек төрө: «Ырас, хандын куну болбойт экен, сарыбагыш айдап келген тартуунду алып жөнө» – дейт.

Ошентип Ормондун кунун Тилекмат Тезектин алдында бүткөзөт. Кийин Тезек төрө Төрөжанды күйөөлөп келип алып кетет.

## Жоокерчилик заман

Карыялар уруучулук заманды «жоокерчилик заман» дешчү. Чынында уруучулук заманы – жоокерчилик заман болгон. Бир уруу кол курап барып экинчи урууну чаап, малын олжо, эркегин кул, аялын күң кылып талап кетчү. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» дешип, ар уруу өз ичинен бирдиктүү, жоого даяр болууга аракет кылчу. Бүтүн тиричилик, чарбачылык жоокерчиликке багындырылуучу. Ал убакта:

– Ой, ушу жоого кире алабы? – дешип үзөңгүнү узун теминген жигит болсо, андайларды абдан жаман көрчү.

Жоо кабары угулганда, же болбосо өзү бир урууну барып чабаарда, уруу башы, же хан өз карамагындагы элдин баш кишилерине, баатырларына кабар берет. Алар колун курап, уруу башчыларынын алдына келет. Аксакалдашып хан, бийдин уруусунун айланасына жыйналат. Чогулгандар хан, бийлердин айтымы менен буюрганын иштейт.

Ал кездегилердин жоо-жарагы – найза, каскак, айбалта, чоюн баш, шалк этме, союл, камчы, бычак.

## Жоокерчилик замандагы элдин чарбачылыгы

Жоокерчилик заманда эл көчмөн болгон. Негизги тиричилиги мал чарбачылыгы болуп, оор жүктү-мүлктү эч кимиси күтчү эмес. Эл арасында дайыма, бир жагынан жоо болуп башкаларды чаап турса, экинчи тараптан башкалар келип бүлүк салчу. Адатта, жоо келип калса, эл оор жүктү жүктөп кача алчу эмес. Андай учурда оор жүк жоонун колунда калчу. Аяктуу малды гана айдай качып куткарып кетчү. Ошентип мал чарбачылык басымдуулук кылып, ошого ылайыктуу эл оор жүк урунбаган.

## Ат, аттан кийин жат

Жоокерчилик замандагы мүлктүн эң кымбаттуусу, кадырлуусу аттын күлүгү болуучу экен. «Жанга өлчөгөн атым эле» деген сөз ошондон. Анткени ат күлүк болсо, качса өлүмдөн кутулуп, кууса жоого жетет эмеспи.

«Эрдин куну, эриштин айыбы» – деп кыздын калыңы бир күлүк менен бүткөн күндөр көп болгон. Ошентип жоокерчилик заманда бир күлүк атты кайсы киши болсо да урунууга аракет кылуучу. «Ат, аттан кийин жат» деген макал ошол замандан калган.

Аты жок киши колго кошулбай, сыртка аттанып олжо алалбай ээр токумун жазданып мүлксүз калуучу. Айтылуу күлүк дайым кадырлуу болуп элдин көзөмөлүндө болуучу. Ошол себептен күлүк аты бар киши өз атына ээ болуп, башка бир айылдын адамына бере алчу эмес. Анткени күлүк ат элдики, ошол айылдыкы болуп эсептелген.

Бир айылдан экинчи айылга күлүк жылкы баш алып, баш берүү (кыз берүү) аркылуу өтпөсө башка жол менен өтүүгө мүмкүн эмес болуучу. Белгилүү күлүк ат менен баатыр жигит бир айыл элди баккан, олжого кандырган күндөрү жөнүндө эл арасында көп айтылат.

## Урууну коргоо тартиби

«Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген ошол уруучулук, жоокерчилик замандан калган макал. Элден бөлүнө калган аз айыл болсо, ашка бир уруу малын да, башын да (кишисин да) олжолоп кеткен. Башка уруунун колуна түшүп кеткен мал болсун, адам болсун оңойлук менен кайта келип өз элине кошула алуучу эмес. Колго түшүп кеткен эркек, аял, кул, күң болуп жүрүп өмүр өткөргөн. «Кул, күң өлтүрсө кунсуз, сатса пулсуз». Кулду кулданып, күңдү күңдөнүп жүргөн адам кулун, күңүн өлтүрөбү, сатабы өзү билүүчү. Ошол себептен ар бир уруу, өз уруусунун кишисин, малын башка уруунун колуна түшүрүп жибербөөнү өзүлөрүнүн алдына негизги милдет кылып коюшкан. Эл көчсө чогуу, консо бирге. Маселен, көл бугусу илгери тыягы Кулжа, быягы Текеске чейин бирге көчүп-конуп жүрүшкөн.

Ошол убакта бугу уруусунун ханы Боронбай, бийи Муратаалы эл көчөрдө бүтүн айыл башын, айыл аксакалардарын чакырган. Кайсы күнү, кандай көчүүнүн кеңешин кылып, бүтүн бугу болгон жери бир күнү көчүшкөн. Эч көчсүн деген күнү көчпөй калгандар болуучу эмес. Эл көчөттүн болжолдуу күнү кишиси өлгөн айылга гана көчпөй калууга уруксат кылынуучу. Өлгөн кишибизди көмөлү деп көчпөй элдин артында калган айыл, жоого алдырып жиберүү коркунучу билинген кезде өлүгүн жүктөй качып, эл конгон жерге жетип көмгөн учурлары да болуптур.

Чогуу көчүп, чогуу жүрүү элди жоодон сактоонун негизги бир шарты болсо, урууну жоодон коргоонун дагы бир шарты катары баатырлардын көзөмөлү эсептелүүчү. Адатта, уруунун атактуу баатырларынын бир-экөө көч баштап, көч алдында болсо, калгандары элдин аркасы болуп, көчтүн аягын иликтеп көчүүчү. Бугу уруусунун күңгөй жаккы четин атактуу Балбай баатыр көзөмөлдөсө, тескей жактагы четин Жанек баатыр, күн чыгыш жактагы четин Өмүр баатыр башкарып, эл ортодо болучу. Элди жоодон коргоо эркектердин

милдети деп эсептелген. Атка токтогон ар бир эркек бирден атын дайыма жетелеп откозуп, таптап агытпастан байлап жоого даяр турушчу экен. «Аттан, жоо келди» деген кабар жетер менен баары жабыла аттануучу.

## Жер пайдалануунун тартиби

Жоокерчилик заманда «Карыш ажыраган карыганча күрөшпөйт» дешип жамааттташып жашашкан. Бириндеп калган киши жоонун колуна түшүп кетип тууганынан ажыроочу. Ошондуктан жер пайдаланууда байы, жардысы аралашып, бирге көчүп, бирге конуп жүрчү.

Бир урууга караштуу жерлерди, уруу өз ичинен урук-урук, айыл-айылга бөлүп алуучу. Ал бөлүнгөн жерлер атадан балага кала берүүчү. Жыл мезгилине жараша жер төмөнкүдөй бөлүнүүчү:

1. Кыштоо,
2. Жаздоо,
3. Жайлоо,
4. Күздөө.

Эл жайлоого, күздөөгө, кыштоого, жаздоочу жерге көчкөндө жогоруда айтылгандай, айыл-айыл чогуу көчүп, бирге турушкан. Жайлоо, кыштоо кайсы айылдыкы экенине карабай жалпы пайдалануучу. Бирок ар кимдин өзүнүн ээлеп алган конушу, үйүнүн журту болуп, эл дайыма өз конушуна, журтуна маанайлачу. Мал жайытын пайдалануу, бөлүштүрүү айылдын баш кишилеринин айтканына жараша болучу. Мурда кыргызда жер айдоо өнүккөн эмес. Маселен, орус келе электе бугу уруусу эгин айдап деле жарытуучу эмес. Эгин эксе үрөнүн калпакка, куржунга ченеп себүүчү. Бар болгону минер атка деп чөп оруп алар эле. Көнүмүш катары чөп чабуу деген болгон эмес. Себеби ар кимдин эгин айдоого, чөп чабууга ылайыктанган жери, аянты болбогон. Жалпы тиричилик, мал багуу тышкы чөйрөнүн шартына жараша өтүүчү. «Жылкыны эр багат, койду кары жок кара жер багат» деген сөз бар. Анын себеби кой менен уйду алыстан келген ууру уурдай алуучу эмес. Анткени айдап качканда жол арбыта албайт, куугунчуга карматып коёт. Ошондуктан уй менен койго ич арадан ууру тийбесе, тыштан ууру ал болуучу. Койлорду тоосу бийик күңгөй жерлерге, кар жаабаган сырт бетине бүлөсү аз, шайдоот кишилер багып кайтарып, кышкысын оторго көчүп келип багуучу.

**Жылкы тууралуу.** Алыстан келген уурунун уурдары эле көбүнчө жылкы. Сак кайтарбаса жоосу көп болуп, жылкыны алдырып жиберүүчү. Жайдын кара нөшөрүндө, кыштын чилдесинде жигиттин жигити кирпик какпай жылкы кайтарган: «Жылкыны эр багат» деген ошондон.

## Укук өзгөчөлүктөрү

### Бий, бийлик, ереже

Чыр-чатак, аласа-бересе, доо-дооламайлардын баары бий алдында, бийлердин өкүм, кесимине жараша бүтүүчү. Ар бир бийге келген иштерди бийлер адатка айланган эрежени, салтты колдонуп чечүүчү.

### Кун

Эреже катары эрдин куну төрт кесим боюнча: асый, бышты, кунан, тай эсебинде белгиленип, саны боюнча 300 жылкыга барабар болучу. Ар бир жүз жылкынын 25и асый, 25и бышты, 25и кунан, 25и тай деп аныкталуучу. Аялдын куну да төрт кесим иретинде 150 жылкыга барабар болучу.

### Айып

Калың алып, кийин кызын бербей койсо жана доолаганда алган калыңын кайтарып бербесе, анда күнөөлүү киши «эриш бузган» айыбы үчүн 12 байталды, бир айгыры менен кошо берүүгө милдеттүү болучу.

Көз чыгарса айыптуу киши жарым кун тартуучу (эркек болсо төрт кесим иретинде 150 жылкы, аял үчүн 75 жылкы).

*Тиш сындыргандын айыбы,*
*Кулак кескендин айыбы,*
*Кол сындыргандын айыбы,*
*Уурдагандын айыбы, –*

деп кишилер өз кылмышына жараша айыпка жыгылуучу. Бир урук эр өлтүрүп коюп, бийлердин чыгарган өкүмү боюнча кун төлөбөсө, башка уруктар чогулуп, биригип келип, кун төлөөдөн баш тарткан урукту чаап, талап, олжолоп кетүүчү.

### «Ак сөөк», «Кара сөөк»

Уруунун өз уругунан, өз тукумунан таралгандар өзүлөрүн ак сөөкпүз дешип эсептешкен. Урууга курама болуп кошулган букара айылдардын адамдарын «кара сөөксүңөр» дешчү. Коомдук иштердин кайсынысында болсо да «ак сөөктөр» «кара сөөктөрдөн» көбүрөөк болучу.

### Бай, жарды

Уруу өз ичинен бай, жардыга бөлүнүүчү. Жардылар байларга жалчылыкка жүрүүчү. Уруунун өз тукумунан тарагандар өзүн жо-

гору кармап, намыскөй келип, жалчылыкка көбүнчө курама, букара айылдын кишилери баруучу. Мал багуу, отун алуудан башка жумуш жок болгондуктан, жалчылардын эмгек акысы өтө арзан болучу. Байлардын көбү жалчыдан башка кул, күң кармоочу. Көнүмүш катары кулга, күңгө акы төлөөчү эмес. Акы турмак бай кол алдындагыларды сатса, бирөөнө бекер берсе, же өлтүрүп койсо, урса, кыйнаса, кордосо да өзү билүүчү. Мындай акыйкатсыздыкты көрүп турса да эч ким ага кийлигишүүчү эмес.

Байлар да өз ичинен бирин бири ордолуу бай, кордолуу бай, сасык бай деп коюшчу. Ордолуу бай деп укум-тукумунан бери бай болуп келе жаткандар. Кордолуу бай дегени өлү мүлкү көп, сарамжалдуу байлар. Букара курамалардан чыккан байларды сасык байлар дешүүчү.

## Өлгөндөн калган мурас жөнүндө

Бирөө өлсө, ал кишиден калган мал, мүлк анын эркек балдарына таандык болуп калуучу. Жесир аял өлгөн кишинин туугандарына тиешелүү болуп, анын жакынырак дегендердин бирөөнө алып берүүчү.

Балдар жаш болсо, энесин алган тууганын «өгөй ата» кылып карманып, ошол кишинин жакындарынын карамагына өтүүчү. Эгерде жесир аял өлгөн кишинин жакын туугандарынын бирөөнө тийбей, башка бирөөгө келсе, ал убакта ал аял эринен калган мал-мүлктү жана балдарын ала кетүүгө укугу жок болучу. «Керегенин көзүнөн өтүп» кара башы гана кетүүчү. Жетим балдар, үй, мал-мүлкү менен жакын туугандарынын бирөөндө калуучу. Эс тартып мал-мүлккө ээлик болгуча ошолордун көзөмөлүндө жүрүүчү. Өлгөндөн калган малды жакындыктарына жараша, улуусу улуудай, кичүүсү кичүүдөй кылып ылайыктап бөлүп алышуучу.

## Жесир доо, жетим акы

Жесир аял башка бирөөгө барып тийип алса, өлгөн кишинин жакындары, кетип калган аялдын төркүндөрүнөн жетим акы доолачу. Анткени аялдын төркүнү, аял экинчи бирөөнө тийгенде да калың алуучу. Эгер тигил кетип калган аялдын төркүнү өз ниети менен доодон кутулбаса, а өлгөн кишинин туугандары:

– Өлгөндөн өлүү, тирүүдөн тирүү ажырадык, эч болбогондо жетим акыбызды бер, – дешип бийге чейин даттанып жүрүп, жетим акы албай тынуучу эмес. Эгерде жесир аял өлгөн кишинин жакын

тууганларынын бирөөнө барбай, алысыраак тууганларынын бирөөнө тийип кетсе, анда деле аялдын өз эле башы кетүүчү. Жесирди алган алыс тууганы тиги өлгөн кишинин жакын тууганларына доолуу болуп, тартуу тартып, жесир жоосун берүүгө милдеттүү болучу. Жесир тууралуу өз ара мамилелер башка жолдор менен да бүтүүчү. Учурга туура келип, жесир келген айылдан эри өлгөн аял чыгып калса, жесирин алдырып жиберген айылдагылардын бирөө тигилердин жесирин алууга акылуу болуучу.

## Көп катын алуу

Бир уруу жалпы жонунан бир наамда аталганы менен өз ичинен урук-урукка, ата-атага, айыл-айылга бөлүнүүчү. Айыл ичинен түтүнгө бөлүнүп, ар түтүндүн өзүнчө тиричилиги, энчилүү малы, үйү болучу. Албетте, «түтүнү башканын түйшүгү башка» дегендей ар ким өз алдынча тиричилик өткөзүүчү. Кимдин колунда мал жеткелең болсо, ошол киши кадырлуу, барктуу. Ошондой болгондон кийин ар ким эле бардар, жеткелең болууга аракеттенүүчү. «Мал башка бүтөт, кына ташка бүтөт», – деп ким бала-бакыралуу болсо мал күтүүгө мүмкүнчүлүгү кеңири болучу. Эгер малдуу болсо, бирок малды баккан бүлөсү болбосо анда малды ууру алуучу, жоо тийип кетүүчү, жутка алдыруучу, бөрү жечү. Ошондуктан ал убакта эл малдан мурун баштуу, бүлөлүү болууга умтулган.

Чынында бүлөсү аз, союл чаба турган кишиси кем айыл эле кемдик, чабалдык кылуучу. Адатта, киши көп аял алса, ал аялдар төрөсө, бир түтүн киши бала-бакырасы менен бир короо айыл болуп кетүүчү. «Кыргыз байыса катын алат» деген макал бекеринен айтылган эмес. Көп катын алуунун максаты, мына ушундан келип чыккан. Экинчиден, жоодон түшкөн олжо түтүндүн ар бир кишисине бөлүнгөндүктөн бүлөлүү кишилерге олжо көбүрөөк тийүүчү.

## Ысым тууралуу

Эмне үчүн кыргызда фамилия болбостон өз атасынын аты фамилия катарында колдонулуп калган? Анын себеби төмөнкүдөй: тааныштыгы жок эки киши кезигише калса, эң алды менен кайсы уруудансың, ал уруктун кайсы айылынансың, ким деген кишинин баласысың дегенди сурашчу. Палан уруу, паланча уруктагы, палан кишинин баласымын дешип дайынын айтышуучу.

Же болбосо: «Кимдин баласысың?» – деп сурашат. Жооп берип өз атасын, чоң атасын, ал киши кайсы уруктан, кайсы айылдан тара-

ганын, чоң кишилери ким экенин айтып, андан кийин бири-бирин билишүүчү. Илгери кыргызда эл кагазга жазылып, тизме, каттоо жүргүзүлүүчү эмес. Элди каттоо, кагазга тизмелөө орус келгенден кийин башталат. Каттоо, тизме зарылдыгы болбогондон кийин жүргүзүлбөстөн кийин фамилия урунуунун да зарылдыгы болгон эмес. Орустар келе баштагандан тартып үч жылды бир жолу каттоо жүргүзүлө баштады, аны «кара кат» болот экен деп коюшуучу. Ошол кара кат жүргүзүлгөн убакта, атаңдын аты, өз атың ким, кайсы старчындан, кайсы элүү башындасың деп суроочу. Ошентип кара кат жүргүзүлгөн заманда да фамилия урунуунун маселеси коюлган эмес. Каттоодо ар ким атасынын атын айтуу менен чектелүүчү. Фамилия урунуунун кыргыз элине илгери зарылдыгы болбогонунун дагы бир себеби, биз мурда айткандай ар бир урук бирге көчүп, бирге конуп, чогуу жүрүшүп бирин бири өңүнөн эле таанышуучу. Адатта, айылчылап алыска да баруучу эмес, барса бир күнгө, эки күнгө коңшулаш айылдарга гана айылчылап баруучу. Кыз болсун, эркек болсун өзүнүн атасынын атын гана айтып калган.

Ошентип уруучулук заманда эл айыл-айыл болуп бирге жашап, каттоо киши өнүкпөгөндүктөн, азыркы замандагыдай паспорт, күбөлүк кагаздын эч кимге керек болбогондугуна байланыштуу фамилия күтүүнүн зарылчылыгы болгон эмес.

## Диндик адаттар

Ислам дини кыргыз элине качан, кандайча тарагандыгын так айтуу кыйын. Менин оюмча, ислам дини кыргызда мындан 400дөн ашык жыл илгери кириши ыктымал. Анткени батыш Сибирь элдерин Көчүм хан ислам динине киргизген экен. Көчүм хандан мурунку кыргыз уругунан болгон Жедигер хан карамагындагы элин 1500-жылдарда христиан динине чокундурмакчы болуп, өзү чокунган экен, Сибирь тарыхына караганда. Батыш Сибирь элдерин ислам динине Көчүм хан багындыра баштагандыгына жана Көчүмдүн хан болгондугу 1500-жылдар экендигине таянып кыргызга ислам дини мындан 400 жыл чамалуу илгери кирген деген жыйынтык чыгарууга болот.

Кандай айтканыбыз менен да түрк элдеринен ислам динине киргендердин эң кийинкиси кыргыздар болсо керек. Ага төмөнкүлөр далил болор дейм.

Кыргыздардын батыш жагы, артыкча Анжиян, Наманган тарабындагы кыргыздар ислам динине мурунураак кирген болууга тийиш. Улам Күн Чыгыш тарапка жүргөн сайын дин кечирээк кирген сыяктуу. Маселен, бугуга караганда сарыбагыш динчилирээк.

Шабдан заманында Шабдандын кожосу болгон. Кожо күтүү бугуда болгон эмес. Талас, Чүй, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ысык-Көл айланасындагы кыргыздарды түштүктөр аркалык деп коюшат. Аркалыктарда дин түштүк кыргыздарга караганда начар өнүккөн. Мисалы, бугу уруусун алганда, алардын ичинде арык тукум эли кийинки күндөргө чейин ислам динин бутпарастык динине аралаштырып колдонуп келди. Арык тукумунун азыркы карыяларында да арчага аластатуу, мазар таюнуу, жүгүнүү өңдүү бутпарастыктар жок эмес.

Кыргыздын кимиси болсо да диним ислам дегени менен, ислам dininин адаттарын, анын кандай дин экенин толук биле алышканы аз. Абдан динчил деген кишиси намаз окуп, орозо кармоочу.

Ошол намаз окугандар деле намаздын эрежелерин да так билүүчү эмес, иши кылып шыкка жөлөгөн болушчу. Анткени намазды үйрөткөн атайы билимдүү молдосу чанда кезигүүчү, болсо да атактуу кишилердикинде гана болучу. Көпчүлүк эл намазды окуп жүргөндөрдөн үйрөнүп, намазга жыгылып ыклас кылган болушчу. Кокон хандыгы убагында кыргыз ичинде дин бир катар өөрчүй баштаганы байкалат. Өлгөндө жаназа окуу, дооран берүү, катын алса нике кыйдыруу, өлгөнгө куран түшүрүү, ошол Кокон хандыгы учуруна туура келет. Кыргыз элинде, артыкча түндүк кыргыздарда ислам дининин жетиштүү тарабагындыгын төмөнкүдөн улам билүүгө болот. Айылдын бир кишиси өлүп, жаназа окууну биле турган кишиси жок өлүк көмүлбөй бир нече күн туруп калган имиш. Ошондо бир топ соодагер сарт кетип баратканын көрүп калышып, айылдан киши барып бир кишибиз өлүп, жаназа окууну биле турган кишибиз жок, өлүгүбүз көмүлбөй жатат, жаназа окуп бергиле деген экен. Анда соодагерлер:

– Жаназа окуй турган молдобуз жок, – дешет.

Анда:

– Силер кызыл чепкен кийип сарт болгонду билесиңер да, жаназа окуганды эмне үчүн билбейсиңер? – деп өлүгүн көмө албай күйүттүү болуп турган кыргыздар тигил соодагерлерди сабаган дешет. Албетте, бул ылакап, бирок ылакап болсо да өз заманы үчүн абдан мүнөздүү. Айтылган ылакап ошол кездеги бир кур кыргыздардын өлгөн кишиге жаназа окуу шарият боюнча милдеттүү иш экенин билгендигин айгинелейт. Экинчиден, арасында жаназа окуй турган кишинин жоктугун, ошондой эле өзбек болсо баары эле молдо болуш керек деген түшүнүктө экендигин мүнөздөйт.

*Карагайдын келдеси,*
*Мен кудайдын пендеси, –*

деп жыгылып, туруп намаз окудум дегендер да көп болгон экен. Кийинки күндөргө чейин ислам дини элдин калың катмарына кеңири тарай алган эмес. Бирок ислам дини кандай дин экендигин, анын эрежелерин толук өздөштүрө албаса да дин атынан сүйлөгөн, ислам дини үчүн жаныбызды аябайбыз деген сокур жана өсөр динчилер кыргыздардын арасында көп эле болгон. Эл арасында орозо айы бүткөндө Орозо айт, Курман айт болгондо курман айт кылып келген.

## Өлүк өлгөндөгү диндик адаттар жана элдик салттар

Киши жаны кыйналып, үзүлүп бара жатканда ыйман айттырат. Ыйманды молдо айтат. Өлгөн кишинин эти сууганча тийбейт. Эти суугандан кийин жерге алып коёт да, катындары кошок кошуп, эркектери өкүрүп сала берет. Өкүрүк угулгандан кийин айланадагы айылдын аялдары кошок кошуп, эркектери өкүрүп келе баштайт. Өлүктү көмүү жана келген элди коноктоо өлүк өлгөн айылдын жалпы милдети деп эсептелет. Өлгөн кишинин малынан мал союлат, чай, нанды алы келгенинче аянбастан келген элге берет.

*Өлүм-бардын малын чачат,*
*Жоктун абийирин ачат,* – дешчү.

Өлгөн киши малдуу, бардар болсо малын чачып, өлүк өлгөндөгү элдик салттардын, диндик адаттардын баары иштелүүчү. Эгерде өлгөн киши жарды болсо элдик салттар, диндик адаттар толук орундалбай, же өлүк өлгөн үй өтө кыйналуучу.

## Сөөк жуудуруу

Сөөк жуудуруш үчүн өлгөн кишинин куда-сөөктөрүнөн, кызынан, уулунун кайындарынан, дос-тамырларынан, алысыраак туугандарынан кылып 9 же 11 кишиге чейин киргизет. Эң аксакалы башын жууйт, андан кийинкилери өз ирети менен улам төмөн жактарын жууйт. Сөөк жуугандар өлгөн кишинин кийимин бөлүп алышат. Ошондуктан буюм-тайым алсамбы деп ниеттенип жүргөн, бирок сөөк жууга кирбей калган куда-сөөк, дос-тамырлары, алысыраак туугандары «сөөгүн жуудурбады» дешип таарынган учурлары да болот. Эгерде өлгөн киши аял болсо, анын сөөгүн кудагый, иликжиликтеринин аялдары жууйт, сөөк жууга киргендер да сакалдуулашып өлгөн аялдын кийимин бөлүп алышат.

## Мүчө берүү

Киши өлүптүр деген кабар угулса, уккан жердеги кишилердин баары эле келүүчү. Келгендер өлгөн жерден олжо-мүчө алуучу. Кишиси өлгөн айыл, келген элди урук-урукка, айыл-айылга бөлүп мүчө берүүчү. Тийген мүчөнү эл өз ара олжолоп бөлүп кетүүчү. Өлгөн киши бардар болсо, мүчөнү көбүрөөк, жарды болсо өз алына жараша берчү.

## Жыртыш берүү

Эркек өлсө барган аялдарга эчтеме берилүүчү эмес. Эгерде өлгөн киши аял болсо, анын эри бардар болсо, эркектерге мүчө, аялдарга жыртыш берүүчү. Жыртышка жыртып, бөлүп алгандай кездеме, учук жибек, жип сапталгандай ийне, шакек коюлчу. Аялдар жыртышка тийген олжону талап бөлүп алышчу.

## Дооран

Дооран берүү элдик салт эмес, диндик адат. Доорандын максаты – өлгөн кишини «күнөөсүнөн куткаруу». Доорандын акысын молдолор алуучу. Дооран өткөрүүнүн тартиби – өлүктү кепиндеп алып жөнөөгө даярдагандан кийин чогулган молдолор өлүк жаткан үйгө барышчу. Алар өлүктү коюп кырка тартып отурушат. Бирөөнө дооран өткөрүү табышталат. Адатта, мурдатан дооранга колунда бары бардай, жогу жоктой кылып мал, дан багыштап коёт. Дооран башталарда атайы дооранга багышталган малдын чылбырынын учу дооран өткөрүүгө дайындалган молдонун колунда болот. Ал молдо өлгөн киши «балакатка» киргенден берки жашынын эсебин тактайт. Маселен өлгөн киши 60 жашка чыккан болсо, 12 жашын алып таштап калган 48 жашына дооран өткөрөт. Дооран өткөргөн молдо ушу кишинин 48 жыл ичинде кылган күнөөлөрүн көтөрүп алдыңбы? – деп отурган молдолорго, улам кыдыртып дооранга байланган малдын чылбырынын учун сунат. Дооран алууга отурган молдолор: «Өлгөн кишинин күнөөсүн көтөрүп алдык» дешип дооранга байланган малды, койгон эгин, акчаны бөлүп алышат.

## Бет тытуу, кара кийүү, аза күтүү, тасма курчануу

Каза болгон киши эркек болсо, анын аялы жана жакын аялдар беттерин тытышат. Өлгөн кишинин аялы чачын жазып, башына кара салучу. Ашын бергиче дайыма тескери карап, аза күтүп отурат. Күнүнө үч маал белине ичке тилинген кайыштан жасалган тасма байланчу. Адатта аял эч кимге билгизбей чылгый кайыштан тилинген тасманы жалаң этине курчанып алып күнүгө жылдырып бекитип коё берет. Тасма бара-бара белин кыйып ошондон зыян тарткандар да болуптур.

*Чың-чың жаман, чың жаман,*
*Чыңырып чыккан үн жаман.*
*Табактай бетке так жаман,*
*Тасмадай белге кур жаман, –*

деп далай аялдар эри өлгөндө бетин тытып, эрине күйбөй койду деп эле жаманатты кылбасын деп белине тасма байлап, күнүнө үч маал кошок кошуп, какшанып ыйлап кыйналган экен, өлгөндөрү да болуптур.

## Аш берүү

Шарт боюнча өлгөнүнө 6 ай болгондон кийин чоң ашын берүүгө уруксат. Андан башка майда аштар да болот. Кишинин өлгөнүнө үч күн болгондон кийин үчүлүгүн, 7 күндөн кийин жетилигин, 40 күндөн кийин кыркын берет. Кыркын бергенде молдолорду жыйып куран түшүрүүчү. Молдолорго куран түшүрүү акыларын тапшырып, андан тышкары ат да токуп берүүчү. Өлгөн кишинин жакшы аты болсо, ошол атка өлгөн кишинин ээр токумун токуп, жайнамазын бөктөрүп, чынысын кабына салып, канжыгасына байлап, канжыгасын ээрдин кашына кыстарып куран түшүргөн молдолордун бирөөнө, албетте, чоңураак, атактуураак молдосуна берүүчү. Жогоруда айтылгандай алты айдан кийин чоң ашын – акыркы ашын берет. Аш берилерде өлгөн кишинин бүтүн куда-сөөгүнө, дос-тамырларына кабар берилет. Куда-сөөгүнүн, дос-тамырларынын кай бирөө кабар албай калса катуу таарынуучу, айрымдары ашына чакыртпады дешип араздашып, ажырашып, кол үзүшүп де кетүүчү.

## Милдеттүү конок жана кошумча

Өлүк ашы байга байдай, жардыга жардыдай берилүүчү. Эгерде өлгөн адам атактуу бай киши болсо, өлүк салттарына чыккан чыгымдын баары ошол өлүк өлгөндөгү конок ашы: өлгөн кишиге

өкүрүп келген кишилерге союлган мал, берилген чай жана башка каражаттарды өлүк өлгөн айыл бай, жарды дебестен түтүнгө бөлүп алуучу. Эгерде өлгөн киши жарды, катардагы кишинин бири болсо, өлүк салттарын өтөөдөгү бүтүн каражаттар өлгөн кишинин өзүнөн чыгуучу. Куда-сөөк, дос-тамырлары, жакын туугандары азыноолак кошумча кошуучу. Ашын бере турган киши атактуу бай болсо аган бериле турган ашта ошондой даңазалуу болуп өткөрүлүүчү. Ашка 5–6 ай мурда камынышчу. Ашты башкаруучу кишилер айылдын баш кишилерин чакырып аш берүү кеңешин кылуучу. Андан соң аш бериш үчүн түтүнгө бай-жарды дебестен ашка кете турган чыгымдар: байгеге сайыла турган мал, акча, өлүү дүйнө жана башкалар белгиленип тийиштүү кишилерге бөлүнүүчү. Ар ким өзүнө милдеттүү конокторду күтүү үчүн, конокко союла турган мал, чай-чамегин белендечү. Милдеттүү коноктун салты төмөнкүдөй болучу.

Кайсы айыл милдеттүү конок алып аш берсе, келген коноктор ошол айылдын түтүнүнө бөлүнөт. Милдеттүү коноктор кандай тамак жейбиз десе, үй ээси ошону орундоого милдеттүү. Эгерде милдеттүү коноктор кыйкым таап конгон үйүндөгүлөрдү уруп, сабап койсо да үй ээси макул боло берүүгө тийиш, кол кайтарууга, каяша айтууга укук берилбеген.

Милдеттүү конок алып аш берген айыл өзүнөн чыккан чыгымы үчүн эч кимден эчтеме ала албайт. Кай бир учурда милдеттүү конокко келгендер шылтоо таап, бирдеме өндүрүп алып кетүүгө да аракеттенишкен. Арык тукуму элинин бир Быйтыман деген болуш болуп жүргөн кишиси өлүп аш бергенде, келген шапак эли бизди конокко эрте бөлүп албайт деп таарынган бойдон аш берген айылдын жылкысын тийип кеткен.

Милдеттүү конок күткөн үйдө чоң аштарда ар кандай тентектик, бейбаштыктар көп болучу. Конгон үйүндөгү кишинин тамагынан кыйкым таап, үй ээсин кызылала кылып сабагандар да көп болгон. Айылда милдеттүү конок күтүп таяк жеп калгандар, тигил айыл кезеги келип милдеттүү конок алып аш бергенде, атайы мурда сабаган кишини иликтеп, ошонукуна милдеттүү конок болуп барып, бирдемкесинен кыйкым таап, аларды да сабап өч, кек алышчу. Ошентип милдеттүү коноктун аягы көп убактарда бир урук менен экинчи урукту кектүү, өчөгүштүү кылуу менен бүтүүчү.

## Жесир калган каралуу катын

Аш берилип эл тарагандан кийин, эри өлүп кара кийинип тескери карап аза күтүп отурган каралуу катынды аялдар аш бышырган кемегенин жанына алып келишип, башындагы карасын кемегедеги отко өрттөп:

– Эриңдин топурагы торко, жаткан жери жайлуу, арты, кийини майлуу болсун, – дешип кемегеге май куюп, ырым-жырымдарын кылып туруп, каралуу катындын эри өлгөндө жазылган чачын аркасына эки бөлүп өрүп, анан кийин ак элечек орошот да:

– Мындан кийин ак элечек башыңан түшпөсүн дешип, – аялга бата беришет. Ошондон тартып каралуу аялдын башынан карасы түшөт. Эшикке кирип-чыгып мурдагы калыбына келе баштайт. Кээ бир каралуу катындар өлгөн эринин ашын берип, карасын түшүрөрдө да бетин тытып алуучу экен. Албетте, мындай кылуудагы максат: өлгөн эрине катуу күйүндү, эң акыркы карасы түшөөрдө да тытынды деген сөз калтыруу. Аш тарап, каралуу катындын башындагы карасы алынгандан кийин аял эрге тийүүгө, өлгөн кишинин жакын туугандарынын бирөөнө ал катынды алууга жол ачат. Кээ бир каралуу аялдарды эринин ашы-жытын берип бүтөр менен эле өлгөн кишинин жакындарынын бирөөнө нике кыя коюшчу экен. Жесир калган катынды тий деген киши ылайыктуубу, ылайыксызбы, анысына карабай «керегени басып көктөгөндөй» баса көктөп, башын чатып коюшчу. Маселен, кырк, отуздагы жесир катынды өлгөн кишинин туугандарынын 10–12 жашар балдарына деле нике кыя коюшчу. Кээде эри өлгөн жаш келинди 60–70теги абышкаларга да алып беришчү.

## Кошумча селбик

Кишиси өлүп аш берсе, же келин алып, калың төлөп каржалса же болбосо той берип, чыгымдар болсо, же доо тартып айып төлөсө, андай кишилер куда-сөөгүнөн, дос-тамырынан, тууган-туушкандарынан кошумча сурачу. Алардын кошкон кошумчалары селбик болуп калучу. Андан өз убагында кошумча селбик алган кишилер, кошумча кошкон кишилерге кийин зарыл болуп калган учурда, жооп иретинде кошумча кошчу. Ич ара жардамдашуу, башка күч келип калганда селбик берип, кошумча кошуу илгертеден келаткан салт катары эсептелген. Кыйынчылык болгондо, артыкча куда-сөөк көбүрөөк кайрылышкан. Ошол себептен эл арасында башка иш түшкөндө «дос айрылат, сөөк кайрылат» деген макал калган.

## Орус келүү менен болгон өзгөрүүлөр

Тянь-шандык кыргыз элинен эң алды менен оруска бугу уруусу багынган экен. Мунун бир топ себептери бардай. Кокон бийлигинин акыркы мезгилинде кыргыз калкынын башын кошкон бир хандык

жок болуптур. Маселен, бугуну Боронбай бийлесе, сарыбагышты Ормон, солтону Жангарач, Алайды Алымбек датка башкарып, бытырандычылык өкүм сүрөт. Өз ара уруучулук күчөп, бир уруу менен экинчи уруунун ортосунда дайыма жоолашуу курчуп, озунганы озунбаганын чаап алып олжолоп турган заман экен.

Түндүктө сарыбагыш саяктар уруусун корсунтуп, дайыма чабуул коюп турган. Ошол себептен бугунун ханы Боронбай кол салуудан, талоондон кутулуунун амалын издептир. Боронбайдын билимдүү татар молдосу болуптур, ал аркылуу орустун орус падышачылыгы тууралуу кабардар экен. Эгер оруска жамынсак, чабышуу тыйылар деген ой менен Омскидеги орустарга элчи жиберип, орус келсе, аларга өзүнүн багынып берерин айтат.

Кыргыздардын орустар менен биринчи жолу бугунун шапак уругунан чыккан Шералы дегендин уулу Качыбек мамиле кылат. Качыбек 1854-жылы Сибирдеги орустарга барып чен алат. 1825-жылы бугу уруусунан оруска багындык дешип желдең Жабагынын уулу Алымбек жана арык тукуму Акымбек, Олжобай, Түлөберди деген кишилер барган экен. Ошентип бугу уруусу барып жүрүшүп, акыры 1855-жылы оруска баш иет.

## Болуш

Уруу-уруу болуп жүргөн эл, эми урук-уругуна карата болуш-болушка бөлүндү. Болуштар шайлоо аркылуу жүргүзүлдү. Бир болуш эл старчынга, старчын элүү башыга, элүү башы ичи он башыга бөлүндү. Башкача айтканда, он түтүнгө бир он башы, элүү башы, бир нече элүү башынын үстүнөн бир болуш шайланды.

## Болуштук башкаруучулар

Болуштук башкаруунун тутумуна төмөнкүлөр кирди:

1. Болуш.
2. Болуштун кандидаты (болуш өлсө анын ордун баса турган киши).
3. Песир (писарь).

Песирлер орустан болучу. Кандидат болсо болуш өлсө, анын милдетин аткаруучу. Болуш өлбөсө кандидатта эч канчалык бийлөө укугу жок болучу.

## Бий

Болуштарга шайлоо өткөрүлгөндө ар старчындан бирден бий кошо шайлануучу. Доо-доомай, аласа-бересе иштери шайланган бийлер аркылуу бүтүүчү. Жылыга жаз бир, күз бир, бийлер жыйналып аласа-бересе, доо-доомайлардын иштерин карачу. Адатта, бир жерге үй тигилүүчү.

– Бий олтурат, – делип элге кабар берилүүчү. Бирөөдө аласасы болуп, ала албай жүргөндөр болсо, бийлерге барып айтышчу.

Бийлер өзүлөрүнчө сүрүштүргөн болуп, бийликтерин кылуучу. Бийлер доого бийлик кылганда, добогер жагынан да, жоопкер жагынан да бийлик акы алуучу. Бийлик акынын өлчөмү бүтүрүлгөн доонун өлчөмүнө жараша коюлуучу. Кээде бийлерге деп добогер жана жоопкер эки жактан бирден тогуз, же бирден асый ат берүүчү.

Бийлердин бүтүмүн жазган үкөз катчысынын алары бир тай, же болбосо бир тайдын куну болучу. Доолап доо алган жана доо төлөгөн жактан болуш, старчындарга доонун өлчөмүнө карай асый ат, тай, кунандап же болбосо ошолордун баасына жетерлик акча эсебинде «жол айтылуучу».

## Болуштук шайлоо

Болушка шайлоо үч жылда бир өтүүчү. Болушту шайлоодон мурун он башы, элүү башы, старчындар дайындалуучу. Буларга шайлоо болчу эмес. Өз ара баш кишилер кеңешип отуруп тигил он башы, бул элүү башы, ал старчын болсун дешип өзүлөрү дайындап коюучу. Болушка шайлоо тоголок салуу менен болучу. Элүү түтүнгө бирден тоголок. Түтүнү кырк тогуз болуп калса, элүү башы тоголок алуучу эмес. Түтүнү элүү болгон элүү башы бир тоголок алуучу да, анысын алып барып болуштук талашкандардын бирөөнө салып берүүчү. Шайлоого түтүндөн бирден киши катышуучу. Алык-салык, ырым-жырым төлөөгө жарабаган жарды киши болсо, түтүн боло алчу эмес. Түтүн боло албагандан кийин шайлоого да катыша алчу эмес.

Адатта, ыгым-чыгым төлөп түтүнгө ээ болгон кишилер шайлоо болгон жерге барат, тизилип олтуруп берет. Санакчысы кишилерди санайт да, отурган кишиси элүү болсо, элүү башчысына бир тоголокту берет, калган тизилип отургандар тарап баса берет.

## Дубан

Орус келгенден кийин болуш, бий шайланып, түтүн башкаруу иши болуштардын колуна, аласа-бересе, доо-доомат бүткөрүү бийлердин колуна өтүү менен уруу курулушу бузулду. Бирок урукчулук сакталып калды. Чоң уруулар болуш-болушка бөлүнүп кетти. Бир болуштагы киши экинчи болуштагылар менен иши болбой калды. Эгерде бирөөнүн экинчи бир болуштагы кишиде аласасы болуп, ала албай жүрсө, андай аласасын бир дубандын бийи чогулган отурушта доолачу.

Бир үйөзгө караган элди бир дубан эл деп коюшчу. Ошол бир дубан элдин бийлери бир жылда бир жолу чогулуп, бий отуруш кылучу. Башка болуштагы бирөөндө аласасы болуп, ала албай жүргөн киши ошол дубан бийине арызданууучу.

## Куюлуш

Орус келгенден кийин «куюлуш» болду. Куюлуш болду деген сөз мындайча: жоокерчилик мезгилиндеги чабуулда бирөөнүн колуна түшүп кеткен кишилерге өз урук-туугандарына барып кошулууга мүмкүндүк берилди. Ошентип, чабуул убагында колго түшүп, башка бир урукка кул, курама болуп жүргөндөр урук-уругун, тууган-туушкандарын тапты жана каалагандар үчүн башка урукка барып кошулуу үчүн жол ачылды. Орус өкмөтү тарабынан көрүлгөн ушул чараны кыргыздар кең куюлуш деп калышты.

## Соода-сатык өрчүдү

Орус келе электе кыргыздардын соода-сатыгы кыдырмачы сарттар аркылуу болучу. Кыдырмачылар элдин «чоң кишилерине» келүүчү. Ошол себептен энчилеп койгонсуп соодагерлердин ар бирин паланчанын сарты деп коюшчу.

*Малдууларга сарт келди,*
*Малы жокко дарт келди, –*

деп соодагерлер келгенде малдуулар малын берип кездеме алуучу. Акча дегенди урунган кишилер болучу эмес. Малы жок жардылар кыдырмачы сарттар келгенде көзмал алыша албай дарттуу болучу экен. Жогорку лакап ошондон калган. Соодагер сарттар малдуулардын малын төрт-беш эсе арзан алуучу. Арзан бербеске кыргыздардын айласы барбы. Арзан болсо да келген кыдырмасы соодагерлерге

малдарын пулдап калбаса, айдап барып сата турган базар да жок эле. Алыс жердеги базарга мал айдап барып сатууну эл абдан оор жумуш катары көрүшчү жана айдап барып малын пулдоонун жолун билишчү да эмес.

Кыргыздар жакын жердеги базарга малдарын пулдап, соода-сатык иштери менен тааныша башташты. Ырас, көп жылдарга чейин далдалдар, соодагерлер кыргыздарды көп алдап жүрүштү, кыргыз калкы кийинки күндөргө чейин эле сооданы жакшы биле алганы жок. Соодагерлер кыргыздарды өздөрүнчө «бөлүп» алган күндөрү да көп болгон.

– Менин кыргызым, – дешип соодагерлер айыл-айылды ээлеп алган. Ал айылдын кыргыздары соода-сатыгын ошол соодагерлер аркылуу кылуучу. Малдарын жеткире пулдай албаса да, базардын көбөйүшү кыргыздарды соода-сатык иштери менен тааныштырды. Жоокерчилик замандагы соодага салыштырганда, малдарды кымбатыраак сатып, кездемени арзаныраак алуучу болду. Жалаң эле аяктуу малдын көзүн карап калбастан акча, өлүү мүлк уруна баштады.

## Туруктуу кыштоо күтүү

Орус келе электе кыргыздарда да туруктуу кыштоо болучу эмес. Кыштын күндөрүндө деле көчө берүүчү. Орус келгенден кийин, мурдагы жоокерчилик замандагыдай жоо келип чаап кетүү коркунучу жоголуп, ар ким белгилүү жерге кыштоо салып, кыштай турган болду. Көп жерлерде там салынып, дарактар тигиле баштады. Эл кыштоолорунун айланасынан аздап болсо да жер айдап, чөп чаап алуучу болду. Жоодон коркуп, ал кайда көчсө, айласы жок көчтү ээрчип көчө берүүчү жардылар, кыштоонун тегерегине отурукташуу мүмкүнчүлүгүнө жетишти. Улам барган сайын дыйканчылык өөрчүп, мал табууга мүмкүндүк түзүлдү. Такыр колунда жоктор поселкаларга барып бир ишти көтөрүп алып же болбосо күндүк болсо да иш иштеп, акча таап ала турган болду. Байга малчылыкка жүргөн жигит жылына көп болсо бир тай алуучу. Эми поселкаларга барып жумуш иштегендер мурдагы кыргыздын байларына жалчы жүргөндөргө караганда үч, төрт эсе көп табуучу болду. Ошентип орустардын келиши жардылардын турмушун кыйла көтөрдү.

## Терс көрүнүштөр

Кыргыздар оруска багынуу менен өз ара чабуулдар тыйылып, тентектер түрмөгө алынып, ууру, каракчы азая баштады. Элдин баскан-турганы анча куугунтукка алынбай, ар ким оокат-тиричилик

издеп каалаган жагына баруугa шарт түзүлдү. Жогоруда айтылгандай соода-сатык, дыйканчылык өнүгө баштады. Ошону менен бирге зыянчылыктуу иштер да чыкты. Баарыдан мурда бийлердин зулумчулугу күчөдү. Алып-жээгө шарт түзүлдү. Уруучулук убагында уруу бийлеринде анчалык деле бийлик күчтүү, барктуу эмес болучу. Ошондон бийликке анча умтулуучу да эмес. Аңыр деген бий бир жолу бийлигин сатам дегенге чейин барган дешет. Бул окуя кийин бүт элге ылакап катары тарап кеткен. Болушка шайлоо болгондо старчын башына бирден бий шайлануучу болду. Ал шайланган бийлерден калыстык качып, параны ким берсе, ошонун сөзүн сүйлөй турган болду. Бийлигибиз деп көрүнө бир алса, парасын көмө бир алып, бийлер жемекей жагына ооп кетти. Мурда эл бийлери жалуун да, пара да алуучу эмес. Сойгон согумун кадырлуу бир мүчөсүн бийиме дешип сактап коюп, жазгы утурум, «узун сары» болгон кезде бышырып алып бийине байланып барып берүүчү экен. Бийдин жалууну ошол болуптур. Бара-бара атка минер, жемекейлер көбөйүп, чыгым үстүнө чыгым салып жей берчү болду. Чыгымын төлөй албагандарды бирөөнө малайлыкка кармап берип, чыгымын төлөтүп ала турган болду. Илгери элдин корккону тыштан келген жоо болсо, кийин душман өз ичинен чыккан атка минер жемекейлер болуп калды. Жасоол дегени болор эле. Жасоолдорду үйөздүн, болуштун жигиттери деп атоого болот. Үйөздүн жасоолу тебетейинин тышын кызыл менен тыштатып, төшүнө ызнак белги дегенин тагып кылыч асынчу. Болуштун жасоолунун да төшүнө тагынган ызнагы, асынган кылычы болучу. «Кара бүлөнү» какшатканда ошол жасоол деген эмеси какшатчу. Элди атка-тонго ээ кылчу эмес. «Кара бүлөнүн» атын жыгып алып мине берүүчү. Жөн эле атын минип кетсе, андан жабыркабайт дечи, бирок жасоолдор айыл-айылды кыдырып, «кара бүлөнүн» атын минем деп коркутуп, акчасын, көрпө, кийизин ээ кылбай алып бастыра берүүчү. «Кара бүлөнү» камап бутаганда жасоолдор камап бутады. Болуштун айтканы айткан, дегени деген. Болуш элди кандай башкарам десе болуштун өз ыктыяры. Болуштун азабы да оңой болгон жок. Шайлоо убагында жаатташып болуштук талашуудан эрегиш чыгып, «кара черүү», «ак черүү» болуп салгылашып, эр да өлүчү.

– Болуштук талашканда чыгымдар болуп калдым, – деп элге дагы чыгым бөлүчү. Болушунун жүргөн-турганынын баары элдин мойнунда. Болушу көчүп келип консо өргүлүк берүү, айылдаш отурса союш берүү тегеректеги элдин милдети. Мансап кишилерине өөдө кароо сөз кайтаруу деген «кара бүлөсү» болучу эмес.

Жазып алган **Айткулу УБУКЕЕВ (1939–1940-жылдар),**
Латын тамгасынан көчүрүп, басмага даярдаган **Кенжебай АКМАТОВ**



*Мастер-классик*

**Евгений ВИНОКУРОВ**

# КАНАТСЫЗ ПОЭЗИЯ БОЛБОЙТ

*«Канат неге жаралганын
унутпасын ылайым».*
**Ф. ТЮТЧЕВ**

Канатсыз поэзия болбосун биздин мезгилде унутуп коюшту, акындар «канат неге жаралганын» жадынан чыгарды. Азыркы акындардын ырлары жерден боорун көтөрө албайт, турмуштун майда-бараттарынын туткунунда калган, «учалбайт», канаты кыркылган куштай кара жерде сойлоп жүрөт. А ырдын түпкү насили адам рухун көтөрмөлөп, көккө алып чыгуу эмеспи. Бир кезде Бодлер акындарга кайрылып, минтип жазган: «Сенин калдайган канатың паска түшүрүп, караламан калк катарына батырбайт, митаамдардын «мыйзамына» баш ийбейт» («Альбатрос»). Арийне азыркы айрым акындар поэзиянын асыл наркына жат экендигин эске албай, жер үстүндө желип жүргөндөн ашпайт. Поэзиядагы жамакчылык небак эч кимге өөн учурап, өрөскөөл көрүнбөй калган. Бирок ыйман ачып сыйынган, ой-санааны чалкытып, көккө көтөргөн рухканат ыр гана поэзия даарыган ыр болот. Калганын кеп кылып да кажаты жок, калганы кара сөздүн сары суусу.

Андай ыр анчалык талант талап кылбайт, ага ыр «токуганга» машыгуу гана керек, а биринчисине дух зарыл.

Жөндөмдүүлөр көп, бирок дух көтөрөр ыр сейрек. Атүгүл «талант даарыгандар» бар, таңыркатып тамшанткандар жок. Кудум бир кезде Пастернак жазгандай: «Таланттар көп – дух жок».

Жасалма ырлар кудум бир тууган Райттардын аппаратындай олдоксон буюм экендигин эске тутуу зарыл, а ыр деген көкөлөп учушу шарт. Көкөлөп учалбаган ыр – проза, Пушкин айткандай, «атүгүл начар проза».

* * *

Эстрадага чыгып ыр окуунун оңой эмес опурталы бар. Эстрадада акындык эмес, кызыл кекиртектик кыйындык кылат. Элден өзгөчөлөнгөн кийим, тапан тамаша, кызуу кыйкырык – эстрададагы ийгиликтин өнөгү ушул сыяктуулар. Жок, мен эл алдына чыгып ыр окууга таптакыр каршы эмесмин, бирок чоң залдарда ыр окуунун коoптуу жагы көп, азгырыгы арбын, таза ниетти ылайлап салышы ыктымал.

М. Цветаева «Эмгек каармaны» деген макаласында: «Ырдын маани-маңызы бир окуганда, болгондо да окуп бергенде ачылбай турганына терең ишенем, андан да нары айтсам: көпчүлүк үчүн ырдын маңызы анчалык деле мааниге ээ болбой калат…» – деп жазган.

Ырдын маани-маңызын бүт аян-аруусу менен залга «үн аркылуу» жеткирүү кыйын. Ага жетиш үчүн кайталап окуп же угуш керек. Кайталаганда да бир ирет эмес, көп ирет. Антпесе айрым учурда ыр эмес, акындын сырткы келбети, кийими, коңур үнү гана эсте калат…

Тилекке каршы, айрым учурда жасалма таштар эстрадада айрыкча жаркырайт.

* * *

Атак-даңк, поэтикалык атак-даңк акылды айраң калтырар кубулуш. Канткенде атак-даңкка жетет? Эмне үчүн бирөөлөрү көмүскөдө калып, көрүнөөгө кийин чыгат? Таланттуулар аны таанууну жылдап, атүгүл жүз жылдап күтөт, ал эми башкалары бат эле атакка жетип, аты ооздон түшпөйт. Бирок белгилүү бир мерчемде ал акындын аты чыгармасы менен кошо өчөт, анткени анын ордуна кандайдыр бир жаңы «каймак» калкып чыгат. Ал жасалмабы же нукурабы? Ким аныктайт? Критерийи кайсы, арбитри ким, тигинин же мунун шык-жөндөм деңгээлин бекемдей турган аспап барбы, аты чыгуу деген эмне, чыкпай калуу деген эмне? Мезгил сынагыбы? Антейин десең, мезгил мухиттин кара күүгүм катмарындагы суулар сымак ысымдарды сиңирип алып тим болот.

Менин оюмча, атактуулук менен анык акындыктын алакасы баа менен нарктын алакасындай эле кеп. Алар айрым учурда бири-бирин актайт, көп учурда актабайт. Тигил же бул буюмдун базар баасы нукура наркынан кээде кымбат, кээде арзан болуп калат. Андай учурда эч арга табылбайт. Туура, мезгил, албетте, бардыгын өз ордуна коёт, бирок ар дайым эле эмес.

Пушкин көп учурда: «Акынга акындар гана чыныгы баасын бычат» – деп эсептеген. Андыктан Пушкин: «Ай алдында бир эле акын тирүү турса атак-даңкым өчпөйт» – деп жазган.

Бир эле акын тирүү турса Пушкиндин аты өчпөйт! Башкача айтканда, чыныгы сынчы, анык боордош акын аман турганда тараза таштын өзгөрүшү, рухий дөөлөттөрдү тактоо, тазартуу, кубулма

мода, окурмандар кызыкчылыгынын өстөнү ашып-ташышы же тартылышы Пушкин деген ысымга эч коркунуч туудурбайт. Чындыгында эле унутулуп бараткан акынды ошол боордоштору, ошол калемдештери канча ирет, канча бир жылдардан кийин кайра ачышты.

Көзү тирүү кездеги ийгилик, атак-даңк көбүнесе кокустуктан жаралат.

Тургеневдин эки акын тууралуу ыр менен жазылган прозасы бар. Юний деген бир акын ыр окуса, аны жактырбай ышкырып, кыйкырып кууп түшүшөт. Юлий деген дагы бир акын ошол эле ырды болор-болбос өзгөртүп окуса, шатыратып кол чаап тосуп алышат. Бул кандай болуп кетти? Анын себебин акылман карыя Юнийге минтип чечмелейт: «Сен өзүңдүкүн өз убагында айткан жоксуң, ал эми тигил башканыкын өз убагында айтты».

Поль Верлендин тагдыры андан ашып түшпөсө, кем калбайт. Француз адабий сынчысы М.Нордау минтип жазат: «Верлендин атак-даңкы акыры кантип чыкканын билебиз. Ал карып-арыды дегидей жашка жеткиче өз бөлмөсүнүн бир бурчунан чыкпай иштеген, анчамынча жоро-жолдошторун эсепке албаганда, аны итсиңби, кушсуңбу деген адам болбогон. Бир жыйнагынан кийин дагы бир жыйнагы жарыбаган нускада чыгып, жок дегенде өзүн актабай, басмакана ээсинин өктөөсүнөн башка эч нерсе жаратпаган. Бир дагы кардар Верлендин ырларына кызылдай акчасын майдалатканды каалаган эмес, бир дагы сынчы ага жүрөк жылытар же дене муздатар сап арнабаган…» (Макс Нордау. Соб. соч. – М., 1913, т.4, с.81. Типогр. В.М.Саблина.)

Верлен качан карып-арып, ичкиликтен башка иши жок калганда гана адабият астанасын ана-мына аттаган жаш акындар тобу аны капысынан кайра «ачып», жаңы агымдын туусу катары тутууну чечет. «Алар Верленди өз доорунун улуу акыны деп жарыялашты… Ошентип Верленге атак-даңк ал эч нерсе жазбай калганда, жазса да аз, кунарсыз ырларды жаза баштаганда келди».

«Бир ууч топтун мындай илме кайып иши Верлендин итинин чөп жешине кеч да болсо шарт түздү» – деп жазат М. Нордау.

Мезгил өткөн сайын Верленге болгон кызыгуунун «олуттуулугу, акыйкаттуулугу арткандан арта баштады». Ушул тапта Верлен Францияга, дегеле бүт дүйнөгө небак шексиз классик катары таанылган.

Арийне, акыйкаттын андай аныкына жетүү тамаша иретинде, ошол кезде ооматы жүрүп, мактоого тунуп, итенген сайын иши илгерилеген адабиятчылардын, ыр жазгычтардын ачуусуна тийүү максатында башталган.

Атак-даңкты ак эмгек менен тапса да болот, уурдап алса да болот.

Адабий, тактап айтканда, поэтикалык атак-даңк аябагандай таң каларлык нерсе.

Которгон **Алым ТОКТОМУШЕВ**

*Балдарга базарлык*

# БААРЫН БИЛГИМ КЕЛЕТ

**(Сандан санга)**

## АЙЛАКЕР АМЕРИГО

Өткөндө айттык. Кийин Америка континенти аталган Жаңы жерди Христофор Колумб ачкан дедик. Бирок Жаңы жер Колумбдун атынан эмес, андан 15 жыл кийин, 1507-жылы «бул жер шарынын жаңы бөлүгү» деп божомол жарыялаган флоренциялык саякатчы Америго Веспуччинин атынан аталып калган дедик. А Америго Веспуччи деген ким болгон, кандайча анын атынан аталып калды? Бүгүн ушундай суроо коюп, жооп издеп көрөлү. Не дегенде, аны билгендер да бар, билбегендер да бар. Билбегендер билсин, билгендер болсо толуктап алсын. Ким айтты эле? «Билгеним – эч нерсе билбегеним» – деп Сократ айтты беле?

Адабияттарда Америго 1451-жылы Флоренцияда төрөлгөнү айтылат. Эки тагдыр эңишке түшөрүн ошондо эле билгенсип, Колумб да ошол жылы төрөлүп атпайбы. Флоренцияны билесиңер. Азыркы Италиянын атактуу аймагы. Байыркы римдиктер түптөгөн. Анда аябагандай азатчыл кишилер жашаган. Биздин замандын XI кылымында эле Флоренция шаар жамааты көз карандысыз коммунага айланган. 1293-жылы бардык адамдарын тең укуктуулугун туу туткан «Адилеттик орнотуу» деген Конституция кабыл алган. Кайра жаралуу доорунда Флоренция илим менен искусствонун борбору болду. Флоренциядан кимдер чыкканын эстеп көргүлө: Данте, Петрарка, Бокаччо, Леонардо да Винчи, Миколанжело, Макиавелли деп санай берсек, беш кол түтпөйт. Америго Веспуччи ошондой жерден чыгып атпайбы. Америгонун ата-энеси ашкан бай болбосо да колунда бар кишилер экен. Ошон үчүн ал мезгилде алдыңкы деп айтарлык окуу

окутуп, илим-билимге жетиптир. Илим-билим алган соң Медичи тукумдарынын соода үйүндө кыйла жыл иштейт. Медичи тукумдары, Флоренцияны кылымдап башкарган. Бул да болсо Америгонун хан сарай менен да катышы бардыгын ырастайт. Кийин, кырктын кырына келгенде Севилге көчөт. Ал мезгилде Колумб биринчи саякатын чоң салтанат менен аяктап, мааракеге марып турган кези экен. Колумб менен ошондо таанышат. Кыязы, Колумб менен ошондо эле ымаласы келишип, ыкыбалы бир чыгып калса керек, Колумбдун экинчи деңиз саякатын Америго каржылайт.

Колумб сыяктуу эс тарткандан башын байлап, дилин бербегени менен Америго деңиз саякатына кыйла эле ышкылуу болсо керек. Ал Колумбдун экинчи саякатынан башка да жаңы жер ачууну көздөгөн көптөгөн жүрүштөргө катышат. Арийне, ал жүрүштөрдүн биринин да чабыт баштоочусу боло албайт. Кимдир бирөөлөрдүн акыл кошчусу же буйрук аткаруучусу боюнча гана калат. Андыктанбы, айтору, өмүрүнүн акыркы жылдарын өкмөттүн деңиз саякаты боюнча кеңешчиси болуу менен өтөйт.

Анткен менен Америго Веспуччи алыска акыл айланткан адам болгон. Ал катышкан саякаттын баарын кагазга түшүрүп, кылкыбырына чейин сүрөттөп жазып, жогорку даражалуу адамдарга кат кылып жөнөтүп турчу экен.

Ал кезде өзүңөр билесиңер, телевизор жок, радио жок, компьютер деген оозуңдан отуз эки айлансын, атүгүл гезит да болгон эмес. Бардыгы кат аркылуу жетип турган. Ал кезде азыркыдай эле көпчүлүктүн көңүлүн буруп, уу-дуу кылып дүүлүктүргөн кабарга кумарпоз, узун кулак адамдар көп болгон да. Эсеби маселен, Америго ойго келбес, түшкө кирбес жаңы жер, жапайы сыяктанган адамдар жөнүндө жазып атса, аны окуган адам дүүлүгөт да. Ал ошентип экинчисине жазат, экинчиси үчүнчүсүнө болуп кете берет. Атүгүл ашкан шамдагай ишкерлер басмаканадан басып таратып жиберчү экен. А Колумб анткен эмес да. Ал баскан жол, байкаган окуя, табияттын орчун кубулуштары ж. б. тууралуу өзүнө башка күндөлүк жазып, иштин анигын туура түшүнбөй, кол алдындагылар толкуп кетпесин деп, кеме портуна башка журнал ачып, саякат сапары ийгиликтүү аяктагандан кийин гана шашпай жарыя жасап, отчёт берип атпайбы.

Веспуччи анда Америка атала элек Түштүк Америкага болгон саякатын сүрөттөп көп кат жазат. Ал каттарынын биринде бул: «Жаңы дүйнөнүн ачылышы» – деп жарыялайт. Арийне ал Америкага Колумбдун жолу менен барганын айтпайт, ушул күнгө чейин жеткен каттарынын биринде да анын атын эскербейт дагы. Кийин адистер изилдеп айтып чыкты: Веспуччинин каттарында географиялык каталар өтө көп учурайт экен, атүгүл барган-көргөн жерлерин да туура

сүрөттөй албаптыр. Христофор Колумбдан кийин Америго Веспуччи эмнени ачканы белгисиз деп алакан жайып тим болушту адистер.

Анткени көч узап кеткен. Колумб өлгөнүнө жыл айлантпай лотарингия географы Мартин Вальдземюллер 1507-жылы китеп чыгарып: «Жаңы ачылган жер Америка аталсын, анткени аны Америго ачты» – деп жарыялап жиберди. Ага улай Италиядан атын жашырган дагы бир автордун китеби чыгып, «флоренциялык Америго Веспуччи ачкан Жаңы дүйнө» карапайым аң-сезимге ылайыкталган жалпак тил менен сүрөттөлдү. Аны Америго өзү жазган деген шек бар.

Бүттү. Жаңы ачылган абат дүйнө ошол бойдон Америка аталып калды. Бирок мезгил деген катаал сот бар, ал эч кимди аябайт. Америго Веспуччи өлөр замат аты да өчтү. Азыр Американы ким ачкан деп кичинекей баладан сурасаң да «Христофор Колумб» дейт. Америкалыктар да ар жылдын 12-октябрында өз өлкөсүнүн «туулган күнүн» белгилеп, анда Америго Веспуччини эмес, Христофор Колумбдун ысымын ардак менен атайт.

Даярдаган **Алым ТОКТОМУШЕВ**

## *Адабият жаңылыктары*

### Кызматкерибиз Кытайда болуп кайтты




***Махмуд Барскани-Кашгаринин кабыры – музейи***

Журналыбыздын башкы редакторунун орун басары **Айдарбек Сарманбетов** май айынын бешинен тартып, Кытай Эл Республикасынын Синцзян Уйгур автономиялык районунда болуп, 31-майда кайтып келди.

Франциядан 4 эсеге чоң бул аймакта жашап жаткан казак, уйгур, монгол, найман сыяктуу ж.б. улуттардын, анын ичинде кыргыздардын жашоо-турмушун, маданиятын, тил жана салт-санаасынын сакталышын жазып, китеп кылып чыгаруу долбоорун Пекин тарап колдоп, кызматкерибиздин аймак менен жакындан таанышып чыгуусуна толук шарт түзүп берген. Үрүмчү, Кашгар, Кулжа, Текес, Артуш шаарларынан тартып, чыгышы Көк-Терек, Шаты, ал эми батышы Көөнө-Чат, Улуу-Чат, кыргыз айылдарына чейинки сапарда жердештерибиз Махмуд Барскани-Кашгари, Жусуп Баласагун аалымдарыбыздын, генерал Ысакбек Монуевдин кабырларына барып жазуучу-журналистибиз куран окутуп, музейлериндеги баалуу маалыматтар менен таанышып кайтты. Кызыл-Суу кыргыз ооданынын Ак-Чий айылындагы атактуу манасчы Жусуп Мамай менен да жолугушуп, Президентибиз А.Атамбаевдин манасчыбыздын эмгектерин жайылтуу иш-чараларын кеңири колдоого алуу боюнча Указы менен тааныштырып, токсон алты жаштын даамын татса да акылы тунук аксакал менен маектешип келген экен.



***Жусуп Баласагындын кабыры – музейи***

Сапардын негизи болгон Келишимдин шартына ылайык бул сапар тууралуу китеп эмки жылдын башында ханзу (кытай) жана кыргыз тилдеринде жарык көрүп, башка тилдерге да которулат.

## Акын карыса да бир сөздүк

Азыр 77 жашты чылбырлап, Казакстандын ЮНЕСКОдогу өкүлү болуп иштеп жаткан айтылуу казак акыны Олжас Сулейменов түрк элдеринин миңдеген жылдарды камтыган этимологиялык сөздүгүн жазып бүтүп калгандыгын Парижде белгилүү журналист Жаңыл Жусупжанга билдирген.

Кийинки узак жылдар аралыгында О.Сулейменов «Бир миң бир сөз» («Будет тысяча и одно слово») деген китебин жазып бүтүп калгандыгын, анын атактуу «Аз и Я» китебинен кем калышпай тургандыгын айтат. Ал эмгек универсалдык этимологиялык сөздүк жанрында жазылган. Анда түпкүлүктүү түрк тилдеринин, түрк маданиятынын жана тарыхынын кайдан чыкканын чечмелеген экен.

– Айрым булактарда түрктөр дүйнөлүк сахнада биздин замандын V кылымында гана пайда болгон деп айтылат, – дейт акын, – аларга ишенсек, биздин тарыхыбызга бир жарым миң эле жыл экен. Кыргыздар 2200 жыл мурда эле бар болчубуз деп жатпайбы. Ал эми чындыгында түрктөрдүн тарыхы эки, беш, алты миң жыл мурда эле жазыла баштаган. Мунун баарын жазууга мага баары жандалбастап сындаган Назарбаев жардам берип жатат.

Кудай буюрса, быйыл жок дегенде китептин башталышын жарыяласам деп жатам. Түрк сөздөрү перси, латын, бардык батыш, чыгыш европалык тилдерде, кытай, корей, ал тургай жапон тилдеринде бар. Булардын баары, балким, 10 миң жылдык алыш-бериш байланыштардын издери. Сөздөн биз көп нерсени билебиз. Мисалы, англис тилиндеги айрым сөздөрдүн маанисин түрк тили аркылуу түшүндүрүү мүмкүн. Ар бир сөздүк тарыхый маалыматтардын нагыз казынасы. Анткени баштапкы маалымат жазма текстке караганда Сөздө алда-канча жакшы сакталат. Жазма булактарды көчүрүп жазса болот, же өрттөп салышат. Ал эми Сөздү өзгөртүш мүмкүн эмес. Сөз – түбөлүктүү жана анда байыркы, кийин жоголуп кеткен маданияттар тууралуу терең мазмун бар. Тилекке жараша, Сөздүн аркасы менен айрым мурастар сакталып калды. Бирок аны аңдап билиш үчүн Сөздү окуп, түшүнгөндү үйрөнүш керек. Сөздүн түпкү формуласын түшүнүш керек. Мен 40 жылдан бери дал ушуну менен алектенип келем.

О.Сулейменовдун «карыса да бир койлук кайраты барлыгына» каниет кылып, буюрса дагы бир күчтүү чыгарма менен таанышып калат экенбиз деп чыдамсыз күтүү менен бир азга сабыр кылып туралык.

## Жаңы китептер парады

«Турар» басмасынан соңку күндөрү бир нече ири чыгармалар алгачкы ирет басылып чыкты. Алар – Тоголок Молдонун нечен жыл түйшөлүп жазган «Манас» эпосу. Аны айтылуу адабиятчы **Омор Сооронов** араб тамгасынан кириллицага түшүргөн. Улуу манасчыбыз Саякбай Каралаевдин вариантындагы «Семетей» эпосунун эки китеби толук жана алгач ирет жарык көрүп жатат. «Сейтек» да басууга берилүү алдында. Буюрса бул китептер кыргыз адабиятынын казынасынын төрүнөн орун алып, элибиздин эзелтен келаткан эңсөөсүн кандырбай койбосу турулуу.

Азыркы таптагы эң заманбап жана ири, сапаты мыкты чыгармаларды чыгарууда кыргыз басмалары арасынан алдыңкы сапта келаткан «Турар» басмасынан жакында эле тарых иликтөөчү **Асыкбек Оморовдун** «Чыңгызхан» китеби орус тилинде, «Баба салты, тарых жана жөрөлгө» китеби жарык көрүп, бетачары өткөрүлдү.

**У.А.Есназарова** менен **А.Т.Темирбековдун** «Түрк тилдүү өлкөлөрдүн географиясы» аттуу китеби да өзгөчө жаңылык. Мындай кеңири да, өз да алкактагы илимий китеп мурда жарык көрө элек болучу.

Акеш Иманов менен **Эшполот Өсөровдун** «Төөлөс баяны», **Нурбек Турандын** «Тейит» китептери тарых сүйүүчүлөрдүн кумарын кандырбай койбос.

Ал эми музыка жаатында керемет композиторубуз **Жумамүдүн Шералиевдин** «Жашообуз болсун көктөмдөй» аттуу китебинде композитордун не бир мукам обондуу ырлары нотасы менен коштой жарыяланган.

Айтылуу акын **Тургунбай Эргешовдун** «Сүйүнчү» китеби «Бийиктик» басмасынан жарык көрүп, ышкыбоздорунун колуна тийип, кубандырды.